**Абдулкадим Заллум**



# Халифалык мамлекетиндеги малия



**Хизбут-Тахрир басылмаларынан**

**1403х. – 1983м.**

Исламий калыптагы алгачкы шаръий динарды халифа Абдулмалик ибн Марван хижраттын 77-жылында куфий-арабий тамга менен шаръий мискал салмагында басып чыгарган. Бул динардын салмагы 4,25 граммга барабар болуп, диаметри болжол менен 2 см болгон. Бул китептин мукабасында халифа Абдулмалик ибн Марван басып чыгарган алтын динардын алдыңкы тарабы сүрөттөлгөн. Динардын ортосунда «Лаа илаха иллаллоху вахдаху лаа шарика лаху» деп жазылган. Айланасына «Мухаммадун Расулуллох арсала-ху билхуда ва динил хакки лиюзхироху аладдини куллихи» деген жазуу чегилген.

Кыргызчага 2004-жылкы үчүнчү басылышынан которулду

## بسم الله الرحمن الرحيم

﴿ مَّآ أَفَآءَ ٱللَّهُ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ مِنۡ أَهۡلِ ٱلۡقُرَىٰ فَلِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ وَلِذِي ٱلۡقُرۡبَىٰ
وَٱلۡيَتَٰمَىٰ وَٱلۡمَسَٰكِينِ وَٱبۡنِ ٱلسَّبِيلِ كَيۡ لَا يَكُونَ دُولَةَۢ بَيۡنَ ٱلۡأَغۡنِيَآءِ مِنكُمۡۚ
وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَىٰكُمۡ عَنۡهُ فَٱنتَهُواْۚ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَۖ إِنَّ ٱللَّهَ
شَدِيدُ ٱلۡعِقَابِ ۞ لِلۡفُقَرَآءِ ٱلۡمُهَٰجِرِينَ ٱلَّذِينَ أُخۡرِجُواْ مِن دِيَٰرِهِمۡ
وَأَمۡوَٰلِهِمۡ يَبۡتَغُونَ فَضۡلٗا مِّنَ ٱللَّهِ وَرِضۡوَٰنٗا وَيَنصُرُونَ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥٓۚ
أُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلصَّٰدِقُونَ ۞ وَٱلَّذِينَ تَبَوَّءُو ٱلدَّارَ وَٱلۡإِيمَٰنَ مِن قَبۡلِهِمۡ
يُحِبُّونَ مَنۡ هَاجَرَ إِلَيۡهِمۡ وَلَا يَجِدُونَ فِي صُدُورِهِمۡ حَاجَةٗ مِّمَّآ أُوتُواْ
وَيُؤۡثِرُونَ عَلَىٰٓ أَنفُسِهِمۡ وَلَوۡ كَانَ بِهِمۡ خَصَاصَةٞۚ وَمَن يُوقَ شُحَّ نَفۡسِهِۦ
فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡمُفۡلِحُونَ ۞ وَٱلَّذِينَ جَآءُو مِنۢ بَعۡدِهِمۡ يَقُولُونَ
رَبَّنَا ٱغۡفِرۡ لَنَا وَلِإِخۡوَٰنِنَا ٱلَّذِينَ سَبَقُونَا بِٱلۡإِيمَٰنِ وَلَا تَجۡعَلۡ فِي قُلُوبِنَا
غِلّٗا لِّلَّذِينَ ءَامَنُواْ رَبَّنَآ إِنَّكَ رَءُوفٞ رَّحِيمٌ ﴾

*«Алла кыштак-шаарлардын (кафир) калкынан Өз пайгамбарына олжо кылып берген нерселер – силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбашы үчүн – Алланыкы, пайгамбардыкы жана (ал заттын) тууган-уруктарыныкы, жетимдердики, мискиндердики жана мусапырлардыкы. Пайгамбар өзү силерге тартуу эткен нерсени алгыла, ал зат силерди кайтарган нерседен кайткыла. Жана Алладан корккула! Албетте, Алланын жазасы катуу. (Ал олжолор дагы) өз мекендеринен жана мал-мүлктөрүнөн айдап чыгарылган заттар – кембагал мухажирлердики, алар Алладан фазл-жоомарттык жана ыраазылык тилешет, дагы Алла жана Анын пайгамбарына жардам беришет. Мына ошолор (ыймандарында) ишеничтүү заттар. Алардан (мухажирлерден) илгери (Медина) жергесинде орношкон жана ыйман-ишенимди (бекем карманган) заттар (ансорлор) болсо, өздөрүнө хижрат кылып келген кишилерди жакшы көрүшөт жана жүрөктөрүндө аларга (мухажирлерге) берилген нерсе-олжолор себептүү бирер көрө албастыкты туюшпайт о.э. мейли өздөрүндө мухтаждык болсо да, өздөрүн коюп (өзгөлөрдү) ыхтыяр кылышат. Ким өз нафсинин бакылдыгынан сактана алса, мына ошолор нажат табуучу заттар. Алардан кийин (дүйнөгө) келген заттар айтышат: «Роббибиз, Өзүң бизди жана бизден илгери ыйман менен өткөн заттарды кечиргин жана жүрөктөрүбүздө ыйман келтирген заттар үчүн бир да жек-көрүүчүлүктү орнотпогун».*

[59:7-10]

**Китеп көрсөтмөсү**

**Ачуучу аят** ... 3
**Кириш сөз** ... 9

## БАЙТУЛМАЛ ЖАНА АНЫН ДИЙВАНДАРЫ

**Байтулмал** ... 10
**Байтулмал дийвандары** ... 13
- **Дийвандардын уюштурулушу** ... 13

**Байтулмал дийвандарынын бөлүмдөрү** ... 15
**Кирешелер бөлүмү** ... 15
- **Файъ жана хирож дийваны** ... 15
- **Умумий мүлк дийваны** ... 15
- **Садака дийваны** ... 16

**Нафакалар бөлүмү** ... 16
- **Дарул хилафа дийваны** ... 16
- **Мамлекет кызыкчылыктары дийваны** ... 17
- **Ато – бериле турган акылар дийваны** ... 17
- **Жихад дийваны** ... 17
- **Садакаларды сарптоо орундары дийваны** ... 17
- **Умумий мүлк сарптала турган орундар дийваны** ... 17
- **Өзгөчө кырдаалдар дийваны** ... 18
- **Жалпы тең салмактуулук, жалпы эсеп-китеп жана көзөмөл дийвандары** ... 18

## ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИНИН МАЛДАРЫ

**Малдар** ... 19
**Анфал жана гоним, файъ, хумус** ... 22
- **Анфал жана гониматтар** ... 22
- **Олжолордун бөлүштүрүлүүсү жана аларды сарптоо орундары о.э. ага акылуу болгон адамдар** ... 23
- **Файъ** ... 24
- **Хумус** ... 28

**Хирож** ... 30
- **Анва хирожу** ... 30
- **Сулх хирожу** ... 32
- **Хирож жана ушрдун жамдалышы** ... 33
- **Бүгүнкү күндө кылынышы зарыл болгон амалий вакиълик** ... 34

- **Хирож салуу тартиби** ........ 34
- **Хирождун көлөмү** ........ 35
- **Хирож сарптала турган орундар** ........ 36

**Узундук, аянт, кайл жана вазндардын өлчөмдөрү** ........ 38
- **Узундуктар жана аянттар** ........ 38
- **Микйал жана вазндар** ........ 40

**Жизя** ........ 42
- **Жизя кимдерден алынат?** ........ 42
- **Жизя качан сакыт болот?** ........ 44
- **Жизянын көлөмү** ........ 45
- **Жизяны толук алуу убагы** ........ 46
- **Жизянын сарптала турган орду** ........ 48

**Умумий мүлк жана анын түрлөрү** ........ 49
- **Умумий мүлктүн биринчи түрү** ........ 49
- **Умумий мүлктүн экинчи түрү** ........ 51
- **Умумий мүлктүн үчүнчү түрү** ........ 52
- **Умумий мүлк болгон нерседен жана алардын кирешелеринен пайдалануунун эрежелери** ........ 54
- **Умумий мүлктөн кээ бир нерселерди корук кылып алуу** ........ 57

**Жерлер, имараттар жана ыңгайлуулуктардан турган мамлекеттик мүлктөр жана алардын кирешелери** ........ 61
- **Мамлекеттик мүлктүн түрлөрү** ........ 61
- **Мамлекеттик мүлктү иштетүү** ........ 64
- **Марофик (ыңгайлуулуктар)** ........ 69

**Ушрлар** ........ 71
- **Ушрлар эмнелерден жана качан алынат?** ........ 75

**Акимдер жана мамлекеттик кызматкерлердин кыянат малдары, шариятка тескери жолдор менен өздөштүрүлгөн малдар, жазана малдар**
- **Пара** ........ 77
- **Тартуу жана белектер** ........ 78
- **Бийликтин күчү менен өкүмдарлык кылынып, ээлик кылынган малдар** ........ 79
- **Далдалчылык жана ортомчулук акысы** ........ 80
- **Уурулуктар** ........ 80
- **Жазаналар (горомаат)** ........ 82

**Риказ жана маъдандардын хумусу** ........................ 84
**Мураскору жок адамдын малы** ........................ 87
**Муртаддардын малы** ........................ 88
**Салыктар** ........................ 90

## САДАКА МАЛДАР

**Зекет** ........................ 96
**Малдын зекети** ........................ 98
- **Төө** ........................ 98
- **Уй** ........................ 100
- **Кой** ........................ 101
- **Кой зекетинде эсептеле турган, алына турган жана алынбай турган нерселер** ........................ 102
- **Койлордогу шериктердин өкүмү** ........................ 103

**Мөмө жана эгиндердин зекети** ........................ 105
- **Зекет важиб болгон мөмө жана эгиндердин түрлөрү** ... 105
- **Эгин жана мөмөлөрдүн нисабы** ........................ 106
- **Мөмөнү чамалоо** ........................ 107
- **Эгин жана мөмөдөн алына турган зекеттин көлөмү** .... 108
- **Эгин жана мөмөлөрдөн садака алуунун көрүнүшү** ....... 108

**Алтын жана күмүштүн зекети** ........................ 110
- **Күмүш нисабынын көлөмү** ........................ 110
- **Күмүштүн нисабында важиб болгон зекет көлөмү** ...... 111
- **Алтын нисабынын көлөмү жана алтында важиб болгон зекет** ........................ 111
- **Кагаз акчалардагы зекет** ........................ 112

**Соода маталарынын зекети** ........................ 115
- **Карыздын зекети** ........................ 116

**Кымбат баалуу тагынчактардын зекети** ........................ 117
**Зекетти халифага берүү** ........................ 119
- **Зекет бербей турган адамдын өкүмү** ........................ 120

**Зекетти сарптоо орундары** ........................ 121

## АКЧАЛАР

**Исламда акчалар** ........................ 125
- **Динар жана дирхамдын вазн-салмагы** ........................ 127

**Акчага тиешелүү түзүмдөр** ........................................133
**Маъдан түзүмү**...........................................................................134
- **Бир маъдан түзүмү**.......................................................134
- **Чегилген алтын жана күмүш түзүмү**...........................134
- **Алтын же күмүш жамбылар түзүмү** ............................134
- **Алтын же күмүш менен айырбаштоо түзүмү**...............134
- **Эки маъдан түзүмү**.........................................................135

**Кагазга тиешелүү түзүм** ..............................................136
**Акчаларды чыгаруу** ........................................................137
- **Алтын жана күмүш өлчөмү**...........................................139
- **Алтындын күмүшкө нисбаты** ........................................139

**Алтын жана күмүш түзүмүнүн пайдалары**.................141
- **Дүйнөдөгү алтындын жетиштүү болушу**......................143
- **Алтын стандартына кайтуу кантип ишке ашат?**..........146

بسم الله الرحمن الرحيم

# Кириш сөз

Алла Таала Өз элчиси Мухаммад ﷺды Ислам менен жиберген турмуш түзүмү бүткүл дүйнөлүк рисалат болгондуктан, аны турмушта колдонуу үчүн жана бүткүл дүйнөгө алып чыгуу үчүн мусулмандарга мамлекет зарыл болду. Ислам бул мамлекетти Халифалык мамлекети деп атады. Аны дүйнөдөгү башка мамлекеттерден мумтаз шекили жана өзгөчө таризи менен айырмалуу кылды. Ал курулган рукн-негиздери, жихаздары, дастурлары адамдар түзгөн мыйзамдардан эмес, халифа жана үммөткө аны кабыл алуу, анын тартип-эрежелерин колдонуу жана өкүмдөрүнө байлануу важиб болгон, Алланын Китеби жана Расулулла ﷺдын сүннөтүнөн алынган. Ислам үммөттүн иштерин башкаруу жана даъватты жаюуга кудуреттүү болуусу үчүн мамлекеттик казынага келе турган малдарды (финансы-каржыларды) идара кылуу жана сарптоону Халифалык мамлекетине тапшырды. Чындыгында, шаръий далилдер малдарга акылуу болгон адамдарды жана сарптоо орундарын баяндоо менен бирге, мамлекеттин малиявий (финансылык) кирешелерин, малдардын түрлөрүн жана пайда кылуу ыкмаларын да баяндап берди.

Биз бул китепте Халифалык мамлекетиндеги малдарга жана анын өкүмдөрүнө токтолуп өттүк жана анын кирешелерин, түрлөрүн, кандай алынышын, кимден алынышын жана алуу керек болгон убактыларын о.э. аны пайда кылуу жолдорун, мал алынгандан кийин ал сактала турган кеңселерди, малга акылуу болгондорду жана аны сарптоо орундарын баян кылдык.

Малдарга ээ болуу узундук, аянт жана вазндарды билүүнү талап кылгандыктан, булардын абалын баяндай турган жана түшүнбөөчүлүктөрдү жоё турган маселелердин түшүндүрмөсүн бердик. Узундук, аянт жана вазндар түшүнүүгө оңой болушу үчүн, бул атамаларды бүгүнкү күндө иштетилип жаткан терминдер менен белгиледик.

Акча жагынын шаръий өкүмдөргө байланыштуулугу жана Халифалык мамлекетиндеги малдардын өзүнө таандык мааниси болгондуктан, биз анын тафсилатына киришип, вакиъсин, ал негизделген бирдикти, ага нисбат бериле турган бирдиктерди, акчанын вазндарын жана ага тиешелүү проблемаларды о.э. бул проблемаларды чечүү жолун баян кылып бердик.

Халифалык мамлекетиндеги малдардын шаръий өкүмдөрү – сахабалар, таабиъийндер жана аларга ээрчигендердин о.э. мужтахиддердин ушул жааттагы сөздөрү терең үйрөнүп чыгылгандан кийин – Китеп жана Сүннөттөн алынды. “Шаръий өкүмдөр голабатуз-зон менен алынат жана аларда акыйдада шарт кылынгандай катъийлик шарт кылынбайт” деген этибар менен биз күчтүү деп билген далилдерге ылайык истинбат кылынды.

Биз Алладан бул өкүмдөрдү Халифалык мамлекетинде колдонууга жеткиришин жана арзуу-үмүттөрүбүздү жүзөгө чыгарышын суранып калабыз. Алла биздин жаратуучубуз, ал эң улуу жана эң зор жардам берүүчү.

**16-рабиус-саний, 1402-х.**
**10-февраль, 1982-м.**

# БАЙТУЛМАЛ
# ЖАНА АНЫН ДИЙВАНДАРЫ

## БАЙТУЛМАЛ

Байтулмал – мусулмандар акылуу болгон, мамлекетке келе турган же мамлекеттен чыга турган бардык малдарга адистештирилген идара. Мусулмандар шаръий өкүмгө ылайык акылуу болгон жана орду анык болсо да, ээсинин өздүгү анык болбогон малдардын баары – жер, бина (имарат), маъдан (кен), акча же башка мата болобу, кыскасы, кыйматка ээ болгон малдын баары – байтулмалдын коргоосуна алынган же алынбагандыгына карабастан, мусулмандар байтулмалынын акысы болуп эсептелет. Анын акылуусуна жана ээсине, же мусулмандар кызыкчылыктарына, алардын иштерин башкаруу жолунда же даъватты жаюу үчүн сарптоо важиб болгон бардык малдар, сарпталган же сарпталбаганына карабастан, байтулмалдын акысы болуп эсептелет. Демек, байтулмал бул мааниден алганда идара болуп саналат.

Мындан тышкары, байтулмал сөзү мамлекеттин кирешелеринен болгон малдар сактала турган жана сарптала турган жай маанисинде да иштетилет.

Идара маанисиндеги байтулмал Бадр казаты аяктап, олжолор тууралуу талашып-тартышылганда, Бадр тууралуу Алла Тааланын мына бул аяты түшкөндөн кийин пайда болду:

﴿ يَسْـَٔلُونَكَ عَنِ ٱلْأَنفَالِ ۖ قُلِ ٱلْأَنفَالُ لِلَّهِ وَٱلرَّسُولِ ۖ فَٱتَّقُوا۟ ٱللَّهَ وَأَصْلِحُوا۟ ذَاتَ بَيْنِكُمْ ۖ وَأَطِيعُوا۟ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥٓ إِن كُنتُم مُّؤْمِنِينَ ﴾

«*(Эй, Мухаммад), сенден олжолор жөнүндө сурашат. Айткын: «Олжолор Алла жана пайгамбарга таандык. Демек, Алладан корккула жана өз араңарды оңдогула! Эгер момун болсоңор, Алла жана анын пайгамбарына моюн сунгула».* [8:1]

Саид ибн Жубайрдан риваят кылынган хадисте Саид айтат: «Мен Ибн Аббаска "Анфал" сүрөсү качан түшкөн? - дедим. Ал: Бадр согушунда,- деди». Бадр олжолору Абдулла ибн Жахш сарийясы колго киргизген алгачкы мал болуп, Алла аны бөлүштүрүүнүн өкүмүн баян кылып, бул малды мусулмандардын акысы кылды жана Расул ﷺга мусулмандардын кызыкчылыгы жолунда иштетүү укугун берди. Демек, бул олжолор байтулмалга таандык болду (аны мусулмандардын башчылары мусулмандардын кызыкчылыктарын жүзөгө чыгаруу ниетинде тасарруф кылышат).

Колго киргизилген малдар сактала турган жана сарп-каражаттар алына турган жай (т.а. мамлекеттин казынасы) маанисиндеги байтулмалга келсек, Расулулла ﷺ заманында ал үчүн белгилүү бир жай

бөлүнгөн эмес. Себеби, келип жаткан малдар анчалык көп эмес эле. Мусулмандарга таркатыла турган үлүштөрдөн жана мусулмандардын иштерин башкарууга сарптала турган каражаттардан эч нерсе артчу эмес. Расулулла ﷺ олжо жана хумустарды (олжонун бештен бир бөлүгүн) согуш бүткөндөн кийин бөлүштүрүп, малдарды бөлүштүрүүнү жана өз ордуна сарптоону кечиктирчү эмес. Ханзала ибн Сайфий Расул ﷺдын (ал Расулулла ﷺдын каатиб-катчысы болгон): «**Ар бир нерсени үчүнчү күнү менден бөлүнө электе эсиме салгын»,** - дегенин риваят кылган жана дагы: «Качан мал же тамак үч күн туруп калса, Расулулла ﷺдын эсине салат элем. Расулулла ﷺ бул малдардан бирер нерсе калган абалда түндү өткөрбөйт эле», - деп риваят кылган. Расулулла ал малдарды көбүнчө келген күнү эле бөлүштүрүп жиберчү. Хасан ибн Мухаммаддан риваят кылынган хадисте: «Расулулла ﷺ алдында мал болсо күнү-түнү уктабайт эле» делет. Т.а. Расулуллага ﷺ эртең менен мал келсе, түшкө чейин аны бөлүштүрүп жиберчү, эгер мал кечинде келсе, таңга калтырчу эмес. Ошондуктан, ошол убакта сактоочу жайды же жазып коюучу дептерди талап кыла турган даражада жыйылып калган мал болгон эмес.

Расулулла ﷺ доору ушундайча өттү. Абу Бакр رضي الله عنه халифа болгондон кийин, биринчи жыл да ушундай өттү. Ага кээ бир аймактардан мал келсе, аны Расулулла ﷺдын мечитине алып келип, акылууларга бөлүштүрүп берчү. Абу Бакр бөлүштүрүү иштеринде Абу Убайда ибн Жаррохту өзүнө орунбасар кылып дайындаган. Абу Убайда бул кызматка коюлгандан кийин, Абу Бакрга: «Мен малды бөлүштүрүүдө кепилмин», - деген. Абу Бакр халифалыгынын экинчи жылы байтулмалга негиз салды. Ал өз короосунан Мадинага келген малдар коюла турган жай ажыратты. Бул жердеги бардык нерселерди мусулмандар кызыкчылыктары жолунда сарптады. Абу Бакр رضي الله عنه дүйнөдөн кайтып, Умар رضي الله عنه халифа болгондон кийин, ал ишенимдүү адамдарды топтоп, Абу Бакрдын короосуна кирип, байтулмалды ачты жана ал жерде каптан түшүп калган бир динардан башка эч нерсе таппады. Умар رضي الله عنه заманында фатхтар көбөйүп, мусулмандар Кисро жана Кайсар жерлерин фатх кылышканда, малдар көбөйүп, Мадинага агылып келе баштады. Умар бул малдар үчүн бир үйдү ажыратып, алардын тизмесин түздү жана дийван катчыларын дайындады. Бул дийвандан бериле турган малдарды белгиледи о.э. андагы каражаттын эсебинен кошуун курады. Умар кээде келген олжолордун хумустарын мечитке коюп, аны кечиктирбестен бөлүштүрүп жиберчү. Ибн Аббастан риваят кылынган хадисте Ибн Аббас айтат: «Умар ибн Хаттаб мени чакырды, барып анын алдынан алтындар самандай чачылып жаткан бойрону көрдүм. Умар ибн Хаттаб: «Биякка кел, муну элиңе бөлүштүрүп бер. Муну Пайгамбар ﷺга, Абу Бакрга бербестен мага бергенде, Алла жакшылыкты кааладыбы же жамандыктыбы, Алланын Өзү билет», - деди». Абдурахман ибн Ауфтан

риваят кылынган хадисте айтылат: «Умар ﵁ күндүн жарымында мага адам жиберди. Барсам, Умар ибн Хаттаб колумдан кармап, бир үйгө алып кирди. Андан үйүлүп жаткан каптарды көрдүм, Умар ибн Хаттаб: «Мына ушул жерде Хаттабдын үй-бүлөсү Аллага кор болду. Эгер биз Аллага азиз болгонубузда, бул каптар менден мурунку эки досума насип этмек. Эки досум мен үчүн бул нерседе ага ээрчий турган ишти аткарышмак», - деди. Мен Умарга келген нерселерди көрүп: «Эй момундар амири, олтуруңуз, пикирлеп көрөбүз», - дедим. Андан соң Мадина калкын, кембагалдыгы себептүү Алла жолундагы жихадга чыга албагандарды, Расулулла ﷺдын аялдарын жана булардан башкаларды жазып чыктык».

Мал жыйылган, дийвандар сактала турган, тартуулар чыгарыла турган жана малдар акылууларга бериле турган туруктуу байтулмал мына ушундайча пайда болду.

## БАЙТУЛМАЛ ДИЙВАНДАРЫ

«Дийван» сөзүнөн катчылар отурган, каттоо дептерлери сакталган жай түшүнүлөт. О.э. каттоо дептерлерининин өзүнө карата да иштетилет. Бул эки маанинин ортосунда өз ара байланыштуулук бар.

### Дийвандардын уюштурулушу

Дийвандардын уюштурулушу жана ага белгилүү бир жайдын ажыратылышы Умар ибн Хаттаб заманында, хижраттын 20-жылында пайда болгон. Расулулла ﷺ заманында – ал зат малия катчыларын дайындаган болсо да – бирок байтулмал үчүн атайын дийван болгон эмес. Расулулла ﷺ Муайкиб ибн Абу Фатима ад-Давсийди олжолорго, Зубайр ибн Аввамды садакаларга, Хузайфа ибн Яманды Хижаз мөмөлөрүн, Абдулла ибн Раваханы Хайбар мөмөлөрүн өлчөөгө, Мугийра ибн Шуъбаны карыз алды-берди жана мамиле иштерине, Абдулла ибн Аркамды адамдардын жер жана сууларына катчы кылган. Бирок, Расулулла ﷺ доорунда дийвандар (т.а. каттоо дептерлери) түзүлбөгөн о.э. жазуу жана сактоо үчүн аларга жай ажыратылбаган эле. Абу Бакрдын халифалыгы маалында да ушундай болду. Умар ибн Хаттаб халифа болгондон кийин абал өзгөрдү, өтө көп малдардын Мадинага агып келишине себеп болгон фатхтар көбөйдү. Бул нерселер дийвандар түзүү жана каттоо дептерлерин жазууну о.э. бул иштер үчүн жай ажыратууну талап кылды.

Дийвандар түзүү тууралуу ойлонууга түздөн-түз себеп болгон окуя жөнүндө төмөнкүдөй риваят келген. Абу Хурайра رضي الله عنه Бахрейнден Умар ибн Хаттабга өтө көп мал алып келет. Андан Умар: «Эмне алып келдиң?» - деп сурайт. Абу Хурайра: «500000 дирхам алып келдим»,- дейт. Умар ибн Хаттаб ага: «Эмне деп жатканыңды билесиңби, сен уйкусурап жатат окшойсуң, бар, эртеңге чейин эс алып кел», - дейт. Абу Хурайра эртеси кунү келгенде Умар ибн Хаттаб: «Канча?» - дейт. Абу Хурайра: «500000 дирхам», - деп жооп берет. Умар: «Ал адалданбы?» - дейт. Абу Хурайра: «Албетте, адал деп билемин», - дейт. Андан соң, Умар минбарга көтөрүлүп, Аллага хамду сана айтып, кийин: «Эй адамдар, бизге өтө көп мал келди. Эгер силер кааласаңар, таразада тартып беребиз, кааласаңар санап беребиз», - деди. Ошондо элдин арасынан бир киши: «Эй момундар амири, адамдар ага ылайык акы ала турган дийвандарды түзүңүз», - деди. Вакидий айтат, Умар ибн Хаттаб дийвандарды түзүү жөнүндө мусулмандардан кеңеш сурады. Али رضي الله عنه «Сага келген малдардан бир да нерсени кармап калбастан, ар жылы бөлүштүрөсүң», - деди. Усман رضي الله عنه болсо, «Адамдарга келе жаткан көп малдарды көрүп жатамын. Алган адам албагандан ажыратылышы үчүн алар эсеп-телбесе, иштин чиеленишип кетүүсүнөн коркомун», - деди. Варид ибн Хишам ибн Мугийра болсо: «Мен Шамда болдум, алардын падышаларынын дийвандар түзгөнүн жана андагы каражаттын эсебинен кошуун жыйганын көрдүм. Сиз да дийвандар түзүңүз жана кошуун жыйыңыз», - деди. Умар ал кишинин сөзүн кабыл алды жана Укойл ибн Абу Талибди, Махрама ибн Навфалды, Жубайр ибн Мутъимди чакырды. Алар Курайштан эле. Аларга: «Адамдарды даражаларына карап жазгыла», - деди. Алар Бани Хаашимден башташты. Кийин Абу Бакр жана анын коумун, андан кийин Умар коумун жана башка урууларды жазышып, Умарга алып барышты. Умар тизмени карап: «Жок мындай болушун жактырбаймын. Расулулла ﷺдын туугандарынан баштагыла, кийин алардын жакындарын, кийин аларга жакындарды жазгыла, Умарды Алла койгон орунга койгула», - деди.

Бул акы берүү жана кошуун жыйноо дийванына карата кылынган иштер жана бу дийван араб тилинде жазылган. Ал эми акы алуу жана малдарды жыюу дийванында абал мындан башкача эле. Анткени, Ирак дийваны мурун Фарс мамлекетине караштуу болгондуктан, анда фарс тилинде жазылчу. О.э. мурун фарстардын өкүмүнө моюн сунган башка өлкөлөрдө да дийван фарс тилинде жүргүзүлчү. Бул шаарлардын жизясы жана хирожун алуу жана малдарды топтоо фарс тилинде жазылчу. Мурун Шам жана Румга караштуу башка аймактардагы дийван румдуктардын өкүмдарлык күндөрүндө болгону сыяктуу, рум тилинде иш жүргүзчү. Бул шаарлардын жизясы жана хирожун алуу, малдарын жыюу рум тилинде жазылган. Ирак жана Шам Умар ибн Хаттаб заманынан тээ Абдулмалик ибн Марван ал-Умавий заманына чейин ушундай абалда калды. Абдулмалик ибн Марван Шам дийванын хижрий 81-жылы араб тилине көчүрдү.

Айтымдарга караганда, дийванды рум тилинен араб тилине көчүрүүгө Абдулмалик ибн Марванды үндөгөн нерсе мындай болгон экен, румдук бир катчы сыя үчүн сууга мухтаж болот, суу таба албагандан кийин, суунун ордуна өзүнүн заарасынан пайдаланат, бул кабар Абдулмаликке жетип барат жана ал катчыны жазалайт о.э. Сулайман ибн Саъдды дийванды араб тилине которууга буйруйт. Саъд андан өзүн бир жылга Урдун хирожуна валий кылып дайындашын суранат. Ошондо Урдундун хирожу 180 миң динар болгон. Бир жыл өтпөй Сулайман дийванды өзгөртөт жана Абдулмалик ибн Марванга алып келет. Абдулмалик өзүнүн Саржун аттуу катчысын чакырып, ага дийванды көрсөтөт. Саржун Абдулмаликтин алдынан кыжалат болуп чыгып кетет. Кийин румдук катчыларды учуратып калат да, аларга: «Силер тиричилик үчүн бул өнөрдөн башкасын издегиле, Алла силерден бул өнөрдү кесип койду», - дейт.

Иракта болсо, Абдулмаликтин Ирактагы валийи Хажжаж катчысы Солих ибн Абдурахманга дийванды фарс тилинен араб тилине которууну буюрат. Солих эки тилди жакшы билгендиктен макул болду жана валий ага мөөнөт берди. Солих дийванды араб тилине которду. Муну Хажжаждын фарс катчысы Мародиншах ибн Зодон Фаррух билип калып, Солихке: Сен Хажжажга дийванды араб тилине которууга алсыздык кыламын деп айт, сага 100000 дирхам беремин, - деп пара сунуш кылат. Солих буга көнбөстөн: «Алла муундарыңды фарстардын асл-өзөгүн кескендей кессин»,- дейт.

## БАЙТУЛМАЛ ДИЙВАНДАРЫНЫН БӨЛҮМДӨРҮ

Байтулмал дийвандары негизинен эки бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм:供 вародат б.а. байтулмалга кирүүчү, байтулмал акылуу болгон малга тиешелүү. Экинчи бөлүм: нафакот б.а. жумшала турган малга жана Байтулмалда акылууларга тиешелүү.

### Вародат (кирешелер) бөлүмү

Келе турган малдын түрүнө карай, биринчи бөлүм төмөнкү дийвандарды өз ичине алат.

#### Файъ жана хирож дийваны

Бул бардык мусулмандар үчүн файъ (олжо) деп эсептеле турган мамлекеттин кирешелерин каттоо жана сактоо дийваны. О.э. мамлекеттик кызматкерлер, валий, аким, мугалимдер сыяктуу маянасы өкмөттүн мойнунда болгон тармактардын өкүлдөрүнө, же маяна төлөө көрүнүшүндө эмес, мусулмандарга ыңгайлуулук жаратуу, алардын кызыкчылыгы үчүн жол, мечит, медресе, ооруканалар сыяктуу курулуштарга акча ажыратууда байтулмал жетиштүү болбогон абалда мусулмандардын мойнуна важиб боло турган салык кирешелерин каттоо жана сактоо дийваны дагы болуп саналат. Бул дийвандын кирешелери үчүн байтулмалдан атайын башка малдар аралаштырылбай турган жай белгиленет. Анткени, ал малдар халифанын пикири жана ижтихады боюнча, мусулмандардын иштерин башкарууда жана мусулмандар кызыкчылыктары үчүн сарпталат.

Файъ жана хирож дийваны о.э. бул дийванга тиешелүү болгон малдар төмөнкү бөлүмдөрдөн турат:

а) Олжолор бөлүмү: бул бөлүм гоним, анфал, файъ жана хумусту өз ичине алат.

б) Хирож бөлүмү.

в) Жерлер бөлүмү: бул бөлүм анва жерлерди, ушрий жерлерди, софий жерлерди, мамлекеттик мүлктөрдү, умумий мүлк жерлерин жана коруктарды өз ичине алат.

г) Жизя бөлүмү.

д) Файъ бөлүмү: бул бөлүм софий жерлерди, ушрий жерлерди, риказ жана маъдандар хумусун, мамлекеттик жерлер же имараттардын сатылганын, ижарага бериле турган жерлерин жана имараттарын, мураскору жок адамдын мурас малын өз ичине ала турган каттоо.

е) Салыктар бөлүмү.

#### Умумий мүлк дийваны

Бул умумий мүлк малдарын изилдөө, казып алуу, базарга алып чыгуу, киреше менен чыгашаны жазуу о.э. аларды сактоо иштери аткарыла турган дийван. Байтулмалдан умумий мүлктүн кирешелери башка малдарга аралаштырылбай турган жай ажыратылат. Анткени, бул малдар бардык мусулмандардын мүлкү болуп саналат. Халифа шаръий өкүмдөр

алкагында, өз ижтихады жана райъы боюнча, мусулмандар үчүн пайдалуу деп көздөгөн ижтихадына ылайык, бул малдарды сарптайт. Умумий мүлк дийванынын бөлүмдөрү бул мүлкчүлүктүн түркүмү жана аларга керек болгон нерселерге карай төмөнкүдөй бөлүнөт:

а) нефть жана газ бөлүмү;
б) электр энергиясы бөлүмү;
в) маъдандар бөлүмү;
г) деңиздер, дарыялар, көлдөр жана башка суулар бөлүмү;
д) токойлор жана жайлоолор бөлүмү;
е) корук жерлер бөлүмү.

### Садака дийваны

Бул важиб болгон зекет малдарын жазчу жана сактачу жай болгон дийван. Садакалар дийванынын бөлүмдөрү важиб болгон зекет малдарынын түрүнө карай төмөнкүдөй болот:

а) акча жана соода маталары зекети бөлүмү;
б) эгин жана мөмө-жемиштер зекети бөлүмү;
в) төө, уй жана койлордун зекети бөлүмү.

Зекет малдары үчүн байтулмалдан өзүнчө башка бирер мал менен аралаштырылбай турган жай ажыратылат, анткени Алла Таала зекет алууга акылуу болгондорду сегиз топко бөлгөн:

﴿ إِنَّمَا ٱلصَّدَقَٰتُ لِلۡفُقَرَآءِ وَٱلۡمَسَٰكِينِ وَٱلۡعَٰمِلِينَ عَلَيۡهَا وَٱلۡمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمۡ وَفِي ٱلرِّقَابِ وَٱلۡغَٰرِمِينَ وَفِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَٱبۡنِ ٱلسَّبِيلِۖ ﴾

*«Албетте, садакалар (т.а. зекеттер) жалаң факирлерге, мискиндерге, (садака жыюучу) аамилдерге, дилдери Исламга дос кылынуучу кишилерге, моюндарды (кулдарды) азат кылууга, карыздар кишилерге жана Алла жолунда о.э. жолоочуларга берилет».* [9:60]

Булардан башкаларга бул садакадан берүү жайиз эмес.

## Нафакалар бөлүмү

Жогорудагылар байтулмал дийвандарынын биринчи бөлүмүнө тиешелүү болду. Нафака берүү жаатына жана Байтулмалда акылууларга тиешелүү экинчи бөлүм төмөнкү дийвандарды, бөлүм, идараларды жана кеңселерди өз ичине алат.

### Дарул хилафа дийваны

Бул дийван төмөнкүлөрдү өз ичине алат:

а) дарул хилафа;
б) кеңешчилер катчылыгы;
г) тафвиз муавин катчылыгы;
д) танфиз муавин катчылыгы.

**Мамлекет кызыкчылыктары дийваны**

Бул дийван төмөнкүлөрдү өз ичине алат:

а) жихад амири бөлүмү;

б) валийлер бөлүмү;

г) казылар бөлүмү;

д) мамлекет кызыкчылыктары бөлүмү жана ага моюн сунган башка бөлүмдөр, идаралар жана жалпы ыңгайлуулуктар бөлүмү.

**Ато дийваны**

Халифа каражат берүүнү ылазым деп тапкан кембагалдар, мискиндер, мухтаждар, карыздар адамдар жана жолоочу мусапырлар, дыйкандар, өнөржай ээлери, кыскасы, халифа аларга акы берүүдө мусулмандар үчүн пайда бар деп билген адамдарды каттоо дептерлери жүргүзүлө турган дийван. Жогорудагы үч дийванга файъ жана хирож дийванынын кирешелеринен сарпталат.

**Жихад дийваны**

Бул дийван төмөнкүлөрдү өз ичине алат:

а) негиздөө, түзүү, даярдоо, машыктыруу үчүн кошуун дийваны;

б) куралдануу бөлүмү;

в) курал-жарак өнөржайы бөлүмү.

Бул дийванга бардык биринчи бөлүм дийвандарынын кирешелеринен сарпталат. О.э. бул дийванга файъ жана хирож кирешелеринен да сарпталат. Анткени, бул дийван бадалдуу (акы алуучу) жана бадалсыз түрдө байтулмалда акылуу болгон дийван. О.э. бул дийванга коргоого алынган умумий мүлкчүлүк жана садака дийвандарынын кирешелеринен да сарпталат. Анткени, бул дийван аятта келген сегиз топтун бири болуп саналат.

﴿ إِنَّمَا ٱلصَّدَقَٰتُ لِلۡفُقَرَآءِ وَٱلۡمَسَٰكِينِ وَٱلۡعَٰمِلِينَ عَلَيۡهَا وَٱلۡمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمۡ وَفِي ٱلرِّقَابِ وَٱلۡغَٰرِمِينَ وَفِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَٱبۡنِ ٱلسَّبِيلِۖ ﴾

*«Албетте, садакалар (т.а. зекеттер) жалаң факирлерге, мискиндерге, (садака жыюучу) аамилдерге, дилдери Исламга дос кылынуучу кишилерге, моюндарды (кулдарды) азат кылууга, карыздар кишилерге жана Алла жолунда о.э. жолоочуларга берилет».* [9:60]

**Садакаларды сарптоо оруңдары дийваны**

Бул дийванга садакалар болгондо садакалар дийваны кирешелеринен сарпталат.

**Умумий мүлктүн сарптала турган оруңдары дийваны**

Бул дийванга халифа шаръий өкүмгө ылайык, анын ижтихады боюнча, умумий мүлк дийванынын кирешелеринен сарптайт.

### Өзгөчө кырдаалдар дийваны

Бул дийван жер титирөө, суу ташкыны, ачарчылык жана ушулар сыяктуу мусулмандарга келген өзгөчө кырдаалдарды өз ичине алат. Бул өзгөчө кырдаалдарга файъ жана хирож о.э. умумий мүлк дийвандарынын кирешелеринен сарпталат. Эгер бул эки дийванда мал жок болсо, мусулмандардын малдарынан иштетилет.

### Жалпы тең салмактуулук, жалпы эсеп-китеп жана көзөмөл дийвандары

Жалпы тең салмактуулук (мувазанат) дийваны – бул мамлекеттин кирешелерин жана мамлекеттин малдарын сарптоо ордун белгилөө жаатында Халифанын ижтихады боюнча мамлекеттин келечектеги тең салмактуулугун шарттай турган, ушундай тең салмактуулук менен кирешелерди жана амалий жалпы нафакаларды салыштыра турган, мамлекеттин кирешелерин, мамлекеттин амалий нафакалары натыйжасын текшере турган дийван. Бул дийван дарул хилафа дийванына моюн сунат. Жалпы эсеп-китеп (мухасабат) дийваны болсо, мамлекет көзөмөлдөй турган т.а. мамлекеттин сырьёлорун, мухтаждыктарын, киреше-чыгашаларын жана алардын жүзөгө чыккандарын о.э. жүзөгө чыгууга тиешелүү болгондорун эсептей турган дийван.

Көзөмөл (муракобат) дийваны – бул мамлекеттин малдарын жана кызыкчылыктарын эсеп-китеп кылуучу баянаттарды о.э. бар болгон нерселерди (активди), булардын тууралыгын, талаптарын, киреше жана чыгашаларын анык текшерип туруучу о.э. идарий иштерде мамлекеттин бардык дийвандарын, идара бөлүмдөрүн, жумушчу-кызматкерлерди эсеп-китеп кылып, көзөмөлдөөчү дийван.

Булар Халифалык мамлекетинин жалпы көрүнүштөгү малиявий дийвандары. Бул дийвандарды түзүү далилдерине келсек, бул дийвандар идарий ыкмалардан бир ыкма жана ишти аткаруу каситаларынан бир васита болуп саналат. Расулулла ﷺ өзү түздөн-түз идараны башкарган жана бул идаранын малиявий жагына жана андан башкасына катчыларды дайындаган. Биз дийвандардын түзүлүшү темасында Расулулла ﷺ малиявий жаатка катчы кылып белгилеген адамдарды айтып өттүк. Бирок анфал, гоним, фай, жизя, хирожду мубах кылуу жөнүндөгү, малдардын кафирлерден үчүн алына турган мустахик (акылуу түрдө алына турган) мал экендиги жөнүндөгү жана зекеттин важибдигине о.э. зекет бериле турган адамга жана умумий мүлккө далалат кылуучу аят жана хадистер «далалатул илтизам» менен идарий ыкмаларды түзүү мубах экендигине далалат кылат, анткени бул ыкмалар аслдин бир жузъу (т.а. негиздин бир бөлүгү) жана аслге кирет. Халифанын бул ыкмалардан алуусу жана бул малдарды пайда кылуу, сактоо, бөлүштүрүү, сарптоо үчүн ылазым деп билген ыкманы табанний кылуусу жайиз. Негизи, дийвандарды түзүү жана табанний кылуу хулафаи рошидиндер заманында, сахабалардын көз алдында, алар четке какпаган абалда пайда болгон.

# ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИНИН МАЛДАРЫ

## МАЛДАР

Расулулла ﷺ Мединага хижрат кылып, мечитин курду, Исламий мамлекет имаратын акырындап тикелей баштады. Алла мусулмандарга согушууга уруксат бергенден кийин мусулмандар колго киргизген алгачкы мал Абдулла ибн Жахш сарийясынын олжосу болду. Курайштын бир топ төөлөрүнө тери жана соода маталары жүктөлгөн эле. Абдулла ибн Жахштын сарийясы бул кербенди хижраттын экинчи жылы жумадул-ахир айында колго түшүрдү. Ушул жылдын рамазан айында Бадр согушу болду. Бул согушта мусулмандар мал жана курал-жарактарды олжо кылып алышты жана бул олжолорду бөлүштүрүүдө кайчы пикирде болушту. Ошондо Алла Таала "Анфал" сүрөсүн түшүрдү:

﴿يَسْـَٔلُونَكَ عَنِ ٱلْأَنفَالِ ۖ قُلِ ٱلْأَنفَالُ لِلَّهِ وَٱلرَّسُولِ ۖ﴾

«*(Эй, Мухаммад), сенден олжолор жөнүндө сурашат. Айткын: «Олжолор Алла жана Анын пайгамбарына таандык».* [8:1]

Алла бул олжолорду бөлүштүрүүнү Расулулла ﷺдын колуна тапшырды. Расулулла бештен бирин албастан аны бөлүштүрдү. Кийин Бани Кайнуко яхудийлери келишимди бузгандыгы себептүү мусулмандар алардын малдарын олжо кылып алышты жана Расулулла аларды (яхудийлерди) Шамдагы Азруот деген жерге сүргүн кылды. Бул иштер Бадр согушунан бир айдан кийин жүз берди, Расулулла бул олжолорду Бадрдан кийин түшкөн «олжолор» аятына ылайык бөлүштүрүп, бештен бирин алды.

﴿وَٱعْلَمُوٓا۟ أَنَّمَا غَنِمْتُم مِّن شَىْءٍ فَأَنَّ لِلَّهِ خُمُسَهُۥ وَلِلرَّسُولِ وَلِذِى ٱلْقُرْبَىٰ وَٱلْيَتَـٰمَىٰ وَٱلْمَسَـٰكِينِ وَٱبْنِ ٱلسَّبِيلِ﴾

*«Билип койгула, силер олжо кылып алган нерсенин бештен бири Алла үчүн, пайгамбар үчүн жана ал заттын тууган-уругу, жетимдер, мискиндер жана жолоочулар үчүн».* [8:41]

Расулулла фатх кылган биринчи жер – Бани Назир уруусунун жери. Бани Назир уруусу Ухуд согушу келишимин бузган эле. Расулулла аларды он беш күн курчап турду, кийин «курал-жарак жана соотсуз, бир төөгө жүктөлө турган нерселерди өздөрү менен алып, Мединадан чыгып кетүүлөрү» шарты менен келишим түздү. Расулулла алардын жерлеринен башка малдарды ансорлорду аралаштырбастан мухажирлерге бөлүштүрдү. Болгону, Сахл ибн Ханиф жана Абу Дужана Самак ибн Харша экөө кембагалдыктарын айткандыктары себептүү Расулулла ﷺ аларга да олжодон берди жана жерди бөлүштүрбөдү. Ошол жерден өз

үй-бүлөсүнө бир жылдык нафака берип турчу жана нафакадан калганын Алланын жолунда жихад кылуу үчүн ат, качыр, эшек жана курал-жарактарды сатып алууга жумшачу. Мына ушул казат тууралсында “Хашр” сүрөсү түштү:

﴿وَمَآ أَفَآءَ ٱللَّهُ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ مِنۡهُمۡ فَمَآ أَوۡجَفۡتُمۡ عَلَيۡهِ مِنۡ خَيۡلٖ وَلَا رِكَابٖ وَلَٰكِنَّ ٱللَّهَ
يُسَلِّطُ رُسُلَهُۥ عَلَىٰ مَن يَشَآءُۚ وَٱللَّهُ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ قَدِيرٞ﴾

*«Алла Өз пайгамбарына алардан олжо кылып берген нерселердин үстүнө силер атчан жана төөлөрдү ойнотуп барганыңар жок. Бирок, Алла Өз пайгамбарларын өзү каалаган кимселерден бийик кылып коёт. Алла бардык нерсеге кудуреттүү».* [59:6]

Алла олжону Расулулла ﷺга таандык кылып койду. Бани Курайза уруусу келишимди бузуу менен мусулмандарга кыянат кылып, Хандак казатында душмандарга кошулгандан кийин, Бану Курайза уруусу менен согуш болду. Расулулла алардын малдарын мусулмандарга атчанга үч үлүш, жөөгө бир үлүш кылып бөлүштүрүп берди. Андан соң, Расулулла ﷺ Худайбияда Курайш менен тынчтык келишимин түзгөндөн кийин, Хайбар казаты болду. Алла Хайбарды расулуна жана момундарга күч менен фатх кылып берди жана алардын жери жана малдарына Расул ﷺды ээ кылды. Расулулла ﷺ олжолор жана жерлердин бештен бирин алгандан кийин, аларды бөлүштүрдү. Жерлерди бир миң сегиз жүз үлүш кылды, ошондо ал он сегиз бөлүккө бөлүндү. Ар бир бөлүк жүз үлүштөн турду, кийин Хайбар калкы менен алардын жеринде өстүрүлө турган мөмө-жемиш жана түшүмдөрүнүн жарымын алууга келишип алды. Хайбар фатхынан кийин Фидак калкы келди. Алар Расулулла ﷺ менен, жер жана курмазарлардын жарымы Расулуллага, Фидак калкына болсо калган жарымы калышы тууралсында келишим түздү. Фидак үлүшүнүн жарымы Расулулла ﷺдын өзүнө гана таандык болду. Анткени, ага ат жана төөлөрдү чаптырып, жүрүш кылып барылган жок. Расул ﷺ Фидактан келген нерсени садака абалында сарптады. О.э. Расулулла ﷺ Вадил Курону күч менен фатх кылгандан кийин, Хайбар калкы менен түзгөн келишимге окшош, Вадил Куро калкы менен жерди алардын колунда калтыруу тууралсында келишим түздү. Тойма калкы – шаарлары жана жерлери өздөрүнө калган абалда – жизя төлөөгө Расулулла ﷺ менен келишим түздү.

Мекке фатхынан кийин Хунайн казаты болду. Расулулла Хунайн калкынын малдарын бөлүштүрдү. Хавазин элчилери аялдар жана жаш балдардан турган туткундарды кечирүүнү Расулулла ﷺдан суранып келишкенде, Расулулла ﷺ кечирди. Табук казатында болсо, Акаба ээси өзү насроний болгон Яхнат ибн Рухба менен жизя беришине келишим түздү. О.э. Азрах, Жарба жана Муканно уруулары менен жизя

берүүлөрүнө келишим түздү. Ошол уруунун калкы яхудийлер эле. Дагы ушул сыяктуу Расулулла ﷺ Давматул Жандалдын ээси насроний Укайдир менен анын жизя төлөөсүнө келишим түздү. Бул келишим Холид Укайдирди туткунга алып, Расулулла ﷺ аны кечиргенден кийин болду.

Кийин Нажрон жана Яман элчилери келишти, алардын Исламды кабыл алгандарына зекет фарз болду жана насроний бойдон же яхудий бойдон калгандарына жизя белгиленди. Бул убакта жизя аяты түшкөн, зекет фарз кылынган эле. Расулулла ﷺ маъдан, суу, жайыт о.э. отту бардык мусулмандарга умумий мүлк кылганы сыяктуу эле, мына ушундай казаттар маалында садака төөлөрү үчүн о.э. Алланын жолундагы төө жана аттар үчүн Накиъ деген жерди корук кылды. Расулулла ﷺ көз жумгандан кийин, Абу Бакр رضي الله عنه, Абу Бакрдан кийин Умар رضي الله عنه халифа болду. Фатхтар башталды жана олжо, жизя жана хирождордон турган эсепсиз малдар Мединадагы мусулмандар байтулмалына агып келе баштады.

Мусулмандар байтулмалына түшө турган жана Алла мусулмандарга адал кылып койгон о.э. аны байтулмалга акылуу кылып койгон жана ушул малдарды халифа мусулмандардын кызыкчылыгы жана иштерин башкаруу үчүн өз ижтихадына ылайык, шаръий өкүм коим болгон жактарга иштете турган малдарды мына ушул кыска гана маалымат менен сүрөттөөгө болот.

Ушуга ылайык, Халифалык мамлекетиндеги малдар төмөнкүлөрдөн түзүлгөн.

1 - Анфалдар; гоним; фай жана хумус.

2 - Хирож.

3 - Жизя.

4 - Умумий мүлктөр.

5 - Жер, имарат жана ынгайлуулуктар о.э. алардын кирешелеринен турган мамлекет мүлкү.

6 - Ушр.

7 - Акимдер жана мамлекеттик кызматкерлер тарабынан зомбулук жолу менен табылган мал, шариятка тескери кесиптен табылган мал жана айып салуудан түшкөн мал.

8 - Риказ жана кен-маъдандардын бештен бири.

9 - Мураскору жок адамдын малы.

10 - Муртаддардын малы.

11 - Салыктар.

12 - Садака – зекет малдары.

Булардын маанисин билүү үчүн, мында иш жүргүзүү укугу тапшырылган адамды, буларды иштетүү көрүнүшүн, сарпталуучу жактарды жана акылууларды текшерип чыгабыз.

## АНФАЛ ЖАНА ГОНИМ, ФАЙ ЖАНА ХУМУС

### Анфал жана гоним

Анфал дегенде гонимди (олжону) түшүнүшүбүз керек. Алла Таала айтат:

﴿ يَسۡـَٔلُونَكَ عَنِ ٱلۡأَنفَالِۖ قُلِ ٱلۡأَنفَالُ لِلَّهِ وَٱلرَّسُولِۖ ﴾

«*(Эй, Мухаммад), сенден анфал жөнүндө сурашат. Айткын: «Анфал Алла жана Анын пайгамбарына таандык».* [8:1]

Ибн Аббас жана Мужахидден, Алла Тааланын:

﴿ يَسۡـَٔلُونَكَ عَنِ ٱلۡأَنفَالِ ﴾

«*(Эй, Мухаммад), сенден анфал жөнүндө сурашат».* [8:1]

деген коулундагы анфал жөнүндө суралганда, алар «Анфал – бул гоним» деген. О.э. согуштан мурда же кийин амир бөлүштүрө турган кафирлердин малдарына да «анфал» сөзү иштетилет. Демек, анфал жана гоним бир нерсе болуп, алар мусулмандар согушуу менен колго киргизишкен акчалар, курал-жарактар, маталар, азык-түлүк жана ушул сыяктуулардан турган кафирлердин малдары. Бул болсо, Алла Тааланын ушул сөзүнөн түшүнүлөт.

﴿ وَٱعۡلَمُوٓاْ أَنَّمَا غَنِمۡتُم مِّن شَيۡءٖ فَأَنَّ لِلَّهِ خُمُسَهُۥ وَلِلرَّسُولِ ﴾

*«Билип койгула, гоним кылып алган нерсеңердин бештен бири Алла жана пайгамбар үчүн».* [8:41]

Олжолор өткөн үммөттөргө арам кылынган, ал эми Расулулла ﷺга адал кылынды. Расулулла ﷺ: «**Менден мурда бир да адамга берилбеген беш нерсе мага берилди,... олжолор мага адал кылынды**», - деп айткан. Дагы Абу Хурайрадан риваят кылынат: Расулулла ﷺ айтты: **«Силерден башка эч бир коомго олжолор адал кылынбаган, асмандан от түшүп олжолорду өрттөп жиберген».**

Мына бул анфал жана гонимдин абалы. Чындыгында, Алла Субханаху ва Таала ушул олжолорду бөлүштүрүү жана аны иштетүү укугун мусулмандар амирине тапшырды, бул Алла Тааланын ушул сөздөрүндө ачык-айкын айтылган:

﴿ يَسۡـَٔلُونَكَ عَنِ ٱلۡأَنفَالِۖ قُلِ ٱلۡأَنفَالُ لِلَّهِ وَٱلرَّسُولِۖ ﴾

«*(Эй, Мухаммад), сенден олжолор жөнүндө сурашат. Айткын: «Олжолор Алла жана пайгамбарга таандык».* [8:1]

﴿ وَمَآ أَفَآءَ ٱللَّهُ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ ﴾

*«Алла пайгамбарына олжо кылып берген нерсе…».* [59:6]

Мындай абал олжолорду бөлүштүрүүдөгү Расулулла ﷺдын о.э. ал заттан кийинки халифалардын иштеринен ачык-айкын көрүнүп турат. Расулулла ﷺ олжолорду өзү бөлүштүргөн жана өзү иштеткен. О.э. халифалар өздөрү бөлүштүрүшкөн же бөлүштүрүү өкүл аркылуу башкарылган. Демек, мусулмандар халифасы олжолорду бөлүштүрүү жана иштетүүдө укук ээси болот.

Олжолор менен иш жүргүзүү жол-жоболору шаръий өкүмдөр талабы боюнча мусулмандар кызыкчылыгын көздөйт. Анткени, Шариъ мусулмандар мухтаждыктарын камсыздоону жана алардын абалын башкарууну халифага тапшырган. Халифа бул иштерди өз райы жана ижтихады боюнча шаръий өкүмдөргө ылайык, Ислам жана мусулмандар кызыкчылыгын көздөп ишке ашырат.

## Олжолордун бөлүштүрүлүүсү жана аларды сарптоо орундары о.э. ага акылуу болгон адамдар

Олжолордун бөлүштүрүлүүсү, аны сарптоо орундары о.э. ага акылуу болгон адамдар маселесине келсек, Расулулла ﷺ Бадр олжолорунун бештен бирин албастан, жихадга чыккан атчанга үч үлүш, жөөгө бир үлүш кылып бөлүштүрүп берди. Бирок, башка казат жана согуштарда олжолордун бештен бирин алды. Булар олжолордо Расулулла ﷺдын иш жүргүзүүлөрү ар түрдүү болуп, бир калыпта болбогондугун көрсөтөт. Кээде Расулулла ﷺ олжолордон аны бөлүштүрүүдөн мурда жана бөлүштүрүүдөн кийин берет эле, кээде бештен бири алына элегинде олжонун аслинен олжо берет эле, кээде бештен бири алынгандан кийин берет эле, кээде күтүлүп жаткан олжо жана фатхтардан болгон олжолорду убада кылат эле. Расулулла ﷺ бул иштерин Ислам жана мусулмандар үчүн пайдалуу деген пикир менен жүргүзгөн. Олжолор туурасында түшкөн биринчи аят алардын ишин о.э. алар менен иш жүргүзүүнү Аллага жана Расулуна тапшырды. Демек, Расулулла ﷺдан кийин мусулмандар амирине тапшырылган болот. Алла Таала айтат:

﴿ يَسْـَٔلُونَكَ عَنِ ٱلْأَنفَالِ ۖ قُلِ ٱلْأَنفَالُ لِلَّهِ وَٱلرَّسُولِ ۖ ﴾

«*(Эй, Мухаммад), сенден олжолор жөнүндө сурашат. Айткын: «Олжолор Алла жана Анын пайгамбарына таандык».* [8:1]

Мына бул аят олжолорду бөлүштүрүү жана алар менен иш жүргүзүү көрүнүшүн Расулуна т.а. мусулмандар амирине тапшырды. Абу Умамадан кылынган риваятта айтат: Убада ибн Сомиттен олжолор жөнүндөгү аят тууралуу сураганымда: «Биз, Бадр асхабдары, олжолорду бөлүштүрүүдө келише албастан, адепсиздик кылып турганыбызда ушул аят түштү, Алла Таала аларды бөлүштүрүүнү биздин колубуздан алып, Расулулла ﷺга тапшырды. Расулулла аны бирдей кылып бөлүштүрдү». Бул аят бардык олжолорду өз ичине алат. Бадр согушуна гана таандык эмес.

Расулулла ﷺдын иштеринен көрүнүп тургандай, олжолор имамдын т.а. башчынын райына сунушталган болуп, ал олжолордо Ислам жана мусулмандар кызыкчылыгын жүзөгө чыгаруу үчүн иш жүргүзөт. Расулулла ﷺ олжолордун бештен бири алынгандан кийин, төрттөн бирин бергени сыяктуу эле, үчтөн бирин да берген. Абу Убайд Убада ибн Сомиттен риваят кылат: «Расулулла ﷺ менен бирге казат кылдык, казаттын башталышында олжонун төрттөн бирин, кайтканыбызда болсо, үчтөн бирин алдык. О.э. согушта өлтүрүлгөн кафирдин нерселерин өлтүргөн адамга берди». Абу Катодадан риваят кылынат: «Хунайн күнүндө Расулululла ﷺ мындай деди: «**Кимде-ким бир адамды** (т.а. Алла жана Расулунун душманын) **өлтүрсө, ошого далили болсо, өлтүрүлгөн кимсенин нерселери өлтүргөн адамдыкы болот».** Расулулла ﷺ Бани Назир уруусунун олжолорун ансорлорду аралаштырбастан мухажирлердин өздөрүнө бөлүштүрдү, Сахл ибн Ханиф жана Абу Дужаналарга гана кембагалдыктары себептүү ушул олжолордон берди. Алла Таала Хашр сүрөсүндөгү ушул сөзү менен муну берүүнүн себептерин баян кылды:

﴿ كَيۡ لَا يَكُونَ دُولَةَۢ بَيۡنَ ٱلۡأَغۡنِيَآءِ مِنكُمۡ ﴾

*«Олжолор силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбашы үчүн».* [59:7]

Расулулла ﷺ Хунайн согушунда Исламга жаңы киргендердин дилдерин Исламга жакындатуу үчүн көп олжолорду берди. Анас ибн Маликтен кылынган риваятта айтылат: Расулулла ﷺ Хунайн олжолорун бөлүштүрүп Акрах ибн Хобиске 100 төө, Уяйна ибн Хиснге 100 төө, Абу Суфян ибн Харбга 100 төө берди. О.э. Хаким ибн Хизом, Харис ибн Калада, Хорис ибн Хишам, Сухайл ибн Амр, Хувайтиб ибн Абдулузза, Ала ибн Жария ас-Сакофийлерге жүздөн төө берди жана булардан башка Исламга жаңы киргендерге мындан азыраак берди. Расулулла ﷺ ансорлордун бирине да олжо бербегендиктен, алар наараазы болушту. Ошондо Расулулла ﷺ аларды чогултуп хутба окуду. Алар көздөрүнө жаш алып, бул бөлүштүрүүгө ыраазы болушту.

Расулулла ﷺдан кийинки хулафаи рошидиндердин абалы да дал ушундай болду. Халифалар олжолордун кээ бирлерин согуштан мурун же бөлүштүрүүдөн мурун беришчү. Умар ибн Хаттаб Жарир ибн Абдулла Бажлийге Иракка барууну сунуштады. Ал сунушка макул болду. Умар Жариргe жана анын уруусу Бажилага Ирак жерлеринен (т.а. Ефрат жана Дажла айланасындагы жерлерден) бештен бирин алгандан кийин үчтөн бирин берди. Жарир жана анын уруусу эки же үч жыл бою бул жерлердин түшүмүнүн үчтөн бирин жеп турушту. Кийин Умар андан жерлерди кайтарып алды жана ага: «Эй Жарир, мен жоопкер бөлүштүрүүчү болбогонумда, силерге берилген нерсе колуңарда калат болчу. Адамдар көбөйдү, мен жерлерди аларга кайтарууну ойлоп

жатамын», - деди. Жарир жерлерди кайтарып берди жана Умар Жарирди 80 динар берип сыйлады.

Расулулла ﷺ жана ал заттан кийинки халифалардын иштеринен жана мына бул аяттардан билингендей, олжолордун иши имамга т.а. башчыга тапшырылган болуп, алар мында Ислам жана мусулмандар үчүн жакшы деп билген пикир менен иш жүргүзүшкөн. Башчы олжолордун баарын же кээ бирин согушка катышкандарга бөлүштүрүү керек деп билсе, ошондой кылат. Мусулмандардын кызыкчылыктарына иштетүү үчүн байтулмалга фай, жизя, хирождордун катарына кошуп коюуну абзел деп билсе, кошуп коёт. Айрыкча, мамлекет амалий жана запастагы армияларды камсыздап, аскерлердин үй-бүлөлөрүнө маяналарды берип, курал-жарактарды даярдайт. Азыркы учурда оор курал-жарактар мурункудай аскерлер ээлик кыла турган шахсий нерсе болбой калды. Аскерий өнөржай өнүгүп, жаңы-жаңы куралдар иштеп чыгарылып жаткан азыркы убакта мамлекеттин мүлкү болгон куралдарды адамдарга мүлк кылып берүү мүмкүн болбойт. Ошондуктан, олжолордун өкүмү фай, хирож, жизя, ушрлардын өкүмү сыяктуу болуп, мусулмандардын байтулмалына коюлат о.э. мусулмандардын иштерин башкарууда жана алардын мухтаждыктарын кандырууда сарпталат. Халифанын согушта катышкандар үчүн Ислам жана мусулмандар кызыкчылыгын көздөгөн абалда бул олжолорду бөлүштүрүүсү жайиз.

## Фай

Фай – бул ат жана төө ойнотуп барбастан т.а. кошуунду аракетке келтирбестен, сапар машакатын тартпастан о.э. согушпастан колго киргизилген кафирлердин малдары. Бани Назир уруусунда жүз берген окуя мына ушул нерсенин мисалы болуп саналат. О.э. мындай абал яхудийлерден болгон Фидак элинде жүз бергендей, кафирлер мусулмандардын согушуусунан коркуп, аларга жерлери жана малдарынын бир бөлүгүн берүү туурасында келишим түзүү үчүн мусулмандардын алдына келгенинен да көрүнөт. Алла Тааланын «Хашр» сүрөсүндөгү төмөнкү аятынан да файга берилген ушул маани көздөлгөн.

﴿وَمَآ أَفَآءَ ٱللَّهُ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ مِنۡهُمۡ فَمَآ أَوۡجَفۡتُمۡ عَلَيۡهِ مِنۡ خَيۡلٖ وَلَا رِكَابٖ﴾

*«Алла Өз пайгамбарына алардан олжо кылып берген нерселердин үстүнө силер атчан жана төөлөрдү ойнотуп барганыңар жок».* [59:6]

Бани Назир о.э. Фидак малдарынын үстүнө мусулмандар ат жана төө ойнотуп барышпаган. Бул фай деп эсептелет. Ошондуктан да ошол малдар бир гана Расулулла ﷺдын өзү үчүн болду. Расулулла ﷺ ушул малдардан үй-бүлөсүнө бир жылдык нафакасын берген, андан калганын Алла жолундагы жихаддын даярдыгы үчүн ат, качыр, эшек жана курал-жаракка иштеткен. Расулулла ﷺ көз жумгандан кийин бул иштерди Абу Бакр, андан кийин Умар رضي الله عنهما улантты.

Бухарий хумус бабында риваят кылат: Усман, Абдурахман ибн Ауф, Зубайр, Саъд ибн Абу Ваккостор Умардын алдына кирүүгө уруксат сурашты. Умар уруксат берди, алар бир аз отургандан кийин Али менен Аббас да Умардын алдына кирүүгө уруксат сурап келишти. Умар аларга да уруксат берди. Алар кирип, салам берип отурушту. Ошондо Аббас: «Эй момундар амири, мени менен Алинин ортосунда өкүм чыгарып бериңиз», - деди. Алар Алла Өз расулуна олжо кылып берген Бани Назирдин малы туурасында тартышып жатышкан экен, Усман жана анын айланасындагылар: «Эй момундар амири, бул экөөнүн үстүнөн өкүм чыгарып, аларды тынчтандырыңыз», - дешти. Умар ﵁: «Шашпагыла, Анын изни менен жер-асман жаралган Алланын атын эске салып сураймын, Расулулла ﷺ «Биз мурас калтырбайбыз, калтырган нерселерибиз садака болот» дегенде өзү жөнүндө айтканын билесиңерби?» - дегенде, чогулгандар: «Ооба, ушундай деген», - дешти. Ошондо Умар Али менен Аббаска карап: «Силерге Алланы эстеп туруп айтамын, Расулулла ﷺдын мына ушундай дегенин билесиңерби?», - дегенде экөө тең: «Ооба, ушундай деген», - дешти. Умар ﵁ Али жана Аббаска бурулуп: «Мен силерге мына ошол иш жөнүндө айтып беремин, чындыгында, Алла мына ушул олжодо Расулулланы ал заттан башка эч кимге бербеген нерсе менен хостоп койду». Кийин:

﴿ وَمَآ أَفَآءَ ٱللَّهُ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ مِنۡهُمۡ ﴾

*«Алла Өз пайгамбарына алардан олжо кылып берген нерселер…».* [59:6] аятын «кодийр» деген сөзүнө чейин окуп: «Бул малдар Расулулла ﷺдын өзү үчүн болгон. Аллага ант болсун, силерди коюп, ал малдарга ээ болбоду, силерден аны тартып албады, аны силерге берди жана араңарда аны таркатты, ал тургай ал малдардан мына ушул мал калды, Расулулла ﷺ үй-бүлөлөрүнө мына ушул малдан бир жылдык нафака берчү. Андан кийин калганын алып, Алланын малы коюла турган орунга койчу. Расулулла ﷺ өмүр бою мына ушундай кылды. Силерге Алланы эстеп туруп айтамын, мына ушуну билесиңерби?» - деди. Алар «Ооба» дешти. Умар: «Пайгамбар көз жумду. Ошондо Абу Бакр «Мен Расулулла ﷺдын орунбасарымын» деп, малдарын өз колуна алып, Расулулла ﷺдын ишин улантты. Алланын Өзү билет, Абу Бакр ал малдарда ишенимдүү, туура жолду кармоочу, акыйкатка ээрчүүчү болгон. Абу Бакр көз жумду. Мен Абу Бакрдын орунбасары болдум. Мен ал малдарды алып эки жылдык амирлигимде Расулулла ﷺ жана Абу Бакр сыяктуу уланттым. Алла билет, мен ал малдарда ишенимдүүмүн, туура жолду кармаймын жана акыйкатка ээрчиймин», - деди. Бул хадис толук бойдон Бухарийде бар.

Ошону менен мусулмандар кошуунду аракетке келтирбестен, согушпастан, кафирлерден алынган ар бир малдын өкүмү хирож, жизя сыяктуу Алла малынын өкүмүндөй болуп, мусулмандардын байтулмалына

коюлат о.э. халифанын мусулмандар кызыкчылыгын жүзөгө чыгаруучу районуна туура келе турган түстө мусулмандар кызыкчылыктары үчүн жана аларды башкаруу жолунда сарпталат. Фай сөзү күч менен же келишим менен фатх кылынган жерге о.э. мына ушундай өлкөдөн алына турган жер хирожуна, жизя жана соода ушруна да колдонулат. Муну Алла Тааланын ушул сөзү көрсөтүп турат.

﴿ مَّآ أَفَآءَ ٱللَّهُ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ مِنۡ أَهۡلِ ٱلۡقُرَىٰ فَلِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ وَلِذِى ٱلۡقُرۡبَىٰ وَٱلۡيَتَـٰمَىٰ وَٱلۡمَسَـٰكِينِ وَٱبۡنِ ٱلسَّبِيلِ كَىۡ لَا يَكُونَ دُولَةَۢ بَيۡنَ ٱلۡأَغۡنِيَآءِ مِنكُمۡۚ ﴾

*«Алла кыштак-шаарлардын (кафир) калкынан Өз пайгамбарына олжо кылып берген нерселер – силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбашы үчүн – (алар) Аллахтыкы, пайгамбарыныкы жана (пайгамбардын) тууган-уруктары, жетимдер, мискиндер жана жолоочулардыкы».* [59:7]

Билал жана анын достору Алла аларга олжо кылып берген Ирак жана Шам жерлерин бөлүштүрүүнү Умардан сурашканда, Умар ушул аяттан келип чыгып, Ирактагы Савад (Дажла жана Ефрат айланасындагы жер) деген жерде, Шам жана Мисир жерлеринде аны колдонгон. Умар жана сахабалар Ирак, Сирия, Мисир жерлеринин фай экендигин түшүнүп жетишкен. Анткени, алар бул жерлерди күч менен т.а. кылычтар менен фатх кылышкан. Бул болсо, Умар менен болгон талкуунун сөздөрүндө ачык-айкын келген. Алар Умарга мындай дешкен: «Алла Таала бизге кылычтарыбыз менен олжо кылып берген олжону согушка катышпаган коомго жана мына ушул коомдун перзенттерине, перзенттеринин перзенттерине бересиңби, акыйкатта болсо, алар согушка катышпаган го». Дагы мына ушундай түшүнүк Умардын он ансарий менен болгон маегинде да бар. Умар ﵁ хирож жана жизяны файдын катарында эсептөөдө кеңешүү үчүн ансорийлерге адам жиберди. «Мен жерлерди кафирлердин колунда калтырып, аларга хирожду дайындадым жана моюндарына жизя төлөөнү койдум. Мына ошол жерлер мусулмандардын согушкерлерине да, балдарына да жана алардан кийин келе турган перзенттерине да фай болуп калат», - деди. Мына ушул фай малдардын баары жана ага ээрчип келе турган жизя, хирож, ушр жана андан башка салыктардан түшкөн каражат мусулмандардын бай жана кембагалдарына жалпы болот о.э. байтулмалда сакталат жана бул малдан мусулмандардын иштерин башкарууда о.э. мухтаждыктары жолунда сарпталат. Ал малда бардык мусулмандардын акысы болот. Умар ﵁ Ирак, Сирия, Мисир жерлерине хирожду дайындагандан кийин, айтып өтүлгөн малдар тууарасында: «Ар бир мусулмандын мына ушул малда акысы бар», - деп жана ушул:

﴿ مَّآ أَفَآءَ ٱللَّهُ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ مِنۡ أَهۡلِ ٱلۡقُرَىٰ ﴾

*«Алла кыштак-шаарлардын (капыр) калкынан Өз пайгамбарына олжо кылып берген нерселер…».* [59:7]

- аятын мына бул аятка жеткенге чейин окуду:

﴿ وَٱلَّذِينَ جَآءُو مِنۢ بَعۡدِهِمۡ يَقُولُونَ ﴾

*«Алардан кийин (дүйнөгө) келген заттар...».* [59:10]

Андан кийин: «Бул (т.а. Ирак жана Шам жерлери) бардык мусулмандарга тиешелүү. Мен тирүү турганымда, Сарви Химярдагы мусулмандардын бул жерлердеги насибеси маңдай терсиз өзү келет», - деди.

### Хумус

Хумус – бул бөлүштүрүлө турган олжонун бештен бири. Буга далил Алла Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿ وَٱعۡلَمُوٓاْ أَنَّمَا غَنِمۡتُم مِّن شَيۡءٖ فَأَنَّ لِلَّهِ خُمُسَهُۥ وَلِلرَّسُولِ وَلِذِي ٱلۡقُرۡبَىٰ وَٱلۡيَتَٰمَىٰ وَٱلۡمَسَٰكِينِ وَٱبۡنِ ٱلسَّبِيلِ ﴾

*«Билип койгула, силер олжо кылып алган нерсенин бештен бири Алла үчүн, пайгамбар үчүн жана ал заттын тууган-уругу, жетимдер, мискиндер жана мусапырлар үчүн».* [8:41]

Расулулла ﷺдын убагында хумус беш бөлүккө бөлүнгөн. Бир бөлүгү Алла жана Расулу үчүн, дагы бир бөлүгү Расулулла ﷺдын туугандары үчүн, калган үч бөлүгү жетимдер, мискиндер о.э. жолоочу мусапырлар үчүн. Расулулла ﷺ хумустан өз үлүшүн мусулмандарга садака кылчу о.э. Алланын жолуна иштетип ат, качыр, төө жана курал-жарактарды сатып алчу, аскерлерди даярдачу. Расулулла ﷺдан риваят кылынат, Хунайн казатында адамдар Расулулла ﷺдан олжолорду бөлүштүрүүсүн талап кылышканда, аларга кайрылып: **«Силердин олжоңордон мен үчүн мына бул кылдай да нерсе жок. Болсо да бештен бири бар. Ал да силерге кайтарылган»,** - деди.

Туугандарынын үлүшүнө келсек, Расулулла ﷺдын доорунда, ал заттын тууганларынан Бани Хошим, Бани Мутталибдерден башкаларга үлүш берилген эмес. Расул ﷺдын тууганларынын үлүшү Бани Хошим, Бани Мутталибдердин Расулулла ﷺга жана Исламга кылган жардамдары себептүү Расул ﷺга белек ордуна болду. Ошондуктан, олжодон аларга гана берген. Жубайр ибн Мутъимден болгон риваятта айтылат: «Расулулла ﷺ тууганларынын үлүшүн Бани Хошим, Бани Мутталиб ортосунда бөлүштүргөндө Усман экөөбүз келип: Я Расулулла, Бани Хошимдин улуулугун Алла Таала сизге берген даража себептүү четке какпайбыз, айтыңызчы, эмне үчүн Бани Мутталибге берип, бизге берген

жоксуз, негизи, биз да, алар да сиздин алдыңызда бирдей даражадабыз го, - дедик. Ошондо Расулулла ﷺ: **«Алар жахилиятта да, Исламда да бизден бөлүнүп кетишкен жок. Бани Хошим жана Бани Мутталиб бир бүтүн нерсе»** - деп, манжаларын бириктирди.

Расулуллох ﷺ дүйнөдөн кайтып, Абу Бакр халифа болгондон кийин, Расулуллох ﷺдын жана туугандарынын хумустан болгон үлүштөрү байтулмалга кошулуп, мусулмандар кызыкчылыгы жана Аллах жолунда иштетилди. Расулуллох ﷺдын вафатынан кийин анын туугандарынын үлүшү тууралуу Аббастан суралганда, ал минтип жооп берген: "Биз ал үлүштү өзүбүз үчүн деп ойлодук эле, коумубуз муну каалаган жок". Наждатул Хурурий Ибн Аббастан туугандары үлүшү тууралуу сураганда, ал мындай деди: "Ал үлүш биз үчүн эле. Умар ушул үлүштөн жесирлерибизди турмушка узатууга о.э. үй-бүлөбүзгө кызматчы алып берүүгө чакырды. Биз ал үлүштүн баарын бизге беришин каалаадык эле, Умар тинтүүнү каалаган жок".

Биз жогоруда олжолор тууралуу айтып өткөнүбүздөй, бүгүнкү күндөгү олжолор байтулмалга коюлат жана ал олжолор халифага тапшырылып, ал өз райы жана ижтихадына ылайык мусулмандар кызыкчылыгы жолунда иш жүргүзөт. Хумус да олжолордун бир жузъу болгондуктан, ал да жизя, хирож, ушр сыяктуу олжо өкүмүндө жүрөт.

## ХИРОЖ

Хирож – согушуу менен же келишим менен кафирлерден олжо кылып алынган жерге салына турган мусулмандардын акысы. Хирож эки түрдүү болот. Анва хирожу жана сулх хирожу.

### Анва хирожу

Мусулмандар кафирлерден күч менен колго алган Ирак, Сирия, Мисир жерлерине окшогон ар бир жерге белгилеп коюла турган хирож – анва хирожу болот. Анва хирожуна далил Алла Тааланын ушул аяты:

﴿ مَّآ أَفَآءَ ٱللَّهُ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ مِنۡ أَهۡلِ ٱلۡقُرَىٰ فَلِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ وَلِذِي ٱلۡقُرۡبَىٰ وَٱلۡيَتَٰمَىٰ
وَٱلۡمَسَٰكِينِ وَٱبۡنِ ٱلسَّبِيلِ كَيۡ لَا يَكُونَ دُولَةَۢ بَيۡنَ ٱلۡأَغۡنِيَآءِ مِنكُمۡۚ وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ
وَمَا نَهَىٰكُمۡ عَنۡهُ فَٱنتَهُواْۚ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَۖ إِنَّ ٱللَّهَ شَدِيدُ ٱلۡعِقَابِ ۞ لِلۡفُقَرَآءِ ٱلۡمُهَٰجِرِينَ ٱلَّذِينَ
أُخۡرِجُواْ مِن دِيَٰرِهِمۡ وَأَمۡوَٰلِهِمۡ يَبۡتَغُونَ فَضۡلٗا مِّنَ ٱللَّهِ وَرِضۡوَٰنٗا وَيَنصُرُونَ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥٓۚ
أُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلصَّٰدِقُونَ ۞ وَٱلَّذِينَ تَبَوَّءُو ٱلدَّارَ وَٱلۡإِيمَٰنَ مِن قَبۡلِهِمۡ يُحِبُّونَ مَنۡ هَاجَرَ إِلَيۡهِمۡ
وَلَا يَجِدُونَ فِي صُدُورِهِمۡ حَاجَةٗ مِّمَّآ أُوتُواْ وَيُؤۡثِرُونَ عَلَىٰٓ أَنفُسِهِمۡ وَلَوۡ كَانَ بِهِمۡ خَصَاصَةٞۚ
وَمَن يُوقَ شُحَّ نَفۡسِهِۦ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡمُفۡلِحُونَ ۞ وَٱلَّذِينَ جَآءُو مِنۢ بَعۡدِهِمۡ
يَقُولُونَ رَبَّنَا ٱغۡفِرۡ لَنَا وَلِإِخۡوَٰنِنَا ٱلَّذِينَ سَبَقُونَا بِٱلۡإِيمَٰنِ وَلَا تَجۡعَلۡ فِي قُلُوبِنَا غِلّٗا
لِّلَّذِينَ ءَامَنُواْ رَبَّنَآ إِنَّكَ رَءُوفٞ رَّحِيمٌ ﴾

*«Алла кыштак-шаарлардын (кафир) калкынан Өз пайгамбарына олжо кылып берген нерселер – силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбашы үчүн – Алланыкы, пайгамбардыкы жана (ал заттын) туугандарыныкы, жетимдердики, мискиндердики жана жолоочулардыкы. Пайгамбар өзү силерге тартуу эткен нерсени алгыла, ал зат силерди кайтарган нерседен кайткыла. Жана Алладан корккула! Албетте, Алланын жазасы катуу. (Ал олжолор дагы) өз мекендеринен жана мал-мүлктөрүнөн айдап чыгарылган заттар – кембагал мухажирлердики, алар Алладан берешен-жоомарттык жана ыраазылык тилешет дагы Алла жана Анын пайгамбарына жардам беришет. Мына ошолор (ыймандарында) ишеничтүү заттар. Алардан (мухажирлерден) илгери (Медина) жергесинде орношкон жана ыйман-ишенимди (бекем карманган) заттар (ансорлор) болсо, өздөрүнө хижрат кылып келген кишилерди жакшы*

*көрүшөт жана жүрөктөрүндө аларга (мухажирлерге) берилген нерсе-олжолор себептүү бирер көрө албастыкты туюшпайт о.э. мейли өздөрүндө мухтаждык болсо да, өздөрүн коюп (өзгөлөрдү) ыхтыяр кылышат. Ким өз нафсинин бакылдыгынан сактана алса, мына ошолор нажат табуучу заттар. Алардан кийин (дүйнөгө) келген заттар айтышат: «Роббибиз, Өзүң бизди жана бизден илгери ыйман менен өткөн заттарды кечиргин жана жүрөктөрүбүздө ыйман келтирген заттар үчүн бир да жек-көрүүчүлүктү орнотпогун».* [59:7-10]

Расулулла ﷺ Хайбарды фатх кылып анын жерлерин аскерлерге бөлүштүргөнү сыяктуу, Алла мусулмандарга кылычтары менен олжо кылып берген Ирак, Сирия, Мисир жерлерин бөлүштүрүүнү Билал, Абдурахман, Зубайрлар сураганда, Умар ؓ бул жерлерди бөлүштүрбөө пикирине ушул аятты далил келтирди. Кеңешкени чакырган ансорлорго далил келтирип мындай деди: Мен жерлерди кафирлердин колдорунда калтырып, аларга хирожду дайындоону жана моюндарына жизяны коюуну абзел көрдүм. Мына ошондо ошол жерлер мусулмандардын аскерлерине да, балдарына да, кийинкилерге да фай болуп калат. Чегараларды күзөтүп, текшерип тура турган кишилер керектиги жөнүндө, Шам, Жазира, Куфа, Басра, Мисир сыяктуу чоң шаарларды кошуундар менен толтуруп, аларга ири каражат берип туруу жөнүндө ойлоп көрдүңөрбү? Эгер жерлер жана кафирлер бөлүштүрүлсө, аларга акы кайдан берилет? - деди. Кийин пикирине фай аяттарын далил кылып келтирди. Алла Тааланын ушул:

﴿ وَٱلَّذِينَ جَآءُو مِنۢ بَعۡدِهِمۡ يَقُولُونَ ﴾

*«Алардан кийин (дүйнөгө) келген заттар...».* [59:10]
деген сөзүнө жеткенде: «Бул жерлер тээ кыяматка чейин бардык адамдарга жалпы болот жана ар бир мусулмандын бул файда акысы жана үлүшү бар», - деди. Сахабалар Умардын бул пикирине кошулушуп: «Сөз сиз айткандай болсун. Сиз кандай гана жакшы сөздү жана жакшы пикирди айттыңыз. Эгер бул чегараларды жана шаарларды кошуун менен толтурбасаңыз о.э. алар кубат ала турган хирожду аларга киргизбесеңиз, куфр калкы шаарларына кайтышат», - дешти. Умар: «Мага бир пикир келди. Бардык ишти өз ордуна коюп, кафирлер берүүгө кудуреттүү болгон хирожду коё турган, акылдуу кишилерден ким бар?» - деди. Ошондо сахабалар Усман ибн Ханифти көрсөтүшүп: «Мындан да маанилүүрөөк ишке аны жиберсеңиз болот, анткени ал билимдүү, акылдуу жана тажрыйбалуу», - дешти. Умар аны Савад жер майданын өлчөөгө башчы кылып дайындады.

Усман барып Савад жер майданын өлчөп ага белгилүү бир хирожду белгиледи жана бул жөнүндө халифага кабарлады. Умар аны тастыктады. Умардын дүйнөдөн кайтышынан мурда бир эле Куфа жерлеринин кирешеси 100 миллион дирхамга жетти. Дирхам ошол убакта

мискал (4,68г) оордугунда эле. Ошону менен Умар жерди ээлеринин колунда калтырып, жерден байтулмалга келе турган хирожду белгилеп берди о.э. тээ кыямат күнүнө чейин ошол хирожду мусулмандарга олжо кылып койду. Хирож жеринин ээлери Исламга киришсе да, же мусулманга сатышса да, хирож ушрий жерге айланбайт. Анткени, жерге белгиленген сыпат т.а. күч менен фатх кылынганы жана жерде хирож белгиленгендиги өзгөрбөс түбөлүктүү калат. Торик ибн Шихабдан кылынган риваятта айтылат: Умар ибн Хаттаб Нахрул мулктун Исламга кирген аял башчысы туурасында «ага жерин бергиле, хирожун төлөп турсун» деп мага кат жазып жиберди. Бул Умар ибн Хаттабдын күч менен фатх кылынган жерден ээси Исламга кирген болсо да хирожду дайымий алып турууну ылазым көргөндүгүн ачык-айкын көрсөтүп турат.

### Сулх хирожу

Сулх хирожу – калкы менен келишим түзүлгөн ар бир жерге салынат. Келишим (сулх) хирожу – мусулмандар жана алар менен келишим түзгөн адамдар ортосунда келишилген келишимге ылайык болот. Эгер жер ээлери өз жерлери үстүнөн бериле турган хирож акысына жер мусулмандардыкы болушуна келишим түзсө, анда, мейли бул жер мусулмандарга – Исламга кирүү, сатып алуу же башка жолдор менен – өтсө да, жер кыяматка чейин хирожий болуп калат. Жергиликтүү калк аларга белгиленген белгилүү бир хирож эсебине жер өздөрүнүн колдорунда калышына келишим түзсө, мына ошол хирож жизя ордуна болот жана жер ээсинин Исламга кириши же жерди мусулманга сатышы менен хирож сакыт болот. Ибн Мажа Ала ал-Хазрамийден риваят кылат: «Расулулла ﷺ мени Бахрейн жана Хажарга жиберди. Мен бири Исламга кирген ага-иниге караштуу бакта болдум. Мен мусулмандан ушр, кафирден хирож алдым». Мунун себеби, Бахрейн жана Хажар жерлери келишим аркылуу фатх кылынган эле. Ал эми жерди кафирге сатышса, албетте жердин хирожу түбөлүктүү калат жана сакыт болбойт. Анткени, кафир хирож жана жизя калкынан.

Хирож ушрдан айырмаланат. Ушр жердин түшүмүнөн алынат. Ушр жерлери төмөнкүлөр:

а) Араб жарым аралы, анткени, алар бутпарас болушкан, аларга бир гана Ислам буюрулган. Расулулла ﷺ бул жерде согушуп жана бир канча жайларды фатх кылган болсо да, жерге хирож белгилеген эмес.

б) Исламга ыхтыярдуу түрдө кирген калктын жери. Мисалы, Индонезия жана түштүк-чыгыш Азия. Расулулла ﷺ айткан: «**Адамдар качан: «Лаа илаха иллаллох», - дегенге чейин аларга каршы согушууга буюрулдум. Кимде-ким, «Лаа илаха иллаллох» десе, анда менден жанын жана малын сактап калат. Илла, акылары мындан мустасна. Акыреттеги эсеп-китеби болсо Аллага калат».**

в) Күч менен басып алынган жана халифа аны жоокерлерге бөлүп берген жерлер. Мисалы, Хайбар жери. Халифа бир бөлүгүнө ээ болууга жоокерлерге уруксат берген жер. Мисалы, Умар Шам жоокерлерине Химстеги Ирбид дарыясынын жээктерин жана Дамасктагы Барада жайыттарын ээлеп алууга уруксат берген.

г) Калк бере турган хирож акысына жерге ээлик кылуу калктын өз колдорунда калышына келишим түзгөн жерлер. Эгер алар Исламды кабыл алышса же жерди мусулманга сатышса, ал жер ушр жерине айланат.

д) Мусулман эгинзарга айланткан кароосуз жер. Расулулла ﷺ: **«Кимде-ким эч кимдики болбогон жерди тирилтсе, ал ошол жерге акылуу болот»**, - деген. Бухарий риваят кылат: **«Кимде-ким эч кимдики болбогон жерди абад кылса, ал ошол жерге акылуу болот».**

Мына бул айтып өтүлгөн ушр ушрлүгүнчө калат. Бирок, кафир мусулмандан ушрий жерди сатып алса, ал бул жерден хирож берет. Анткени, кафир үчүн хирож берүү важиб. Кафирден ушр алынбайт. Анткени, ушр – бул зекет, кафир болсо зекет ахлинен эмес. Ушр жана садака мусулман үчүн тазалануу болуп саналат. Ал эми күч менен басып алынбаган башка ушрий жерди кафир мусулмандан сатып алса, ал мына ушул жерге хирож да, ушр да бербейт. Себеби, ушрий жерден хирож берилбейт. Кафирге зекет важиб эмес. Кудум, кафир мусулмандан чарба айбандарын сатып алганда ага зекет важиб болбогондой, мында да хирож важиб болбойт.

## Хирож жана ушрдун жамдалышы

Фатх кылынганда кафирлер ээ болгон, күч менен басып алынган жерге согуш аякташы менен эле хирож коюлат. Эгер жер кафирлердин колдорунда калса, эгин эгилеби же эгилбейби, ага карабастан хирож алынат. Ал жерден ушр алынбайт, анткени, ушр – бул зекет. Кафирлер болсо зекет ахлинен эмес. Эгер алар Исламга киришсе же жерди мусулманга сатышса, ал жерден хирож сакыт болбойт. Анткени, күч менен басып алынган деген сыпат жерден хирож дайым алынышын талап кылат. Ошондой абал жүз берсе, ал жерден хирож менен бирге ушр да алынат. Анткени, хирож – жерге важиб болгон акы. Ушр болсо, мусулмандын жеринен чыккан түшүмгө важиб. Аяттар жана хадистер да ушуну талап кылат жана эки акынын ортосунда карама-каршылык жок. Анткени, ал экөө башка-башка эки себептен улам важиб. Мунун мисалы төмөнкү нерсеге окшойт: Эгер, ихром байлаган адам бирөөнүн мүлкү болгон жаныбарды Харамда өлтүрүп койсо, анын кыйматын ээсине бериши важиб, жаза болсо Алланын акысы. Ал эми Ханафийлер ушр жана хирожду бириктирбөөгө далил кылып келтиришкен Расулулла ﷺдан рывят кылынган **«Мусулмандын жеринде хирож жана ушр бирикпейт»** деген сөзгө токтолсок, албетте, ал хадис эмес жана хадис

хафиздери да бул Расулулла ﷺдын сөздөрүнөн экендигин далилдешпеген.

Ободу, хирож берилет. Эгер хирож төлөнгөндөн кийин ушр бериле турган мөмө жана эгинден чыккан пайда нисабына жеткен болсо, андан зекет алынат. Эгер нисабына жетпесе андан зекет алынбайт.

## Бүгүнкү күндө кылынышы зарыл болгон амалий вакиълик

Бизден фатхтар заманы узакташып, келишим аркылуу же күч менен фатх кылынган жерлердин бардыгында адамдар Исламга киргенден кийин, келишим жерлерин, күч менен басып алынган жерлерди, тирилтилген же бөлүп берилген жерлерди белгилей турган дептер жана дийвандардын көбү жоголуп кетти. Ошондуктан, бүгүнкү күндө жерлердин калкы өз ыхтыяры менен Исламга моюн сунганы же күч менен басып алынгандыгы же белгилүү бир абалда тутуп турулгандыгы туурасындагы жалпы маалыматты этибарга алган абалда төмөнкүдөй чара көрүү мүмкүн болот.

Ирак жерлеринин баары, Кувейт, Иран, Индия, Пакистан, Афганистан, Түркстан, Бухара, Самарканд, Шам өлкөсү, Түркия, Египет, Судан, Түндүк Африка – булардын баары хирожий жер деп эсептелет. Анткени, алар күч менен фатх кылынган. Ал жердеги мусулман жана кафирлердин хирож бериши важиб. Ал жердин мусулмандары хирож төлөгөндөн кийин зекет бериле турган эгиндин түшүмү зекет нисабына жеткен болсо, ушр берүүлөрү да важиб болот. Бирок, мусулмандардан болгон бир киши далилдер менен анын жери ушрий жер экендигин далилдесе, ал хирож бербейт, балким, ушр берүү менен чектелет.

Араб жарым аралы, Йемен, Индонезия, Түштүк-чыгыш Азия жана ушул сыяктуу региондор ушрий жер эсептелип, хирож ылазым эмес. Аларга жердин түшүмүнөн зекет катары ушр важиб болот.

## Хирож салуу тартиби

Хирож салынып жатканда халифа жер өлчөө, салыштыруу, белгилөө жаатында билимдүү, тажрыйбалуу адамдарды жөнөтүшү керек. Кудум Умар ибн Хаттаб Ирак айланасындагы кыштактардан хирож алуу үчүн акылдуу бир кишини дайындаганы сыяктуу. Умар мусулмандарга: «Акылдуу, ишти өз ордуна коё турган жана кафирлерге алар көтөрө ала турган өлчөмдү белгилей турган ким бар?» - деди. Мусулмандар Усман ибн Ханифти көрсөтүштү жана: «Усманды мындан да маанилүүрөөк ишке жөнөтүшүңүз мүмкүн, анткени, анда идирек, акыл жана тажрыйба бар», - дешти. Кийин Умар Усманга Ирак айланасындагы кыштактарды өлчөөнү тапшырды.

Хирож алуу үчүн жөнөтүлгөн киши жердин абалын т.а. түшүмү жакшы жана көп болушун, же жердин түшүмү аз болушун, бул жердин асман суусу менен, же болбосо, булак жана кудук же канал жана сайдын

суулары менен сугарылышын о.э. агын суу менен же суу тартып чыгаруучу аспаптар жардамында сугарылышын этибарга алышы керек. Анткени, булардын сарп-каражаттары бирдей эмес. Дагы эгин жана эгилип түшүм бере турган мөмөгө көңүл бурушу керек, анткени, кээ бир эгин жана мөмөлөрдүн баасы кымбат, кээ биринин баасы жана кыйматы болсо төмөн болот. Жердин жайгашкан ордуна да көңүл буруу зарыл. Жер шаарга жана шаардын базарына жакынбы же алыспы, шаарга жетүү жана жерден чыккан түшүмдөрдү жеткирүүнү жеңилдештире турган тегиз жолдор барбы же жолдору тегиз эмеспи, ушуларга да көңүл буруусу керек.

Бул иштердин баары жерге зулум кылынбастыгы жана мүмкүнчүлүгүнөн артыкча көлөм жүктөлүп калбастыгы үчүн негизги багыттар болуп саналат. Усман ибн Ханиф жана Хузайфа ибн Яман Ирак айланасындагы жерлерди өлчөп жана хирож алып кайтышкандан кийин, Умар ибн Хаттаб: «Жерге кандай абалда хирож салдыңар, адамдарга алар көтөрө албай турган нерсени жүктөп койбодуңарбы?» - деди. Хузайфа: «Аларга артыкча жер калтырдым», - деди. Усман болсо: «Эки эсе көп жер калтырдым, эгер кааласаңыз, кайтарып аламын», - деди. Расулулла ﷺ жер ээлерине кудум зекетте мөмөнү чамалоодо курма ээлерине үчтөн бир же төрттөн бир бөлүгүн калтырууга буюруп: **«Себеби, мөмөлөрдү өтүп бара жаткан адамдардын ооз тийиши, быша элегинде күбүлүп кетиши, мөмөсү терип алынган дарактар болушу мүмкүн»,** - дегени сыяктуу жер ээлерине күтүлбөгөн мусибат жана кырсыктар үчүн жан тартуу керек болот.

Хирож жерге, эгин жана мөмөгө салынышы мүмкүн. Эгер хирож жерге салынса, хироңдун камарий жыл менен айланышы этибар кылынат. Анткени, камарий жыл шаръий жактан зекет, дия, жизя жана башка нерселердин мөөнөтү өлчөнө турган жыл болуп саналат. Эгер хирож эгин жана мөмөлөргө салынса, эгин жана мөмөнүн бышып жетилишине көңүл бурулат. Бул хирож мөөнөтүнүн айланышы болот. Хирож накталай акча же накталай акча ордуна мөмө болушу, бөлүштүрүлгөн абалда болушу да мүмкүн. Эгер хирож накталай акчага, данга же эгинге жана мөмөгө бөлүнгөн абалда болсо, албетте, хирож мөөнөтүнүн айланышы эгин жана мөмө бышып жетилгенде болот, бүгүнкү күндө хирож жерге эгиле турган нерсеге ылайык, накталай акча болушу жеңилирээк.

## Хироңдун көлөмү

Албетте, жерге салына турган хироңдун көлөмүн (микдар) белгилөө үчүн хирож салуу көрүнүшүн билүүчү адистер зарыл. Умар ибн Хаттаб Хузайфа ибн Яманды Дажла артындагы жерлерге, Усман ибн Ханифти Куфага, Ефрат дарыясынын жээктерине жөнөттү жана экөөсү Куфа жана Басра арасындагы кыштактардын жерлерин өлчөштү о.э. мүмкүн болгон хирожду белгилешти. Кийин Умар бул ишти тастыктады. Амр ибн Маймун риваят кылат: Мен Умар ибн Хаттабдын алдында элем жана анын алдына

Ибн Ханиф келип сүйлөй баштады. Биз Ибн Ханифтин Умарга мындай деп жатканын уктук: «Аллага ант болсун, эгер ар бир танап жерге бир дирхам жана кофиз салсаңыз, бул хирож жерге оор болбойт». Мухаммад ибн Убайд Сакофий риваят кылып айтат: «Умар ибн Хаттаб Ирак айланасындагы жерлердин ар бир жарийбине абад жер болсун, же суу баскан жер болсун, айырмасыз, бир дирхам жана кофиз салды жана бедении жарийбине беш дирхам салды». Шаъбий Умардан кылган риваятта Умар Усман ибн Ханифти Ирак айланасындагы кыштактарга жөнөткөнүн жана арпанын жарийбине эки дирхам, бедении жарийбине төрт дирхам, кант камышынын жарийбине алты дирхам, курманын жарийбине сегиз дирхам, жүзүмдүн жарийбине он дирхам жана зайтундун жарийбине он эки дирхам салганын айтты.

Булардан көрүнүп тургандай, Усман ибн Ханиф Ирак жерлерине салган жана Умар тастыктаган хирождун көлөмү бирдей болгон эмес, тескерисинче, жердин абалы, сугарылышы жана эгиле турган нерсенин түрү эсепке алынган абалда ар түрдүү болгон. Албетте, Умар эгин эгиле турган жерден, суусу мол жерден, жердин өзүнөн, эгин жана мөмөлөрдөн салык алды. Хирож көлөмүн накталай акча жана дан менен белгиледи. Бул белгилөөнүн көлөмү калктын көтөрө алуусуна карай болгон эле. Мында адилетсиздик жана салык көлөмү жер ээлери такаат кыла албай турган даражада болбогон. О.э. Умар калганын жер ээлерине тапшырган.

Хирождун көлөмүн белгилөө белгилүү бир убакта жана ижтихад негизинде мүмкүн болот. Халифанын өз ижтихады жана пикирине ылайык, жердин абалынын түшүмдүү же түшүмү начар болушу, жердин абалын жакшыртуу, бузуп жибере турган мусибаттар жеткен же жетпегендиги, суунун көбөйүп-азайышы, токтоп калуусу, кырсыктардын болуусу, баалардын көтөрүлүп-түшүүсү менен болгон өзгөрүүлөргө ылайык, хирож көлөмүн көбөйтүүсү же азайтуусу жайиз. Булардын баарынын хирождун көлөмүн белгилөөгө таасири бар жана бул өзгөрүүлөр этибарга алынышы керек. Байтулмалга жана жердин ээсине зулум болбошу үчүн маал-маалы менен хирождун көлөмүн кайрадан белгилеп туруу керек.

## Хирож сарптала турган орундар

Умар ибн Хаттабдын Шам жана Ирак жерлерин бөлүп берүү маселесинде тартышкан адамдарга айткан сөздөрү хирож сарптала турган орундарды ачык-айкын түшүндүрөт. Ошол тартышууда: «Эгер жерди бөлүп берсем, силерден кийин келе тургандарга бирер нерсе калбайт. Мусулмандарга эмне болот? Караса эле, жер бөлүп берилген жана аталарынан мурас жерге ээ болуп алышкан. Бул туура пикир эмес. Чегаралар эмне менен корголот? Бул Ирак, Шам жана булардан башка шаарлардагы балдардын жана жесир аялдардын абалы кандай болот?» - деген. Кеңешкен ансорлорго Умар: «Жерди кафир ээлери менен кармап турууга токтом кылдым жана аларга ал жерде хирож белгилеймин,

моюндарына жизя коёмун, аны аткарышат жана мусулман жоокерлерге, перзенттерине жана алардан кийинкилерге олжо болот. Көрүп турганыңардай, бул чегараларга аны коруктай турган адамдар керек. Көрүп турасыңар, Сирия, Жазира, Куфа, Басра жана Мисир сыяктуу чоң шаарлар аскерлер менен камсыздалуусу керек о.э. аскерлерге ар дайым каражат берилип туруусу керек. Эгер жер жана анын ээлери бөлүштүрүп жиберилсе, аларга каражат кайдан берилет?» - деди. Кийин:

﴿ وَٱلَّذِينَ جَآءُو مِنۢ بَعۡدِهِمۡ يَقُولُونَ ﴾

*«Алардан кийин (дүйнөгө) келген заттар...».* [59:10]
аятын окуп: «Бул аят бардык адамдарды өз ичине алат. Ар бир мусулмандын бул малда акысы бар. Мен тирүү турсам, бардык мусулманга, Сарви Химярдагы малчыга да маңдай терисиз акысы жетип келет», - деди.

Булардан көрүнүп тургандай, хирож жалпы мусулмандардын акысы жана мамлекет аны жалпынын кызыкчылыктары жолунда сарптайт о.э. мамлекеттик кызматкерлерге, аскерлерге маяна ушул хироождон берилет. Андан аскерлер даярдалат, куралдар менен камсыздалат о.э. жесир аялдарга жана мухтаждарга сарпталат, адамдардын мухтаждыктарына жумшалат, алардын иштери башкарылат. Хирожду халифа Исламга жана мусулмандарга жакшылык жана пайда боло турган көрүнүштө өз ижтихады жана райы менен белгилейт.

## УЗУНДУК, АЯНТ, КАЙЛ ЖАНА САЛМАКТАРДЫН ӨЛЧӨМДӨРҮ

Хирожго, жизяга, зекетке, кун төлөөгө, колду (уурунун колун) кесүүгө жана каффаратка тиешелүү болгон көптөгөн шаръий өкүмдөрдү билүү үчүн Расулулла ﷺдын жана сахабалар ﷺдун доорунда пайдаланылган узундук (товал), аянт (масаахат), кайл (өлчөөчү идиш) жана салмак (вазн) өлчөмдөрүн (мияр) билишибиз керек. Ошол убактагы узундук жана салмактар бүгүнкү күндө пайдаланылбай калгандыктан, алардын азыркы күндө иштетилип жаткан, пайдалануу, түшүнүү оңой жана анык болгон өлчөмдөргө карата кандай экендигин билүү кыйын болуп калды.

Ошондуктан, ошол өлчөмдөрдүн бүгүнкү иштетилип жаткан өлчөмдөргө болгон нисбатын анык жана оңой түшүндүрүүгө киришебиз.

### Узундуктар жана аянттар

Жарийб – бул мүлктөрдү белгилөөдө жана эгин талааларын өлчөөдө колдонула турган негизги өлчөм бирдиги болуп, ушул негизде хирождун көлөмү белгиленчү. Шаъбий айтат: «Умар ибн Хаттаб Савад жерлерин өлчөдү, жер майданы отуз алты миң жарийбге жетти». «Ахкамус-султаний» китебинде мындай делген: «Бир жарийб майдан – бул туурасынан он кособа жана узунунан он кособа болгон жер аянты. Кофиз – туурасынан он кособа жана узунунан бир кособа болгон майдан, бир кособа – алты зироъго барабар болот, демек, бир жарийб майдан үч миң алты жүз зироъ болот. Бир кофиз үч жүз алтымыш зироъ болуп, ал бир жарийб майдандын ондон бири болот». Жаъфар ибн Кудама фарсах тууралуу: «Бир фарсах узундук зироъсу менен т.а. хашимий зироъ менен 9000 зироъ болот», - дейт. Колкошандий: «Хашимий зироънун узундугу зироъ мурсаланын т.а. кол зироъсунун бир бүтүн үчтөн бирине туура келет. (Зироъ – колдун чыканагынан манжа учтарына чейин). Кол зироъсу – орточо адамдын алты тутамына туура келет жана бир тутам төрт манжага барабар болот. Ал төрт манжа: сөөмөй, ортонокой, аты жок жана чыпалак. Ар бир манжа туурасынан турган алты арпанын данына барабар», - дейт.

Мусулмандар төмөнкү узундуктардан пайдаланышкан:

Кобзо – 4 манжа.

Зироъ мурсала – 6 кобзо же 24 манжа.

Зироъ хашимий – 8 кобзо же 32 манжа.

Кособа – 6 зироъ хашимий

Жарийб – 10 кособа Х 10 кособа.

Он кособа = 6 зироъ Х 10 = 60 зироъ.

Бир жарийб жер майданы = 60 зироъ Х 60 зироъ – 3600 квадрат зироъ хашимий.

Кофиз = бир жарийбдин ондон бири т.а. 360 квадрат зироъ хашимий.

Бул узундуктарды метрдин жардамында билип алышыбыз мүмкүн, анткени ал майдан жана узундуктарды өлчөө үчүн эң ыңгайлуу. Бул үчүн

эң оболу ортоңку манжанын туурасын сантиметр жардамында аныктап алабыз. Эсептөөдөн маалым болгондой, ортоңку манжанын эни 1,925см.ге туура келет. Демек, жогоруда айтып өтүлгөн өлчөмдөрдүн узундугу төмөнкүдөй болот:

манжа = 1,925см,

кобзо = 4 манжа X 1,925см. Демек, кобзонун узундугу 7,7см.

Зироъ мурсала = 24 манжа X 1,925см. Демек, зироъ мурсаланын узундугу 46,2см.

Зироъ хошимий = 32 манжа X 1,925см. Демек, зироъ хошимийдин узундугу 61,6см.

Кособа = 6 зироъ хашимий X 61,6см. Демек, кособанын узундугу 3,696м.

Он кособа = 10 X 3,696м = 36,96м.

Демек, бир жарийб майдандын бир тарабынын узундугу 36,96м.

Бир жарийб жер аянты 36,96м X 36,96м = 1366кв.м.

Демек, бир жарийб жер 1366кв.м.ге барабар экен.

Данум менен эсептей турган болсок, болжол менен 1,3 данумга жакын болот.

Бир кофиз жер – бир жарийб жердин ондон бири т.а. 136,6кв.м.

Булар жер аянтынын өлчөөлөрүнө карата алынды. Ал эми, узундук өлчөөлөрүнө келсек, алар: барийд, фарсах жана миль. Бул өлчөмдөрдүн көлөмү зироъ мурсала менен белгиленет. Зироъ мурсала негизги жана шаръий зироъ болот. Зироъ мурсаланын узундугу жогоруда айтып өткөнүбүздөй, алты кобза же жыйырма төрт манжага барабар т.а. 46,2см. «Ахкамус-султаний» китебинде: «Бир миль аралыктын узундугу төрт миң зироъ мурсала. Фикх китептеринде, бир фарсах аралыктын узундугу үч мил экендигине жана бир барийд аралыктын узундугу төрт фарсах экендигине келишилген», - деп келген.

Бул өлчөмдөрдү, жогоруда айтканыбыздай, аралык узундугунун эң жеңил жана анык өлчөөсү деп этибар кылына турган, бүгүнкү күндө пайдаланылып жаткан километр менен эсептейбиз:

Зироъ мурсала = 6 кобза же 24 манжа.

Миль = 4000 зироъ мурсала.

Фарсах = 3 миль.

Барийд = 4 фарсах.

Буларды метр же километр менен эсептесек төмөнкүдөй болот.

Зироъ мурсала = 24 X 1,925см. Демек, зироъ мурсаланын узундугу 46,2см. экен.

Миль = 4000 зироъ мурсала X 46,2. Демек, бир миль аралыктын узундугу 1848м же 1,848км.

Фарсах = 3 миль X 1848м. Демек, бир фарсах аралыктын узундугу 5544м же 5,544км экен.

Барийд = 4 фарсах X 5544м. Демек, бир барид аралыктын узундугу 22176м же 22,176км экен.

Ошону менен бирге, намазды каср кылып окула турган аралык 16 фарсах же 48 миль болот. Километр эсеби менен төмөнкүдөй болот:

Каср аралыгы = 16 X 5,544км = 88,704км же = 48 X 1,848км = 88,704км.

Ушуну да айтып өтүшүбүз керек, аянттар жана аралыктар узундугун өлчөө үчүн мурун колдонулган өлчөөлөрдөн гана пайдалануу шаръий важиб эмес, анткени, алар ошол убактагы өлчөөлөрдүн эсеп-китебин ишке ашыруу үчүн колдонулган бир васита гана болгон. Ошондуктан, ошол убактагы өлчөмдөрдү да, бүгүнкү күндөгү оңой өлчөмдөрдү да иштетсе боло берет. Белгилүү болгондой, жарийб түпкүлүгүндө фарстардын өлчөмү болгон, фаддан болсо Мисирдеги өлчөө бирдиги болгон, бүгүнкү күндө да Мисирде өлчөө бирдиги болуп келе жатат. Бир фаддан аянт бир жарийб аянттан айырмаланат.

Бүгүнкү күндө пайдаланылып жаткан метр, километр жана данум өлчөөлөрү анык жана эң оңой өлчөмдөр деп этибар кылынат. Ошондуктан, данум жер аянтын өлчөй турган, метр болсо имарат о.э. кездемелерди өлчөй турган өлчөө бирдиги кылып алынышы да мүмкүн. Километр болсо, аралык узундугун өлчөй турган өлчөм бирдиги болуп калышы мүмкүн. Ошентип, Умар ибн Хаттаб хирож белгилеген бир жарийб майдан (аянты) 1366кв.м экен жана аны данумга салыштыра турган болсок, болжол менен бир бүтүн үчтөн бир данумга жакын болот, себеби, бир данум майдан 1000кв.метрге барабар.

### Кайл жана вазн

Абу Саид Худрий мындай дейт: «Биз Расулулла ﷺ заманында фитр зекети үчүн бир соъ тамак же арпа, же мейиз же быштак чыгарат элек». Жабир ибн Абдулла болсо: «Расулулла ﷺ бир соъ сууга гусл кылып, бир мудд сууга даарат алат эле», - дейт. Абу Саид Худрий Расулулла ﷺдан риваят кылат: **«Садака (зекет) беш васактан аз нерседе жок жана бир васак алтымыш махтум болот».** Т.а. алтымыш соъ болот, анткени Хасан жана Ибн Сирин экөө мындай дешет: «Бир васак алтымыш соъго барабар болот». Шаъбий риваят кылат, Расулулла ﷺ Каъб ибн Ужрага: «**Жандыгың барбы?**» - деди. Каъб «жок» деди. Расулулла ﷺ: **«Анда, кааласаң үч күн орозо карма, кааласаң алты мискинге жарым соъдон 3 соъ садака кыл жана чачыңды алдыр»,** - деди. Мухаммад ибн Убайдулла Сакофий мындай дейт: «Умар ибн Хаттаб Ирак айланасындагы о.э. Басра жана Куфа арасындагы кыштактардын элине, иштетилген же иштетилбеген ар бир жарийб жер үчүн бир дирхам жана бир кофиз белгиледи». Абу Убайд «Амвал» деген китепте мындай дейт: «Бир соъ төрт мудд болот жана бир мудд бир бүтүн ондон үч Багдад ратлына туура келет. Демек, бир соъ беш бүтүн үчтөн бир ратл болот

жана бул Малик жана Хижаз калкынын айткандарындай Набий ﷺ пайдаланган соъ болуп эсептелет.

Көптөгөн хадистерди о.э. фукахалар, хадис аалымдары жана лугат имамдарынын сөздөрүндө келген кайл жана вазндарды текшерүүдөн белгилүү болгондой, соъ пайдаланылган бардык кайлдар үчүн өлчөм бирдиги болгон. Бир соъ төрт муддга, бир мудд болсо бир бүтүн ондон үч Багдад ратлына туура келет. Бир Багдад ратлы 128 бүтүн 4/7 дирхам болот. Дирхам бүгүнкү күндө пайдаланылып жаткан грамм менен төмөнкүдөй белгиленет: бир дирхамдын вазны (салмагы) - 3,17г болот. Бул дирхам акча түрүндөгү дирхам эмес, себеби, акча түрүндөгү шаръий күмүш дирхамдын вазны 2,975г жана бир Багдад ратлынын вазны 408г болот.

Ошентип, кайл жана вазндардын буудайдан грамм жана килограммга салыштырмалуу өлчөмү төмөнкүдөй болот;

Мудд - 1 бүтүн 1/3 Багдад ратлы.

Мудд - 408Х1 бүтүн 1/3 = 544г мудд вазны.

Демек, мудд – буудайдан 544г.

Соъ - 4 мудд кайл.

Соъ - 4Х544г мудд вазны = 2176г же 2,176кг.

Демек, бир соъ буудайдын вазны 2,176кг.га туура келет.

Кофиз - 12 соъ кайл.

Кофиз - 12Х2176г = 26112г же 26,112кг болот.

Демек, 1 кофиз буудайдын вазны 26112г же 26,112кг болот.

Васак - 60 соъ кайл,

Васак - 60Х2176г соъ вазны = 130560г же 130,56кг.

Демек, бир васак буудайдын салмагы 130560г же 130,56кг.га туура келет.

Булардан төмөнкү нерселер анык болот:

Зекеттин нисабы беш васак болгондуктан, беш васактын вазны 652кг буудай болот. Курма, быштак, мейиз салмактары бир соъ буудай салмагынан башкача болгондуктан, мейли курма, быштак, мейиз өлчөмдө буудай менен барабар болсо да, курма, быштак, мейиз зекетинин нисабы буудай нисабы салмагынан башкача болот. Анткени, бул заттардын кайл өлчөмү бирдей болсо да, салмактары бирдей эмес.

Фитр зекети буудайдан бир соъ – 2,176кг болот. Ибадаттар фидясы буудайдан 3 соъ болгондуктан, 3 соънун салмагы 6,5кг болот.

О.э. Умар ибн Хаттаб Ирак жерлеринин бир жарийбине дирхам менен бирге хирож салган кофиздин салмагы буудайдан 26,112кг га барабар болушу анык болот.

Умар ибн Хаттаб салган бир дирхам – мискал салмагы менен 4,25г күмүш болгон экен. Бир жарийб майдан 1,366 данумга барабар болгондуктан, Умар ибн Хаттаб бир данумга салган хироождун өлчөмү – 116кг буудай жана 3,116кг күмүш болот.

**ЖИЗЯ**

Жизя – бул кафирлер Ислам өкүмүнө моюн сунганы үчүн мусулмандарга төлөй турган салык. Мусулмандарга жизя берген кафирлерди коргоо жана алардан тыйылуу ылазым болот, анткени, бул коргоо жана тыйылуу себептүү алар тынч-бейпил болушсун. Жизя туурасындагы негизги далил Алланын төмөнкү сөзү:

﴿ قَٰتِلُواْ ٱلَّذِينَ لَا يُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَلَا بِٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ وَلَا يُحَرِّمُونَ مَا حَرَّمَ ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥ وَلَا يَدِينُونَ دِينَ ٱلۡحَقِّ مِنَ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡكِتَٰبَ حَتَّىٰ يُعۡطُواْ ٱلۡجِزۡيَةَ عَن يَدٖ وَهُمۡ صَٰغِرُونَ ﴾

«*Аллага жана акырет күнүнө ишенбей турган, Алла жана Анын пайгамбары арам деген нерсени арам деп билбей турган, Акыйкат (т.а. Ислам) динине этикат кылбай турган китеп берилген кимселерге каршы, тээ алар кордолгон (жеңилген) абалдарында, өз колдору менен (моюндарындагы) жизяны төлөшмөйүнчө согушкула».* [9:29]

## Жизя кимдерден алынат?

Жогоруда өткөн مِنَ الَّذِينَ أُوتُوا الْكِتَابَ аятынын далилине карай, жизя яхудий жана насронийлерден турган ахли китептерден алынат. Бул яхудий жана насронийлер, араб болобу же арабдан башка улут болобу, айырмасыз. Себеби, Расулулла ﷺ Яман яхудийлери жана Нажрон насронийлеринен жизя алган. Урва ибн Зубайрдан болгон риваятта айтылат: «Расулулла ﷺ Яман калкына мындай деп кат жазды: «**Кимде-ким яхудий бойдон же насроний бойдон калса, дининен кайтарылбайт жана ага жизя төлөө важиб болот**». Ибн Шихабдан болгон риваятта: «Биринчи болуп жизя берген адамдар Нажрон калкы болуп, алар насроний болчу», - делет. Абу Бакр رضي الله عنه Хийра насронийлеринен жизя алган. Алар араб эле. О.э. Умар رضي الله عنه Шамдын араб жана араб эмес насронийлеринен да жизя алган.

Ахли китептен тышкары мажусийлер (отпарастар), собиалар (периштеге сыйынуучулар), индустар жана коммунисттерден жизя алынат. Расулулла ﷺ Хажар мажусийлеринен жизя алган. Хасан ибн Мухаммаддан болгон риваятта айтылышынча: «Расулулла ﷺ Хажар мажусийлерин Исламга чакырып мындай деп кат жазды: «**Кимде-ким Исламды кабыл алса, кабыл кылынат. Кимде-ким Исламды кабыл албаса, ага жизя важиб болот. Мажусийлердин сойгон нерселери желбейт о.э. алардын аялдарына үйлөнүлбөйт**». Ибн Шихабдан риваят кылынат: «Расулулла ﷺ Хажар мажусийлеринен жизя алган, Умар фарс мажусийлеринен жизя алган, Усман барбарлардан жизя алган». Абдурахман ибн Ауф Расулулла ﷺдын Хажар мажусийлеринен

жизя алганы жөнүндү күбөлүк бергенге чейин, Умар ибн Хаттабдын мажусийлерден жизя алуудан өзүн тыйып турганы риваят кылынат. О.э. Расулулла ﷺдын төмөнкү сөздөрдү айтканы риваят кылынган: **«Аларга карата ахли китепке тутулган жолду туткула».**

Ал эми авсанга сыйынуучулардан болгон арабдарга келсек, алардан бир гана Ислам кабыл алынат. Эгер Исламга киришпесе, Алла Тааланын ушул сөздөрүнө ылайык жихад кылынат:

﴿ فَٱقۡتُلُواْ ٱلۡمُشۡرِكِينَ حَيۡثُ وَجَدتُّمُوهُمۡ ﴾

*«Мушриктерди тапкан жайыңарда өлтүргүлө».* [9:5]

о.э.

﴿ سَتُدۡعَوۡنَ إِلَىٰ قَوۡمٍ أُوْلِي بَأۡسٖ شَدِيدٖ تُقَٰتِلُونَهُمۡ أَوۡ يُسۡلِمُونَۖ ﴾

*«Жакында силер күч-кубат ээлери болгон бир коум (менен согушуу)га чакырыласыңар. (Ошондо же) алар менен согушасыңар же алар (согушсуз) Исламга киришет».* [48:16]

Бул хижраттын тогузунчу жылы т.а. Табук жылында болгон. О.э. ушул жылы ахли китептен жизя алууну, буттарга сыйынуучу мушрик арабдарды өлтүрүүнү важиб кылган «Бароат» сүрөсү түшүрүлдү. Хижраттын 10-жылынан бери авсанга сыйынуучу арабдар жок кылынды.

Мусулман болуп, кийин Исламдан кайткан т.а. муртад болгон адамдар же топторго келсек, алар бүгүнкү күндө бар болуп, алардын абалына каралат: эгер алар муртаддардын перзенттери болушса жана өздөрү муртад болушпаса, алардан муртад болгондор, аталары же чоң аталары же чоң аталарынын чоң атасы болсо – мисалы, друздар, бахаийлер, исмаилийлер о.э. Алини илах кылып алган насирийлер сыяктуу – аларга карата муртаддар мамилеси кылынбайт. Тескерисинче, аларга мажусий жана собиаларга кылынгандай мамиледе болуп, жизя важиб кылынат, сойгон нерселери желбейт, аялдарына үйлөнүлбөйт. Бирок, алар Исламдарын жаңылап, Исламга кайрадан келишсе, анда аларга мусулмандар өкүмү колдонулат.

Ал эми алардын өздөрү Исламдан кайтышса т.а. яхудий же насроний динине же коммунизмге, же болбосо, Исламдын Алланын алдынан түшүрүлгөн дин экенин о.э. Мухаммад Алланын элчиси экендигин инкар кыла турган, же Исламды колдонуу важиб экенин инкар кыла турган, Куран аяттарынын кээ бирин инкар кыла турган пикирге кайтышса, аларга түздөн-түз муртаддарга кылына турган мамиле кылынат.

Жизя балагатка жеткен, акылы толук адамдардан алынат. Жаш баладан, жиндиден жана аял кишиден алынбайт. Расулулла ﷺ Муазды Яманга жиберип жатып, ага балагат жашына жеткен ар бир кишиден бир динар алууга буюрду. Умар ؓ кошуундар амирине: «Жизяны аялдар жана жаш балдарга ылазым кылып койбогула. Жизяны устара иштете

турган кимседен гана алуу керек т.а. балагатка жеткен кимселерден», - деп кат жазды. Жаш бала балагатка жетсе, же жинди акылына келсе, ага жизя важиб болот. Жаш баланын балагатка жетиши же жиндинин акылына келиши коумунун жизя берүү жылынын башында болсо, коуму менен ошол жылдын баары үчүн жизя берет. Эгер жизя берүү жылынын ортосунда балагатка жетсе же акылына келсе, анын жизя берүү жылы коумунун жылы менен бирдей тартипте болуусу жана ар бир кишиге өзүнчө жыл болбошу үчүн өз үлүшүн коуму менен бирге берет. Жизя монастырдагы кечилдерге да важиб. Өздөрүнө ток болушса оорулууларга, сокурларга жана карыларга да важиб. Анткени, жизя туурасында келген аят жана хадистер аларды өз ичине алган абалда умумий болуп, аларды истисна кылып, бөлүп коё турган насс (т.а. аят, хадис) жок. Эгер алар садака ала турган даражада жакыр болушса, алардан жизя алынбайт. Анткени, алар жизя берүүгө кудуреттүү эмес. Аятта:

﴿ لَا يُكَلِّفُ ٱللَّهُ نَفْسًا إِلَّا وُسْعَهَا ۚ ﴾

*«Эч бир жанга Алла такаатынан ашык нерсени жүктөбөйт».* [2:286] - делет.

Умар ибн Хаттабдан риваят кылынат, ал киши зиммийлерден болгон бир карыянын адамдар эшиги алдында тилемчилик кылып жүргөнүн көрүп: «Сени буга эмне мажбур кылды», - деди. Ал: «Жизя, карылык жана мухтаждык мажбур кылды», - деди. Ошондо Умар ﷺ «Биз сенден жигит маалыңда жизя алып, жашың улгайганда сени зар кылган болсок, ынсап кылбаптырбыз» - деп, аны үйүнө алып кетти жана ага тамак-аш берди. Кийин карыяны байтулмалдын казыначысына жиберип, андан жизяны бекер кылууну жана ага байтулмалдан мал берүүнү буюрду.

## Жизя качан сакыт болот?

Исламга кирүү менен жизя сакыт болот. Кимде-ким Исламга кирсе, андан төлөй турган жизясы сакыт болот. Жылдын башындабы, ортосундабы, аягындабы, айырмасыз, мусулман болгондон кийин, Алла Тааланын ушул сөзү себептүү ага жизя важиб болбойт:

﴿ قُل لِّلَّذِينَ كَفَرُوٓاْ إِن يَنتَهُواْ يُغۡفَرۡ لَهُم مَّا قَدۡ سَلَفَ ﴾

*«Кафир кимселерге айткын, эгер кафирликтеринен токтошсо, өткөн күнөөлөрү кечирилет».* [8:38]

Ибн Аббас: Расулулла ﷺ: «**Мусулманга жизя важиб эмес**», деди, - деп риваят кылат. Жизя куфр себептүү болуп, аны Ислам сакыт кылат. Жизя Ислам менен эч бир көрүнүштө жамдалбайт. Себеби, Ислам өзүнөн мурунку ширк, куфр жана күнөөлөрдү бекер кылып жаткандан кийин, демек, жизя жана анын кордугун да бекер кылат. Расулулла ﷺдан риваят кылынат: «**Ислам өзүнөн мурунку нерселерди бекер кылып**

**таштайт».** Масруктан риваят кылынат: Ажамдардын (т.а. арабдардан башка улуттагы адамдардын) бири Исламга кирди. Андан жизя алынчу. Ошондо ал Умар ибн Хаттабдын алдына келип: «Эй момундар амири, мен Исламга кирдим», - деди. Умар رضي الله عنه: «Балким, сен сактануу үчүн киргендирсиң?» - деди. Ошондо ал: «Исламда мени сактай турган нерсе жокпу?», - деди эле, Умар رضي الله عنه «Бар» деди. Умар андан жизя алынбашы жөнүндө кат жазып берди.

Жизя төлөй турган адам жизя төлөө жылы бүтө элегинде өлсө, өлүмү менен жизя сакыт кылынбайт. Анткени, жизя ага важиб карыз болгон. Ошондуктан, мурасынан, калган карыздары сыяктуу, жизяны да төлөө важиб болот. Өлгөн адамдын калтырып кеткен мурасы болбосо, жизя андан сакыт болот жана мураскорлоруна да важиб болбойт. Анткени, өлгөн адам факир, мухтаждын өкүмүндө болот.

Зиммий калкынан жизя важиб болгон бирер кимсенин жизясынан кечирилбейт. Анткени, аят жана хадистер кечүүнү эмес, алууну важиб кылат. Кечүү туурасындагы хадис келген кимсе гана кечирилет, эгер бир зиммий Ислам кошуунуна аскер болуп кирсе, мусулмандардын катарында кафирлер менен согушса же ага милдет жүктөлсө, ал куфрда болгондон кийин, бул иштер андан жизяны сакыт кыла албайт. Анткени, ал кошуунга кошулганына же милдетине карап маяна алат.

Зиммий калкка диндери жана топторуна карай атайын каттоо жүргүзүлөт. Мындай каттоо үчүн адамдар тизмесинде ажыратылган атайын орун болуп, зиммийлердин туулган жылы, өмүрү, көз жумганы о.э. малиявий абалдары туурасындагы маалыматтар каттоого алынат. Жизянын белгилениши ушуга негизделет. Зиммийлер мусулмандардын каттоосуна жазылышпайт, алардын катталуулары өзүнчө жүргүзүлөт.

## Жизянын көлөмү

Фарз кылынган жизянын көлөмү Расулулла ﷺдын жана ал заттан кийинки халифалардын доорунда бирдей болбогон, бир орунда башкача, экинчи орунда башкача болгон. Расулулла ﷺ Муазды Яманга жибергенде, зиммий калкынан балагатка жеткен ар бир адамдан бир динар же бир динарга барабар болгон мата алууну буюрду. Умар رضي الله عنه Шам жана Мисир калкынын байларына төрт динар, орточо адамдарга эки динар, факирге бир динар белгиледи о.э. жизядан тышкары кошуунду тамактандырууну жана мусулмандарды коноктоону белгиледи. Ирак калкынын байларына кырк сегиз дирхам, орточо адамдарга жыйырма төрт дирхам, факирге он эки дирхам берүүнү жүктөдү. Бану Таглиб насронийлери жизя берүү важибдигин четке кагышканда, Умар رضي الله عنه зекетти эки эсеге көбөйтүп койду. Нуман Ибн Зиръадан риваят кылынат, «ал киши Бану Таглиб насронийлери туурасында Умар ибн Хаттаб менен сүйлөштү. Умар Бану Таглиб уруусунан жизя алууну көздөгөндө, алар шаарларга таркап кетишти. Нуман Умар رضي الله عنهга: «Эй момундар амири, Бану Таглиб араб коомунан, алар жизя берүүгө арданып жатышат, алар

жалаң гана эгин-тегин жана мал-чарба ээлери болуп саналышат. Аларда душмандан өч алуу касиети бар. Өзүңүздүн зыяныңызга алар себептүү душманыңызга жардам берип койбоңуз», - деди. Умар رضي الله عنه алар менен садаканы (т.а. зекетти) эки эсе кылып берүү тууралуу келишим түздү».

Сахихи Бухарийде Абий Нажихтен риваят кылынат. Айтылат: «Мен Мужахидге эмне үчүн салык Шам калкына төрт динар, Яман калкына бир динар кылып белгиленген?» - дедим эле, ал: «Бул нерсе алардын байлык даражасына карай белгиленген», - деди.

Умар رضي الله عنه зиммийлерге белгилеп берген динарларды бүгүнкү күндөгү «алтын үчүн өлчөм бирдиги» деп этибар кылынган грамм менен белгилөө төмөнкүдөй болот.

| | Динар | Динардын граммы | Алтындын граммдары |
|---|---|---|---|
| Бай | 4х | 4,25= | 17,00 гр |
| Орто чарба | 2х | 4,25= | 8,50 гр |
| Кесип кылуучу кембагал | 1х | 4,25= | 4,25 гр |

Ушундан анык болгондой, жизянын көлөмү бирдей эмес о.э. зекет нисабдарына окшоп өтүп кетүү жайиз болбогон чек менен чектелбеген. Балким, бул көлөмдү белгилөө халифанын райы жана ижтихадына калтырылган. Халифа зиммийлерге оордук келтирбей турган, такаатынан ашыгын жүктөбөй турган даражадагы көлөмдү белгилөөдө байлык жана кембагалдык тараптарына карап иш алып барат. О.э. көлөмдү белгилөөдө байтулмалга зыян жетпешин, зиммийлер мойнундагы малдан байтулмалды куру калтырбоо да назарга алынат. Байлык, орто чарбалык, факирлик даражаларын белгилөөдө урфка о.э. ушул жаатта билимдүү, тажрыйбалуу адамдарга кайрылат. Халифа байлар, орто чарбалар, факирлер арасын айырмалоо үчүн о.э. аларга таандык даражаларды белгилөө үчүн жана бай да, орто чарба да, кесип кылуучу факир да күчү жете турган көлөмдү билүү үчүн, билимдүү, тажрыйбалуу адамдарды дайындайт. Бул дайындоо халифанын райы жана ижтихады менен жизя көлөмүн белгилөө зиммийлерди кыйнап койбой турган жана такаатынан артыкча нерсени аларга жүктөбөй турган, ошону менен биргеликте байтулмалга зыян жеткирбей турган жана байтулмалдын акысын азайтып койбой турган даражада болушун камсыздайт.

## Жизяны толук алуу убакты

Жизя төлөө убагы жылдын жаңырышы менен болот. Жизя жылына бир жолу алынат. Жизя төлөө убагын 1-мухаррамдан баштап зулхижжанын акыркы күнүнө чейинки мөөнөт ичинде дайындоого болот, анткени, кийинки жылдын мухаррам айы келгенге чейин жизя толук алынышы керек. Жизяны толук кылып алууга убадалашылган убакыт кылып жылдын акыркы үч айын т.а. шаввал, зулкаъда, зулхижжа айларын дайындоого болот. Мына ошондо ар бир адамга өзүнчө

болбостон, бардык адамдарга башы жана аягы чектелген жизя төлөө убагы болот. Бул болсо, аныктыкты жүзөгө чыгарып, жизяны толук кылып алууну жеңилдештирет. Жизяны жыйып алуу үчүн, жизя мекемесиндеги фай жана хирож дийванынан атайын аамилдер дайындалып, аларга атайын өзүнчө бөлүм ажыратылат. Булардын маяналары зиммийлерден эмес, байтулмалдан болот.

Жизя чогултуучу адамдардын белгиленген көлөмдөн артыкча болгон нерсени жазанын күчү менен алуусуна тыюу салынат. Анткени, артыкча алуу зулум болуп саналат. Зулум болсо кыямат күнүндөгү зулмат. Жыюучулардын артыкча кылып алуулары кыянат болуп, кыянатчынын жайы тозокто о.э. жизя жыйып алуучулардын жизя алуу маалында урушуусуна же азаптоосуна тыюу салынат. Анткени, Расулулла ﷺ мындан кайтарган. Хишам ибн Урвадан, ал атасынан риваят кылат: Умар ибн Хаттаб Шамдан кайтып жатканда, Шам көчөлөрүнүн биринде күндүн астына тургузулуп, баштарынан тер куюлуп жаткан адамдардын алдынан өтүп калды. Ошондо Умар: «Булар эмне үчүн мындай абалда турушат?» - деп сурады эле, алар: «Моюндарындагы жизяны төлөшпөдү, төлөмөйүнчө азапталышат», - дешти. Ошондо Умар ؓ: «Алар жизя тууралуу эмне деп жатышат, кандай шылтоо айтып жатышат?» - дегенинде, алар: «Таба албай жатабыз, деп жатышат», - дешти. Умар ؓ: «Койгула, аларга такаатынан ашыкча нерсени жүктөбөгүлө. Анткени, мен Расулулла ﷺдын «**Адамдарды азаптабагыла, дүйнөдө адамдарды азаптаган кимселерди кыяматта Алла Таала албетте азаптайт**» дегенин укканмын», - деди. Умар аларды азат кылууну буюрду жана зиммийлер азат кылынды. Расулулла ﷺдан риваят кылынат, ал зат Абдулла ибн Аркамды зиммийлерден жизя алууга дайындады. Абдулла ибн Аркам Расулулла ﷺдын алдынан бурулганда, Расулулла ﷺ ага: «**Эсиңде болсун, кимде-ким бирер зиммийге атайын зулум кылса, же такаатынан артыкча нерсени жүктөсө, же намысын булгаса, же ыраазылыгысыз бирер нерсени алса, кыямат күнү аны менен хужжатташамын**», - деди.

Зиммийлерден кимде-ким жизяны төлөөгө кудуреттүү эместигин (т.а. кембагалдыгын) дааба кылса, кембагалдыгын далилдеп берүү талап кылынат. Эгер ал далилдесе, өзүн оңдоп алганга чейин мөөнөт берилет. Эгер далилдей албаса жана созуп жүргөнү анык болсо, анда жизя бергенге чейин камакка алынат. Расулулла ﷺ карызын бербей созуп жүргөн кимсени камаган. Жизя бири-бирине кошулбайт. Эгер жизя берилбестен эки жыл же андан көбүрөөк убакыт өтсө, ал эки жыл бири-бирине кошулбайт. Бардык карыздарды төлөө важиб болгондой эле, бардык жизяны төлөө да важиб болот. Жизяны төлөө үчүн зиммийдин буюму сатылбайт.

Жизяда жалаң алтын, күмүш гана дайындалбайт. Жизянын алтын, күмүш о.э. алардан башка маталар же айбандардан болушу да жайиз

болот. О.э. жизянын баасын чыгарып, анын ордун баса турган нерсе алса да болот. Муазды Яманга жиберүү туурасындагы хадисте, Расулулла ﷺдын Муазды зиммийлерден балагатка жеткен ар бир адамдан бир динар же ошонун баасындагы кийим алууга буюрганы келген. Ошону менен бирге, Расулулла ﷺ Нажрон калкы менен 2000 чепкенге келишим түзгөн. Алар анын жарымын сафар айында, калганын ражаб айында беришкен. Умар رضي الله عنه динар, дирхамдын ордуна жизяда мал жана дан алат эле. Башка халифалар да кудум ушундай жол тутушкан. Ушул бүгүнкү күндөрдө жизяны толук алуу жана сактоону о.э. бөлүштүрүүнү жеңилдештирүү үчүн, жизяны мамиледе жүргөн акчалардан кылуу жайиз болот.

### Жизянын сарптала турган орду

Жизянын сарптала турган орду хирож, ушр, файъ малдары сыяктуу экендигине мусулмандардан эч ким ихтилаф кылбады. Ал байтулмалга коюлат. Халифа өз ижтихады жана райына ылайык, мусулмандардын иштерин башкарууга жана мухтаждыктарын өтөөгө иштетет. О.э. мусулмандардын кызыкчылыктары жана жихад жолунда иштетет.

## УМУМИЙ МҮЛК ЖАНА АНЫН ТҮРЛӨРҮ

Умумий мүлк – бул Шариъ мусулмандар жамаатынын мүлкү кылган, мусулмандар ортосунда жалпы кылган, адамдардын андан пайдалануусун мубах кылган, ага жеке адамдардын ээлик кылуусуна тыюу салган нерселер.

Бул нерселер үч негизги түргө бөлүнөт:

1) Жамаат күндөлүк турмушунда мухтаж боло турган ыңгайлуулуктар.

2) Табияты жеке адамдардын ага ээлик кылуусуна тыюу сала турган нерселер.

3) Ири кендер.

Мына ушул үч негизги түр жана бул үчөөнөн чыккан пайдалар мусулмандар жамааты үчүн алардын арасында умумий мүлк болот. Бул мүлк, халифа шаръий өкүмгө ылайык өз ижтиходы менен тарката турган, мусулмандар байтулмалынын булактарынан болуп саналат.

### Умумий мүлктүн биринчи түрү

Мүлктүн бул түрү жамааттын күндөлүк турмушу үчүн зарыл болгон сууга окшойт. Бул мүлк – эгер ал болбосо жамаат таркап кете турган – жалпы турмуштук ыңгайлуулуктардан. Чындыгында, Расулулла ﷺ бул ыңгайлуулуктардын сыпатын ага тиешелүү болгон хадистерде өтө анык баяндап берген. Абу Харрош Расулулла ﷺдын кээ бир сахабаларынан риваят кылат: Расулулла ﷺ: **«Мусулмандар үч нерседе: сууда, жайлоодо жана отто шерик»,** - деп айтты. Башка риваятта болсо: **«Адамдар үч нерседе: сууда, жайлоодо жана отто шерик»,** - деген. Абу Хурайрадан риваят кылынган хадисте болсо, Расулулла ﷺ: **«Суу, от жана жайлоого тыюу салынбайт»,** - деди. Дагы Расулулла ﷺдан риваят кылынган хадисте: **«Мусулман – мусулмандын бир тууганы, экөөнө тең суу, дарак жалпы болот»,** - деген. Бул хадистердеги суу, жайлоо жана от Расулулла ﷺ адамдардын баарына мубах кылган нерселердин алгачкысы эле. Бул нерселерде аларды шерик кылып о.э. булардан бирди-жарымын өзүнүкү кылып ороп алууга тыюу салды. Анткени, бул нерселер бардык мусулмандардын акысы эле. Коум сапарга чыкканда, Аллах айбанаттар үчүн өстүрүп койгон, бирер киши айдап, эгип, сугарып мээнет кылбаган өсүмдүктөрү бар жерге түшөт. Бул үч нерсе алгачкы келген адамдардыкы. Бирер киши башкаларсыз жеке өзү ээлик кыла албайт, бирок, бул нерселерде адамдардын төө, уй жана койлору бирдей оттойт, суу да ушул сыяктуу. Бул нерселерде адамдар шерик болушат.

Умумий мүлкчүлүктүн бул көрүнүшү хадистерде айтылган үч нерсеге эле чектелбеген, балким, «жамаат ыңгайлуулуктары» деген сыпатка ээ болгон бардык нерсеге тиешелүү болот. Мунун далили Расулулла ﷺ **«Адамдар үч нерседе: сууда, жайлоодо жана отто шерик»** дегенде, Хайбар жана Тоифте кээ бир адамдардын өздөрү ичкен,

малдарын, бак-дарактарын сугарган абалда сууга жекече ээлик кылууларын тастыктады жана бул адамдарды кудуктарга ээлик кылуудан кайтарбады. Бул кудуктар кичинекей болуп, жамааттын ага мухтаждыгы түшпөйт эле. Бул эки хадисти ылайыкташтыруу менен анык болгондой, жамааттын мухтаждыгы түшкөн суу жамаат мүлкү болот жана анын жеке адамдын мүлкү болушуна тыюу салынат. Эгер суу аз болуп, жамааттын мухтаждыгы түшпөй турган болсо, фардий мүлк болуп, жеке адамдардын ага ээлик кылуусу жайиз болот. Бул нерселерге адамдар мухтаждыгынын көлөмү – жамааттын ага күндөлүк турмушта мухтаж болгону жана уруулардын суу болбосо же малына жайыт болбогондо таркап кеткени сыяктуу анын талабында таркап кетүүсү. Мына ошол себептен жамааттын мухтаждыгы түшө турган жана жамаат күндөлүк турмушунда ансыз жашай албай турган жана ал болбосо таркап кете турган ар бир нерсе умумий мүлк болуп саналат.

Умумий мүлктүн бул түрүнө ушул түр үчүн иштетиле турган аспаптар да кошулат. Анткени, аспаптар ушул түрдүн өкүмүн алат жана ушул түргө окшоп умум мүлкү болот. Ошол себептен улам, жалпы сууларды т.а. булак, дарыя жана көлдөрдүн суусун тартып чыгаруучу аспаптар жана адамдар жашаган жерлерге жеткирип берүүчү түтүктөр умумий мүлк болот. Бирок, бул аспаптар Нил же Ефрат дарыялары сыяктуу чоң дарыя жана көлдөргө орнотулса, бул аспаптар фардий мүлк болушу мүмкүн жана андан жекече керектөөдө пайдалануу жайиз болот.

Канал жана дарыялар сыяктуу умумий сууларга курулган электр пайда кылуучу жабдыктар да умумий мүлк болот. Себеби, бул жабдыктар умумий мүлк болгон нерселерден токту пайда кылууда. О.э. электр пайда кылуу жабдыктары, электр станциялары жана зымдары, зымтүркүктөр, мейли, электрди генераторлордун жардамында пайда кылса да, умумий мүлк болуп саналат. Анткени, эгер электр тогу жанылгы үчүн иштетиле турган нерселерден болсо – жарык берүү да жанылгыга көзкаранды болгон абалда – от болот. Тамак бышыруу, ысытуу, же ишкана аспаптарын айлантуу же кен-металдарды эритүү үчүн иштетилгени сыяктуу абалдарда электр тогу - от болот. Ал эми от умумий мүлк болуп эсептелет. Ошондуктан, оттон пайда болгон нерселер, анын станциялары, жабдыктары, зымтүркүктөрү, зымдары – булар отко көз каранды болгон абалда умумий мүлк болуп саналат.

Эгер бул жабдыктар умумий жолго орнотулса, жанылгы катары иштетилеби, же жарык берүү үчүн иштетилеби, ага карабастан, умумий мүлк болот. Анткени, умумий жолдун бирер нерсесин бир да жеке адам же компания өзүнүкү кылып менчиктештирип алуусу жайиз эмес. Адамдардын ага ээлик кылуусуна тыюу салынат. Умумий мүлктү корукка айландыруу мамлекет үчүн гана жайиз. Ал эми, электр тогу генератор аркылуу алынса, генераторлор жана электр станциялары умумий жолго

коюлбаса, өз ээлеринин мүлкүнө орнотулса, бул жарак-жабдыктар фардий мүлк болот жана ага жекече ээлик кылуу жайиз.

Газ жана ташкөмүр умумий мүлк болгондуктан – буларга көз каранды болгон абалда – газ жана ташкөмүр иштеп чыгаруучу ишканалардын, заводдордун умуммий мүлк болушу жайиз. Газ жана ташкөмүр чексиз өлчөмдөгү ири кен жана оттордон болуп, ири кен жана от умумий мүлк болуп саналат.

### Умумий мүлктүн экинчи түрү

Бул түргө – табигый түзүлүшү жеке адамдардын ага ээлик кылышына тыюу сала турган – белгилүү бир нерселер кирет. Умумий мүлктүн бул түрү, мурунку түргө окшоп жамаат ыңгайлуулуктарынан болсо да, анын далилдеринин ичине кирсе да, бирок бул түрдүн түзүлүш табияты мурунку түргө тескери көрүнүштө жеке адамдардын ага ээлик кылышына тыюу салат. Себеби, мурунку түрдүн түзүлүш табияты жеке адамдардын бул түргө ээлик кылышына тыюу салбайт, ошондуктан жамааттын мухтаждыгы түшпөй турган кичине кудуктар шахсий мүлк кылып берилди.

Мурунку түрдө келтирилген далилдерден тышкары, Расулулла ﷺдын «**Мина – мурун барган адамдын жайы болот**» дегени о.э. жамааттын жол мүлкчүлүгүндө өз ара шериктигин тастыктоосу, бирер адамдын жамаат жолуна ээлик кылышына уруксат бербеши – бул түрдүн умумий мүлктөн экендигинин далили болот. Мина – Мекке сыртындагы бир мекен. Бул мекен хажылар шайтанга таш уруу жана курбандыктарды союу, түнөө сыяктуу белгилүү бир ибадаттарды аткаруу үчүн Арафатта турууну аткаргандан кийин, хажылар түшө турган жай. Расулулла ﷺдын «**Мина – мурда барган кишинин жайы**» дегенинин маанисин: «Мина мусулмандардын баарынын мүлкү. Минадагы бирер жерге ким мурун барса жана жайгашса, ошол жай аныкы болот. Себеби, Мина мусулмандар үчүн ортоктош жер. Бирер адамдын мүлкү эмес» деп түшүнүү керек. Жамааттын жолу да ушул сыяктуу. Расулулла ﷺ адамдардын жолдо шерик экендиктерин жана бардыгы бул жолдон өтүүгө акылуу экендигин тастыктады жана жолдон азар берүүчү нерселерди алып коюуну садака кылганга барабар деп эсептеди. Хадисте: «**Жолдон азарды кетирүү – садака**», - делет. Расулулла ﷺ жолдо олтуруудан кайтарды жана: «**Силер жолдордо олтуруудан сактангыла**», - деди. Себеби, жолдо олтуруу адамдардын өтүүсүнө тоскоол болот.

Мина абалына жана жамааттын жолу абалына назар салган адам алардын түзүлүшү жеке адамдардын аларга ээлик кылуусуна тыюу салгандыгын көрөт. Хажылар хаж ибадаттарынын кээ бирлерин өтөө үчүн Минага түшүшөт. Минанын түзүлүш табияты, анын бардык мусулмандар үчүн ажылык ибадаттарды өтөө орду экендиги жагынан, белгилүү бир адамга же бир канча адамдарга чектелишине тыюу салат,

Арафат менен Муздалифа да Мина сыяктуу. Жол да ушул сыяктуу бардыгы үчүн жана баарынын өтүшү үчүн даярдалган. Бир же бир нече адамдардын ээлик кылууга акысы жок. Ушул себептен улам, Мина жана жол жөнүндө келген далилдер түзүлүш табияты жеке адамдардын ээлик кылуусуна тыюу сала турган ар кандай нерсеге туура келет. Алар умумий мүлк болот. Ушундан келип чыгып, деңиздер, дарыялар жана өзөндөр, көлдөр, кысыктар, Суец каналына окшогон каналдар, жалпы майдандар, мечиттер умумий мүлк болот.

Умумий мүлктүн бул түрүнө поезддер, трамвайлар, зымтүркүктөр, суу түтүктөрү, жамаат жолунан өткөн канализация куурлары кирет. Бирер адамдын умумий мүлк болгон бирер нерсеге ээлик кылуусу жана адамдар үчүн жалпы болгон нерсени өздөштүрүп алуусу жайиз эмес. Себеби, Расулулла ﷺ **«Корук кылуу Алла жана анын Расулу үчүн гана»** деген т.а. мамлекетке таандык. Хадистин мааниси, бирер адамдын адамдар үчүн жалпы-умумий болгон нерсени өзү үчүн корук жерге айландырышы жайиз эмес. Поезд, трамвай, зымтүркүктөр, суу түтүктөрү, жамааттын жолунан өткөн канализация куурларын умумий мүлккө айландырган нерсе – алардын үзгүлтүксүз жамаат жолунун бир бөлүгүн ээлегендиги. Ошондуктан, бул нерселер корук кылынган нерселерге айланды. Корук кылуу болсо бир гана мамлекетке жайиз. Ушул себептен улам, жогорудагы нерселер умумий мүлк болот.

### Умумий мүлктүн үчүнчү түрү

Бул түргө ири запаска ээ кендер кирет. Бирок, Расулулла ﷺ Билал ибн Хорис ал-Музанийге Хижаздын Фаръ деген жериндеги кичи кендерди мүлк кылып бергени сыяктуу, көлөмү аз кендер фардий мүлк болушу мүмкүн. Билал Расулулла ﷺдан бул кенди берүүсүн суранганда, Расулулла ﷺ ага бул кенди мүлк кылып берди. Ушуга караганда, тижарий болбогон аз өлчөмдөгү алтын жана күмүш кендери фардий мүлк болот жана буларга жеке адамдардын ээлик кылуусу жайиз. О.э. мамлекет тарабынан жеке адамдарга ажыратып берилүүсү да жайиз. Жеке адамдар бул кендерден чыгарып алган нерселердин көлөмү канча болушуна карабастан, алардын бештен бирин байтулмалга берүүлөрү керек.

Ал эми чексиз өлчөмдөгү ири кендер бардык мусулмандар үчүн умумий мүлк болот. Бул кендерге бир же бир нече адамдардын ээлик кылуусу, же болбосо, алардын бир же бир нече адамдарга бөлүнүп берилүүсү жайиз эмес. О.э. жеке адамдарга же компанияларга бул кендерди казып алуу иштеринде артыкчылык берүү да жайиз эмес. Алар ортоктош мүлк болуп калышы, мамлекет бул кендерди казып алышы, иргеп алып эритип, мусулмандарга жардамчы болгон абалда сатышы жана акчасын мусулмандардын байтулмалына коюшу керек болот. Бул кендер туз, сурма сыяктуу кыйынчылыксыз алына турган ачык абалда болобу, же алтын, күмүш, темир, жез, коргошун, калай, кремний, уран,

фосфат жана башка кендерге окшоп, кыйынчылык менен чыгарып алына турган жер асты кендери болобу, айырма жок.

Ири кендердин умумий мүлк экендигинин далили Абяз ибн Хаммал ал-Мазинийден риваят кылынган хадис: «Абяз ибн Хаммал Расулулла ﷺдан Маъраб деген жердеги туз кенин берүүсүн суранды жана Расулулла ﷺ ал кишиге бул туз кенин бөлүп берди. Ал кеткенден кийин: «Я Расулулла, ага бөлүп берген нерсеңизди билесизби? Ага ири туз кенин бөлүп бердиңиз» - делгенде, Расулулла ﷺ кенди Абяздан кайтарып алды». Расулулла ﷺдын Абяз ибн Хаммалдан ага ажыратып берилген кен чексиз өлчөмдө көп экендигин билгенден кийин кайтарып алуусу чексиз өлчөмдөгү ири кендердин фардий болушу жайиз эместигине далил болот. Анткени, бул кендер мусулмандардын баары үчүн мүлк болуп саналат. Сөз бир гана туз жөнүндө эмес, балким, түрү кандай болушуна карабастан, ар кандай кенге тиешелүү. Бирок, умумий мүлк болушунун шарты – анын чексиз өлчөмдөгү ири кен болушу.

Ири кендер бардык жарандар үчүн умумий мүлк болгондуктан, мамлекеттин бул мүлктөрдү жеке адамдарга бериши жана компаниялардын бул кендерди өз эсебинен казып чыгарып алууларына уруксат бериши жайиз эмес. Тескерисинче, бул кендерди мусулмандар иштерин башкаруучу катары мусулмандардын атынан мамлекеттин өзү чыгарып алышы важиб болот. Алардан чыгарып алынган бардык нерселер мусулмандар үчүн умумий мүлк болот.

Кендерди казуу үчүн жарак-жабдыктар, заводдор зарыл. Мамлекет бул иштерди өз кол астындагы же умумий мүлккө тийиштүү болгон жарак-жабдык жана заводдор аркылуу, же болбосо, жалданган жеке адамдар же жеке адамдар ээ болгон аспаптар жардамында ишке ашырат.

Эгер мамлекет бул кендерди өзү ээ болгон аспап жана заводдор жардамында чыгарып алса, бул завод жана аспаптардын мамлекеттик мүлк бойдон калышы да, же умумий мүлккө айландырылышы да жайиз. Бул аспаптар жана заводдордун кендер өкүмүндө болуусу үчүн умумий мүлк болуп калуусу абзел. Бул өкүм т.а. аспап жана заводдордун умумий мүлк болуусу төмөнкү далилдерден алынган. Анас رضي الله عنهдан риваят кылынган хадисте: «**Расулулла ﷺ аракта он тайпаны наалаттады: алардын ичинде арак сыктыруучусу жана сыгуучусу бар»**, - делген. Ибн Умардан риваят кылынган хадисте: «**Арак он көрүнүшүнө карай наалатталат: арак арак болгондугу үчүн, ичүүчүсү, сугаруучусу, сатуучусу, сатып алуучусу, сыктыруучусу, сыгуучусу... наалатталат»**, - делген. Хадистен алынган арактын арамдыгына ылайык, арак иштеп чыгаруу жана арак заводдоруна ээлик кылуунун арамдыгынын далили келип чыкты. Бул арак жөнүндөгү хадистер жүзүмдү арак кылуу максатында сыгууну жана арак иштеп чыгарууну арам кылды, бирок, арактан башка нерсе үчүн жүзүмдү сыгуу мубах болот, ал эми жүзүмдү арак алуу үчүн

сыгуу арам болот. Ушул себептен улам, арак иштеп чыгаруу арам кылынат жана арак иштеп чыгарууга ылайык арак иштеп чыгара турган заводдорго ээлик кылуу да арам кылынат. Ушуга карай, умумий мүлк болгон кендерди иштеп чыгаруучу завод жана аспаптар умумий мүлк болот. Мамлекет ири кендерди чыгарып алуу үчүн ээ болгон аспап жана заводдордун умумий мүлк болушу кендердин умумий мүлк болгондугу себептүү болот. Ушуга ылайык, бул аспап жана заводдордун акчалары умумий мүлк кирешелеринен болуп эсептелет.

Ал эми, мамлекеттин бул кендерди жалданган адамдарга акы төлөө менен же жеке адамдар ээлик кылып жаткан аспаптар жардамында казып алышына келсек, бул аспап жана заводдор фардий мүлк экендиги этибары менен, фардий мүлк болуп калат. Акыйкатта Расулулла ﷺ жеке адамдардын заводдор жана аспаптарга фардий мүлк катары ээлик кылууларын тастыктаган жана сахабалардын алдында өз минбар жана шакектерин жасаткан.

Бирок, бул аспап жана заводдордун жеке адамдарга мүлк болушу адамдарга аспаптар менен ири кендерди өздөрү үчүн казып алууда иштетүүнү мубах кылбайт. Себеби, кендер бардык мусулмандардын мүлкү. Мусулмандардан бирер адамдын бул кендерге жалгыз өзү ээлик кылуусу жайиз болбойт. Мындай аспаптарды кендерди казууда иштетүү үчүн мамлекеттин белгилүү бир акы эсебине ижарага алуусу жайиз. Мамлекет бул кендерден чыгарып алган бардык нерселер бардык мусулмандар үчүн мүлк болот. Чыгарып алынган нерселерден түшкөн киреше байтулмалдагы умумий мүлк дийванына коюлат, анткени, байтулмал кирешелер сактала турган орун.

Ушулар себептүү, ири кендерди жана мунайды чыгарып алуу аспаптары жана заводдор – адамдар же компаниялардын мүлкү болгону сыяктуу эле – мамлекеттик жана умумий мүлк болуусу да жайиз.

## Умумий мүлк болгон нерседен жана алардын кирешелеринен пайдалануунун эрежелери

Умумий мүлктүн нерселери жана кирешелери бардык мусулмандар үчүн ортоктош болгон мүлк болгондуктан, ар бир жарандын андан жана анын кирешелеринен пайдаланууга укугу бар. Бул адамдар эркек болобу, аял болобу, чоң болобу, кичине болобу, солих болобу же болбойбу, айырмасыз.

Умумий мүлктүн нак нерселери пайдалануу көрүнүшүндө бирдей эмес. Умумий мүлктүн кээ биринен түздөн-түз же кыйыр түрдө пайдалануу оңой болот, кээ биринен болсо оңой болбойт.

**Биринчи бөлүк**: Суу, жайлоо, от, жалпы жолдор, деңиздер, дарыялар, көлдөр жана чоң каналдар. Жеке адамдын өзү түздөн-түз суу, жайлоо, оттон пайдалануусу, кудук, булак жана дарыялардан суу ичиши о.э. булардан суу алуусу, өз малдарын сугаруусу жана жайлоолордо малдарын багуусу, токойдон отун алышы.

Жеке адам эгин жана бак-дарактарын сугаруу үчүн чоң дарыяга өзүнүн суу тартуучу аспабын орнотуусу мүмкүн. Себеби, чоң дарыя адамдардын баарына жетиштүү болот. Жеке адамдын өз аспабын орнотуусу бирер мусулманга зыян жеткирбейт. Ар бир адамдын жолдон, деңизден, дарыялардан, Суец каналы сыяктуу жалпы каналдардан пайдалануусу жайиз болгону сыяктуу, жеке адамдын жамаат жолунан өзү, же малдары жана машинасы менен өтүүсү да жайиз. Деңиз, дарыя жана жалпы каналдардан өз улоосу, кемелери менен кесип өтүүсү жайиз. Себеби, бул нерсе бирер мусулманга зыян жеткирбейт.

**Умумий мүлктүн экинчи бөлүгү** – түздөн-түз пайдалануу оңой болбостон, кыйынчылык жана мээнет кыла турган бөлүк. Алар нефть, газ кендери сыяктуу машакат жана эмгекти талап кылат. Албетте, мамлекет мусулмандарга баш-көз болуп, бул кенди казууну өз мойнуна алат жана кирешелерин мусулмандардын байтулмалына коёт. Халифа өз ижтихады боюнча мусулмандардын кызыкчылыктары үчүн бул кендердин продукцияларын жана кирешелерин таркатат.

Умумий мүлктүн продукцияларын жана кирешелерин таркатууда халифа төмөнкүдөй жолду карманышы мүмкүн.

**Биринчи:** умумий мүлккө тиешелүү нерселерге сарпталат:

1) Умумий мүлк дийванына, имараттарына, каттоо мекемелерине, текшерүүчүлөрүнө жана жумушчуларына;

2) Кеңешчилерге, адистерге, нефть, газ кендерин казып, ачып, буларды иштеп чыгарууда, кайрадан иштетүүдө жана сууну чыгарып жеткирүүдө, электр иштеп чыгарууда жана аны жеткирүүдө кызмат кылуучу жумушчуларга;

3) Жарак-жабдыктарды, заводдорду, нефть менен газды чыгарып, тазалоо үчүн жана кендерди иштеп чыгарып, тазалап, пайдаланууга жарактуу кылуу үчүн керек болгон транспортторду сатып алууга о.э. умумий мүлктүн белгилүү бир нерселерин кайрадан иштетип андан пайдалануу үчүн зарыл болгон жарак-жабдык жана заводдорго;

4) Сууну тартып чыгаруучу аспаптарга, суу жеткирүүчү түтүктөргө;

5) Электр пайда кылуучу генераторлорго, электр станцияларына, алардын зымтүркүк жана зымдарына;

6) Поезддер жана трамвайларга

Бул сарптоолордун баары умумий мүлккө жана умумий мүлк мекемелерине о.э. андан пайдалануу үчүн кайрадан иштетүүгө тиешелүү болот. Ошондуктан, булардын баарына – зекет садакаларын жыюучу аамилдерге садака малдарынан сарталганы сыяктуу – умумий мүлк кирешелеринен сарпталат (зекет сарптала турган сегиз топтун бири аамилдер т.а. зекет жыюучулар). Чындыгында, Алла аамилдерге т.а. садака жыюучуларга садака жыюуларынын акысына садакадан үлүш ажыратты.

﴿ وَٱلۡعَٰمِلِينَ عَلَيۡهَا ﴾

*«Садака жыюучуларга».* **[9:60]**

**Экинчи:** Умумий мүлктү анын кирешелерине ээ болгон мусулмандарга таркатуу. Мында халифа белгилүү бир көрүнүшкө чектелбейт. Суу, электр, нефть жана газ сыяктуу мусулмандар өз үйлөрүндө, базарларында мухтаж болгон нерселердин бардыгын бекерге таркатуусу жайиз. Халифанын мусулмандарга умумий мүлк пайдаларынын накталай акчасын таркатуусу жайиз болгону сыяктуу эле, нак умумий мүлктү өз баасына же базар баасында сатуусу да жайиз болот. Булардын баарында халифа мусулмандарга жакшылык жана пайда бар деген райы негизинде иш жүргүзөт.

**Үчүнчү:** Бүгүнкү күндө мамлекеттин жоопкерчилиги кеңейип, мамлекеттин сарп-каражаттары көбөйүп кеткендиктен, байтулмалдын кирешелеринен болгон файъ, жизя, хирож, ушр жана хумустар мамлекеттин сарп-каражаттарын каптай албайт. Расулулла ﷺ жана ал заттан кийинки бардык халифалардын доорунда болгондой, азыр да турмуш каражаттары, маданий көрүнүштөр, айрыкча, аскерий куралга тиешелүү нерселер аябай өнүктү. Булардын үлкөн сарп-каражат талап кылуусу табигый. Ушул себептүү, мамлекет үчүн байтулмалда мал болгон жана болбогон абалда байтулмал мойнундагы, байтулмалда мал болбогондо мусулмандар бериши важиб боло турган сарптоолорду каптоого кудуреттүү боло турган башка булак зарыл болот. Байтулмалга сарптоо важиб болгон сарптоолор: мамлекеттик мекемелер жана дийвандар т.а. идаралардын каражаттары, акимдердин айлык акылары, аскерлердин тамак-ашы, жумушчулардын маяналары сыяктуу о.э. үммөт мухтаж боло турган, анын жоктугу себептүү үммөткө зыян жете турган сууну мол кылуу, жол салуу, медресе жана университеттер, мечит жана ооруканаларга, мусапырларга, жетимдерге, жесир, алсыз, мухтаждарга сарптоо сыяктуу жана жихаддын фарздыгына, кубаттуу армия даярдоого жана Алла Тааланын:

﴿ وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا ٱسۡتَطَعۡتُم مِّن قُوَّةٖ وَمِن رِّبَاطِ ٱلۡخَيۡلِ تُرۡهِبُونَ بِهِۦ عَدُوَّ ٱللَّهِ وَعَدُوَّكُمۡ وَءَاخَرِينَ مِن دُونِهِمۡ لَا تَعۡلَمُونَهُمُ ٱللَّهُ يَعۡلَمُهُمۡۚ ﴾

*«Алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч жана ээрленген аттарды даярдап койгула, муну менен Алланын жана өзүңөрдүн душманыңарды жана да алардан тышкары силер билбей турган Алла биле турган башка бирөөлөрдү да коркууга саласыңар».* [8:60]

- деген сөзүнө жооп иретинде жихад талап кыла турган атом, ракета, самолёт, танк, артиллерия, кеме жана башка өнүккөн куралдарды иштеп чыгаруу үчүн оор өнөржайды өнүктүрүү сыяктуу.

Бул тараптардын баары сарп-каражат үчүн үлкөн булакка мухтаж болот. Бул тараптарга кеткен сарптарды каптоо үчүн халифанын алдында футухаттардан келе турган нерселерден тышкары үч жол бар.

1) Чет мамлекеттерден жана эл аралык финансылык мекемелерден карыз алуу;

2) Нефть жана газ кендери сыяктуу кээ бир жамаат мүлкүнүн белгилүү бир нерселерин коруктап коюу;

3) Үммөткө салык салуу.

**Чет мамлекеттерден карыз алуу**

Чет мамлекеттерден жана эл аралык финансылык мекемелерден карыз алуу шаръий жактан жайиз эмес. Себеби, бул мамлекеттер жана мекемелерден алынган карыздар сүткордук пайда жана шарттар менен болот. Риба (сүткордук) менен болгон карыздар – жеке адам үчүн болобу, мамлекет үчүн болобу, айырмасыз – харам. Шарттар негизинде карыз берүү болсо, чет элдик карыз берүүчү мамлекет жана мекемени мусулмандарга өкүмдар кылып коёт жана мусулмандардын эрк жана иш жүргүүзүлөрүн карыз берүүчү мамлекеттин мекемелери ыхтыярына байлап коёт. Бул болсо, шаръий жактан жайиз эмес. Чындыгында, бүгүнкү күндө эл аралык карыздар исламий өлкөлөр, шаарлар үчүн эң коркунучтуу балээлерден жана алардын мусулмандар өлкөлөрүнө өкүмдар болуу себептеринен болду. Ырасында, үммөт мусибаттарды башынан өткөрүп жаткандан кийин, халифанын сарп-каражаттарын каптоо үчүн мамлекеттер аралык карыздарга кайрылуусу жайиз болбойт.

**Умумий мүлктөн кээ бир нерселерди корук кылып алуу**

Халифанын нефть, газ жана башка кендерден турган умумий мүлк болгон нерселерди, газ жана нефть кудуктарын, фосфат, алтын, жез кендери сыяктуу кендерди корук кылуу жана алардын кирешелерин мусулмандар кызыкчылыгын көздөп өтө маанилүү жактарга сарптоосу шаръий жактан жайиз. Бул жолду тутуу жогоруда айтылган жактарга сарптала турган каражаттарды жетиштүү, мол кылуу үчүн пайдалуу жол болуп саналат. Халифанын төмөнкүлөргө сүйөнгөн абалда корук кылуусу жайиз болот.

1) Расулулла ﷺ жана ал заттан кийинки халифалар умумий мүлккө кирүүчү жерлерди корук кылышкан. Ибн Аббас, Соъб ибн Жусамадан: Расулулла ﷺ **«Корук Аллах жана Расулу үчүн гана»** деди, - деп риваят кылат. Бул хадистин мааниси, корук кылуу Аллах жана Расулу үчүн гана: жихад, факир, мискин жана бардык мусулмандардын кызыкчылыктары үчүн мамлекетке таандык дегени. Бул корук кылуу жахилияттагы зордукчул адамдын өзү үчүн бирер жерди корук кылып алганындай болбошу керек. Нафиъ Ибн Умардан риваят кылып айтат: «Расулулла ﷺ Накийди (Мединадагы белгилүү бир жай) мусулмандардын аттары үчүн корук кылды». О.э. Абу Бакр رضي الله عنه Робзаны садака төөлөрү үчүн корук кылып, бул жерге кулу Абу Саламаны аамил кылды. О.э. Умар

ﷺ Робзанын айланасын корук кылып, Хунай деген кулун ал жерге корукчу кылды.

Бул корук кылуу чөп жана жайыт үчүн болгон эле. Чөп жана жайлоо умумий мүлк болуп саналат. Расулулла ﷺ корук кылган Наки Медина тышкарысында эле. Бул жерде суу топтолуп калчу жана суу тартылганда ал жерге чөптөр өсүп чыкчу т.а. ал жер бардык мусулмандарга мүлк болгон. Абу Убайд: **«Корук кылуу Алла жана Расулу үчүн гана»,** - делген хадисти айткандан кийин, мунун баянында: «Биздин райыбыз боюнча, Аллах билүүчү, хадисте кайтарылган корук кылуу – Алланын Расулу бардыгын шерик деп этибар кылган нерселерди корук кылуу. Ал болсо, суу, жайлоо жана от», - деди.

Расулулла ﷺ, Абу Бакр жана Умар ﷺлар өздөрү корук кылган жерлерди Алланын жолундагы аттар менен садакалардын мал жана төөлөрү үчүн чектешти о.э. башка ат-төөлөрдүн бул жерде багылуусуна тыюу салышты. Амир ибн Абдулла ибн Зубайр ﷺ атасынан риваят кылып айтат: «Бир аъробий Умар ибн Хаттаб ﷺга келип: «Эй момундар амири, жахилиятта өлкөбүз үчүн согуштук жана өз шаарларыбызда Исламга кирдик, эмне үчүн аны корукка айландырасыз?» - деди. Ровий айтат, Умар ﷺ муруттарын чыйратып, унчукпай калды. Умар ﷺ бирер иш кыйнап койгондо муруттарын чыйратып, үшкүрүнөт эле. Аъробий Умар ﷺнун абалын көрүп, сөзүн кайталай баштады. Кийин Умар ﷺ: «Мал Алланын малы, пенделер Алланын пенделери. Аллага ант болсун, эгер Алла жолунда иштетиле турган нерселер (т.а. ат жана төөлөр) болбогондо, жердин бир карышын да корук кылбайт элем», - деди». Асламдан риваят кылынган хадисте айтылат: «Умар ибн Хаттаб ﷺ Хунайды Робза корукканасына аамил кылып жатып: «Эй Хунай, адамдардан колуңду тый жана мазлумдун дубасынан корк, себеби ал ижабат кылынган, аз гана төө, кой ээлерин киргизгин жана Усман ибн Аффан, Абдуррахман ибн Авф ﷺнун малдарын мага кой. Албетте, бул экөөнүн малдары өлсө, курма жана эгиндери бар. Эгер бир мискиндин малдары кырылса, менин алдыма: Эй, момундар амири, чөп мага жеңилирээкпи же алтын-күмүштүн зыяныбы? - деп кыйкырып келет. Албетте бул жер алардын жерлери. Жахилиятта ал үчүн согушушту жана ошол жерлерде Исламга кириште. Алар бизди зулум кылып жатат деп ойлошууда. Алла жолунда иштетиле турган малдар болбогондо, шаарларынан эч качан бирер нерсени корукка айландырбайт элем», - дегенин уктум».

Бул хадис жана риваяттар умумий мүлктөн жихад жана ага тиешелүү болгон нерселерди жана мусулмандардын башка кызыкчылыктары үчүн мухтаж болуна турган умумий мүлктү – алар канча көп болсо да – мамлекеттин корукка айландырышы жайиз экендигине далил болот.

2) Албетте, Алла Субханаху ва Таала мусулмандардын баарына: байларына да, кембагалдарына да малдары жана жандары менен жихад кылууну фарз кылган:

﴿ لَٰكِنِ ٱلرَّسُولُ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ مَعَهُۥ جَٰهَدُوا۟ بِأَمْوَٰلِهِمْ وَأَنفُسِهِمْ ۚ وَأُو۟لَٰٓئِكَ لَهُمُ ٱلْخَيْرَٰتُ ۖ وَأُو۟لَٰٓئِكَ هُمُ ٱلْمُفْلِحُونَ ﴾

*«Бирок, Пайгамбар жана аны менен бирге болгон, ыйман келтирген заттар малдары жана жандары менен жихад кылышты. Бардык жакшылыктар дал ошолор үчүн жана нажат табуучулар да алардын өздөрү».* [9:88]

﴿ إِنَّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ وَهَاجَرُوا۟ وَجَٰهَدُوا۟ بِأَمْوَٰلِهِمْ وَأَنفُسِهِمْ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ ﴾

*«Ыйман келтирген, хижрат кылган жана мал-жандары менен Алла жолунда жихад кылган заттар».* [8:72]

﴿ إِنَّمَا ٱلْمُؤْمِنُونَ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ ثُمَّ لَمْ يَرْتَابُوا۟ وَجَٰهَدُوا۟ بِأَمْوَٰلِهِمْ وَأَنفُسِهِمْ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ ۚ أُو۟لَٰٓئِكَ هُمُ ٱلصَّٰدِقُونَ ﴾

«*Чыныгы момундар – Аллага жана Пайгамбарына ыйман келтирип, андан соң шек-күмөн кылбаган, малдары жана жандары менен Алла жолунда жихад кылган заттар. Мына ошолор гана (өз ыймандарында) чынчыл болгон заттар».* [49:15]

﴿ وَقَٰتِلُوا۟ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ ﴾

*«Алла жолунда согушкула!»* [2:190]

﴿ قَٰتِلُوا۟ ٱلَّذِينَ لَا يُؤْمِنُونَ بِٱللَّهِ وَلَا بِٱلْيَوْمِ ٱلْءَاخِرِ ﴾

*«Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтирбей турган кимселерге каршы согушкула!»* [9:29]

﴿ وَقَٰتِلُوا۟ ٱلْمُشْرِكِينَ كَآفَّةً كَمَا يُقَٰتِلُونَكُمْ ﴾

*«Бардык мушриктер силерге каршы согушканы сыяктуу, силер да бардык мушриктерге каршы согушкула!»* [9:36]

Бул аяттар мусулмандарга жандары жана малдары менен жихад кылуу важиб болушунун жаркын далили. Расулулла ﷺ жана ал заттан кийинки халифалар замандарындагы мусулмандар жихадга малдары жана жандары менен чыгышкан. Мусулмандар жихадда зарыл болгон курал, ат, төө жана тамак-аштарды мамлекеттин аларга даярдап беришин күтпөстөн, өздөрү даярдашчу. Себеби, бул нерселерди Алла аларга фарз кылган.

Мына ушулардан келип чыгып, жихад жана жихадга керек болгон нерселерге сарптоонун важибдиги байтулмалда мал болбогондо мусулмандарга көчүп өтөт. Халифанын бул жактарга сарптоо үчүн керек болгон малды мусулмандардан алуусу, же болбосо, мусулмандардан албастан мусулмандардын мүлкү болгон умумий мүлктү корукка айландырып, анын кирешелеринен алуусу жайиз.

3) Умар ибн Хаттаб Ирак, Шам, Мисир жерлерин кылыч менен фатх кылган кишилер бул жерлерди бөлүштүрүп берүүнү талап кылышканда, бул ишти четке какты. Негизи, Умар ﵁ алардын бул өлкөлөрдү фатх кылышканын жана бул жерлер алар үчүн олжо экенин, олжонун олжо алуучуларга берилишин жана бештен бир бөлүгү согушкерлерге бөлүштүрүлүшүн билет эле. Расулулла ﷺдын Хайбар жерин Хайбар согушунда катышкан согушкерлерге бөлүштүргөнүн да билет эле. Мына ушуларга карабастан, олжо аяттары мазмуну боюнча жана андан мамлекеттин кызыкчылыктарына, аскерлерге, чегараларга, факирлерге, мискиндерге, жетим-жесирлерге нафака кылына турган жана андан мусулмандардын кызыкчылыктарын аткарган адам үчүн да нафака кылына турган туруктуу булактын бар болушунун зарылдыгын билип, бул жерлерди согушка катышкан мусулмандарга бөлүштүрүүдөн баш тартты. Умар ﵁ аларга жана кеңешүү үчүн чакырылган ансорлорго мындай деген: «Жерлер кафирлери менен ээленип кетсе, жерлер ата-бабалардан мурас болуп калса, кийинки келген мусулмандар эмне кылышат? Бул туура эмес раъй. Эгер Ирак жери өз кафирлери менен, Шам жерлери өз кафирлери менен бөлүштүрүлүп кетсе, эмне менен чегаралар тосулат? Бул шаарлардагы о.э. Шам, Ирак жерлериндеги балдар, жесирлер эмне болот?». Ансорлорго Умар ﵁ мындай деди: «Жерлерди өз кафирлери менен кармап турууну жана аларга хирож коюуну раъй кылдым. Бул малдар мусулмандар, жоокерлер, балдар жана булардан кийинкилер үчүн олжо болот. Силер бул чегараларда туруктуу тура турган кишилер керектигин жана Шам, Жазийра, Куфа, Басра, Мисир сыяктуу чоң шаарларды аскерлер менен толтуруу зарылдыгын, буларга өтө көп адам керектигин билесиңерби? Эгер жерлер жана кафирлер бөлүштүрүлсө, буларга акылары кайдан берилет?».

Мына бул тартышуу жана далилдер, албетте Умар ﵁нун жихадга жана мамлекетке каражат керек болгон жактарга сарптоо үчүн бекем, туруктуу булакты пайда кылуу керектигин түшүнгөндүгүнүн далили болот. Умар ﵁ Ирак, Шам жана Мисирдеги фатх кылынган жерлер ошондой булак экендигин көрдү. Ошондуктан, бул жерлерди фатх кылгандарга бөлүштүрбөдү. Умар ﵁ бул жерлерди – төлөнө турган хирож акысына, бул хирожду бардык мусулмандардын кызыкчылыктары жолунда сарптоо үчүн – өз ээлеринде калтырды.

Халифа байтулмалда мал болбогондо мусулмандарга важиб боло турган жактарга сарптоо үчүн умумий мүлктөн бардык мусулмандар үчүн мүлк болгон нерселерди корук кылуусу абзелдик жагынан жайиз экендигин көрсөтөт.

## ЖЕРЛЕР, ИМАРАТТАР ЖАНА ЫҢГАЙЛУУЛУКТАРДАН ТУРГАН МАМЛЕКЕТТИК МҮЛКТӨР, АЛАРДЫН КИРЕШЕЛЕРИ

Бардык мусулмандардын акысы болгон, бирок умумий мүлк катарына кирбей турган ар бир нерсе мамлекеттик мүлк болот. Мамлекеттик мүлк жер, имарат жана кыймылдуу нерселер сыяктуу, фардий (жеке менчик) мүлкчүлүктү кабыл кылуучу нерселер болот. Бирок, бул нерселер бардык мусулмандардын акысына тиешелүү болгондуктан, бул нерселерди тадбир кылуу, алардын үстүндө иш жүргүзүү жана аларды сарфтоо халифага тапшырылган. Себеби, халифа, бардык мусулмандардын акысына тиешелүү болгон бардык нерселерди тасарруф кылууда укук ээси болуп саналат. Мамлекеттик мүлктүн нерселери умумий мүлктөн болбогондуктан, халифанын жеке адамдарга мамлекеттик мүлктүн өзүн же пайдаларын мүлк кылып берүүсү жайиз, бирок, халифанын умумий мүлктүн өзүн бирер адам же жамаатка мүлк кылып берүүсү жайиз эмес. Ошондуктан, бардык мусулмандардын акысына тиешелүү болгон жер, имарат жана ушул сыяктуу нерселер мамлекеттик мүлк болуп саналат. Анткени, мамлекет бул нерселерди тасарруф кылууга өкүмдар болот. Бул мамлекеттик мүлкчүлүктүн мааниси.

Мамлекет умумий мүлктү жана мамлекеттик мүлктү башкарса да, негизи, бул эки мүлкчүлүктүн ортосунда айырма бар. Нефть, газ, ири кендер, деңиздер, дарыялар, булактар, майдандар, токойлор, жайлоолор жана мечиттер сыяктуу умумий мүлккө кирүүчү нерселерди халифанын бирер адам же жамаатка – бул нерселер бардык мусулмандардын мүлкү болгондуктан – берүүсү жайиз эмес. Халифа белгилүү бир иш-чара менен мусулмандардын иштерин тадбир кылуу жана кызыкчылыктарын өтөөдөгү ижтихады боюнча бардык мусулмандардын бул мүлктөн пайдаланышына мүмкүнчүлүк жаратып бериши керек.

Ал эми халифанын мамлекеттик мүлккө кирүүчү жер жана имараттарды жеке адамдарга жердин өзүн жана пайдасын, же пайдасын гана мүлк кылып бериши, же «мусулмандар үчүн кызыкчылык бар» деген этибар менен бул жерлерди өздөштүрүүгө жана ээлик кылууга уруксат бериши жайиз.

### Мамлекеттик мүлктүн түрлөрү

### 1 - Чөлдөр, тоолор, деңиз жээктери, жеке адамдарга мүлк болбогон дың жерлер.

Бардык чөлдөр, тоолор, дөңсөөлөр, өрөөндөр, деңиз жээктери жана таптакыр дыйканчылык кылынбаган кароосуз жерлер же дыйканчылык кылып кийин дың жерге айланган жерлер – булардын баары мамлекеттик мүлк болуп, аны мамлекет мусулмандарга пайда келтирет деген райына жана ижтихадына ылайык иштетет. Халифанын бул жерлерди бөлүп, өздөштүрүүгө жана таш менен ороп алууга уруксат бериши жайиз. Билал ибн Хорис ал-Музанийден риваят кылынган

хадиске караганда, Расулулла ﷺ Билалга Акиктин (жердин аты) баарын бөлүп берди. Башка риваятта Расулулла ﷺ Билал ибн Хорис ал-Музанийге деңиз менен аска таштын арасын бөлүп берди. Амр ибн Шуъайб атасынан риваят кылган хадисте Расулулла ﷺ Музайна же Жухайна уруусунан болгондорго жер ажыратып берди. Адий ибн Хотам риваят кылган хадисте Расулулла ﷺ Фурот ибн Хаййан Ажалийге Ямамадагы жерди ажыратып берди. Абяз ибн Хаммал ал-Мазиний риваят кылган хадисте, Абяз Расулулла ﷺдан туз кенин бөлүп берүүсүн суранды жана Расулулла ﷺ ага ажыратып берди. Ровий: Абяз кеткенден кийин «Я Расулулла, эмнени бөлүп бергениңизди билесизби? Ага өтө чоң кенди ажыратып бердиңиз» делгенде, Расулулла ﷺ андан кайтарып алды, - дейт. Амр ибн Динар риваят кылган хадисте Амр: «Расулулла ﷺ Мединага келгенден кийин, Абу Бакр жана Умар ﵄га жер ажыратып берди о.э. Зубайр ибн Аввамга кеңири жер ажыратып берди. Ага Накийдин өлүк жерлеринен ат чаба турган, дарак жана курмасы бар жайды ажыратып берди», - дейт.

Абу Бакр, Умар, Зубайр, Билал ал-Музаний, Абяз ибн Хаммал, Фурот ибн Хаййан, Музайналыктар, Жухайналыктар жана башкаларга Расулулла ﷺ жер ажыратып бергенин баян кылган бул хадистер – чөлдөр, тоолор, өрөөндөр, бирер кишиге мүлк болбогон дың жерлер – мамлекеттик мүлк болушун көрсөтөт. Халифа бул жерлерде мусулмандар үчүн пайдалуу деп билген райы менен иш тутат. Расулулла ﷺдын жогорудагы адамдар үчүн жерлерден ажыратып берүүсү – Расулулла ﷺга мурас жагынан жана фатх жагынан хос мүлк болбогон абалда тасарруф кылуусу – бул жерлер мамлекеттик мүлк болушуна ачык далалат кылат. Эгер бул жерлер мамлекеттик мүлк болбогондо Расулулла ﷺ бөлүп бербейт эле жана мамлекет ал жерге өкүмдарлык кылбайт эле.

«Алла жана Расулунун мүлкү» дегени «мамлекеттин мүлкү» деген маанини түшүндүрөт. Расулулла ﷺдын бул жерлерге ээлик кылуусу Расулулла ﷺга бул жерлерге өкүмдарлык кылуу жана бул жерлерди тасарруф кылуу укугун берет. Расулулла ﷺдын өкүмдарлыгы жана бул жерлерди тасарруф кылуу укугу өзүнөн кийинки халифаларга өттү. Ошондуктан, Абу Бакр, Умар, Усман жана Али ﵃ жана алардан кийин келген халифалар, Расулулла ﷺ адамдарга жер ажыратып бергендей, чөлдөрдүн, тоолордун, дың жерлердин мамлекеттик мүлк экендигин жана өздөрүнүн тасарруф кылууда укук ээси экендиктерин түшүнүшкөндүктөн, адамдарга бөлүп беришчү. О.э. сахабалар жана мусулмандар бул чөлдөр, тоолор жана дың жерлерде бардык мусулмандардын акысы бар экендигин жана бул жерлерге өкүмдарлык кылуу мамлекеттин акысы экендигин Расулулла ﷺ жана алардан кийинки халифалар бул жерлерди идара кылууда жана иштерин тадбир кылууда, ажыратып берүүдө, өздөштүрүүдө жана абад кылууда өздөрүндө укук бар экендигин түшүнүшкөн. Ошондуктан, Зубайр Ибн Аввам, Абяз ибн

Хаммал, Билал ибн Хорис ал-Музаний, Абу Саълаба Хашаний, Тамим ад-Дарий жана башкалар Расулулла ﷺдан жер ажыратып беришин талап кылышты. О.э. Басра калкы Сакиф уруусунан болгон Нафиъ Абу Абдулла Умар ибн Хаттабдан аты үчүн беде эгүүгө Басрадагы хирожий болбогон, бирер мусулманга зыян келтирбей турган жерди ажыратып беришин талап кылды. О.э. Касир ибн Абдулла атасынан, атасы чоң атасынан кылган риваятта айтылат: «Биз Умар ибн Хаттаб менен бирге он жетинчи жылы умра зыяратына келдик. Умар رضي الله عنهга жолдогу суу калкы Мекке жана Медина арасындагы жайда мурун болуп көрбөгөндөй үйлөрдү курушарын айтышты. Умар رضي الله عنه аларга уруксат берди жана аларга мусапырдын сууга жана көлөкөгө акылуу экендигин шарт кылды». О.э. Абу Бакр ибн Абдулла ибн Абу Марям Атийя ибн Кайстан кылган дагы бир риваятта, адамдар Умар ибн Хаттабдан Дамашктагы Анзар-Кийсон жеринен аткана үчүн жер ажыратып беришин сuranышты. Мына ушул хадистерден чөлдөр, тоолор жана дың жерлердин мамлекеттик мүлк экендиги ачык маалым болот. Халифа бул жерлерде өз ижтиходы боюнча жер ажыратып берүү, жерди өздөштүрүү, сатуу, ижарага берүү, каражат сарптоо же мындан башка тасарруфаттарда мусулмандар үчүн жакшылык жана кызыкчылык бар деген райы боюнча иш жүргүзөт.

**2 - Өзөндөр**

Өзөн – бул суу баскан жерлер. Куфа жана Басра арасындагы Дажла жана Ефрат дарыяларын ороп туруучу тосуктардын кээ бири бузуп ташталгандан кийин, бул дарыялардын суусу ташып, дыйканчылыкка жараксыз жерлер пайда болгон. Мына ушул сыяктуу жерлер өзөндөр деп аталат. Бир замандарда бул жерлер бак жана эгин талаасы болгон. Өзөндөр Куббаз ибн Фийруз доорунда пайда болду. Кийинчерээк бул жерлер өз абалына таштап коюлуп, мусулмандар жана фарстар ортосундагы согуштар себептүү өзөндөр кеңейди. Ал тургай, майданы отузга-отуз фарсахка жетти. Т.а. 27225 кв.км. Себеби, фарсах болжол менен 5,5км.ге барабар. Суу басып кеткендиги себептүү дыйканчылыкка жараксыз болуп калган жерлер – мурда бул жерлер имараттары жана дыйканчылыгы менен абад болсо да – эми дың жерлер өкүмүн алат. Бирер кишиге мүлк болбогондон кийин, чытырман токойлор, бадалзарлар, туздуу жерлер жана саздар да өзөндөр өкүмүн алат.

**3 – Соф жерлер**

Халифа байтулмалга коюуга токтом кылган, калкы ал жерден чыгып кеткенден кийин ээн калган, фатх кылынган мамлекеттин жерлери же фатх кылынган мамлекеттин акимдеринин, колбашчыларынын, согушта өлтүрүлгөн кишинин, же согушта бул жерди таштап качкан адамдын жерлери – булар соф жерлер деп аталат.

Соф жерлерди биринчи жолу бөлүп, байтулмалга таандык кылган адам Умар ибн Хаттаб болду. Абу Юсуф айтат: «Мага Абдулла ибн Абу Хурранын кулу Абдулла ибн Валид хадис риваят кылып айтты: Умар ибн

Хаттаб Ирактын айланасынан он тайпанын жерин соф жерге айландырды: согушта өлтүрүлгөн адамдын жерин; согуштан качкан адамдын жерин; Кисронун бардык жерлерин; Кисро үй-бүлөсүнө тиешелүү болгон бардык жерлерди; суу баскан жерлерди; чабармандар жүрө турган ортолук жерлерди. Ровий Кисролор үчүн болгон төрт сыпатты унуттум деди жана Умар ибн Хаттаб ажыраткан жерлер жети миллион дирхам болгон эле деди».

Халифалык мамлекети бир өлкөнү фатх кылганда, халифа фатх кылынган мамлекеттин мүлкүн, акиминин, колбашчысынын, согуш майданында өлтүрүлгөн душмандын, өз жерин таштап качып кеткен адамдын жер жана имараттарын байтулмалга кошуусу керек. Халифа бул мүлктөрдү тасарруф кылууда Ислам жана мусулмандар үчүн жакшылык бар деп ойлогон ижтихады боюнча иш жүргүзөт.

### 4 – Биналар жана үстү жабык имараттар

Мамлекет өзү фатх кылган мамлекеттердеги мамлекет жихазы, кеңселери, муассасалары, ыңгайлуулуктары, университет жана медреселери о.э. завод-фабрикаларына таандык болгон имараттар жана ушул мамлекетке, акимдерине, колбашчыларына, согушта өлтүрүлгөн кишилерине же согуштан качкан же мусулмандардан коркуп таштап качкан кишилерге мүлк болгон ар бир бина жана имараттар ушул түргө кирет. Бул сарай жана биналар, үстү жабылган имараттардын баары мусулмандар үчүн олжо болуп, алар байтулмалга тиешелүү жана мамлекеттик мүлк болот.

О.э. мамлекет курган же байтулмалдын малдарынан сатып алып, мамлекеттин жихаздары жана кызыкчылыктары же кеңселери, университет жана медреселерине, ооруканаларына, мамлекет өзү курган бирер ыңгайлуулуктар үчүн ажыраткан ар бир бина жана үстү жабылган имараттар мамлекеттик мүлк болот. О.э. мамлекетке тартуу кылынган, осуят кылынган же мураскору жок кишиден алган, же өлгөн муртадга же муртаддыгы үчүн өлтүрүлгөн кишиге тиешелүү болгон ар бир бина жана чатырланган имараттар мамлекеттик мүлк болуп саналат.

## Мамлекеттик мүлктү иштетүү

Шариъ халифага – анда жакшылык жана пайда бар экендигин рай кылган ижтихады боюнча – мусулмандардын иштерин башкарууну жана кызыкчылыктарын өтөөнү тапшырган. Ошондуктан, халифа мамлекеттик мүлктү колунан келишинче иштетип, байтулмалдын түшүмдөрүн мусулмандарга пайдасы жалпы болгон нерселер менен көбөйтсүн, а бирок, мамлекеттик мүлк иштетилбестен, пайдасы сая кетип, кирешелери токтоп калбасын.

Расулулла ﷺ жана ал кишиден кийинки халифалар бул мүлктөрдү Ислам жана мусулмандар кызыкчылыгынан деп билген ижтихады боюнча иштетишкен.

Мамлекеттик мүлктү иштетүүсү – бул мамлекеттин соодагер, же иштеп чыгаруучу, же жумушчу болуп калышын түшүндүрбөйт. О.э. мамлекеттин соодагер, же иштеп чыгаруучулар, же жумушчулар тасарруфуна окшогон тасарруф кылышын түшүндүрбөйт. Мамлекет башкаруучу болуп саналат. Ошондуктан, мамлекеттин мамлекеттик мүлктү – адамдардын иштерин башкаруу жана мусулмандар кызыкчылыктарын өтөө о.э. мухтаждыктарын мол-көл кылып кандыруу жүзөгө чыга турган даражада – иштетүүсү важиб болот. Максат – башкаруу, байлык эмес.

Мамлекеттин мүлкүн иштетүү бир нече жолдор менен болот:

1. Сатуу же ижарага берүү. Мамлекеттин мусулмандарга ыңгайлуулук жаратуу жолунда мамлекеттик мүлк болгон жер жана бина元ларды мухтаждыгына карай сатышы же ижарага бериши жайиз. Бул жер шаар ичиндеги жер болсо, аны базар же башка нерселерди куруу үчүн; шаар тышкарысында же шаарга жакын болсо, аларды дүкөн куруу, айбанаттарды жана канаттууларды багуу майданын куруу үчүн; же деңиз жана дарыя жээктериндеги жер болсо, бул жерде өнөржай ишканасын же экономикалык иншааттарды куруу үчүн; сугат жер болсо, бул жерлерди дыйканчылык жана бак-дарак эгүүгө сатышы же ижарага бериши жайиз. Бирок, жер дыйканчылык үчүн ижарага берилбейт, тескерисинче, сатылат.

2. Мамлекеттик мүлк болгон, баары же көпчүлүгү бак-дарактуу жерлерди – Расулулла ﷺ Хайбар, Фадак жана Вадил Куро калкы менен мамиле кылгандай – ошол жерден чыккан нерселердин 1/2, 1/3, 1/4ге ылайык мамиле кылуу жайиз.

3. Эгин эгүү, айдоо, кароо үчүн жумушчуларды ижарага алып, сугат жерлерде иштетүү.

4. Өзөндөрдү, саздарды, бадалзарларды, шор жерлерди суу жолдорун пайда кылуу, сууну тартып кургатуу менен өздөштүрүү. Анткени муну менен жер эгин эгүүгө, бак-дарак отургузууга жарактуу болот.

5. Жерди ажыратып берүү. Халифанын адамдарга мамлекеттик мүлк болгон жерлерден «Ислам жана мусулмандарга кызыкчылык бар» деп билген райы боюнча ажыратып бериши. Халифанын Исламда татыктуу кызмат кылган кишиге же фазылга о.э. дилин Исламга улфат кылууну көздөгөн кишиге жер ажыратып бериши жайиз. Халифанын жерди өздөштүрүү үчүн, аны бекер таштап койбоо үчүн, же түшүм, дан жана мөмөлөрдү көбөйтүү үчүн жерди ажыратып бергени сыяктуу эле, ырыскы каражатына мухтаж болгон дыйкандарга да ажыратып бериши жайиз. Качан гана пайда жерди ажыратып берүүгө байланыштуу болгондо халифага аны ажыратып берүү жайиз болот. Расулулла ﷺ о.э. ал кишиден кийинки халифалар – бул темада келген хадистерде айтылгандай – жерди ажыратып беришкен.

Мамлекет ээлик кылган жерден да адамдарга бөлүнүп берилет. Ал жерлерге төмөнкүлөр кирет:

I. Эгин айдоо жана бак тигүүгө жарактуу жерлер. Мисалы Пайгамбар ﷺ Зубайр ؓга Хайбар жана Бани Надир жеринен бөлүп бергени сыяктуу. Ал эки жерде бак жана курма тигилген эле. Фатх кылынган жайлардан ээлери качып кеткен жерлер да бөлүнүп берилет.

II. Мурун иштетилип жүрүп, кийин иштетилбей калган жерлер. Мисалы, Ирактагы Кувейт жана Басра ортосунда жайгашкан өрөөндөр сыяктуу жерлер. Мухаммад ибн Абу ас-Сакофийден риваят кылынат: «Басра калкынан болгон Нафиъ Абу Абдулла Умар ибн Хаттабдан хирожий эмес жерден, мусулмандардын бирөө жарымына зыян жеткирбей турган жерди атына беде алуу үчүн ажыратып беришин сурады. Умар ибн Хаттаб Абу Муса ал-Ашъарийге «эгер жер анын айтканындай болсо, ажыратып бер» деп кат жазды». Усман ибн Аффан Абу ас-Сакофийге Басрадагы шорлуу жана бадалдуу жерди ажыратып берди, кийин бул адам жерди иштетип өздөштүрдү.

III. Мурда таптакыр иштетилбеген өлүк жерлер. Андай жерлерди мамлекет өз кармагына алат. Мисалы, деңиздин, дарыянын жээктери сыяктуу шаар жана айылдарга жакын жайгашкан жерлер.

IV. Жер ээси үч жыл катарынан жерин иштетпей таштап койсо, мамлекет аны андан алып, башкага берет. Мисалы, Пайгамбар ﷺ Билал ؓга жер бөлүп берген. Кийин аны Умар ؓ ал жерди Билал ؓ аны иштетпей таштап койгондугу себептүү кайра кайтарып алып, башка мусулмандарга бөлүп берген. Абу Убайд ؓ риваят кылат: "Пайгамбар ﷺ Билал ؓга бир сайдын баарын бөлүп берди. Умардын заманы келгенде Умар ؓ Билал ؓга: Пайгамбар ﷺ сага жерди адамдардан тосуш үчүн бөлүп берген эмес. Аны сага иштетишиң үчүн берген. Андан кудуретиң жетишинче алып кал да, калганын кайтарып бер", - деген. Сахаба ؓдар ким жерин үч жыл катарынан иштетпей таштап койсо, аны кайтарып алып башкага берүүгө ижма кылышкан.

Жерди ажыратып берүү ушрий же хирожий жерден болот. Эгер ушрий жерден болсо – ушрий жер бул Араб жарым аралы жана Индонезия сыяктуу калкы өз ыхтыяры менен Исламга кирген жерлер – жер ажыратып берилген кишиге жердин өзүн жана пайдасын мүлк кылып, «мында мусулмандардын кызыкчылыктары бар» деген райы боюнча түбөлүккө же чектелүү бир мөөнөткө берүүсү халифага жайиз. Бул жерлер эч качан дыйканчылык кылынбаган же дыйканчылык кылынып, кийин өлүк жерге айланган дыйканчылык жана бак-дарак эгүүгө жарактуу жер болсо, аларды мүлк кылып берүү жайиз. Бул абалдардын баарында мүлк, албетте, өлүк жерден ажыратып берилген жерди өздөштүрүү жана өздөштүрүлгөн жерде эгин эгип, бак тигип дыйканчылык кылуу менен сабит болот. Нисабга жеткенде зекет важиб болгон нерселерде хирож важиб болбостон, ушр важиб болот. Себеби ушр жеринде хирож важиб болбойт.

Ал эми, жерди ажыратып берүү хирожий жерден болсо (хирожий жер Ирак, Сирия, Мисир сыяктуу күч менен фатх кылынган жерлер) каралат: Эгер ажыратып берүү өздөштүрүлгөн жерден болсо – анда бул жерге мурда хирож салынган же салынбаганына карабастан – ажыратып берилген жердин пайдасы гана мүлк кылып берилет. Жердин өзү болсо, мүлк кылып берилбейт. Себеби жердин өзү мусулмандардын мүлкү болуп саналат.

Бул ажыратып берилген жерлердин хирожу берилгенден кийин, эгер нисабга жетсе, зекет важиб болгон эгин жана мөмө-жемиштерге ушр берилет. Муса ибн Талхадан риваят кылынган хадисте: «Усман ибн Аффан Набий ﷺдын сахабаларынан беш адам Зубайр, Саъд, Ибн Масъуд, Усама ибн Зайд жана Хаббаб ибн Аратка жер ажыратып берген жана булардан экөөсү – Ибн Масъуд жана Хаббаб Усманды тастыктаган », - деди. Абу Юсуф айтат, Абу Ханифа: «Абдулла Ибн Масъуд жана Хаббабдын хирожий жерден жайлары болгон, Хусайн ибн Алинин, булардан башка сахабалардын жана Шурайхтын да хирож жери болгон жана бардыгы хирож беришкен», - деп айтты.

Ал эми ажыратып берүү өлүк жерден болсо, каралат: Эгер бул өлүк жер эзелтен өлүк жер болгон болсо, же мурда дыйканчылык кылынып, кийин каралбай, Куфа жана Басра арасындагы өзөн жерлер сыяктуу хирож салынышынан мурда өлүк жерге айланган болсо, халифанын бул ажыратып берилген жердин өзүн жана пайдасын мүлк кылып бериши же пайдасын гана мүлк кылып бериши жайиз. Бул жерлерге ээлик кылуу ажыратып берилгенден кийин, жерди бүтүндөй өздөштүрүү менен ээлик жүзөгө келет. Мейли, ажыратып берүү ажыратып берилген кишини бул жерге акылуу кылып койсо да, ээлик толук өздөштүрүлгөндөн кийин гана болот. Өздөштүрүү ажыратып берилгенден кийин үч жыл мөөнөт ичинде жүзөгө келиши керек. Товус риваят кылган хадисте мындай келген: «Жер үч жылдан кийин өздөштүрүлбөсө, таш менен ороп алуучунун анда акысы жок».

Бул жерлер мусулман адам үчүн ажыратып берилсе, мусулман кишиге бул жерден ушр берүү важиб болот, хирож важиб болбойт. Себеби, бул жердин өкүмү ушрий жерден ажыратып бериле турган жана өздөштүрүлө турган өлүк жердин өкүмүндө. Бул жаатта хадистер варид болгон, Урва атасынан, атасы Расулулла ﷺдан риваят кылган хадисте: «Ким дың жерди өздөштүрсө, ал жер аныкы», - делген. Амр ибн Шуайб атасынан, атасы чоң атасынан, чоң атасы Расулулла ﷺдан риваят кылган хадисте: «Ким өлүк жерди өздөштүрсө, ал жер аныкы», - делген. Эгер бул жерлер, зиммий кафирге ажыратып берилсе – фатх кылынгандан кийин ээлери бул жерге өздөрү төлөй турган хирож мукабылына жайгаштырылган жер сыяктуу – хирож төлөө важиб болот.

Ал эми ажыратып берилген бул өлүк жер мурда өздөштүрүлгөн жана хирож важиб кылынган болсо, бул жер мусулманга же зиммий кафирге

ажыратып берилсе да, хирож важиб болот, себеби, фатх кылынган жерлерден хирож важиб кылынгандары ар дайым хирожий жер бойдон калат.

6. Өлүк жерди өздөштүрүүгө уруксат берүү жана ага шыктандыруу. Бул адамдарды ушрий жер же хирожий жерби, же мурда өздөштүрүлбөгөн дың жер же өздөштүрүлүп андан кийин кароосуз ташталган жерби, айырмасыз, халифанын өлүк жерди өздөштүрүүгө уруксат бериши жана өздөштүрүүгө кызыктыруусу менен болот.

Жерди өздөштүрүү эгер жашоо үчүн, же дүкөн, ишкана, айбанаттар же канаттууларга майдан куруу үчүн болсо, анда өздөштүрүү куруу жана үстүн жабуу менен толук болот. Себеби, өздөштүрүү – жашоого мүмкүн болгон, же дүкөн, ишканалар үчүн иштетүү мүмкүн болгон, же айбанаттар жана канаттууларды коюу мүмкүн болгон имараттын бүтүшү менен болот. Эгер жерди өздөштүрүү дыйканчылык же көчөт эгүү үчүн болсо, эгер жер кайракы болсо, анда эгиндер сугарыла турган, короолонуу менен башка жерлерден ажыратылып, ал жерге суу алып келүү жана бул жерден кудук казуу менен өздөштүрүү толук болот. Эгер жер суу каптаган жер болсо, анда өздөштүрүү сууну тосуу жана сууну кургатуу менен о.э. өңгүл жерди тегиздөө, чукур жерди толтуруу менен болот. Өздөштүрүүнүн толук болушу менен жогоруда өткөн өздөштүрүүгө тиешелүү хадистер жана Айша ﵂нын Расулулла ﷺдан: «Ким өлүк жерди өздөштүрсө, ал жер аныкы», - деген хадистери себептүү ээлик толук болот.

Ал эми, таш менен жерди короолоого келсек, аны менен ээлик толук болбойт. Эгер таш менен оролгон жер өздөштүрүүсүз үч жыл калып кетсе, ороп алуучунун акысы калбайт. Товустан риваят кылынган хадисте ровий айтат: «Расулулла ﷺ эгин жер Алла жана анын Расулунуку, андан кийин силер үчүн. Ким өлүк жерди өздөштүрсө, жер ошонуку. Жер үч жылдан кийин өздөштүрүлбөсө, таш менен ороп алуучунун анда акысы калбайт».

Кимде-ким ушрий жерден өлүк жерди өздөштүрсө, мусулман болсун же кафир болсун, жердин өзүнө жана пайдасына ээ болот, мусулман кишиге болсо бул жерден, эгер мөмө-жемиштер нисабга жетсе, зекет важиб болот. Мусулман кишиге хирож важиб болбойт, себеби, ушрий жерде хирож жок. Ал эми кафирге ушр да, хирож да важиб болбойт. Себеби, кафир зекет калкынан эмес жана хирож ушрий жерде важиб болбойт.

Эгерде кимде-ким мурда хирож важиб болбогон хирожий жердеги дың жерди өздөштүрсө, эгер өздөштүрүүчү мусулман болсо, жердин өзүнө жана пайдасына ээ болот. Эгер өздөштүрүүчү кафир болсо, жердин пайдасына гана ээ болот. Жана мусулманга бул жерден хирож эмес, ушр важиб болот, ал эми кафирге болсо хирож важиб болот.

Кимде-ким өлүк жерге айланышынан мурда хирож важиб кылынган хирожий жердеги өлүк жерди өздөштүрсө, кафир же мусулман болсун, жердин өзүнө ээ болбостон пайдасына гана ээлик кылат жана ага хирож важиб болот. Себеби, ал жер хирож важиб кылынган жер болуп, фатх кылынган жер коидасына түшөт. Ошондуктан, бул жерде хирож – мусулман же кафир ээ болушуна карабастан – туруктуу бойдон калат.

Эгер өздөштүрүү дыйканчылык үчүн болбостон, жашоо, ишкана же дүкөн үчүн, же болбосо, майдандарды пайда кылуу үчүн болсо, бул жерге ушр да, хирож да жок. Ушрий жер болобу, хирожий жер болобу айырмасы жок. Ирак, Шам жана Мисирди фатх кылган сахабалар жана Умар ибн Хаттаб заманында буларга хирож важиб кылынбаган. Алар зекет беришпеген, себеби, зекет турак-жай жана имараттарга эмес, балким, эгин жана мөмө-жемиштерге важиб болот.

## Марофик (ыңгайлуулуктар)

Марофик – мирфактын көптүк түрдөгүсү. Мирфактын мааниси – бул пайдаланыла турган нерселер. Үй-жай, шаар, мамлекет мирфактары деп да колдонулат. Бул лугат араб тилиндеги «рафака бихи» деген т.а. «аны пайдаландырды жана ага жардам берди» деген сөзүнөн алынган. Демек, умумий марофик дегенде бардык эл пайдалануусу үчүн мамлекеттин жаратып берген кызматтары жана ыңгайлуулуктары түшүнүлөт. Ыңгайлуулуктар төмөнкүлөрдү өз ичине алат:

1) Почта, кат, телефон, телеграмма, телекс, телевизиондук байланыштар, жасалма жер жандоочусу (спутник) жана башка ушул сыяктуу нерселерден турган кызмат ыңгайлуулуктары.

2) Аманат коюу, акча алмаштыруу, алтын жана күмүш акчаларды басып чыгаруу жана аларды куйма абалына айландыруудан турган банк кызматтары ыңгайлуулуктары. Мамлекет бул кызматтарды аткарат жана бул кызматтар сүткордук болбогондуктан, бул кызматтарды аткаруусу жайиз.

3) Умумий транспорт жана байланыш ыңгайлуулуктары. Булар умумий жолдо болбогон поезддер сыяктуу.

Себеби, умумий жолдогу поезддер – умумий жолго ылайык – самолёттор жана деңиз транспорту сыяктуу умумий мүлк болуп саналат. Ал эми умумий жолдо болбогон каражаттар фардий мүлк болуп, жеке адамдардын аларга ээлик кылуусу жайиз. Ошол эле убакта, самолёт, поезд, кемелерден турган бул каражаттарга – эгер мусулмандардын кызыкчылыгы жана аларга ыңгайлуулук жаратуу зарылдыгы үчүн буларда (транспорт каражаттарында) жеңилдик бар деп билсе – мамлекеттин ээлик кылуусу жайиз.

4) Заводдор: Адамдардын кызыкчылыктарын башкаруу важибдигине ылайык, мамлекетке эки түрдөгү заводдорду куруу важиб болот.

Биринчи түр: Кен байлыктарды казуу, тазалоо, эритүү заводдору жана нефтини чыгарып алуу, тазалоо заводдору сыяктуу умумий мүлкчүлүккө

тиешелүү болгон заводдор. Бул түрдөгү заводдор – иштеп чыгарган продукцияларына карай – умумий мүлк болушу жайиз болот. Умумий мүлктүн ар бир нерсеси бардык мусулмандар үчүн жамаат мүлкү болгондуктан, алардын заводдорунун бардык мусулмандар үчүн умумий мүлк болушу жайиз. Мамлекет бул заводдорду мусулмандардын атынан өзү курат.

Экинчи түр: Оор өнөржайга жана курал-жарак өнөржайына тиешелүү заводдор. Бул түрдөгү заводдордун жеке адамдарга мүлк болушу жайиз. Себеби, бул түр фардий мүлкчүлүктөн. Бирок, бул сыяктуу заводдор жана өнөржайлар үлкөн каражатка мухтаж, бүгүнкү күндө жеке адамдарда мындай каражаттар жетиштүү эмес. Ошондуктан, Расулулла ﷺ жана ал кишиден кийинки халифалар заманында болгондой, азыркы күндө да бул сыяктуу өнөржай жана оор куралдар фардий мүлк эмес, мамлекеттик мүлк болот. Мамлекет бул куралдарды жетиштүү даражада иштеп чыгарат. Анын мойнундагы башкаруу жоопкерчилиги ушуну талап кылат, айрыкча, курал-жарактар жогорку даражада өнүккөн жана өтө чоң каражатты талап кыла турган бүгүнкү күндө аларды иштеп чыгаруу үчүн заводдорду куруу мамлекеттин мойнундагы милдет болуп калат. Бирок, бул нерсе жеке адамдардын ушул өнөржайды куруудан кайтарылышын түшүндүрбөйт.

Мамлекеттин өз мойнундагы жоопкерчилигин өтөө талабы менен бул төрт ыңгайлуулуктарды адамдарга толук жетиштүү кылуусу важиб. Бул ыңгайлуулук мамлекеттик мүлк болгондугу себептүү, анын киреше жана пайдалары да мамлекеттик мүлк болуп, байтулмалдын кирешелеринен болуп эсептелет жана олжо, хирож дийванына коюлуп, өз орундарына сарпталат.

Ал эми медресе, университет, оорукана жана умумий жолдор сыяктуу, адамдарга ыңгайлуулук жарата турган көптөгөн курулуштар жана мамлекетке жетиштүү кылуу важиб болгон башка ыңгайлуулуктар байтулмалга бир да пайда келтирбейт, балким, ар дайым сарп-каражатка мухтаж болот жана бул ыңгайлуулуктардын таптакыр киреше жок.

## УШРЛАР

Ушрлар – бул мусулмандар үчүн болгон жана Халифалык мамлекетинин чегарасынан өтүүчү дарул-харб калкынын жана зиммийлердин соода маталары жана малынан алына турган акы. Ушр жыюучу – ашир деп аталат.

Ал эми, макс – бул мамлекет чегарасынан өтүп жаткан тижарат малынан акысыз түрдө алынган мал. Укба ибн Амир Расулулла ﷺдын **«Макс алуучу жаннатка кирбейт»** деп айтканын уккандыгын риваят кылат. Ровий "бу хадистеги сохибул макс – мамлекет чегарасынан өтүп жаткан тижарат малынан ушр алуучу маанисинде" деген. Курайз ибн Сулаймандан «Умар ибн Абдулазиз Абдулла ибн Ауф ал-Корийге «Рафхдагы бажыкана делген үйгө баргын жана бузуп деңизге чачып жибергин» деп кат жазган» деп риваят кылынган. О.э. Умар ибн Абдулазиз Адий ибн Артоъага: «Адамдардан фидяны, тамакты жана максты алып ташта, бул салык эмес, балким, Алла Таала айткан «уруп калуу» болот:

﴿ وَلَا تَبۡخَسُواْ ٱلنَّاسَ أَشۡيَآءَهُمۡ وَلَا تَعۡثَوۡاْ فِي ٱلۡأَرۡضِ مُفۡسِدِينَ ﴾

*«Адамдардын нерселерин (таразада) уруп калбагыла жана жерде бузукулук менен каңгып жүрбөгүлө».* [11:85]

Кимде-ким садака алып келсе аны кабыл алгыла, ким алып келбесе ага Алланын өзү жетиштүү», - деп кат жазды.

Бул хадис жана асарлардын баарында макс караланган. Макс жыюучуга карата катуу жана жаман кабарлардын келиши макс алуунун жайиз эместигине далалат кылат.

О.э. ушр мусулмандардан жана чегарадан өтүп жаткан зиммийлердин малдарынан алынбастыгын баяндаган башка хадистер да бар. Ушр дарул-куфр калкынан гана алынышын көрсөтө турган башка хадистер келген. Мисалы: Абдурахман ибн Маъколдон риваят кылынган хадисте Абдурахман айтат: «Мен Зияд ибн Худайрдан: «Кимден ушр алчу элеңер?» - деп сурадым». Ал: «Биз мусулмандан жана зиммийден ушр алчу эмеспиз», - деди. Мен: «Анда кимден ушр алчу элеңер?», - деп сурадым. Ал: «Дарул-куфр соодагерлеринен биз жибергенде бизден ушр алгандары сыяктуу, биз да ушр алчубуз», - деди. Амр ибн Динардан риваят кылынган хадисте Амр айтат: «Муслим ибн Мисбах Ибн Умардан: «Сиз Умардын мусулмандардан ушр алганын билесизби?» - деп сураганын жана Ибн Умардын: «Жок, алганын билбеймин», - деп айтканын мага кабар берди». Бул хадистер мусулмандардан жана зиммийлерден ушр алынбагандыгын, балким, ушр дарул-куфр калкынан "теңме-тең мамиле кылуу" коидасына ылайык, алар салык алгандыгы үчүн, алардан ушр алынышын ачык баяндап берет.

Бирок, Умар ибн Хаттаб жана ал кишиден кийинки халифалар, Усман, Али, Умар ибн Абдул-Азиздер мамлекеттин чегарасынан өтүп жаткан

соодагерлерден ушр алгандарын баяндаган башка кабарлар да келген. Алар мусулмандардын соодагерлеринен рубъул ушр (т.а. кырктан бир) жана зиммийлерден жарым ушр (жыйырмадан бир) жана дарул-куфр соодагерлеринен ушр алышкан. Зияд ибн Худайрдан риваят кылынган хадисте Зияд айтат: «Умар ибн Хаттаб мени ушр жыюучу кылды жана мага мусулмандардын соодагерлеринен кырктан бир алууну буюрду». Зияд башка хадисте айтат: «Умар ибн Хаттаб мага Бани Таглиб уруусу насронийлеринен ушр алууну жана ахли китептерден (яхудийлер жана насронийлерден) ушрдун жарымын алууну буюрду». Абдурахман ибн Маъкол Зияд ибн Худайрдан кылган риваятында Зияддын дарул-куфр соодагерлеринен ушр алганы риваят кылынган. Саиб ибн Язидден риваят кылынган хадисте Саиб айтат: «Мен Умар رضي الله عنه заманында Медина базарында болдум. Биз набаттардан ушр алчубуз». Абдулла ибн Умар риваят кылып айтат: «Умар رضي الله عنه Мединага жүк көбөйсүн үчүн (т.а. набаттардын май жана буудайын Мединага тартуу, аларды кызыктыруу үчүн) набаттардан май жана буудайдан ушрдун жарымын, а пахтадан болгон маталардан болсо толук ушр алат эле». Зурайк ибн Хаййан Дамашкийден риваят кылынган кабарда, Зурайк Мисирге өтө турган жерде ушр алуучу болгон. Умар ибн Абдулазиз ал кишиге: «Зиммийлердин соода малдарынын ар 20 динарынан бир динар алгын. Эгер 20 динардан аз болсо, он динарга чейин ошол эсеп менен, эгер динардын үчтөн биринен аз болсо, малдарынан бир да нерсе албагын», - деген.

Бул хадистер Умар ибн Хаттаб жана ал кишиден кийинки халифалардын чегарадан өтүп жаткан мусулман соодагерлерден ушрдун төрттөн бирин, зиммий соодагерлерден ушрдун жарымын, дарул-харб соодагерлеринен толук ушр алгандарына жаркын далил болот. Бул окуя сахабалардын көз алдында жүз берген, ошондуктан, алардын сүкүт сактоолору ушр алуу жайиз экендигине ижма болот. Адий ибн Артоъага адамдардан максты алып таштоону, Абдулла ибн Ауф ал-Корийге Рафх деген жердеги макс алуучу жайды бузуп таштоону айткан Умар ибн Абдулазиз болсо, Мисирдеги ушр жыюучу Зурайк ибн Хаййан Дамашкийге зиммийлерден ушрдүн жарымын алууну буюрган. «Биз мусулмандардан жана зиммийден ушр албайт элек», - деген Зияд ибн Худайр өзүнүн башка риваятында: «Умар ибн Хаттаб мусулмандардан ушрдун төрттөн бирин, зиммийлерден ушрдун жарымын алууну мага буюрду», - дейт. Мына бул хадис жана риваяттар жогорудагы макс алууну жамандаган жана макс алуучуну катуу каралаган Умар ибн Хаттаб жана Зияд ибн Худайр «Мусулмандан жана зиммийден ушр алган эмеспиз» деп риваят кылышкан хадистерге тескеридей көрүнөт.

Бирок, бул темада келген риваят жана хадистердин бардыгын көңүл коюп текшерүүнүн натыйжасында, негизи, бул хадис жана риваяттардын ортосунда таптакыр карама-каршылык жок экендиги анык болот. Себеби,

жамандалган жана алуучусу катуу каралanган макс алуу – бул мусулмандардан акысыз түрдө алынган малдарда же чегаралардан өтүүчү соодагерлерден ушрдун төрттөн биринен көбүрөөк алынган малдарда көрүнөт. Мусулман кишиге ушр важиб болбойт, соода маталарына болсо зекет гана важиб болот. Соода маталарында важиб болгон ушрдун төрттөн бири бул салык да эмес, ушр да эмес. Ибн Умар жана Зияд ибн Худайрдын хадистеринен максат, Умардын ушр албаганы, балким, мусулмандардан зекет алгандыгы. Анын көлөмү ушр болбостон, балким рубъул-ушр эле (т.а. ондон бир болбостон, кырктан бир эле).

Зиммийлерден да ушр алынбаган, балким, ушрдун жарымы алынган. Алардан алынган ушрдун жарымы болсо Умар ибн Хаттаб заманында Ирак, Шам жана Мисир фатх кылынганда шарт кылынган. Мына ушуну менен кайтарылган жана алуучусу катуу каралanган макс – бул мусулмандан болсун, же зиммийден болсун, же дарул-харб калкынан болсун, аларга шарт кылынганынан көбүрөөк алынган, же болбосо, мусулман соодагерлерибиз кафирлердин өлкөлөрүнө барганда алар алышкандан көрө көбүрөөк алынган туура эмес нерсе болуп саналат.

Чындыгында, бул карама-каршылыкты жоюучу риваяттар бар. Абу Убайд «Амвал» китебинде ушр алуучуну айтып жатканда марфуъ хадисти келтирип, мындай деген: «**Ушр алуучу – гойрихак** (акысыз түрдө) **садака ала турган киши».** Жана муну мындай тафсирлеген: «Эгер ушр алуучу ушр алууда зекеттин аслинен артыкча алса, зекетти гойрихак алыптыр». Андан кийин, Абу Убайд мындай деп уланткан: Ибн Умардан «Умардын мусулмандардан ушр алганын билесизби?» - деп суралганда, ал: «Жок, билбеймин», - деп жооп берген хадистин мазмуну да ушуга окшош. Албетте, биз Ибн Умардын зекетти аслинен артыкча алууну назарда тутуп жатканын, зекет алууну назарда тутпаганын көрүп жатабыз. Умар жана башка халифалар акыларды берип жатканда зекет алышат эле. Ибн Умардын пикири зекетти аларга берүү жөнүндө болгон. Кийин, Абу Убайд мындай деп улантты: «О.э. Зияд ибн Худайрдын «биз мусулмандан жана зиммийден ушр алчу эмеспиз» деген хадисинде да, «биз мусулмандан ушрдун төрттөн бирин жана зиммийден ушрдун жарымын алчубуз» деген маани айтылган. Булар Зияд ибн Худайрдан риваят кылынган башка риваяттарда ачык келген». Абу Убайд зиммийлерден ушр алуунун өзү мүшкүл болгонун айтат. Себеби, алардан садака алынгыдай зиммийлер мусулман эмес, мусулмандардан ахли харб алганчалык көлөм алынгыдай алар ахли харб да эмес. Кийин, Абу Убайд: «Мен хадисти жакшылап ойлондум жана Умардын зиммийлер менен ар бир баштын жизясы жана хироождон тышкары ошол көлөмгө келишкенин таптым», - деди. О.э. Котоданын Абу Мужлизден кылган риваятында, Умар ﵁нун Усман ибн Аффанды Иракка жибергени жөнүндөгү узун хадисинде, Умардын мына бул сөздөрү келген: «Барып-келип жүргөн зиммийлердин малдарынын ар бир 20 дирхамына бир дирхам жана

алардын өздөрүнөн жизя алгын». Абу Убайд мындай деп улантат: «Мен зиммийлердин соодагерлери менен ушр алууга келишим түзүлгөн деп ойлодум. Бул ушр бүгүнкү күндө мусулмандардын зиммийлер мойнундагы акысы болуп саналат». Ушул сыяктуу Малик ибн Анас: «Зиммийлер эгер өз шаарларынан соода үчүн чыгышса, ар бир чыкканы үчүн алардан алынышына келишилген», - деди. Мына ошентип, хадистердин ортосунда карама-каршылык жок экендиги жана каралаган салык – бул малды акысыз түрдө алуу экендиги айкын болот.

Ушулардан келип чыгып, мусулман соодагерлердин мамлекет чегарасынан өтүп жаткан малдарына рубъул ушр т.а. кырктан бир зекет алынат. Себеби, соода маталарынын зекети акча сыяктуу болот. Акчанын зекетинде важиб болгон нерсе – кырктан бир. Соода маталарынын зекети да акчанын зекети сыяктуу. Акчанын зекетинен ашырылбайт жана кемитилбейт. Себеби, бул көлөм Алланын мусулман кишиге – Курандагы сегиз топко малын тазалоо үчүн – важиб кылган мусулман кишинин малындагы акысы. Бул садака дийванга коюлуп, өз орундарына сарпталат.

Зиммий соодагерлердин чегаралардан өтүп жаткандарына Умар ибн Хаттаб заманында келишилген келишим жана мамилеге ылайык нисфул ушр т.а. жыйырмадан бир алынчу. Эгер бүгүнкү күндө ахли китептер же алардан башкалар менен жаңы келишим түзүлсө, алар мамлекет чегарасынан алып өтүп жаткан соода малдарына алып жатышкан салыктын көлөмү ушр менен ушрдун үчтөн бири, төрттөн бири же жарымы менен, же болбосо жарымынан көбүрөөгү же азыраагы менен белгиленет. Келишим кылынган нерсеге моюн сунуу важиб болот.

Дарул-харб соодагерлеринин мамлекет чегарасынан алып өтүп жаткан малдарынан алардын мамлекети мусулмандардан кармап калып жаткан көлөмдө бирдей мамиле кылып ушр алынат. Алар биздин соодагерлерибизден алгандары сыяктуу т.а. аз болсо аз, көп болсо көп алабыз. Чындыгында, Умар ибн Хаттаб жана ал кишиден кийинки халифалар доорунда дарул-куфр калкы менен бирдей мамиле кылынып ушр алынчу. Зияд ибн Худайрдан риваят кылынган хадисте: «Умар ибн Хаттаб ушр алууга жөнөткөн адамдардын алгачкысы мен элем. Умар ибн Хаттаб мусулмандардан кырк дирхам эсебинен бир дирхам, зиммийлерден ар жыйырма дирхамдан бир дирхам алышымды, зиммий болбогондордон, биз алардын өлкөлөрүнө барганыбызда бизден алышканы сыяктуу ондон бир алышымды буюрду», - деди. Анас ибн Маликтен риваят кылынган хадисте: «Умар ибн Хаттаб мени ушр алууга жөнөттү жана мага мусулмандардын соодалары үчүн келип-кетип жүргөн малдарынан кырктан бирин, зиммийлерден жыйырмадан бирин алышыма жана дарул-харб калкынан ондон бир алышыма буйрук жазып берди», - деп айтат.

Абу Муса Ашъарий Умар رضي الله عنهга: «Албетте биз тараптан соодагер мусулмандар куфр өлкөсүнө барышканда, алар мусулмандардан ондон бир алышат», - деп кат жазды. Ошондон кийин Умар رضي الله عنه Абу Муса Ашъарийге: «Сен куфр мамлекеттердин элдеринен мусулман соодагерлерден алгандарындай алгын», - деп кат жазды. Манбиж калкы Умарга: Бизге жериңизге соода үчүн кирүүгө уруксат бериңиз, бизден ондон бирин аласыз, - деп кат жазышты. Кийин Умар رضي الله عنه Расулулла ﷺдын сахабалары менен ушул тууралуу кеңешти. Алар Умарга ондон бирин алууга кеңеш беришти, ошондуктан, куфр дияры калкынан алына турган салыктын көлөмү – аны менен бирдей мамиле кылынып – биздин соодагерлерибизден алышкан көлөмдө болот. Эгер биз бүгүнкү күндө мамлекеттер менен жаңы келишим түзсөк, бул келишим алар биздин соодагерлерибизден ала турган салыкты белгилеп берет жана биз алардын соодагерлеринен келишим белгилеп берген салыктын көлөмүн алууга моюн сунуубуз важиб болот, бул көлөмдөн артыкча алышыбыз жайиз эмес.

Албетте, зиммийлерден жана куфр дияры калкынын соодагерлеринен алына турган нерселер мусулмандар үчүн олжо болуп, булар фай жана хирож дийванына коюлуп, жизя жана хирож орундарына сарпталат.

Зиммийлер жана куфр диярынын соодагерлеринен алына турган көлөм халифанын ыхтыярына тапшырылган. Халифанын түзүлгөн же түзүлө турган келишимдин алкагында жана биздин соодагерлерибизге мамиле кылышканы сыяктуу бирдей мамиле кылуу коидасынан келип чыгып, анда Ислам жана мусулманга, даъватты жаюуга пайдалуу деп көргөн райынан келип чыгып, көлөмдү көбөйтүүсү же азайтуусу жайиз. Абдулла ибн Умардан риваят кылынган хадисте: «Умар رضي الله عنه набаттардын май жана буудайынан, Мединада товарлар көбөйсүн үчүн, жыйырмадан бирин алчу, пахта матасынан болсо ондон бирин алчу» - деди.

## Ушрлар эмнелерден жана качан алынат?

Ушрлар мата болобу, айбан, эгин же мөмө болобу, түрү кандай болбосун, соода малдарынын баарынан алынат, соода малдарынан башка малдардан алынбайт. Жеке адамдын кийимдеринен, аспаптарынан, өзү иштете турган нерселеринен жана азык-түлүгүнөн ушр алынбайт. Эгер бирер адам көтөрүп жүргөн нерселери соода үчүн эместигин айтса, муну хужжат менен далилдеши керек.

Зиммийлердин жана куфр дияры соодагерлеринин чегаралардан өтүүчү соода малдарынан гана ушр алынат. Зиммийлер жана куфр дияры калкынын чегара ичкерисиндеги соодаларынан алынбайт, эгер келишим боюнча же мамлекеттер менен болгон соода келишими чегара ичкерисиндеги малдан ушр алууну баяндаган болсо гана алынат. Себеби, зиммий жана куфр дияры калкына зекет жок. Зиммийлер чегара ичкерисинде өздөрү үчүн жизя, жерлери үчүн хирож гана беришет, бирок, зиммийлер менен сулх келишиминде «Ухдатул-Умарий»де т.а.

Умардын келишимдеринде келгени сыяктуу, аскерлерди багуу жана мусулмандарды конок кылуу сыяктуу нерселерди баяндаган болсо, зиммийлер жизя жана хирожго кошумча түрдө келишимдеги нерселерди беришет. Куфр дияры калкы менен бирдей мамиле кылууга, келишимге, алардын Ислам диярына киргүүлөрүнө уруксат берүү шарттарына баш ийүү керек болот. Эгер келишилген келишимдерде Ислам дияры ичинде алардын соодалары үчүн бирер нерсе алынуусу келишилген болсо, ал алынат, болбосо алынбайт. Мусулмандарга келсек, алардын малдары жана соода маталарына зекет важиб болот.

Ушр бир жылда бир матага бир жолу алынат, соодагердин ашир алдынан канча жолу өтүшүнүн айырмасы жок. Зияд ибн Худайрдан риваят кылынган хадисте айтат: «Зияддын атасы бир насронийден ар жылы эки жолу ушр алчу. Насроний Умар ибн Хаттабга келип: «Эй момундар амири, ушр алуучуңуз менден ушрду бир жылда эки жолу алып жатат», - деди. Умар ﷺ ага : «Бир жылда эки жолу алуу жайиз эмес, балким ар жылы бир жолу алуу жайиз», - деди. Андан кийин, насроний Умарга экинчи жолу келип: «Мен насроний чалмын», - деди. Ошондо Умар: «Мен ханиф чалмын, сенин мухтаждыгың жөнүндө жазып жибердим», - деди.

Ал эми, эгер зиммий жана дарул-харбда жашоочу соодагер ар өткөндө мурункусунан башка, жаңы мал менен же ар түрдүү маталар менен бир нече жолу өтсө, ал мусулман кишинин алып өтүп жаткан соода малынын ар бирине зекет алынганы сыяктуу, зиммийдин алып өтүп жаткан ар бир жаңы соодасынан ушрлар алынат. Эгер мусулман адам соодасынын зекетин бергенин айтса, анда ант ичип же хужжат менен тастыктоосу керек. Себеби, зекет бир жылда бир жолу гана важиб болот. Мусулман адам алып өтүп жаткан соодасынын зекети – рубъул ушр зекет абалында алынат.

Мусулман соодагердин малы нисабына жетсе жана ага бир жыл айланса т.а. кыйматы 20 мискал алтынга жетсе (85 гр.) же 200 дирхам күмүшкө жетсе (595 гр.) рубъул ушр (1/40) алынат. Эгер малы зекет нисабына жетпесе, андан эч нерсе алынбайт. Ал эми зиммий жана куфр диярында жашаган адамдан көп болобу же аз болобу ага карабастан, соода малынын ар биринен ушр алынат.

Ушр алуучунун милдети өтө назик. Себеби, ашир адамдарга зулум кылуу, алардан пара алуу сыяктуу илдеттерге жолугушу мүмкүн. Ошондуктан, ушр алуучу адамдарга зулум кылып, алардын мамилелерин начарлатпашы, алуусу важиб болгондон көбүрөөк албашы, ачкөз жана паракор болбошу, пара акысына соодагерлерден алынуусу важиб болгон нерсени азайтып, байтулмалга т.а. мусулмандар акысына зыян келтирбеши үчүн таква адамдардан болушу керек. О.э. ушр алуучунун абалын текшерип туруу керек. Кимде-ким милдетине кыянаттык кылса жазаланат, же катуу эскертүү берилет, же кызматтан четтетилет.

## АКИМДЕР ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН КЫЯНАТ МАЛДАРЫ, ГОЙРИШАРЪИЙ ЖОЛ МЕНЕН ӨЗДӨШТҮРҮЛГӨН МАЛДАР, ЖАЗАНА МАЛДАР

Кыянат малы – бул мансаптагы адамдардын же жумушчу жана мамлекеттик кызматкерлердин гойришаръий жол менен мамлекеттин же адамдардын малдарынан өздөштүрүп алган бардык малдары. Мансаптагы адам жана кызматкерлерге мамлекет белгилеген акы жана айлык маяна гана адал болот. Валий, жумушчу же кызматкерлердин күч менен, мансап жана өкүмдарлык менен мамлекет же жеке адамдардын малынан өздөштүрүп алган малы – кыянат малы болот. Кыянат мал жана арам жол менен табылган мал – ээси жок мал деп этибар кылынат. Анткени, бул мал гойришаръий жол менен өздөштүрүлгөн. Бул малдарды – эгер ээлери табылса – аларга кайтаруу важиб. Бирок, бул малдардын ээлери табылбаса, мусодара (конфискация) кылуу жана мусулмандар байтулмалына коюу важиб, Алла айтат:

﴿ وَمَن يَغۡلُلۡ يَأۡتِ بِمَا غَلَّ يَوۡمَ ٱلۡقِيَٰمَةِۚ ﴾

*«Кимде-ким кыянат кылса, кыямат күнү кыянат кылган нерсеси менен келет».* [3:161]

Муаз ибн Жабалдан риваят кылынган хадисте Муаз айтат: «Мени Расулулла ﷺ Яманга жөнөттү. Мен жөнөп жатканда артымдан чабарман келди. Мен кайтып келдим. Расулулла ﷺ: **«Эмне үчүн чабарман жөнөткөнүмдү билесиңби? Менин уруксатымсыз бир да нерсе албайсың, себеби, ал кыянат болот. Кимде-ким кыянат кылса, кыямат күнүндө кыянат кылган нерсеси менен келет. Сени ушуга чакырдым эле, эми ишиңди уланта бер»**, - деди». Бул хадисти Термизий риваят кылган. Абу Масъуддан риваят кылынган хадисте ал киши: «Расулулла ﷺ мени садака жыюучу кылып жөнөтүп жатып: **«Эй, Абу Масъуд, баргын, мен сенин кыямат күнүндө артыңда кыянат кылып алган садака төөсү бакырган абалда келгениңди көрбөйүн»**, - деди. «Анда барбаймын» дедим. Ошондо Расулулла ﷺ: **«Анда сени мажбур кылбаймын»**, - деди».

Валийлер, жумушчулар жана мамлекеттик кызматкерлердин малды гойришаръий жолдор менен өздөштүрүүлөрү төмөнкүлөр:

### Пара

Валий, жумушчу, казы же мамлекеттик кызматкерлер мал албастан аткаруусу важиб болгон иштерде адамдардын аларга бирер мухтаждыгын кандыруу үчүн мал берүүсү – пара деп аталат. Пара, түрү кандай болушуна карабастан, көп болобу же аз болобу, кандай жол менен берилбесин жана кандай мамиле үчүн алынбасын – алардын бардыгы харам. Абу Давуд Абу Хурайрадан риваят кылып айтат: Расулулла ﷺ: **«Өкүм чыгарууда пара берүүчү жана пара алуучуга Алланын**

**наалаты болсун!»** деди. Термизий Абдулла ибн Амрдан риваят кылып айтат: Расулулла ﷺ: **«Пара берүүчү жана пара алуучуга Алланын наалаты болсун!»** деди. Ахмад Савбандан риваят кылып айтат: **«Расулулла ﷺ пара берүүчүнү жана пара алуучуну о.э. алардын ортосундагы ортомчуну наалаттады».** Бул хадистер паранын арам экендигин далилдейт.

Пара кээде акысыз аткаруу важиб болгон мухтаждыкты кандыруу акысына аны аткаруусу важиб болгон адам тарабынан алынат, кээде аткаруу важиб болгон ишти аткарбоо акысына алынат же мамлекет аткарууга тыюу салган ишти аткаруу акысына алынат. Бул зыянды жоготуу үчүнбү, мухтаждыкты аткарып жатканда пайда кылуу үчүнбү, айтор, айырмасы жок. Пара жолу менен табылган бардык малдар арам, ээси жок мал деп этибар кылынат. Бул малды мусодара кылып, байтулмалга коюу важиб болот. Себеби, бул мал гойришаръий жол менен табылган о.э. пара алуучуну, берүүчүнү жана булардын ортосундагы ортомчуну жазалоо да важиб.

### Хадя жана белектер

Жоопкер адамдарга, валийлерге же аамилдерге, же казыларга, же мамлекеттик кызматкерлерге хадя же белек деп сунушталган бардык малдар ушул түргө кирет. Бул малдар да пара сыяктуу. Мансаптагы адамдарга тартуу же белек кылуучунун мухтаждыгы түшө элегинде берилген мал да аларга адал болбойт. Себеби, бул малдарда тартуу кылуучунун кийинчерээк боло турган кызыкчылыкты жүзөгө чыгаруу же сый-урматка жетишүү жолундагы бузук ниети болот. Валийлер, аамилдер, казылар, мамлекеттик кызматкерлер үчүн болгон бардык белек жана хадялар «кыянат» деп этибар кылынат, бул кыянаттын орду тозок. Бухарий жана Муслим Абу Хумайд Саидийден риваят кылышкан хадисте Абу Хумайд айтат: «**Расулулла ﷺ Бани Асад уруусунан Ибн Утабиййа деген бир кишини садака жыюучу кылды. Ал келгенден кийин: «Мына мунусу силерге, ал эми булар мага хадя кылынгандары», - деди. Расулулла ﷺ минбарга чыкты жана Аллага хамду сана айткандан кийин: «Садака жыюучуга эмне болду? Биз аны садака чогултууга жөнөтсөк, ал келип: «Мунусу силерге, ал эми, мына булары мага хадя кылынгандары», - дейт. Ата-энесинин үйүндө отурсунчу, ага хадя кылынат бекен?.. Мухаммаддын жаны колунда болгон Затка ант болсун, кайсыл адам садака малынан бирер нерсени алса, кыямат күнүндө алган нерсеси төө болсо бакырган төөнү, уй болсо мөөрөгөн уйду, кой болсо маараган койду көтөрүп келет» - деди да, Расулулла ﷺ колдорун өйдө көтөрдү,**

**ал тургай, биз колтуктарынын агын көрдүк, андан кийин Расулулла ﷺ эки жолу – Аллахым, жеткирдимби? - деди».**

Ушуга караганда, валийлерге, аамилдерге, казыларга жана мамлекеттик кызматкерлерге хадя кылынган же белекке берилген бардык малдар «арам жол менен арттырылган, ээси жок мал» деп этибар кылынат жана бул малды мусодара кылуу жана мусулмандардын байтулмалына кошуу важиб болот. Себеби, бул мал гойришаръий жол менен өздөштүрүлгөн.

## Бийликтин күчү менен ээлик кылынган малдар

Акимдер, валийлер, мамлекеттик кызматкерлер, же алардын тууган-уруктары мамлекеттин малдарын же жерлерин, же адамдардын малдары же жерлерин бийлик жана мансаптын күчү менен о.э. зордук-зомбулук менен ээлеп алса, андай малдар ушул түргө кирет. Мамлекеттин малдарынан жана жерлеринен, же адамдардын малдарынан жана жерлеринен бул жолдордун бири менен ээленген бардык малдар «арам жол менен арттырылган мал» деп этибар кылынат жана бул малга ээ болунбайт. Себеби, бул мал гойришаръий жол менен арттырылган. Бул жолдордун бири менен ээленген бардык малдар «зулум» деп этибар кылынат. Зулум болсо арам жана кыямат күн зулматтарынан. О.э. мындай мал «кыянат» деп этибар кылынат. Кыянаттын орду болсо тозокто. Расулулла ﷺдан риваят кылынган хадисте: **«Кимде-ким жерден акысыз бир нерсени алса, кыямат күнүндө жети кабат жер астына жуткуруп жиберилет»,** башка риваятта болсо: **«Кимде-ким бир карыш жерди зулум менен алса, кыямат күнүндө жети кабат жер мойнуна асылат»,** - делет. Бул хадисти Бухарий жана Муслим риваят кылган. Айша رضي الله عنها дан риваят кылынган хадисте, Набий ﷺ: **«Кимде-ким бир карыш жерди зулум менен алса, Алла жети кабат жерди мойнуна асып коёт»** деди. Муттафакун алайх.

Ээлеп алынган жер жана малдар адамдардын мүлкүнөн болсо, эгер ээлери белгилүү болсо, аларга кайтаруу важиб болот. Эгер ээлери белгилүү болбосо, байтулмалга коюу важиб болот. Ал эми ээленген мал мамлекеттин мүлкүнөн болсо, байтулмалга кайтаруу важиб болот. Кудум, Умар ибн Абдулазиз халифа болгондо Бани Умайя т.а. умавийлер бийлик күчү менен адамдардын мүлктөрүнөн же мамлекеттик мүлктөн ээлеп алган жер жана малдарды байтулмалга чогултуп, ээси билинсе ээсине кайтарганы сыяктуу. Умар ибн Абдулазиз умавийлерден аларга ажыратылган жерди, каражатты жана ээлеп алган бардык нерселерди тартып алып койду. Себеби, Умар ибн Абдулазиз «Бани Умайя бул малдарга бийлик күчү менен жана ээлик кылуу жайиз болбогон гойришаръий жолдор менен ээ болушкан» деп этибар кылды. Бул ишти

өзүнөн баштады, өзүнүн бардык мал-мүлкүн 23000 динарга саттырып, аны байтулмалга койду.

## Далдалчылык жана ортомчулук акысы

Валийлер же мамлекеттик кызматкерлердин далдалчылык же ортомчулук кылган абалда чет элдик же жергиликтүү компаниялардан же адамдардан алар менен мамлекеттин ортосунда түзүлгөн келишим же шартнама акысына алган малдары ушул түргө кирет. Алардын бул жол менен өздөштүргөн бардык малдары «кыянат жана арам мал» деп этибар кылынат. Бул малдарды мусулмандардын байтулмалына коюу важиб болот. Себеби, бул мал гойришаръий өздөштүрүлгөн. Муаз ибн Жабалдан риваят кылынган хадисте Муаз айтат: «Мени Расулулла ﷺ Яманга жөнөттү. Мен жөнөп кеткенде артымдан чабарман келди. Мен кайтып келдим. Расулулла ﷺ: **«Эмне үчүн чабарман жөнөткөнүмдү билесиңби? Менин уруксатымсыз бир да нерсе албайсың, себеби, ал кыянат болот. Кимде-ким кыянат кылса, кыямат күнүндө кыянат кылган нерсеси менен келет. Сени ушуга чакырдым эле, эми ишиңди уланта бер»**, - деди».

Компания же жеке адамдар далдалчылык жана ортомчулук акысын валий жана мамлекеттик кызматкерлерге мамлекеттен жашырып, жашыруун түрдө беришет. Мында үммөт кызыкчылыктарын эмес, өз кызыкчылыктарын жүзөгө чыгара турган мыйзам долбоорлорун түзүүгө же ижарага берүү келишимин түзүүгө жетишүүлөрү назарда тутулат жана бул да пара катары болот.

## Уурулуктар

Валийлер, аамилдер жана мамлекеттик кызматкерлер курулуштарга, долбоорлорго же башка мамлекеттик кызыкчылыктарга жана ыңгайлуулуктарга башчылык кылып жатканда, алардын тасарруфу астына коюлган мамлекеттик малдардан уурдап алган малдары ушул түргө кирет. Бул малдарга почта, телеграф, телефон жана байланыш кызматтарынын о.э. булардан башка идара кызматкерлеринин бейкабардыгынан пайдалануу аркылуу, алдоо, жасалма жолдор менен адамдардан белгиленген акыдан ашыкча алынган акылар – алдоо менен уурдалган малдарга кирет. Мамлекеттин малдарынан уурдоо же адамдардын малынан бейкапардыгынан пайдалануу аркылуу, алдоо жолу менен өздөштүрүлгөн бардык малдар «арам, ээси жок мал» деп этибар кылынат. Бул кыянаттык менен табылган мал болуп саналат. Аны мусодара кылуу жана байтулмалга коюу важиб болот.

Умар ибн Хаттаб бирер валийден же мамлекеттик кызматкерден шектенип калса, ага белгиленген ырыскыдан ашыкча малдарын тартып алып койчу, же болбосо, малдын өзүнүкү экендигин тастыктатып ант ичирчү. Умар ибн Хаттаб валий жана мамлекеттик кызматкерлер кызматка келишинен мурун да, кызматка келгенден кийин да алардын

малдарын эсептеп чыккан. Эгер артыкча мал тапса, аны мусодара кылган, же ошол малдан шектенсе, ант ичирген. Алардан алынган нерселерди байтулмалга койгон. Мисалы, Абу Суфян уулу Муавиянын алдынан кайтканда, Умар ибн Хаттаб Абу Суфяндын малын мусодара кылды. Муавия Умар ﵁нун Шамдагы валийи эле. Абу Суфян Умар ﵁га учурашканы келгенде, «атасы кайтып жатканда Муавия ага акча бергендир» деп ойлоду Умар. Умар ибн Хаттаб: «Эй Абу Суфян, бизге алган малды бер», - деди. Абу Суфян: «Берейин десем эч нерсе алган жокмун», - деди. Ошондо Умар ﵁ колун созуп, Абу Суфяндын колундагы шакекти алды. Шакекти элчиге берип, аны Абу Суфяндын аялы Хиндге жиберип жатып: Абу Суфян “Мен алып келген эки куржунду берип жибер!” деди деп, Абу Суфяндын атынан сөз айтууну буюрду. Элчи тез эле 10000 дирхам болгон эки куржунду алып келди. Умар ﵁ бул дирхамдарды байтулмалга койду».

Валийлер, аамилдер жана мамлекеттик кызматкерлердин гойришаръий жол менен өздөштүргөн бардык малдары байтулмалдын кирешелеринен болуп эсептелет. О.э. жеке адамдардын да – аны менен мүлк өстүрүшүнө шарият тыюу салган жолдордон бир жол менен тапкан – бардык малдары да байтулмалдын кирешелеринен болот, себеби, ал арам жол менен табылган мал болуп, ал ээси жок мал деп эсептелет.

Кимде-ким сүткордук жолу аркылуу бирер нерсе тапса, бул нерсе харам жана ээси жок мал болот. Себеби, Алла Таала сүткордукту (риба) жана сүткордук жолу аркылуу малды өстүрүүнү арам кылды. Алла Таала айтат:

﴿ٱلَّذِينَ يَأۡكُلُونَ ٱلرِّبَوٰاْ لَا يَقُومُونَ إِلَّا كَمَا يَقُومُ ٱلَّذِي يَتَخَبَّطُهُ ٱلشَّيۡطَٰنُ مِنَ ٱلۡمَسِّۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمۡ قَالُوٓاْ إِنَّمَا ٱلۡبَيۡعُ مِثۡلُ ٱلرِّبَوٰاْۗ وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْۚ فَمَن جَآءَهُۥ مَوۡعِظَةٞ مِّن رَّبِّهِۦ فَٱنتَهَىٰ فَلَهُۥ مَا سَلَفَ وَأَمۡرُهُۥٓ إِلَى ٱللَّهِۖ وَمَنۡ عَادَ فَأُوْلَٰٓئِكَ أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِۖ هُمۡ فِيهَا خَٰلِدُونَ﴾

«*Сүткордук кылгандар (кыямат күнүндө мүрзөлөрүнөн) жин тийген киши сыяктуу турушат. Буга себеп, алардын: «Соода дагы сүткордуктун өзү го!» - дегендиктери. Алла сооданы адал, сүткордукту арам кылган. Демек, кимге Роббисинен насаат жеткен соң, сүткордуктан токтосо, анда мурунку өткөнү өзүнө жана анын иши Аллага тапшырылат. Ким сүткордукка кайтса, ошолор тозок ээлери жана анда түбөлүк калышат».* [2:275]

Рибаны – эгер берген ээлери маалым болсо – алардан алып ээлерине кайтаруу важиб болот. Эгер ээлери маалым болбосо мусодара кылып, байтулмалга коюу важиб болот. Алла Таала айтат:

﴿ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱتَّقُواْ ٱللَّهَ وَذَرُواْ مَا بَقِيَ مِنَ ٱلرِّبَوٰٓاْ إِن كُنتُم مُّؤۡمِنِينَ ۝ فَإِن لَّمۡ تَفۡعَلُواْ فَأۡذَنُواْ بِحَرۡبٖ مِّنَ ٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦۖ وَإِن تُبۡتُمۡ فَلَكُمۡ رُءُوسُ أَمۡوَٰلِكُمۡ لَا تَظۡلِمُونَ وَلَا تُظۡلَمُونَ ﴾

*«Эй момундар, Алладан корккула жана эгер чыныгы момун болсоңор сүткордук саркындыларын таштагыла. Эми эгер (буйругубузду) кылбасаңар, анда Алла жана пайгамбар тарабынан болгон согушту билип койгула! Эгер тооба кылсаңар, малыңар өзүңөргө – залим да, мазлум да болбойсуңар».* [2:278,279]

Кимде-ким кумар жолу аркылуу мал тапса, ал өз ээсине кайтарылуусу важиб болгон мал болот. Эгер ээси маалым болбосо, мусодара кылынып, байтулмалга коюлат. Себеби, мүлктү кумар жолу аркылуу өстүрүүгө шарият тыюу салган. О.э. кумар арам. Алла Таала айтат:

﴿ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِنَّمَا ٱلۡخَمۡرُ وَٱلۡمَيۡسِرُ وَٱلۡأَنصَابُ وَٱلۡأَزۡلَٰمُ رِجۡسٞ مِّنۡ عَمَلِ ٱلشَّيۡطَٰنِ فَٱجۡتَنِبُوهُ لَعَلَّكُمۡ تُفۡلِحُونَ ۝ إِنَّمَا يُرِيدُ ٱلشَّيۡطَٰنُ أَن يُوقِعَ بَيۡنَكُمُ ٱلۡعَدَٰوَةَ وَٱلۡبَغۡضَآءَ فِي ٱلۡخَمۡرِ وَٱلۡمَيۡسِرِ وَيَصُدَّكُمۡ عَن ذِكۡرِ ٱللَّهِ وَعَنِ ٱلصَّلَوٰةِۖ فَهَلۡ أَنتُم مُّنتَهُونَ ﴾

«*Эй момундар, арак, кумар (ойноо), буттар (аларга сыйынуу) жана таякчалар (б.а. таякчалар менен бал ачуу) шайтандын амалынан болгон арам иш. Демек, (тозоктон) кутулушуңар үчүн алардын ар биринен ыраак болгула! Ичкилик жана кумар себептүү шайтан араңарга жек-көрүү, душмандык салууну о.э. силерди Алланы зикр кылуудан жана намаз окуудан тосууну гана каалайт! Эми токторсуңар».* [5:90,91]

## Жазаналар

Мамлекет кээ бир күнөө иштерди кылуучуларга же кээ бир мыйзамдарга каршы чыгуучуларга, идарий же тартипке салуу түзүмдөрүнө каршы чыгуучуларга белгилеп койгон жазаналар (горомаат) да байтулмал кирешелеринен болуп саналат. Жазаналар сүннөт менен далилденген. Амр ибн Шуайб атасынан, атасы чоң атасы Абдулла ибн Амр ибн Астан риваят кылып айтат: Расулулла ﷺдан асылып турган мөмө жөнүндө суралды, ошондо Расулулла ﷺ: «**Мухтаж адам жеп, өзү менен бирге бирер нерсе албаса зыяны жок, кимде-ким өзү менен бирге бирер нерсе алса, алган нерсесинин эки эсе жазана жана жазасы бар»**, - деди. О.э. Расулулла ﷺдан: «**Адашып калган айбанды жашырып коюучуга ушул айбандын жазанасын жана айбандын мисалын берүү бар»**, - деп айтканы риваят кылынат. О.э. Расулулла ﷺ зекетти берүүдөн баш тарткан

кишиден, ага таъзир болушу үчүн, важиб болгон зекеттен тышкары малынын жарымын алган жана булар байтулмал кирешелеринен болгон. Абу Давуд жана Ахмад Пайгамбар ﷺдын: «**... Кимде-ким зекет берүүдөн баш тартса, мен андан зекетти жана малынын жарымын аламын**» - дегенин риваят кылышкан. Булардын баары таъзир берүүчү жаза катары жазана дайындоонун шаръий экендигине далалат кылат. Халифанын жазана дайындала турган күнөө жана каршылыктардын түрүн, жазаналар көлөмүн, жазаналардын эң жогоркусу менен эң төмөнкүсүн чегаралап коюусу о.э. валийлер, аамилдер, казылар жана мамлекеттик кызматкерлерди бул жазана көлөмдөрүнө баш ийүүгө мажбурлоосу жайиз. О.э. халифанын жазана көлөмүн белгилөөнү валий, аамил, казы жана кызматкерлердин ижтихадына тапшыруусу да жайиз. Халифа ижтихады менен жеткен пикирине ылайык, мусулмандардын иштерин башкарууда эң жарактуу деп ойлогон нерсесин кылат.

## РИКАЗ ЖАНА МАЪДАНДАРДЫН ХУМУСУ

Риказ (казына) – бул күмүш, алтын, бриллиант, бермет жана булардан башка тагынчак жана курал сыяктуу жерге көмүлгөн малдар. Бул малдар илгерки мисирликтер, вавилондуктар, ассирийлер, сасанийлер, румдуктар, гректер жана башка коомдордун падышаларынын же улуу адамдарынын мүрзөлөрүндө же алардын байыркы бузулуп кеткен шаарлары дөңсөөлөрүндө табылган акчалар, тагынчактар болуп, алар кымбат баалуу таштар сыяктуу казына болобу, же жахилият күндөрүндө же өткөн исламий күндөрдө жерге жашырылып, кумура же башка нерселерге коюлган акча, алтын, күмүштөр болобу – булардын баары риказ деп этибар кылынат.

«Риказ» сөзү "жашыруун болду" деген маанидеги «гараза, ягризу» феълине окшош «раказа, яркузу» феълинен иштикок кылынган. Арабдар жерге найза сайса «раказаррумха» дешет. «Жашыруун үн» маанисиндеги «Рикз» сөзү мына ушул феълден алынган. Алла Таала айтат:

﴿ هَلۡ تُحِسُّ مِنۡهُم مِّنۡ أَحَدٍ أَوۡ تَسۡمَعُ لَهُمۡ رِكۡزَۢا ﴾

«*Сен алардын бирин көрөсүңбү же үнүн угасыңбы».* [19:98]

Ал эми, Алла жер-асманды жараткан күндө жердин ичинде жараткан алтын, күмүш, жез, коргошун жана башка кен-байлыктар "маъдандар" деп аталат. «Маъдан» сөзү «аъдана фил макани» «яъдину» феълинен иштикок кылынган болуп, «бир жайда турду» маанисинде. «Адн бейиши» сөзү мына ушул феълден алынган. Себеби, бейиш түбөлүк калуучу мекен болуп саналат. Маъдан бул адамдар көмгөн нерсе болбостон, ал Алланын жараткан нерсеси. Ушул себептен улам, маъдан кени риказдан айырмаланат, себеби риказ адамдардын көмүүсү менен пайда болот.

Риказ жана маъдандардагы асл далил Абу Хурайра Расулулла ﷺдан риваят кылган хадис. Бул хадисте Расулулла ﷺ айтат: **«Айбан зыян жеткирген нерсе төлөнбөйт, ал эми, риказда болсо хумус бар».** Абдулла ибн Амрдан риваят кылынган хадисте айтылышынча, Набий ﷺдан Ад уруусу урандыларынан табылган нерсе жөнүндө суралды. Ошондо Расулулла ﷺ: **«Анда жана риказда хумус бар»,** - деди. Али ибн Абу Талибден риваят кылынган хадисте Расулулла ﷺ айтат: **«Казыналарда хумус бар. Казына бул жер астындагы алтын жана күмүш байлыктар».**

Ушуга караганда, күмбөздөрдө же дөңсөөлөрдө, же шаарларда же өлүк жерде, же Ад коому урандыларында, жахилият маалында көмүлгөн болсун же Исламдын өткөн кылымдарында көмүлгөн болсун, алтын жана күмүш, тагынчак же кымбат баалуу таштар, же башка малдар – булардын бардыгы таап алуучу үчүн мүлк болот. Таап алуучу бул малдан байтулмалга хумус берет.

О.э. бирер адам үчүн мүлк болбогон өлүк жерде табылган, көп болбогон алтын жана күмүш маъдандардын баары – бул маъдандар маъдан абалында болобу же маъдан абалында болбойбу, айырмасыз – таап алуучу үчүн мүлк болот жана таап алган нерсесинен байтулмалга хумус берет.

Риказ жана маъданды таап алуучудан алына турган хумус файъ катары болот жана файъдын өкүмүн алат о.э. байтулмалдын файъ жана хирож дийванына коюлуп, анын орундарына сарпталат. Хумустун иши халифага тапшырылат, халифа хумусту үммөт иштерин башкарууга жана үммөт кызыкчылыктарын өтөө жолунда анда жакшылык жана кызыкчылык бар деп билген раъй жана ижтихадына карап сарптайт.

Мужалид Шаъбийден риваят кылган хадисте: «Бир адам Медина тышкарысынан көмүлгөн 1000 динар таап алды жана аны Умар ибн Хаттабга алып келди. Умар андан хумус т.а. 200 динар алып, калганын кайтарып берди. Умар 200 динарды алдында пайда болгон адамдарга бөлүштүрүп бере баштады, ал тургай 200 динардан бир бөлүк арттырып калып: «Бул динарлардын ээси кана?», - деди. Баягы адам Умардын алдына келди. Ошондо Умар: «Бул динарларды алгын, булар сага», - деди.

Харис ибн Абу Харис ал-Аздийден риваят кылган хадисте: «Харистин атасы маъдан кенин жакшы билген кишилерден эле. Атасы маъдан тапкан кишиге келип, бул маъданды бир жашка толуп, эки жашка өткөн 100 койго сатып алды». Харис айтат: «Атам маъданды эритти жана андан 1000 койдун акчасын чыгарып алды, кийин маъдан саткан адам келип: «Сооданы бузабыз», - деди. Харистин атасы: «Бузбайбыз!» - деди. Саткан адам: «Али ибн Абу Талибге барып айтамын», - деди. Алиге барып: «Абу Харис жамбы тапты», - деди. Али Абу Хариске келип: «Сен тапкан казына кана?» - деди. Ошондо Абу Харис: «Мен казына тапкан жокмун, ал таап алды мен аны бир жашка толуп, эки жашка өткөн 100 койго сатып алдым», - деди. Али ибн Абу Талиб саткан адамга: «Хумусту сен бересиң», - деди да, 100 койдон хумус алды».

Шаъбий жана Харистин хадистеринен билингендей, Умар ибн Хаттаб казына таап алган адамдан жана Али ибн Абу Талиб маъдан таап алган адамдан алган нерсенин көлөмү хумус болгон. Бештен бир бөлүктүн калган төрт бөлүгү казына жана маъданды таап алуучуга кайтарылган жана бул алынган хумус зекет эмес, балким, файъ катары болгон. Себеби, хумус эгер зекет болгондо, анда хумусту зекет сарптала турган орунга сарптамак жана Умар ﷺ казына таап алуучуга хумустан бермек эмес. Себеби, казына таап алган адам бай болчу. Зекет болсо байга адал болбойт.

Казына же маъдан таап алган бардык адамдардан – таап алуучу эркек болобу же аялбы, кичинеби же чоңбу, акылдуубу же жиндиби, кафирби

же мусулманбы ага карабастан – хумус алынат жана бул хумус ар кандай көлөмдөн, таап алынган нерсе аз же көп болсо да, алынат.

Өз мүлкүндөгү жер же имараттан казына же жамбы таап алган адам – бул жер же имараттын мурас экендигине же сатып алынышына карабастан – таап алган нерселерине ээ болот. Бирөөнүн жеринен же имаратынан казына же жамбы таап алган кишинин казына же кени жер жана имарат ээси үчүн болот, таап алуучу үчүн болбойт.

Кимде-ким, кафирлер өлкөсүнөн казына же маъдан таап алса, бул казына жана маъданга ээ болот. Таап алуучуга бул казына же маъдан файъ болот. Ислам өлкөсүндөгү өлүк жерден жана байыркы урандылардан казына таап алган адам сыяктуу хумус төлөөсү керек болот.

Казына жана маъдан табылуусунун өзү менен хумус берүү важиб болот. Хумусту байтулмалга берүүнү кечиктирүү жайиз эмес.

Таап алуучу ээ боло турган маъдан кени бул аз өлчөмдөгү кен. Ал эми көлөмү көп ири кен болсо, таап алуучуга мүлк болбойт, себеби, ири көлөмдөгү кендер жеке адамдар ээ болушу жайиз болбой турган умумий мүлк болуп саналат. Башкача айтканда, бул бардык мусулмандардын мүлкү болуп эсептелет.

## МУРАСКОРУ ЖОК АДАМДЫН МАЛЫ

Ээлери көз жумган жана бир да мураскору болбогон кыймылсыз жана кыймылдуу бардык малдар байтулмалга коюлат. Т.а. бир адам дүйнөдөн өтсө, анын мураскору боло турган аялы же перзенти, ата-энеси, ага-инилери, эже-карындаштары же тугандары болбосо, анда ал адамдын бардык малдары байтулмалга мурас абалында коюлат. Бухарий Микдам ал-Киндийден риваят кылган хадисте Расулулла ﷺ: **«Мен ар бир момунга анын өзүнөн да акылуумун. Кимде-ким карыз же бала-чакасын калтырса – менин мойнумда. Кимде-ким мал калтырса – мураскорлоруна. Дагы мен валийи жок адамдын валийимин, малын мураска аламын жана машакатын жеңилдетемин»,** - дейт. Бул хадисти Бухарий, Муслим жана Термизийлер риваят кылышкан. Бул хадис, адам көз жумса жана анын мураскору болбосо, анын мураскору Расулулла ﷺ экендигине ачык-айкын далалат кылат. Себеби, Расулулла ﷺ бардык момундардын жана валийи жок адамдардын валийи болуп саналат. Расулулла ﷺдан кийин валийлик халифага өтөт. Халифа бардык момундардын жана валийи жок адамдардын валийи болот, мураскору жок адамдын мураскору болот. Халифанын мураскорлугу өзү үчүн эмес, мусулмандардын байтулмалы үчүн болот. Ушул себептен улам, мураскору жок адамдын мурасы фардий мүлктөн мамлекеттик мүлккө айланат жана байтулмалдын файъ жана хирож дийванына коюлат. Халифа бул малды мусулмандардын кызыкчылыктары жолунда анда жакшылык жана пайда бар деп билген райына ылайык сарптайт. Халифанын бул малды сатуусу жана ижарага берүүсү, вакф кылуусу, хадя кылуусу, бөлүп берүүсү (жер болсо) жана андан мусулмандардын кайсы бир кызыкчылыктары жолунда нафака кылуусу жайиз болот. Мураскору жок болгон мусулмандын малына тиешелүү нерсе мураскору жок зиммийдин малына тиешелүү.

Бир зиммий өлсө жана кыймылсыз же кыймылдуу мураскорсуз мал калтырса, бул зиммийдин малы мусулмандар үчүн файъ болот. О.э. мусулман адамдын мураскорларунан ашып калган малы да мусулмандар үчүн файъ болот, өзү дүйнөдөн кайтып, мураскору бир гана эрди-катындын бири болгону сыяктуу. Себеби, эрди-катындын бирөөсү өзү үчүн белгиленген көлөмдү алгандан кийин, калган мал алардын бирөөсүнө кайтарып берилбейт, мурастан ашып калган мал мусулмандар үчүн файъ болуп, мусулмандардын байтулмалына коюлат. Себеби, бул малга акылуу болгон адам жок, ошондуктан, бул мал мураскору жок болгон мусулмандын малы сыяктуу мусулмандар үчүн файъ болот.

## МУРТАДДАРДЫН МАЛЫ

Муртад – бул Ислам дининен куфрга кайткан адам. Алла Таала айтат:

﴿ وَمَن يَرۡتَدِدۡ مِنكُمۡ عَن دِينِهِۦ فَيَمُتۡ وَهُوَ كَافِرٞ فَأُوْلَٰٓئِكَ حَبِطَتۡ أَعۡمَٰلُهُمۡ فِي ٱلدُّنۡيَا وَٱلۡأٓخِرَةِۖ وَأُوْلَٰٓئِكَ أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِۖ هُمۡ فِيهَا خَٰلِدُونَ ﴾

«*Силерден ким өз дининен кайтып, динсиз абалында өлсө, андай адамдардын кылган (жакшы) амалдары дүйнө жана акыретте бекер кетет. Алар тозок ээлери жана анда түбөлүк калышат».* [2:217]

Ислам дининен яхудий, насроний, мажусий, будда дини сыяктуу башка динге кайткан, же коммунизм сыяктуу динсиздикке кайткан адамдын каны коргоого алынбайт, эркек киши болобу, аял киши болобу, мунун айырмасы жок. Демек, анын малы да корголбойт. Себеби, малынын урматы канынын урматына байланыштуу болот. Эгер кандын урматы муртаддык себептүү бузулса, малдын урматы кандын урматынан төмөнүрөөк. Расулулла ﷺ айтат: **«Адамдар «Лаа илаха иллаллох» дегенге чейин согушууга буюрулдум, кимде-ким «Лаа илаха иллаллох» десе менден жанын жана малын сактап калат. Илла, акылуу таризде алына турганы гана мындан сырткары. Анын эсеп-китеби Аллахка калат».** Муртаддыгы себептүү кан төгүү – бул мусулмандарга каршы согушканы, же үйлөнгөн адамдын зына кылганы, же атайын өлтүрүү себептүү кан төгүү сыяктуу эмес. Себеби, мусулмандарга каршы согушуу, зына кылуу же атайын өлтүрүү менен мусулман адам кафир болбойт жана малынын арамдыгы бузулбайт, тескерисинче, каршы согушуучу, үйлөнгөн зынакер жана атайын өлтүрүүчү мусулман мурас алуучу, мурас калтыруучу бойдон калат. Ал эми муртаддыкка келсек, ал кафир деп эсептелип, анын каны жана малынын урматы бузулат.

Муртад динден кайтышы менен мусулмандар анын канын төгүүгө жана малына ээлик кылууга акылуу болушат. Бирок, муртадды өлтүрүү жана малына ээ болуу андан тооба кылуу суралгандан кийинки иш болуп, эгер муртаддан үч күн бою тооба кылуу суралса, муртад тооба кылбаса, Исламга кайтпаса, анда аны дароо өлтүрүү жана малына ээлик кылуу важиб болот. Муртаддын малы мусулмандар үчүн файъ болуп, ал мусулмандар байтулмалынын файъ жана хирож дийванына коюлат. Файъ жана хирож сарптала турган оруңдарга сарпталат. Муртаддын малы мурас кылып алынбайт. Себеби, эгер эрди-катындын бири хилватта болуудан мурда муртад болсо, нике келишими дароо бузулат. Ушул себептүү эрди-катындын арасында мурас алуу болбойт. О.э. эрди-катындын биринин муртад болушу хилватта болгондон кийин жүз берсе, эрди-катын ортосундагы нике бузулат жана бири өлсө, экинчиси мурас албайт. Себеби, алардын бири мусулман, экинчиси кафир. О.э.

муртаддын мусулман мурас калтыруучусу өлсө, муртад мурас албайт. Себеби, муртад кафир, мурас калтыруучусу болсо мусулман. Кафир мусулмандан мурас албайт. Муртаддын мурастагы үлүшү, эгер андан башка мураскорлор болсо, калган мураскорлор үчүн болот. Эгер башка мураскорлор болбосо, мурастын баары мусулмандар үчүн файъ болот жана байтулмалга коюлат. Эгер муртаддын мусулман ата-энеси, уулу жана ага-инилери болсо, алар муртаддан мурас алышпайт. Себеби, мусулман кафирден мурас албайт жана муртаддын бардык малы мусулмандар үчүн файъ болот. Усама ибн Зайддан риваят кылынган хадисте: «Расулулла ﷺ **«Кафир мусулмандан, мусулман кафирден мурас албайт»** деди», - деп келет. Бул муттафакун алайх хадис. Абдулла ибн Умар риваят кылып айтат: Расулулла ﷺ **«Эки улут калкы бири-биринен мурас алышпайт»** деди. О.э. эгерде адам менен бирге анын бардык мураскорлору муртад болсо, адамдын жана анын мураскорлорунун малынын урматы калбайт жана мусулмандар үчүн файъ болот. Муртаддар бири-биринен мурас алышпайт.

Эгер бир жамаат муртад болуп бирер шаарда коргонушса, өздөрүнө акимди жана өзүнчө өкүмдөрдү орнотуп алышса, алар дарул-харб болуп, алардын малдары жана кандарынын урматы калбайт жана аларга каршы согушуу важиб болот. Алар кафирлер сыяктуу, балким кафирлерден да көбүрөөк согушууга татыктуу болушат. Себеби, кафирлерден Ислам, сулх же жизя кабыл алынат. Ал эми муртаддардан бир гана Ислам кабыл алынат, «же Ислам, же өлүм», алардан жизя, сулх кабыл алынбайт. Абу Бакр жана сахабалар муртаддарга каршы согушуп, алардан толук Исламга кайтууну, болбосо өлүмдү кабыл алышкан. Расулулла ﷺ **«Ким динин өзгөртсө, аны өлтүргүлө»,** - деген.

Муртаддын муртаддык абалында тапкан бардык малдарынын өкүмү – муртаддыгынан мурда ээ болгон малынын өкүмүн алып, мусулмандарга файъ болот. Муртаддын муртаддык абалындагы бардык тасарруфтары: сатуу, белек, керээз жана башка иштери, эгер малы алынгандан кийин кылган болсо, бул тасарруфтары батыл болот. Эгер тасарруфтарын малын алып коюудан мурда кылган болсо, бул тасарруфтары анын Исламга киришине байланыштуу болот, эгер ал Исламга кайтса бул тасарруфтары туура деп, Исламга кайтпаса анын тасарруфтары батыл деп эсептелет.

Эгер муртад Исламга кайтса, алып коюлган малы өзүнө кайтарылат. Анын Исламга кайтуусу анын мурас калтыруучусу өлгөндөн кийин жана малынын бөлүштүрүлүүсүнөн мурда болсо, өз үлүшүндөгү мурастан алат. Эгер анын Исламга кайтуусу мурас бөлүштүрүлгөндөн кийин болсо, мурастан бир да үлүш ала албайт.

# САЛЫКТАР

Салыктар – сарптоого байтулмалда мал болбогон убакта мусулмандарга фарз кылынган орундарга сарптоо үчүн Алла аларга важиб кылган малдар.

Өзү байтулмалга туруктуу киреше болгон малдар т.а. файъ, жизя, хирож, ушр жана умумий мүлктөн турган корук малдар байтулмалга важиб болгон сарптоого – мамлекеттин мусулмандарга салыкты фарз кылууга мухтаждыгын түшүрбөстөн – жетиштүү болуусу керек.

Ошону менен бирге, Шариъ мусулмандардын байтулмалында мал болгон же болбогон абалда да байтулмал тарабынан аткарылуусу керек болгон зарыл орундарга сарптоону байтулмалда мал жок болгон убакта мусулмандарга фарз кылды.

Бирок, ушул күндөрдө Халифалык мамлекетинин мойнуна жүктөлгөн жүктөр оор болуп, кээде байтулмалдын кирешелери байтулмалга важиб болгон жалпы нафакаларды каптоого жетиштүү болбой калышы ыктымал. Эгер байтулмалдын кирешелери байтулмал сарптоосу важиб болгон мухтаждык жана орундарга сарптоого жетиштүү болбосо о.э. мусулмандар өз ыхтыярлары менен тартуулашпаса, бул мухтаждыктарга жана орундарга сарптоонун важибдиги байтулмалдан мусулмандарга көчүп өтөт. Себеби, Алла Таала бул мухтаждыктарга сарптоону аларга фарз кылган. Мусулмандардын бул мухтаждык жана орундарга сарфтабай коюулары аларды зыянга алып барат. Алла Таала мамлекет жана үммөткө мусулмандардан зыянды кетирүүнү фарз кылган. Расулулла ﷺ айтты: **«Зыян жеткирүү да, зыянга зыян менен мамиле кылуу да жок».** Алла Таала мамлекетке – бул мухтаждык жана орундардын нафакасын каптоо үчүн – мусулмандардан мал алуу укугун берди.

Эгер мына ушундай абал жүз бере турган болсо, мамлекет мусулмандарга бул мухтаждык жана орундарга зарыл болгон нафакаларды каптоо үчүн, өзү мухтаж болгон өлчөмдөн ашырбастан салык салат. Мамлекет бул салыкты адамдардын негизги жана урфтагы камалий мухтаждыктарынан ашыкча малдарынан алат.

Байтулмалда мал болобу-болбойбу, нафака кылуу ага важиб боло турган, байтулмалда мал болбогондо нафака кылуунун важибдиги мусулмандарга түшө турган, мамлекет нафака кылуу үчүн мусулмандарга салык сала турган мухтаждыктар жана орундар төмөнкүлөр:

1 - Жихад жана жихад үчүн зарыл болгон кубаттуу армия түзүү, аны жогорку деңгээлде даярдоо, душманды кайтара турган жана коркута турган, душмандын үстүнөн жеңишке жетишүү мүмкүнчүлүгүн бере турган, жерлерибизди азат кылууга жана кафирлердин таасирин мусулмандардын шаарларынан жоготууга о.э. Исламий даъватты дүйнө жүзүнө жаюуга мүмкүнчүлүк жарата турган даражада сан жана сапат жагынан эң өнүккөн куралдарды даярдоо нафакалары. Жихадга жана

жихад үчүн керек болгон нерселерге сарптоо, байтулмалда мал болобу же болбойбу, ага карабастан, сарптоо зарыл болгон орундардан эсептелет. Байтулмалда мал болсо, жихад жана жихадга тиешелүү нерселерге сарпталат. Мал болбосо жихад жана жихадга тиешелүү нерселерге сарптоонун важибдиги, ырас, жихад фарзи айн болгон соң, байтулмалдан мусулмандарга өтөт. Себеби, мал жана жан менен жихад кылуу мусулмандарга фарз. Алла Таала айтат:

﴿ ٱنفِرُواْ خِفَافًا وَثِقَالًا وَجَٰهِدُواْ بِأَمۡوَٰلِكُمۡ وَأَنفُسِكُمۡ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِۚ ذَٰلِكُمۡ خَيۡرٞ لَّكُمۡ إِن كُنتُمۡ تَعۡلَمُونَ ﴾

*«Мейли жеңил, мейли оор абалыңарда (т.а. каалasaңар да, каалабасаңар да жихадга) чыккыла жана мал-жаныңар менен Алла жолунда жихад кылгыла! Эгер билсеңер, мына ушул өзүңөр үчүн жакшыраак».* [9:41 ]

Анас ؓ риваят кылган хадисте Расулулла ﷺ: «**Мушриктерге каршы малдарыңар, колдоруңар, тилдериңер менен жихад кылгыла**», - деди. Ушул сыяктуу мусулмандарга мал жана жан менен жихад кылууну фарз кыла турган ондогон аят жана хадистер бар.

Ошондуктан, жихад жана жихад үчүн зарыл болгон нерселерге нафака кылуу үчүн байтулмалда мал болбосо, мамлекет – Расулулла ﷺ кылгандай – адамдарды малдарын тартуу кылууга кызыктырат. Ахмад Абдурахман ибн Хаббаб Суламийден риваят кылган хадисте айтат: «Набий ﷺ хутба окуду жана жайшун усрага (начар жана жетишпөөчүлүктө түзүлгөн армияга) жардам кылууга чакырды. Ошондо Усман ибн Аффан: «100 төө кому менен менин мойнумда», - деди. Абдуррахман айтат: «Расулулла ﷺ минбардан түштү, кийин жайшун усрага жардам берүүгө чакырды. Ошондо Усман ؓ «100 төө кому менен менин мойнумда», - деди». Хузайфа ибн Ямандан риваят кылынган хадисте айтат: «Набий ﷺ мени Усманга жайшун усрага жардам сурап жөнөттү. Усман Набий ﷺга 1000 динар берип жиберди жана бул динарлар Расулулла ﷺдын алдына төгүлдү. Расулулла ﷺ динарларды колдорунда айландырып, Усманга дуба кылды: «**Эй Усман, сени Алла магфират кылды. Тээ кыяматка чейин сен тараптан эмне жүз берсе, жашыруунбу же ашкереби, Алла аны кечсин. Мындан кийин ар кандай ишинде Усманга зыян жок**».

Эгер мусулмандардын ыхтыярдуу түрдө кылган тартуулары жихад фарз болгон убакта жихадга нафака кылууга жетиштүү болбосо, мамлекет жихад жана жихадга зарыл болгон нерселерге нафака кылуу үчүн мухтаждыктан ашырбастан салык салат, ашыкчасы адал болбойт.

2 - Керек болгон куралдарды иштеп чыгарууга мүмкүнчүлүк жаратуу үчүн аскерий өнөржайга тиешелүү заводдордун нафакалары. Себеби, жихад армияга, армия болсо куралга мухтаж болот. Армияга куралдар

жогорку деңгээлде жана толук жетиштүү болушу үчүн өнөржай керек. Ошондуктан, аскерий өнөржай жихад менен тыгыз байланышта жана ага бекем байланган. Мамлекет көзкарандысыз, башка мамлекеттердин таасири жана өкүмдарлыгынан узак болушу үчүн, айрыкча, маанилүү куралдарды иштеп чыгуусу жана бул куралдарды өзү өнүктүрүүсү керек, анткени муну менен, эң жаңы жана эң кубаттуу куралдарга ээ болсун жана мамлекеттер аралык абалга ылайык ачык жана жашыруун болгон бардык куралдар анын кол астында болсун.

Үммөттө мындай завод жана өнөржайлардын жоктугу мусулмандарды куралданууда кафирлерге сүйөнө турган кылып коёт. Бул болсо мусулмандардын эрк жана токтомдорун кафир мамлекеттердин эрк жана токтомдоруна байланыштуу кылып коёт. Себеби, кафир мамлекеттер куралдарын өздөрүнүн кызыкчылыктарын жүзөгө чыгара турган шарттар менен сатышат. Бул үммөткө эң чоң зыян.

Ошондуктан, мындай өнөржайды куруу – мусулмандарга мал жана жан менен жихад кылууну важиб кылган аят жана хадистердин насстары менен – далалати илтизам (насста ачык айтылбастан андан ылазым боло турган, келип чыга турган маани) катары важиб болот. Себеби, жихад куралга, курал болсо өнөржайга мухтаж. О.э. куруу зарыл болгон бул өнөржай Алла Тааланын төмөнкү сөздөрү менен важиб болот:

﴿ وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا ٱسْتَطَعْتُم مِّن قُوَّةٍ وَمِن رِّبَاطِ ٱلْخَيْلِ تُرْهِبُونَ بِهِۦ عَدُوَّ ٱللَّهِ وَعَدُوَّكُمْ وَءَاخَرِينَ مِن دُونِهِمْ لَا تَعْلَمُونَهُمُ ٱللَّهُ يَعْلَمُهُمْ ﴾

*«Алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч жана ээрленген аттарды даярдап койгула, муну менен Алланын жана өзүңөрдүн душманыңарды жана да алардан тышкары силер билбей турган Алла биле турган башка бирөөлөрдү да коркууга саласыңар».* [8:60]

Алла мусулмандарга важиб кылган даярдыктын даражасы – ачык жана жашыруун бардык душмандарды коркутуу мүмкүн боло турган даярдык. Душманды коркутуучу мындай даярдык эң маанилүү жана эң жогорку деңгээлде өнүккөн куралдарга ээ болууга байланыштуу. Ошондуктан, бул аяттар үммөткө бул өнөржайды куруу важибдигине далалати илтизам кылат. Себеби, бул өнөржайды курбай коюу үммөткө чоң зыян болот. Үммөттөн зыянды жоготуу болсо важиб, ошондуктан, бул зыянды жоготуу аскерий өнөржай жана аскерий өнөржайга тиешелүү заводдорду куруу менен болот.

Үммөт перзенттери керек болгон куралдарды иштеп чыгаруу үчүн бул заводдорду куруулары зарыл. Эгер үммөт перзенттери мындай заводдорду курушпаса, мамлекеттин бул заводдорду керектүү болгон курал-жарактарды иштеп чыгаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө курусу важиб болот. Бул заводдорду куруу – байтулмалда мал болобу же же жокпу ага карабастан – ылазым болгон акылардан болуп эсептелет. Эгер

байтулмалда мал болсо, бул заводдорду куруугa байтулмалдан сарпталат, байтулмалда мал болбосо, бул заводдорду куруугa каражат сарптоонун важибдиги үммөткө көчүп өтүп, мамлекет бул заводдорго сарптоо үчүн жетиштүү көлөмдө салыктарды дайындайт.

3 - Факир, мискин жана мусафыр-жолоочулардын нафакалары. Буларга нафака кылуу – байтулмалда мал болобу-жокпу ага карабастан – ылазым болгон акылардан болуп эсептелет. Эгер байтулмалда мал болсо байтулмалдан сарфталат, мал болбосо буларга сарфтоонун важибдиги мусулмандарга көчүп өтөт. Себеби факир, мискин жана мусафырларга нафака кылуу зекет, садакат жана башка баптарда мусулмандарга фарз кылынган. Расулулла ﷺ: **«Кошунасынын ачтыгын билип туруп, ток абалда түндү өткөргөн адам мага ыйман келтирбептир»**, - деди. Ошондуктан, байтулмалда факир, мискин жана мусафырларга нафака кылуу үчүн мал болбосо, буларга нафака кылуунун важибдиги мусулмандарга көчүп, кембагалдарга сарфтоо үчүн жетиштүү көлөмдөгү салыктарды мамлекет дайындайт.

4 - Аскерлер, кызматкерлер, казы, мугалим жана булардан башка мусулмандардын кызыкчылыктарын аткарууда кызмат кыла турган адамдардын айлык акылары. Себеби, алар бул кызматтары үчүн байтулмалдан акы алууга ылайыктуу болушат. Буларга байтулмалдан мал сарфтоо, байтулмалда мал барбы же жокпу ага карабастан, ылазым болгон акылардан. Эгер байтулмалда мал болсо, байтулмалдан сарфталат, мал болбосо, аларга сарфтоонун важибдиги мусулмандарга көчүп өтөт. Себеби, Алла Субханаху ва Таала салтанат-бийликти үммөттүн акысы кылган. Алла Таала үммөткө халифаны тикелөөнү важиб кылды. Үммөт халифага Алланын Китеби жана Расулунун сүннөтүнө амал кылуу шарты менен байъат берет жана халифа үммөткө жардамчы катары анын иштерин Алланын Китеби жана Расулунун сүннөтү менен башкарат. Үммөттүн иштерин башкаруу акимдер, казылар, аскерлер, мугалимдер, кызматкерлер жана башкалардан турган мамлекет жихазын түзүү аркылуу болот жана мамлекет жихазын түзүү алардын айлык акысына байланыштуу. Ырас, Алла Таала мусулмандарга мамлекет жихаздарын түзүүнү важиб кылган соң, демек, мусулмандарга далалати илтизам аркылуу мамлекеттин жихазындагы адамдардын айлык акыларын берүүнү да важиб кылган. Расулулла ﷺдын өзү валийлерди, аамилдерди, казыларды, катчыларды түзүп, аларга акы ажыраткан. О.э. ал кишиден кийинки халифалар да валий, аамил, казы, катчы жана аскерлерди түзүшүп, байтулмалдан акы ажыратышкан.

Ушул себептен улам, эгер байтулмалда мал болсо байтулмалдан сарфталат, мал болбосо мамлекет мусулмандарга мухтаж болгон көлөмдө салык салат.

5 - Үммөткө ыңгайлуулуктар жаратуу жана «анын үммөттө болуусу зарыл» деп эсептеле турган жана анын жоктугу себептүү үммөткө зыян

жете турган умумий жолдор, медреселер, жогорку окуу жайлары, ооруканалар, мечиттер жана сууларды көбөйтүү жана ушулар сыяктуу ыңгайлуулуктарга сарптала турган нафакалар. Ушул иштерге сарфтоо байтулмалда мал болсо да, болбосо да ылазым болгон акылардан болуп саналат. Эгер байтулмалда мал болсо, бул ыңгайлуулуктарды куруу үчүн байтулмалдан сарфталат. Мал болбосо, бул ыңгайлуулуктарга сарфтоонун важибдиги үммөткө көчүп өтөт. Себеби, бул ыңгайлуулуктарга сарфтоо мусулмандарга важиб. Бул ыңгайлуулуктарды аткарбоо үммөткө зыян жеткирет. Расулулла ﷺдын «**Зыян жеткирүү жана зыян менен мамиле кылуу жок**», «**Кимде-ким зыян жеткирсе, Алла ага зыян жеткирет, кимде-ким каршылык кылса, Алла ага каршылык кылат**» деген сөздөрү себептүү, үммөттөн жана мамлекеттен зыянды жоготуу важиб болот.

Байтулмалда мал болуп турганда, мамлекеттин байтулмалга нафака кылуу ылазым болгон нафакалар үчүн салык салуусу жайиз эмес. Мисалы, мамлекет кызыкчылыктарды көздөп кура турган, бирок, аны курбагандан үммөткө эч кандай зыян жетпей турган нерселер үчүн салык салынбайт, маселен, жол бар болсо да экинчи жолду салуусу, аны жакшыртуусу же кеңейтүүсү үчүн салык алынбайт. Асасий-негизги даражадагысы бар болуп туруп, камалий даражадагы медресе, оорукана салуу, же никель, спирт иштеп чыгаруу үчүн завод куруу, же соода кемелери үчүн көл жасоо ж.б.у.с. буларды курбагандык себептүү үммөткө зыян жетпей турган ишканаларды куруу сыңары мамлекет мойнундагы ыңгайлуулуктарга жумшала турган сарф-харажаттар нафакалардын ушундай түрүнө кирет. Албетте, мамлекет мындай курулуштарды аткарбагандык себептүү үммөткө зыян жете турган жактардын нафакасынан артыкча мал болгондо гана курат. Эгер байтулмалда мал болбосо, бул камалий даражадагы ыңгайлуулуктарды куруу үчүн салык салуу жайиз эмес. Себеби, буларды курбаса үммөткө зыян жетпейт. Ошондуктан буларды куруу үммөткө важиб эмес.

Ушуга ылайык, эгер байтулмалда мал бар болсо, ал зарыл болгон ыңгайлуулуктарды курууга сарпталат, мал жок болсо, ушул зарыл болгон ыңгайлуулуктарды куруу үчүн жете турган көлөмдө салык салынат.

6 - Ачарчылык, зилзала, бороон, душмандын чабуулу сыяктуу өзгөчө кырдаалдардын нафакалары. Болушу күтүлбөгөн мына ушундай иштерге нафака кылуу байтулмалда мал болсо да, болбосо да ылазым болгон акылардан. Эгер байтулмалда мал болсо, мындай кырдаалдарга сарфталат. Эгерде мал болбосо, дароо кечиктирилбестен мал жыюу мусулмандарга фарз болот. Эгер нафаканы кечиктирип жиберүүдөн зыян жетүү коркунучу бар болсо, жүз берген өзгөчө кырдаалдар үчүн мамлекет нафака кылууга жетиштүү боло турган көлөмдө карыз алат жана карызды мусулмандардан жыйган малынан төлөйт. Мусулмандарга мал жыюу важибдигинин далили Расулулла ﷺдын «**Кошунасынын**

**ачкалыгын билип туруп, түндү ток абалда өткөргөн адам мага ыйман келтирбептир»** деген жана «**Бир кыштак элинин ичинде бир адам ачка абалда таң атырса, алардан Алланын убадасы көтөрүлдү»** деген сөздөрү. Бул хадистер ачарчылыктарга карата. Ал эми жер титирөө жана бороондорго келсек, алсыздарга, мухтаждарга жардам берүү, мусулмандардан зыянды кетирүү важибдигинин далилдери мусулмандардын мал сарфтоолору важибдигине далил болот.

Мына булар мусулмандардын байтулмалында мал болбогондо о.э. байтулмалдын туруктуу кирешелери жана коруктагы умумий мүлктүн кирешелери жетиштүү болбогондо нафака кылуу үчүн мамлекет мусулмандарга салык сала турган жактар.

Салыктар мусулмандардын асасий жана урфтагы камалий мухтаждыктарынан ашкан нерселерден белгилүү бир өлчөмдө алынат. Кимдин колунда асасий жана камалий мухтаждыктарынан ашык малы болсо салык алынат, болбосо алынбайт. Себеби, Расулулла ﷺ «**Садаканын эң абзели – мухтаж эместиктин артынан кылынган садака**» деп айткан. Мухтаж эместик бул адам өз мухтаждыктарын кандыруусуна жетиштүү болгон көлөм, Жабир Расулулла ﷺдан риваят кылып айтат: Расулулла ﷺ: «**Нафаканы өзүңө, андан кийин нафакасы важиб болгон адамдарга бер**», - деди. Расулулла ﷺ нафакасы важиб болгон адамдарды адамдын өзүнөн кийинкиге койду. Салык да дал ушундай. Алла Таала айтат:

﴿ وَيَسْـَٔلُونَكَ مَاذَا يُنفِقُونَ قُلِ ٱلْعَفْوَ ۗ ﴾

«*Сенден эмнелерди нафака кылууну сурашат. «(Өзүңөрдөн) ашканын», - деп жооп бергин».* [2:219]

Т.а. нафака кылууда машакат болбогон, жашоо абалынан артыкча нерсени. Салык мухтаждыктарга кирүүчү эмес, тескерисинче, мухтаждыктардан ашкан бардык нерселерден алынат.

Салыктар жогоруда айтып өтүлгөн жактарга зарыл болгон нафакаларга алсыздыгын жоготуу үчүн жетиштүү болгон өлчөмдө жана мухтаждык болгон көлөмдө фарз кылынат. Салык салууда адамдардын байлыктары, же байлыктын алдын алуу, же байтулмалдын кирешелерин көбөйтүү көздөлбөйт, тескерисинче, жогоруда айтып өтүлгөн жактарга зарыл болгон нафакаларды каптоого жете турган көлөм көздөлөт. Бул көлөмдөн артыкча алынбайт. Себеби, бул көлөмдөн артыкча алуу – мусулмандарга берүү важиб болбогондуктан – зулум болуп саналат. Зулум болсо кыямат күндүн зулматтарынан.

Мамлекеттин жогорудагыдан башка салыктарды б.а. мекемелердин имараттарына, мамлекетке сунушталган талаптарга, жерди сатуу жана аны каттоо мамилелерине, үстү жабык имараттарга, таразаларга жана мындан башкаларга салыктарды салуусу жайиз эмес. Себеби, бул сыяктуу салыктар зулум болуп саналат жана алар Расулулла ﷺдын «**Макс калкы тозокто**» жана «**Макс алуучу бейишке кирбейт**» деген макстын катарына кирет.

# САДАКА МАЛДАРЫ

## ЗЕКЕТ

Байтулмалдын кирешелеринен болгон садакалар – зекет деп аталат. Зекет кээде садака маанисинде, садака болсо кээде зекет маанисинде келет. «Зекет» сөзү лугатта (сөздүктө) «өсүү», «тазалоо» маанилеринде. Зекет берүү **«Садака себептүү малы кемибейт»** деген хадиске ылайык берекеге себеп болот, сооп зекет менен өсөт, зекет нафисти сараңдыктан сактайт о.э. адамды күнөөдөн тазалайт.

Зекет шариятта өсүү жана тазалануу маанисинде келет. Зекетке шариятта: «Белгилүү бир малдардан ажыратылуусу важиб болгон акы», - деп аныктама (таъриф) берилет. Ал ибадаттардын бири. Намаз, орозо, хаж сыяктуу эле Ислам рукндарынын бири. Зекет мусулмандарга гана важиб болуп, андан башкалардан алынбайт. Ал Китеб жана сүннөттүн негизинде важиб болгон. Куранда:

﴿ وَءَاتُواْ ٱلزَّكَوٰةَ ﴾

*«Зекет бергиле»,* [2:43]

- делген. Набий ﷺ Муазды Яманга жибергенде ага: **«Алардын байларынан алынып, кембагалдарына кайтарыла турган зекетти Алла аларга фарз кылганын билдир»**, - деди. Зекет бербей тургандарга катуу колдук менен жаза берилишинин кабары келген. Набий ﷺ: **«Алтын жана күмүш ээси болгон адам анын зекетин бербей турган болсо, кыямат күнү ал үчүн чоң таш тозок отунда ысытылат жана аны менен анын (зекет бербеген адамдын) капталы, маңдайы жана аркалары күйгүзүлөт. Таш муздаганда кайра дагы тозокто кызытылат. Элүү миң жылдык ушул күндө бул жаза пенделердин арасында өкүм кылынып адам бейишке же тозокко кетер жолун көргөнгө чейин уланат»**, - деди. «Я Расулулла, төөгө кандай болот?» - деп суралды. Расулулла: **«Төөнүн ээси анын акысын аткарбаган болсо – саала турган күндө аны сааш төөнүн акысынан – кыямат күнүндө төөлөр кең жана тегиз бир жерге келтирилишет жана бардыгы, кичине балдарына чейин, аны (зекет бербеген адамды) буттары менен эзишет, ооздору менен тиштешет, мөөнөтү элүү миң жыл болгон күндө мурунку топ басып өтсө, артынан кийинкиси басып келе берет. Бул иш пенделердин арасында өкүм чыгарылып, адам бейиш же тозокко кетер жолун көргөнгө чейин уланат»**, - деди. «Я Расулулла, уй жана койлоргочу?» - деп суралды. Расулулла: **«Уйлардын жана койлордун ээси акысын өтөбөгөн болсо,**

**кыямат күнүндө алардын (малдардын, койлордун) бири калбастан кең жана тегиз жерге алып келинет, алардын арасында бир да мүйүзү сынган, мүйүзү ийри же мүйүзү жок өгүз болбойт, алардын баары аны (зекет бербеген адамды) туяктары менен эзгилешип, мүйүзү менен сүзүшөт. Мөөнөтү элүү миң жыл болгон күндө бир бада артынан экинчиси келе берет. Пенделердин арасында өкүм чыгарылып, бейишке же тозокко бара турган жолун көргөнгө чейин уланат»,** - деди. Бул хадисти Термизий гана риваят кылбаган, башка беш ровий тең риваят кылган.

Зекет – карыздарынан тышкары нисабга жеткен мүлкү болгон жана мүлккө ээ болгонуна бир жыл убакыт өткөн ар бир мусулманга фарзи айн. Мусулмандын мүлкүнөн зекет важиб болсо, ал анын мойнунан эч качан сакыт болбойт. Зекетти жыюуда – үммөттөн жыйыла турган башка салыктар сыяктуу – үммөттүн пайдасына жана мамлекеттин мухтаждыктарына ылайык деген нерсе көздөлбөйт. Ал мухтаждык болсо да, мухтаждык болбосо да, малы нисабга жеткендер байтулмалга төлөөсү керек болгон мал болуп, сегиз тайпадагы адамдардын акысы. Зекет байтулмалдын акысы да, орду да эмес, ал Курандагы садака аяты менен дайындалган сегиз тайпага таандык. Байтулмал, халифанын райы жана ижтихадына ылайык, Куран аятында дайындалган сегиз тайпадагы мусулмандар үчүн сактала турган гана жай.

Зекет ар бир эркек, аял, жаш бала жана жиндиден да – эгер малдары нисабга жеткен болсо – алына берет. Бул зекеттин мутлак важибдиги жөнүндө келген сахих хадистердин умумий түрдө келгендиги себептүү ушундай болот. Амр ибн Шуайб атасынан, атасы чоң атасынан риваят кылат: «Расулулла ﷺ хутбада «**Эсиңерде болсун, кайсы бир адам малы болгон жетимге валий болсо, анын малын соода менен көбөйтсүн, таштап койбосун. Болбосо, малды садака жеп коёт»,** - деди. Анастан марфуъ хадис риваят кылынат: «**Жетимдин малынан соода кылгыла, зекет аны жеп койбосун».** Касим ибн Мухаммад риваят кылат: «Айша رضي الله عنها биз жетим болгон абалыбызда, малдарыбыздан соода кылып, анын зекетин берчү». Анас ибн Малик «алсыздын малында зекет бар» деп рай билдирген. Зухрий да ушундай рай билдирген, Ибн Шихабдан жиндинин малы жөнүндө: «Анда зекет барбы?» - деп суралды. Ал «Ооба» деди.

Зекет төмөнкү малдардан важиб болот:

1. Төө, уй жана койлордон
2. Эгин жана мөмөлөрдөн
3. Акчалардан
4. Соода малдарынан

Буларга ээ болгон мусулмандын карызынан тышкары малы нисабга жеткенден кийин бир жыл убакыт өткөндө зекет важиб болот. Эгин жана мөмөлөрдүн зекети түшүм жыйыштырып алынган убактан баштап важиб болот.

## МАЛДЫН ЗЕКЕТИ

### Төө

Набий ﷺдан Абу Саид Худрий риваят кылган хадиске ылайык, төө нисабы беш даана баштан башталат. Набий ﷺ: «**Бештен аз болгон төөдө зекет жок»,** - деген. Адам бештен аз төөгө ээ болсо, ага зекет жок. Жылдын көп бөлүгүндө жайытта оттогон беш төөнүн ээсине бир кой берүү важиб болот. Төөнүн нисабы жана андан төлөнө турган зекет:

1. Беш төөгө бир кой.
2. Он төөгө эки кой.
3. Он беш төөгө үч кой.
4. Жыйырма төөгө төрт кой.

Сандардын арасындагы артыкчылыкта зекет жок. Эгер төө жыйырмадан артык болсо, анын саны жыйырма бешке жеткенге чейин зекет жыйырма төөгө төлөнө берет. Саны жыйырма бешке жеткен төөлөрдөн кой сакыт болуп, зекет өз жынсынан (т.а. төөдөн) берилет. Саъд ибн Лайстан риваят кылынат: «Бул садака китебинде жазылышынча, жыйырма төрт жана андан аз болгон төөдөн зекетке кой берилет. Ар беш төөгө бирден кой. Бул Умар ибн Хаттабдын нусхасы. Нафиъ мага ушул сөздөрдү айткан», - деди. Анас ибн Малик айтат: «Мен Умар ибн Хаттабдын садака жөнүндөгү катын окудум, анда мындай деп жазылган: «Бисмиллахир рохманир рохийм. Бул садака китеби. 24 төөнүн ар бешөөсүнөн бир кой важиб». Эгер төө жыйырма бешке жетсе, андан важиб боло турган зекет мындай:

1. 25 төөдөн бир «бинту махоз» т.а. бир жашка толуп, экинчи жашка өткөн ургаачы төө. (Махоз "бооз болуу" дегени). Эгер мал ээсинде «бинту махоз» болбосо, андан «ибну лабун» т.а. эки жашка толуп, үч жашка өткөн эркек төө алынуусу керек.
2. 36 төөдөн «бинту лабун» алынат. Бинту лабун – бул 2ге толуп, үч жашка өткөн ургаачы төө. Анын энесинин туут маалы жакындашып, сүт беришине аз убакыт калганы үчүн, ал ушундай аталат.
3. 46 төөдөн бир ургаачы «хикка» т.а. торукотул-фахл берилет. Торукотул-фахл – үч жашка толуп, төртүнчү жашка өткөн, эркеги менен алака кылууга жарамдуу төө.
4. 61 төөдөн «жазаъа» берилет. Жазаъа – төрт жашка жеткен төө, алдыңкы тиштери түшкөндүктөн ушундай аталат.
5. 76 төөдөн эки «бинту лабун» берилет.
6. 91 төөдөн эки «хикка» т.а. торукотул-фахл берилет.

Сандардын арасындагы артыкчылыкта зекет жок. Эгер төө 91ден ашык болсо, 121ге жеткенге чейин эки торукотул-фахл бериле берет. Төөлөрдүн саны 121ге жеткенден кийин эсеп өзгөрөт да, төөлөр кайрадан эсептелип, ар бир 40 төөгө «бинту лабун», ар бир 50 төөгө «хикка» эсептелет.

Нисабдар жана андан важиб болгон зекет төмөнкүдөй:

1. 121 төөгө үч «бинту лабун».
2. 130 төөгө бир «хикка» жана эки «бинту лабун».
3. 140 төөгө эки «хикка» жана бир «бинту лабун».
4. 150 төөгө үч «хикка».
5. 160 төөгө төрт «бинту лабун».
6. 170 төөгө бир «хикка» жана үч «бинту лабун».
7. 180 төөгө эки «хикка» жана эки «бинту лабун».
8. 190 төөгө үч «хикка» менен бир «бинту лабун».
9. 200 төөгө төрт «хикка» же беш «бинту лабун». Булардын баарынын далили Анас ﷺдан риваят кылынган хадисде бар. Абу Бакр ﷺ Анас ﷺну Бахрейнге жибергенде, ага кат жазды: «Бисмиллахир рохманир рохийм. Бул (зекет) Алла Расулуна буюрган, Расулулла ﷺ мусулмандарга фарз кылган садака фарзы болуп саналат. Мусулмандардын кай биринен садака шаръий өкүм боюнча өз көрүнүшүндө суралса, аны берсин. Андан артык суралса, бербесин. 24 жана андан азыраак төөнүн ар бешөөсүнө бир кой, 25тен 35ке чейин бир жаштагы ургаачы төө, 36дан 45ке чейин эки жаштагы ургаачы төө, 46дан 60ка чейин үч жаштагы ургаачы төө, 61ден 75ке чейин төрт жаштагы төө, 76дан 90го чейинки төөдөн эки жаштагы эки баш төө, эгер 91ден 120га чейин болсо, эки баш үч жаштагы ургаачы төө берилет. 120дан көп болсо, ар кырк баштан эки жаштагы бир ургаачы төө жана ар бир элүү төөгө үч жаштагы бир төө берүүсү керек. Кимдин төрттөн башка төөсү болбосо, садака важиб эмес. Кааласа берет, каалабаса жок. Кимдин төөсү бешке жетсе, бир кой берет».

Зекетке берилген төө важиб болгон жашка жетпесе, жашы кичирээк болсо, жаш төөнүн ээсинин ага кошумча эки кой же жыйырма дирхам бериши важиб. Эгер зекетке берилген төөнүн жашынан артык жаш алынса, төөнүн ээсине эки кой же жыйырма дирхам берилет. (Жыйырма дирхам 59,5 грамм күмүшкө барабар болот). Мисалы: төө 46 болсо, үч жаштагы төө берүү важиб болот. Эгер 3 жаштагы төө ээсинде табылбаса, анда 2 жаштагы ургаачы төө болсо ага кошумча 2 кой же жыйырма дирхам бериши важиб. Эгерде анда 2 жаштагы ургаачы төө болбостон 4 жаштагы төө болсо, төөнүн ээсине 2 кой же 20 дирхам берилиши важиб болот. Анас ﷺ риваят кылган хадиске караганда, Абу Бакр ﷺ Алла Расулу ﷺга буюрган садака фарзын (Анаска) жазып жиберди: «Кимдин зекети 4 жаштагы төө садакасына жетип барса, бирок, анда 4 жаштагы төө болбостон 3 жаштагы төө болсо, андан 3 жаштагы төө кабыл кылынат о.э. төөнүн ээсинен эгер бар болсо 2 кой, болбосо 20 дирхам 3 жаштагы төөгө кошумча алынат. Бир адамдын зекети 3 жаштагы төө садакасына жетип барса, бирок, анда 3 жаштагы төө болбостон 4 жаштагы төөсү болсо, андан 4 жаштагы төө кабыл кылынат жана бул адамга садака жыюучу 20 дирхам же 2 кой берет».

Төөдөн зекетти анын жынысына о.э. сапатына карап, хурасаний төөлөрдөн хурасаний, арабий төөлөрдөн арабий, кымбатынан кымбат, семизинен семиз, арыктарынан арык алынат, картаңы, көзү сокуру, кесели алынбайт. Набий ﷺдан риваят кылынат: «**3 ишти кылган киши ыйман даамын татыптыр: Алланын өзүнө гана ибадат кылган; нафиси ыраазы болуп, ар жылы малынын зекетин берген; картаңын, кеселин өзүнчө ажыратып, белгилүү болуп турган арзыбасын, өпкө оорусу барын бербеген адам. Бирок, силер малдарыңардын орточосунан бергиле, Алла силерден анын жакшысын сураган эмес жана силерди малдын жаманына буюрган эмес**».

**Уй**

Уйдан зекет берүү сүннөт менен жана сахабалар ижмасы менен важиб. Сүннөттөн далил Абу Зар Набий ﷺдан риваят кылган хадис. Набий ﷺ: «**Төө, уй жана кой ээси анын зекетин өтөбөй турган болсо, кыямат күнү келгенде ую эң чоң жана эң семиз абалда келип, аны туяктары менен эзгилейт, мүйүздөрү менен сүзгүлөйт**», - деди. Муттафакун алайх. Сахабалар ижмасынан далил болсо, алардын уйда зекет важибдигине келишкендиги.

Зекет жылдын көп бөлүгүндө жайытта оттой турган уйда важиб болот. Бул уйлар тукум алуу жана өстүрүү үчүн багылат. Ал эми иштөөчү сыйырда зекет жок. Али رضي الله عنهдан: «Иштөөчү сыйырда зекет жок», - деп риваят кылынды. Амр ибн Динардан «Расулулла ﷺдын «**Жер айдоочу өгүздө зекет жок**» дегени мага жетип келген», - деп риваят кылынат. Жабир ибн Абдулла: «Жер айдоочу сыйырга садака жок» деди.

Зекет важиб боло турган уй нисабы 30 баштан башталат. Нисабдар жана андан берилиши важиб болгон көлөмдөр төмөнкүдөй:

1. 30 уйга табиъ же табиъа берилет. Табиъ 1 жашка жеткен жана 2 жашка өткөн музоо.
2. 40 уйга 1 мусинна. Мусинна 2 жашка кирип 3кө өткөн мал. Мунун далили болсо, Насаий жана Термизий риваят кылган хадис. «Набий ﷺ Муазды Яманга жиберип, ага 30 малдан 1 жаштагы табиъ же табиъа. 40 баштан 2 жаштагы мусинна алууну буюрду».
3. 60 уйдан 2 баш табиъ же табиъа.
4. 70 уйдан бир баш мусинна жана бир баш табиъ же табиъа.
5. 80 уйдан 2 баш мусинна.
6. 90 уйдан 3 баш табиъ же табиъа.
7. 100 уйдан 1 баш мусинна жана 2 баш табиъ же табиъа.
8. 110 уйдан 2 баш мусинна жана 1 баш табиъ же табиъа.
9. 120дан 3 баш мусинна же 4 баш табиъ же табиъа.

Яхя ибн Хакам риваят кылган хадиске караганда, сандардын арасындагы артыкчылыкта зекет жок. Муаз رضي الله عنه: «Расулулла ﷺ мени

Ямандын садакасын алганы жөнөттү жана мага 30 уйдан табиъ же табиъа, 40 уйдан мусинна алышымды буюрду. Ямандыктар 40 менен 50, 60 менен 70, 80 менен 90дун арасындагы зекетти алышымды сунуш кылышты. Мен баш тарттым. Мен аларга бул жөнүндө Расулулла ﷺдан сураймын деп айттым. Келип Набий ﷺга кабар бердим. Мага 30 уйдан табиъ же табиъа, 40 уйдан мусинна, 60 уйдан 2 баш табиъ же табиъа, 70 уйдан 1 баш мусинна жана 1 баш табиъ же табиъа, 80 уйдан 2 баш мусинна, 90 уйдан 3 баш табиъ же табиъа, 100 уйдан 1 баш мусинна жана 2 баш табиъ же табиъа, 110 уйдан 2 баш мусинна жана 1 баш табиъ же табиъа, 120 уйдан 3 баш мусинна же 4 баш табиъ же табиъа алышымды жана булардын арасындагы малдардан эч нерсе албашымды буюрду дейт». Муаз ибн Жабал риваят кылат: Расулулла ﷺ: **«Авкосто садака жок»,** - деди. Авкос вакстын көптүгү болуп, ал эки нисаб арасындагы мал дегени.

Топоздун өкүмү зекетте уйдун өкүмү сыяктуу. Топоз мал менен бирге болгон убакта санакта мал менен бирге эсептелет. Анас ибн Малик риваят кылат: «Топоз жана уй барабар. Хурасаний төө жана арабий төө барабар. Кой жана эчки кой нисабында барабар». Ибн Шихабдын риваят кылышынча, Умар ибн Абдулазиз өз аамилдерине т.а. садака жыюучуларына топоз садакасынын (т.а. зекетинин) уйдун садакасы алынгандай алынуусун жазды.

## Кой

Кой зекети сүннөт менен жана сахабалар ижмасы менен важиб болгон. Сүннөттөн далил Абу Зар Набий ﷺдан риваят кылган хадис. Набий ﷺ: **«Төө, уй жана кой ээси анын зекетин өтөбөй турган болсо, кыямат күнү келгенде ую жана кою эң чоң жана эң семиз абалда келип, аны туяктары менен эзгилейт, мүйүздөрү менен сүзгүлөйт»,** - деди. Муттафакун алайх.

Сахабалардын ижмасынан далил болсо, алардын койдо зекеттин важибдигине ихтилаф кылбастан, бардыгынын ижма кылгандыктары. Жылдын көбүрөөк бөлүгүндө жайлоодо оттой турган койго, нисабга жеткенине толук бир жыл өткөн убакта, зекет важиб болот. Набий ﷺ: **«... Жайлоодо оттой турган койдо зекет бар...», «Ар кандай малга бир жыл толмоюнча зекет жок»,** - деди.

Кой нисабы 40 баш. Эгер 40тан азайса – мейли бир башка азайса да – андан зекет берилбейт. Койдун нисабы жана андан берилиши важиб болгон зекеттин көлөмү төмөнкүдөй болот:

1. 40тан 1 баш.
2. 121ден 2 баш.
3. 201ден 3 баш.
4. 400дөн 4 баш кой важиб болот.

Бардык санактын арасындагы ашыкчасына зекет жок. Кой 400гө жетип барган убакта, ар бир жүзүнө бирден кой берилет. Дагы башка 100 толук болмоюнча 400 койдун ашыкчасына зекет берилбейт, 400 койго бериле турган зекет гана берилет. Кой 500дөн бирөө кем болсо да т.а. 499 болсо да, 99дун зекети берилбейт. Булардын далили Мухаммад ибн Абдурахмандан риваят кылынган хадис. «Набий ﷺдын садака катында жана Умар ибн Хаттабдын катында 40тан кем болгон койдо зекет жок. Кой кыркка жетип барып, тээ 120 баш болгонго чейин 1 баш кой, 121ден ашып 200 болгончо 2 кой, 201ден ашып 300гө жеткенге чейин 3 кой. Кой 300дөн ашканда болсо, 400дөн кемине зекет жок. Т.а. 399 койго да 3 кой берилет, 4 кой берилбейт. Кийин ар бир 100 койго 1 кой берилет, картаң жана эркеги – эгер садака чогултуучу кааласа – алынат», - делген. Умар ибн Хаттабдын үй-бүлөсүндөгү садака катында: «Кой 301ден ашкан убакта 400гө жетмейинче, ага зекет жок, 400 койдон 4 кой зекет берилет», - делген.

## Кой зекетинде эсептеле турган, алына турган жана алынбай турган нерселер

Мусулман адамдын койлору кичине болсо да, чоң болсо да, улакпы, козубу – баарынан зекет алынат. Болгону, бир жыл мурда туулган болушу шарт кылынат.

Кой зекетинде 6 айлык болгон кой о.э. бир жашка жеткен эчки зекетке алынат. Эркеги да, ургаачысы да алына берет. Зекет койдун эң жакшысынан жана эң жаманынан эмес, орточосунан алынат.

Улак жана козу зекетке алынбайт, аларды алуу жайиз эмес. Баласы бары, жакында төлдөй турганы, сүт үчүн же эт үчүн багылып жатканы алынбайт. Койлордун кочкору, эгерде ээси ыхтыярдуу түрдө зекет кылып берсе, кабыл алынат, важиб болгондон көбүрөөк бергени үчүн анын ажры (сообу) көбүрөөк болот. Булардын далили Бишр ибн Асим атасынан риваят кылган хадис, Умар ибн Хаттаб Абу Суфян ибн Абдулланы Тоиф жана анын айланасындагы зекетти жыюучу аамил кылып дайындады. Ал садака жыюучу болуп чыгып, алардагы эчкинин улагын да эсепке кошкон, бирок алардан улактарды зекет катары алган эмес, ошондо алар «эгер сиз эчкинин баласын да эсептесеңиз, анда аны зекетке да алыңыз» дешти. Аамил аларга жооп айтпастан, Умарга келип учурашып, ага: «Биз алардагы улакты нисабга кошуп эсептеп жатканыбызды, бирок, зекет үчүн албай жатканыбызды зулум деп ойлоп жатышат», - деди. Умар ага: «Чабан өз колунда алып жүргөн улактарын да эсепте жана аларга: «Мен силерден койлордун согум үчүн семиртилип жатканын, сүттүүсүн, боозун, балалуусун жана кочкорун албаймын», - деп айткын жана бир жашка толгон эчкини, 6 айлык койду алгын. Мына бул малдын кичинеси жана анын эң жакшысы ортосундагы адл», - деди. Мунун далили Набий ﷺдын: **«Биздин акыбыз: алты айлык кой жана бир жаштагы эчки»**, - деген сөздөрү.

Алла Тааланын:

﴿ وَلَا تَيَمَّمُواْ ٱلۡخَبِيثَ مِنۡهُ تُنفِقُونَ ﴾

*«Нафака кылып жаткан нерселериңерден начарларын тандабагыла».* [2:267]

- деген сөзүнө ылайык жана Набий ﷺдын: **«Садакада жыюучу кааласа гана картаң, бир көзү сокур жана теке алынат»,** - деген сөздөрүнө ылайык, зекетке картаң жана айыбы бар кой алынбайт, койлордун баары картаң же айыптуу болгондугу үчүн зекет жыюучу бул түрлөрдү кабыл алса, анда жайиз болот.

## Койлордогу шериктердин өкүмү

Шериктердин санына жана алардын үлүштөрүнө карабастан, шериктик койдон зекет алынып жатканда, койлор бир адамдын малындай эсептелет, бөлүнбөстөн же кошулбастан өз абалындай калат. Бул шерикчиликтеги койлордо ар бир адамдын үлүшү аралашып кеткен болушу мүмкүн, мисалы эки адам бир нисаб көлөмүндөгү койду мурас алып, же шерик абалда сатып алып же белекке берилип, эки шерик бөлүштүрбөстөн өз абалындай калтырышы сыяктуу. Же шериктердин үлүштөрү эмес, балким, койлорунун сыпаты аралашып кеткен болушу да мүмкүн, мисалы шериктердин ар биринин койлору бөлүнгөн болуп, шериктер койду аралаштырып шерик болушат. Шериктер шерикчиликте тең болобу же болбойбу, же малчы, жайлоо, кочкор, сууда тең болобу, айырмасы жок. Албетте, шерикчилик койлор же аралаш койлор канчалык аралашып кеткен жана шериктердин үлүшү канча болушуна карабастан, зекет алынып жатканда бир адамдын кою сыяктуу эсептелип, ажыратпастан же кошулбастан калтырылат. Кой 40ка жетсе, зекет жыюучу андан 1 кой алат. Кой 121ге жетсе андан 2 кой, 201ге жетсе 3 кой, 400 болсо 4 кой зекет алат. Садака жыюучу алган зекет койлордогу шериктердин үлүштөрүнө карап, шериктердин арасында бөлүштүрүлөт. Набий ﷺдын «**Бири-бирине аралашып кеткен койлордун ээлери өз ара теңдик менен өз үлүштөрүн кайтарышат**» деген сөзүнө ылайык, алар бир-бирине зулум кылышпастан садаканы өз ара бөлүштүрүшөт. Алардын үлүшү аз болгону үлүшү көп болгондон өз насибесин алат.

Аамилдин зекетти көп алуу үчүн койлорду ажыратуусу жайиз эмес. Мисалы: 3 шериктин 40тан койлору бар. Зекет жыюучу ар бир шериктен 1ден 3 кой алуу үчүн койлорду ажыратууну көздөсө, жайиз болбойт. Ал жогорудагы коидага ылайык бир кой алуусу керек. О.э. кой ээлери да койлорго зекет бербөө же анын зекетин азайтуу каалоосунда садака жыюучу келген убакта короону ажыратуулары жайиз эмес. Мисалы: эки шериктин 201 кою бар. Бул абалда 3 кой зекет берүүсү керек эле. Бирок, 2 кой берүү үчүн эки адамдын өз-өзүнчө короо кылып көрсөткөнү

сыяктуу, же 2 шерик 40 койго ээ болуп, ажыратылгандан кийин зекет бербөө үчүн аны ажыратканы сыяктуу.

Койго бериле турган зекетти азайтуу максатында жамдоо да жайиз эмес. Мисалы, 2 адамдын аралашпаган 40тан койлору бар, аамилге 1ден кой берүүнүн ордуна 1 кой берүү үчүн аралаштырышат. Жамдалганды ажыратуу жана ажыралганды жамдоо жайиз эместигинин далили Саъд ибн Абу Ваккос риваят кылган хадис: Расулулла ﷺ: **«Садакада жамдалгандын арасы ажыратылбайт жана ажыратылгандын арасы жамдалбайт. Аралашкан кой – бул койлордун жайытта, сууда жана кочкордо жамдалганы»,** - деди. Дагы бир риваятта **«кой багуучуда»** деди.

Төөдөн, уйдан же койдон зекет важиб болсо, малдын өзүнөн зекет алынат, анын ордуна кыйматы алынбайт. Себеби, хадистер буларды дайындап, алардын жаштарын да белгилеп берди.

Төө, уй, топоз жана кой соода үчүн алынган убакта, анын садакасы айбан зекети болбостон, соода малынын зекетине айланат. Мындайда саны жана жаштары этибарга алынбайт жана соода малынын баасы күмүш дирхам же алтын динар менен өлчөнөт. Анын кыйматы 200 дирхам күмүшкө же 20динар алтынга жетип барса, 40тан бири важиб болот. Бул соода малынан важиб болгон зекеттин көлөмү. 200 дирхам 595 грамм күмүшкө барабар болот. 20 динар болсо, 85 грамм алтынга барабар болот. Бир дирхам 2,975 грамм күмүшкө, бир динар болсо 4,25 грамм алтынга барабар.

## МӨМӨ ЖАНА ЭГИНДЕРДИН ЗЕКЕТИ

Эгин жана мөмөлөрдүн зекети Китеп жана сүннөт менен важиб болгон. Китепте Алла Тааланын:

﴿وَءَاتُواْ حَقَّهُۥ يَوۡمَ حَصَادِهِۦۖ﴾

*«Жыйым-терим күнүндө акысын бергиле».* [6:141]
- деген сөзүнө ылайык жана Набий ﷺдын: «**5 васактан аз болгон нерседе садака жок**» деген сөздөрүнө ылайык, Ибн Умар Набий ﷺдан риваят кылган хадисте Набий ﷺ: «**Асман жана булактардын суусу менен сугарыла турган эгиндерден ондон бир (ушр), сууну чакада ташуу менен сугарыла турган эгиндерден ушрдун жарымы алынат**» деп айткан сөздөрүнө ылайык важиб болгон. Бухарийден.

### Зекет важиб болгон мөмө жана эгиндердин түрлөрү

Зекет буудай, арпа, курма жана мейизде важиб болот. Муса ибн Талха Умар رضي الله عنهдан риваят кылган хадисте: «Расулулла ﷺ буудай, арпа, курма жана мейизде зекетти важиб кылды», - дейт. (Табароний риваяты). Дагы Муса ибн Талха: «Расулулла ﷺ Муаз ибн Жабалды Яманга жибергенде, ага буудай, арпа, курма жана жүзүмдөн зекет алууну буюрду», - дейт. (Абу Убайда риваяты). Бул хадистер эгин жана мөмөнүн зекетинин бул 4 түрдөн: буудай, арпа, курма жана мейизден алынуусун, мындан башка эгин жана мөмө-жемиштерден алынбашын баян кылды. Мунун себеби, мурунку 2 хадис чектөөгө далалат кылуучу «иннама» сөзү менен башталган. Зекеттин важибдигин бул 4 түргө чектөөнү Хаким, Байхакий жана Табароний Абу Муса жана Муаздан риваят кылган хадистер тастыктайт. Набий ﷺ аларды адамдарга дин иштеринен таалим бергени Яманга жибергенде: «**Садаканы бул 4 түр: буудай, арпа, курма жана мейизден гана аласыңар**», - деди. Байхакий хадис жөнүндө: «Анын ровийлери ишеничтүү, бир-бирине байланган», - деди. Бул хадисте эгин жана мөмөлөрдөгү зекетти жалаң ушул 4 түрдөн гана алуу керектиги ачык-айкын көрсөтүп берилген. Себеби, «**إِلاَّ**» (илла) сөзүнөн мурда нафий же нахий харфтары келсе «**إِلاَّ**» өзүнөн мурунку нерсени өзүнөн кийинки нерсеге чектөөнү түшүндүрөт т.а. садака алууну «**إِلاَّ**» сөзүнөн кийин зикр кылынган 4 түргө т.а. буудай, арпа, мейиз жана курмага чектөөнү түшүндүрөт.

Себеби, хадистерде келген «мейиз», «курма», «арпа», «буудай» сөздөрү исми жамид. Бул исмдердин лафзи мантукан да, мафхуман да, илтизаман да өздөрүнөн башкага шамил болбойт. Себеби, бул исмдер исми сифат жана исми маъна эмес. Балким бул исмдер эмнеге ат кылып коюлган болсо, ошого гана чектелген. Ошондуктан, алардын сөзүнөн тамактануу, куруу же жамдоо маанилери алынбайт. Себеби, алардын

лафздары бул маанилер жана сыпаттарга далалат кылбайт. «**Асман сугарган нерседе ушр, чоң чака же чарк айланма жардамында сугарылган эгинге жарым ушр**» делген хадистерде келген умумий лафздардагы зекеттин важибдигин эгин жана мөмөлөрдүн жогоруда айтылган төрт түрү чектеп, хос кылат. Ошондуктан, хадистердин мааниси асман сугарган буудай, арпа, курма жана мейизде ушр (түшүмдүн 10дон бири), чоң чака же чаркайланма менен сугарылган нерседе жарым ушр болот.

Ошондуктан, зекет күрүч, жүгөрү, нокот, төө буурчак ж.у.с. дандуу жана буурчактуу өсүмдүктөрдөн алынбайт. Алма, өрүк, анар, апельсин, шабдаалы, банан жана башка мөмөлөрдөн да алынбайт. Бул дан жана мөмөлөрдү буудай, арпа, курма жана мейиз сөзү өз ичине алган эмес. Булардан зекет алууга каратылган сахих хадис, аят, ижма жок. Зекет хадистерине кыяс кирбейт. Себеби зекет ибадаттардан. Ибадаттарга кыяс кирбейт. О.э. көк чөптөр, бадыраң, ашкабак, шалгам, сабиз сыяктуу хозроваттардан да зекет алынбайт. Умар, Али, Мужахид жана башкалардан: Хозроваттардан садака жок, - дешкенин Абу Убайда, Байхакий ж.б.лар риваят кылышкан.

### Эгин жана мөмөлөрдүн нисабы

Зекет важиб боло турган эгин жана мөмөлөр нисабынын эң азы 5 васак. Буудай, арпа, курма жана мейиз 5 васакка жетпесе, Абу Саид аль-Худрий айтат: Расулулла ﷺ **«5 васактан кем болгон нерседе зекет жок»,** - деди. Муттафакун алайх. (Бухарий жана Муслимден). Мухаммад ибн Абдурахмандан «5 васакка жетмейинче эч нерсе алынбашы Умар رضي الله عنه жана Набий ﷺдын каттарында жазылган» деп риваят кылынды. Расулулла ﷺдын: **«Садака 5 васакта гана важиб болот»** дегенин Жабир риваят кылат. (Муслимден). Бир васак 60 соъго барабар. Набий ﷺ: **«Васак – 60 соъ»** дегенин Абу Саид жана Жабир риваят кылган. Соъ 4 мудга барабар. Муд болсо, Багдадий 1 ратлга кошумча 1 ратлдын 3төн бирине барабар. Соъ 2,176кг, васак 130,56кг буудайга барабар. Ушуга караганда, 5 васак буудайдын зекет нисабы 652 килограмм болот. Бул вазн арпа, курма жана мейиз вазнынан айырмаланып, нисаб кайл менен этибарга алынат. Нисаб, зекеттин важибдиги кайлга тиешелүү болгондуктан, нисаб вазн менен эмес, кайл менен этибарга алынган. Хадистер ушуга далалат кылат.

### Дан жана мөмөлөрдөн зекет алына турган убакыт

Дан жана мөмөлөр 5 васакка жетсе, дандар оруп-жыйылып, жанчып жана тазалангандан кийин, мөмөлөрдө болсо, курма кургак курмага, жүзүм мейизге айлангандан кийин зекет алынат. Дан жана мөмөлөрдө жыл айланышы шарт болбойт, тескерисинче, Алла Тааланын:

﴿ وَءَاتُواْ حَقَّهُۥ يَوۡمَ حَصَادِهِۦۖ ﴾

*«Жыйым-терим күнүндө акысын бергиле».* [6:141]
- деген сөзүнө ылайык, жыйыштыруу, тазалоо жана кургатуу шарт болот. Курма жана жүзүм кургап, курма жана мейизге айлангандан кийин о.э. дан жыйыштырылып, жанчылып, тазаланганда гана зекетти алууга сүннөт далалат кылат.

## Мөмөнү чамалоо

Мамлекет курма жана жүзүмдөрдүн бышуусуна көзү жеткенден кийин, мөмөлөрдүн түшүмүн чамалап келүү үчүн аныктоочу жибериши керек болот. Утоб ибн Усайд: «Набий ﷺ жүзүмдөрдү жана мөмөлөрдү чамалап бере турган адамдарды жиберет эле», - деп риваят кылат. (Абу Давуд, Ибн Мажа жана Термизийлер риваят кылышкан). Утобдон риваят кылынган хадисте: «Расулулла ﷺ курма чамалагандай эле жүзүмдү да чамалоого, суу курманын зекетин кургак курма абалында алышкандай эле жүзүмдүн зекетин да мейиз абалында алууга буюрду жана өзү ошондой кылды. Вадил-Куродогу бир аялдын багын чамалап берди», - дейт. (Имам Ахмад муснадында риваят кылган). Набий ﷺдан кийин Абу Бакр رضي الله عنه жана халифалар буга амал кылышкан.

Чамалоочу чамалоодо мөмө ээлерине кеңири мүмкүнчүлүк жаратып берүү үчүн, бар болгон мөмөнүн 3төн бирин же 4төн бирин чамалоодо ушул мөмөдөн жей турган меймандары, кошуналары, үй-бүлөсү, достору, бактын жанынан өтүүчүлөр, тилемчилер о.э. ага коно турган куштардын жей тургандыгын эсепке алып, нисабдан бул акыларды чыгарып таштоосу керек. Сахл ибн Абу Хасма: Расулулла ﷺ: «**Чамалаган убагыңарда эсебин чыгаргыла жана 3төн бирин койгула. Эгер 3төн бирин койбосоңор, 4төн бирин койгула**» деп айтчу эле, - деп риваят кылат. (Абу Давуд, Термизий жана Насаийлер риваят кылышкан). Макхулдан риваят кылынган хадисте Расулулла ﷺ: «**Чамалоочуларды жибергенде адамдарга жеңилдештиргиле, малда (мөмөлөрдө) мөмөсү терип алынганы, бышпай туруп төгүлүп кеткендери жана жолоочулар жеп кеткендери болот**», - деди. Расулулла ﷺдан риваят кылынбагандыктан, буудай жана арпа чамаланбайт. Себеби, аларды чамалоо жүзүм жана курмадагы абал сыяктуу оңой эмес. Курма жана жүзүм мөмөсү суу абалында кургабастан желет. Курма жана мөмөдөн үй-бүлө мүчөлөрүнүн кеңири жеши, сатышы, тартуу кылуулары мүмкүн жана бул жаатта кеңирирээк мүмкүнчүлүк жаратуу үчүн чамаланат. Алар зекетти ушул чамалоого карап беришет. Курма жана жүзүмдүн бардык түрүн жакшысы да, жаманы да, бири-бирине кошуп чамаланат. Буудай арпага кошулбаганы сыяктуу эле курма да мейизге кошулбайт.

Мөмө чамалангандан кийин жана кургоодон мурда кырсык келсе, ээсинин айыбысыз кырсык жетсе же кургоодон мурда же кийин уурдалса, мөмөнүн ээси төлөбөйт, бирок, калганы нисабга жетсе гана ушуга жараша зекет важиб болот.

## Эгин жана мөмөлөрдөн алына турган зекеттин микдары

Буудай, арпа, курма жана мейиз 5 васакка жетип барса, эгер машакатсыз сугарылган болсо, анда 10дон бири важиб болот. Машакатсыз сугаруунун мааниси арыкка, дарыяга жана суусу сызылып чыгып тура турган жерге жакын эгилген дарак сыяктуу адамдын эмгегисиз сугарылган жерлер. Машакат менен сугарылган (төөлөрдүн жардамында жана чака менен сугарылган) мөмөлөрдөн ушрдун жарымы т.а. 20дан бири зекет кылып берилет. Али ﵁дан «Асман сугарган нерседен ушр, чака же төө менен сугарыла турган жерден ушрдун жарымы берилет» дегени риваят кылынат. Башр ибн Саид: «Расулулла ﷺ зекетти асман суулары жана булак сугарган жерден жана кайракы жерден ушр, чаркайланма сугарган жерден ушрдун жарымын фарз кылды», - деп риваят кылат. Хакам ибн Утайба: «Расулулла ﷺ Муаз ибн Жабалга, ал Яманда эле, «**Асман сугарган же жер бетиндеги суудан сугарылган нерседе ушр, чака менен сугарылган нерседе ушрдун жарымы болот**» деп жазды», - дейт. Бул сугарууда жылдын көпчүлүк бөлүгү этибарга алынган. Эгер жылдын көбүрөөк бөлүгүндө эмгек жумшабастан машакатсыз сугарылса, бул эгинден ушр берилет. Эгер жылдын көпчүлүк бөлүгүндө машакат менен сугарылса, ушрдун жарымы (20дан бири) берилет. Жылдын жарымында машакат менен, жарымында болсо, машакатсыз сугарылса ушрдун төрттөн үч бөлүгү берилет.

## Эгин жана мөмөлөрдөн садака алуунун кайфийаты

Эгин жана мөмөнүн зекетиндеги асл важиб – эгин жана мөмөнүн дал өзүнөн алынуусу, жакшысы же жаманынан эмес, анын орточосунан алынуусу. Набий ﷺдын: «**Алардагы малдардын сапаттууларынан алба»,** - деген сөздөрүнө ылайык (Термизий риваяты), зекет алуучу садакага мөмө жана эгиндин эң жакшысын алуудан өзүн тыюусу керек. О.э. эгин жана мөмө ээсинин анын жаманын зекетке болжоосу да жайиз эмес. Алла Таала мындай дейт:

﴿وَلَا تَيَمَّمُواْ ٱلۡخَبِيثَ مِنۡهُ تُنفِقُونَ﴾

*«Нафака кылып жаткан нерселериңерден начарларын тандабагыла».* [2:267]

О.э. Набий ﷺ садакага сапатсыз курма алуудан кайтарган. (Насаий риваяты). Сапатсыз курма эки түрдүү болот, биринчиси: кабыгы данегине жабышкан курма; экинчиси: кургаганда сапатсыз боло турган курма.

Дан жана мөмөнүн ордуна алардын кыйматындагы акча же башка нерсе алынуусу жайиз. Мунун далили Амр ибн Динар Товустан риваят кылган хадис: «Набий ﷺ Муазды Яманга жибергенде, ал буудай жана арпа садакасынын ордуна кийим алган». Себеби, курманын кээ бир түрү тамрга (как курмага) айланбагандай эле, жүзүмдүн да кээ бир түрү мейизге айланбайт. Алардан кыйматы алынат, курма жана жүзүмдүн ордуна мата алганы Муаздан риваят кылынган. Бул Муаздын: «Мага кийим алып келгиле, садаканын ордуна аламын, бул силерге жеңилирээк, Мединадагы мухажирлерге пайдалуураак», - деген сөздөрүнөн көрүнөт. Расулулла ﷺ жана сахабалардын сүннөтүндө келишинче, акы малда важиб болот, кийин аны берүү – берүүчүгө аслине караганда жеңилирээк боло турган – андан башка нерсеге айланат. Набий ﷺдын жизя жөнүндө Яманда турган Муазга жолдогон каты ушул хадистер түркүмүнөн. Анда мындай делген: **«Ар бир балагатка жеткен адамга бир динар, же анын ордуна кийим алынат».** Набий ﷺ алтындын ордуна мата алган. Набий ﷺдын Нажрон калкына **«Аларга ар жылы 2000 кийимдик же анын ордуна 40 дирхам важиб болот»** деп жазган каты ушулар катарынан. Умар ؓ жизяда күмүш жана алтындын ордуна төө алчу. Али ؓ да күмүш жана алтындын ордуна жизяда ийне, аркан жана темене алчу.

## АЛТЫН ЖАНА КҮМҮШТҮН ЗЕКЕТИ

Алтын жана күмүштүн зекети – акча болобу, же акчадан башка нерсе болобу, айырмасыз – сүннөт жана сахабалар ижмасы менен важиб. Абу Хурайра ﷺ риваят кылган хадисте Расулулла ﷺ: «**Алтын жана күмүш ээси анын акысын өтөбөй турган болсо, кыямат күнү болгондо ага оттон болгон таш төшөлөт жана ал тозок отунда ысытылат, аны менен зекет бербеген адамдын капталдары, маңдайы жана аркасы күйгүзүлөт, муздап калса ал дагы кайрадан кызытылат. Ал микдары 50 миң жыл болгон күндө пенделер арасында өкүм чыгарылганга чейин жазаланат, ошондон кийин жаннатка же тозокко болгон өз жолун көрөт»**, - деди. (Бул хадистиТермизий гана риваят кылбаган, калган беш ровий риваят кылган). Расулулла ﷺ: «**Алла адамга мал берген болсо, бирок, адам анын зекетин бербесе, жыйган байлыгы кыямат күнү эки көзүнүн үстүндө эки чекити бар уулуу жылан көрүнүшүнө кирип алып, ээсинин башына оролуп алып чагат, кийин «мен сенин мал-дүйнөңмүн, мен казынаңмын» дейт»**, - деди. Кийин мына бул аятты окуду:

﴿ وَلَا يَحْسَبَنَّ ٱلَّذِينَ يَبْخَلُونَ بِمَآ ءَاتَىٰهُمُ ٱللَّهُ مِن فَضْلِهِۦ هُوَ خَيْرًا لَّهُم ۖ بَلْ هُوَ شَرٌّ لَّهُمْ ۖ سَيُطَوَّقُونَ مَا بَخِلُوا۟ بِهِۦ يَوْمَ ٱلْقِيَٰمَةِ ۗ ﴾

*«Аллах фазли менен берген нерселердин (зекетин) берүүгө сараңдык кылган кишилер эч качан бул кылмыштарын өздөрү үчүн жакшылык деп эсептешпесин! Жок, бул кылган иштери өздөрү үчүн жамандык. Сараңдык кылып бербеген нерселери Кыямат күнүндө моюндарына оролот!»* [3:180]

(Муну Абу Дауд гана риваят кылбаган, калган беш ровий риваят кылган)

Ижмадан далил: сахабалардын ихтилафсыз алтын жана күмүштө зекеттин важибдигине ижма кылгандыктары.

### Күмүш нисабынын микдары

Зекет важиб боло турган күмүш микдарынын эң азы 5 увкия. Набий ﷺ: «**5 увкиядан кемге садака жок»**, - деди. Муттафакун алайх. Сан боюнча микдары – 200 дирхам. Себеби, ар бир увкия 40 дирхам. Али ибн Абу Талиб: «Ар бир 200 дирхамда 5 дирхам зекет бар», - деди. Мухаммад ибн Абдурахман ал-Ансорий мындай деп риваят кылат: «Расулулла ﷺдын катында жана Умардын катында «**Күмүш 200 дирхамга жетпесе, андан зекет алынбайт**» деген сөз бар. Ушуга караганда, күмүштө 200 дирхамдан 1 дирхам азайса да зекет важиб болбойт. Себеби, ал 5

увкиядан кем болот. Расулулла ﷺ 5 увкиядан кем болгон малдан зекетти важиб кылбады.

Нисаб белгилене турган дирхамдар – бул шаръий дирхамдар. Шаръий дирхамдардын он даанасы алтын өлчөөсү менен 7 мискалга (1 мискал – 4,68 грамм) барабар. Дирхамдын ар бири бир мискалдын 10дон 7 бөлүгү болот. Бул шаръий дирхам вазны болуп, аны менен зекет, жизя, дия (кун акчасы) жана уурулуктагы колду кесүүнүн нисабы белгиленет.

Дирхамдын грамм менен болгон вазны 2,975 грамм. Күмүштөн зекет нисабынын вазны 595 грамм болот (200 дирхам 595 граммга барабар). Чегилген акча көрүнүшүндөгү күмүш башка күмүш куймасына же күмүш маъданга кошулат, эгер күмүш жез, коргошун же андан башка металдар менен аралашкан болсо, анын курамындагы таза күмүш нисабына жетип барса, зекет важиб болот. Зекет күмүштүн микдарынан гана чыгарылат.

## Күмүштүн нисабында важиб болгон зекеттин микдары

Күмүш зекет нисабына жетип барып, бир жыл айланса, анда ондон биринин төрттөн бири важиб болот т.а. 200 дирхам нисабда 5 дирхам важиб, бул сүннөт менен далилденген. Абу Бакр ؓ Набий ﷺдан риваят кылат, Набий ﷺ: «**Риккада рубъул ушр (үшүрдүн төрттөн бири) зекет берилет»,** - деди. Рикка – бул акча кылынган күмүш. Бухарий Набий ﷺдан риваят кылды: «**Ар бир 40 дирхам күмүштөн 1 дирхам садака бергиле, 190 дирхамга зекет берилбейт»** (т.а. 200 дирхамда ар 40 дирхамдан 1 дирхам). Мухаммад ибн Абдурахман ал-Ансорий «Садака жөнүндөгү Расулулла ﷺдын катында: «**Күмүш 200 дирхамга жеткенде гана андан зекет алынат»** деген сөздөр бар», - дейт, зекет нисабында важиб болгон 5 дирхам 14,875 граммга барабар. Себеби, дирхамдын салмагы 2,975 грамм.

## Алтын нисабынын микдары жана алтында важиб болгон зекет

Зекет важиб боло турган алтын микдарынын эң азы 20 динар. Эгер 20 динардан 1 кийрот (0,195 грамм) азайса да зекет важиб болбойт. Али ибн Абу Талиб «20 динардан жарым динар жана 40 динардан 1 динар зекет важиб» деп риваят кылды. (Абу Убайда риваяты). Амр ибн Шуайб атасынан, атасы чоң атасынан, чоң атасы Набий ﷺдан риваят кылат, Набий ﷺ: «**20 мискал алтындан азында зекет жок»,** - деди. Алтындын айрымдары айрымдарына, бүтүнү сындырылганына, акча кылынганы металл куймасына кошулат жана баары бирдей эсептелет.

Алтын нисабында важиб боло турган зекет рубъул ушр (ондон бирдин төрттөн бири) т.а. 20 динар нисабдан жарым динар, 40 динардан бир динар важиб болот.

Алтын жана күмүштүн нисабынан артканы эсептелип, ашыкчасы көп болсо да, аз болсо да, ошол ашыкчасында да рубъул ушр (кырктан бири) алынат. Бул айбандар нисабынын өкүмүнөн башкача. Себеби,

айбандарда ар бир санактын арасы кечирилген (т.а. 2 нисаб арасындагы артыкчасына зекет жок). Ал эми күмүш жана алтын нисабынын артыкчасына зекет бар. Анда бирдей нисаб сакталат. Нисабдын артыкчасы нисаб өкүмүн алат жана артыкчанын зекети берилет. Т.а. андан рубъул ушр алынат.

Алтын нисабы болгон 20 динардын салмагы 85 грамм. Алтын нисабында важиб болгон жарым динардын салмагы 2,125 грамм алтынга барабар. Себеби, 1 динар алтындын салмагы 4,25 грамм алтынга барабар.

Алтын жана күмүштүн нисабына толук бир жыл өткөн болсо жана жылдын башы менен акырында толук нисаб болсо гана зекет важиб болот. Термизий ибн Умардан риваят кылат, айтты: «Малга 1 жыл өтмөйүнчө зекет важиб болбойт». Эгер адам жылдын башында алтын жана күмүш нисабынан азыраакка ээ болсо, кийин жылдын акырына жакындап калганда нисабды толук кыла турган мал тапса, анын жылы нисаб толук болгон убактан башталат. Бир жыл өтсө гана зекет важиб болот.

Эгер алтын, күмүш нисабы жылдын башынан эле толук болсо жана ал аркылуу жыл бою пайда түшүп турса, бул пайда аслга кошулган соодадан болсо, пайда аслдин жылы менен этибар кылынат т.а. чыгарып алынган пайда да зекет нисабына кошулат. Ага да 1 жыл өткөн деп эсептелет. Себеби, пайда малдын өсүүсү жана жынысынан болуп, ага көз каранды.

Эгер пайда нисаб жынысынан болсо, бирок, мурас же белек аркылуу болгону сыяктуу өсүү жолунан болбосо, бул пайдага толук бир жыл өтүшү керек. Аслга кошулбайт жана анын өкүмүн албайт. О.э. эгер пайда мал жынысынан болбосо, пайда кылынган нерсе айбан болсо, алтын жана күмүшкө кошулбайт, курма нисабы мейиз менен, төө нисабы мал менен толтурулбаганы сыяктуу. Себеби, хадисте Расулулла ﷺ **«5 увкиядан аз болгон нерседе зекет жок»** деди. Расулулла ﷺ алтын жана күмүштү түрдүү жыныс кылды жана алардын арасындагы айырбаштоо мамилесинде айырма болушуна уруксат берди.

## Кагаз акчалардагы зекет

Акча – бул мамлекет чыгара турган жана аны өзү үчүн мамилеге киргизе турган финансылык кагаздар. Мамлекет аны менен сатып алына турган нерселердин жана кызматтардын кыйматын белгилейт. Кагаз акчалардын зекети алтын жана күмүштүн зекети сыяктуу. Кагаз акчалардын абалына карап зекет өкүмдөрү жүргүзүлөт. Ал үч түрдүү болот:

1. Наиб кагаз акчалар. Бул акчалар маъданий акча түзүмүндө жүргүзүлүүчү мамлекет чыгарган кагаз акчалар. Бул акчалар алтын же күмүшкө салыштырмалуу чектелген көлөмдө жүргүзүлөт. Айланууда алтын жана күмүшкө наиб (орунбасар) болот жана талап маалында бул

акчалар сарпталат. Мындай кагаз акчалар алтын жана күмүш катары этибар кылынат. Себеби, аны ар кандай убакта алтын жана күмүшкө алмаштырууга болот. Анын зекети алтын жана күмүштүн зекети сыяктуу. Эгер алтынга орунбасар болсо, кагаз акчанын алтынга карата кыйматы 20 динарга (85г) жетип барса жана бир жыл айланса, зекет т.а. рубъул ушр важиб болот. Эгер күмүшкө орунбасар болсо, анын көлөмү 200 дирхамга т.а. 595 грамм күмүштүн көлөмүнө жетип барса жана бир жыл толсо, зекет б.а. рубъул-ушр важиб болот. Наиб кагаз акчадан зекет важибдигинин далили алтын жана күмүштөн зекет важибдигине далалат кылуучу жогоруда келген хадистер. Себеби, бул акчалар алтын жана күмүшкө вакил же наиб болуп саналышат. Вакил жана наиб болсо аслдин өкүмүн алат.

2. Васийко кагаз акчалар. Бул акчалар мамлекет чыгарган, же мамлекет чыгарууга укук берген банктардын бири чыгарган кагаз акчалар. Васийко (ишеничтүү) кагаз акчанын көрсөтүлгөн кыйматынан төмөн белгилүү бир нисбатта күмүш же алтындан туруктуу каптамасы болот. Бул каптоо мамлекетте же бул акчаларга жоопкер болгон банкта сакталат. Васийко кагаз акча чыгаруучу (мамлекет же банк) – алуучу талап кылган убакта – капталган алтын жана күмүштөн болгон кыйматты алуучуга кайтарууну мойнуна алат. Анын каптамасы толук болбойт, балким, анын кыйматына белгилүү бир нисбат менен болот, кээде 4төн 3 бөлүгү, 3төн 2 бөлүгү же жарымы же башка белгилүү бир пайыз менен болот.

Бул васийко кагаз акчалардын капталган бөлүгү наиб кагаздар, алтын, күмүш деп этибарга алынат. Себеби, алар ар кандай убакта алмаштырылат. Анын зекети алтын жана күмүштүн зекети сыяктуу болот. Мисалы, эгер васийко кагаз алтын менен капталган болсо, анын каптамасы исмий кыйматынын жарымына барабар болсо жана 40 динарга жетсе, бир жыл өткөндөн кийин андан зекет важиб болот. Анын зекети өз жынысынан бир динарлык бөлүгү төлөнөт. Эгер 40 динарга жетпесе, нисабдан аз болгондуктан, ага зекет берилбейт.

Мисалы, эгер бул акчалар күмүш менен капталган болсо жана каптамасы исмий кыйматынын жарымы болсо, мында эгер 400 дирхамга жетип бир жыл айланса, зекет берүү важиб болот. Зекет өз жынысынан 10 дирхамга барабар бөлүгү болот. Эгер 400 дирхамга жетпесе, анда зекет берилбейт.

Васийко кагаздарда зекет важибдигинин далили – алтын жана күмүштө зекеттин важибдигине далалат кылуучу хадистер. Себеби, васийко кагаздар исмий кыйматында капталган көлөмдө күмүш жана алтынга вакил болуп саналат. Зекет анда важиб болот. Анткени, вакил жана наиб аслдин өкүмүн алат.

3. Мажбурий кагаз акчалар. Алар мамлекеттин буйругу менен чыгарылат жана мамлекет айландырууга таштайт, аны нерселерге баа

кылып, кызмат жана кызыкчылыктарга акы кылып белгилейт. Аны алтын жана күмүшкө айырбаштоого болбойт, анткени, ал алтын жана күмүш менен капталбаган о.э. запастык алтын, күмүш же капталган кагаз акча менен кепилденбеген, ошондуктан, мажбурий кагаз акчалардын мыйзамдык кыйматынан башка кыйматы жок.

Бул мажбурий кагаз акчаларды акча жана нерселерге баа кылып о.э. кызыкчылыктар жана кызматтарга акы кылып белгилөөгө келишип алынган. Ошондуктан, анын жардамында башка малдарды жана нерселерди сатып алгандай эле, муну менен алтын жана күмүштү да сатып алууга болот. Бул учурда мажбурий кагаз акчаларда да алтын жана күмүштө жүзөгө чыккан акчалык жана баа сыпаты жүзөгө чыгат.

«Күмүштө рубъул ушр», «5 увкиядан азда садака жок», «күмүштүн зекетин алып келгиле», «күмүш 200 дирхамга жетмейинче, күмүштөн зекет алынбайт, качан 200 дирхамга жетип барса, 5 дирхам зекет алынат», «сиздин 20 динарыңыз болуп, 1 жыл толук айланса, ошондо гана жарым динар зекет бересиз» деп, алтын жана күмүштө зекеттин важибдигине ишара кылуучу хадистердин баары акчага жана баага далалат кылган. Себеби, хадисте келген «рикка», «варик» жана «увкия» сөздөрү арабдардын лугатында зарб аркылуу (согулуп-чегилип) акча кылынган дирхамдарга карата иштетилет. О.э. «динар» сөзү да зарб аркылуу акча кылынган алтынга т.а. акча жана баа болгон алтынга карата колдонулат. Хадисте «алтын» жана «күмүш» сөздөрү иштетилбестен, динар жана дирхам сөздөрү менен айтылышы – алардан көздөлгөн максат акча жана баа экендигине далалат кылат. Акча жана баага зекет, дия, каффарат, уурулукта кол кесүү жана башка өкүмдөр байланган.

Мажбурий кагаздарда акча жана баа жүзөгө чыкса, алар алтын күмүш акчада зекет важибдиги жөнүндө келген хадистерди өз ичине алып, зекет важиб болот. Зекет алтын жана күмүш менен белгиленет. Мисалы, адамда мажбурий кагаздар кыйматы алтын нисабы болгон 20 динар (85 грамм алтын) кыйматына барабар болсо, же адамдагы каражат 200 дирхам (595 грамм) күмүшкө барабар болсо жана 1 жыл айланса, анын кырктан бирин зекет кылып бериши важиб.

Зекет алтындан – алтын, наиб акчалар жана васийко кагаз акчалар менен берилет. Күмүштөн – күмүш, наиб акчалар жана васийко кагаз акчалар менен зекет берүү жайиз. О.э. алтындан күмүш, мажбурий кагаз акчалар менен зекет берилет, ал эми күмүштөн алтын жана мажбурий кагаз акчалар менен зекет берилет, себеби алардын баары акча жана баалар болуп саналышат. Алардын айрымдары айрымдарынын ордуна өтөт жана мындан көздолгөн максат ишке ашкандыгы үчүн, кээ биринин ордуна башкасынан зекет берүү жайиз. Эгин жана мөмөлөрдүн зекети бөлүмүндө, зекет важиб болгон малдын ордуна кыйматты алуу далилин айтып өткөн элек.

## СООДА МАЛДАРЫНЫН ЗЕКЕТИ

Пайда алуу максатында акчадан тышкары сатып алуу жана сатуу менен соода кылына турган нерселердин баары – соода (тижарат) малдары деп аталат. Аларга азык-түлүк, кийим-кече, үй эмеректери, өнөржай буюмдары, айбандар, металдар, жер жана имараттар о.э. сатып алына турган жана сатыла турган башка нерселер кирет.

Соода кылына турган малдардан сахабалардын иттифак-келишүүсү менен зекет важиб болду. Самура ибн Жундуб: «Расулулла ﷺ сатуу үчүн даярдалган нерседен албетте садака берүүнү бизге буюрат эле», - деди. (Бул хадисти Абу Давуд риваят кылган). Абу Зар Набий ﷺдан: «**Базда садака бар**», - деп риваят кылат. «Баз»дын мааниси – соода кылына турган мата жана кийимдер. (Дарукутний жана Байхакий риваят кылган). Абу Амра ибн Хаммас атасынан: «Умар ибн Хаттаб өтүп бара жатып: Эй, Хаммас, малыңдын зекетин бергин, - деди. Мен: Менде мал жок, жалаң гана тери жана саадак бар, - дедим. Ал: Анын кыйматын чыгарып, анан зекетин бер, - деди» - деп риваят кылат. Абдурахман ибн Абдулкорий: «Мен Умар ибн Хаттабдын заманында байтулмалда аамил элем. Умар байтулмалдан хадя таркатканы чыккан убакта соодагерлердин малдарын топтоп, кийин анын ушул жердеги жана башка жактагы бардык малдарын эсептеп, баарынын үстүнөн т.а. башка жердеги жана ушул жердеги малынан зекет алчу», - деп риваят кылат. Ибн Умар: «Соода көздөлгөн кийим жана маталарда зекет бар», - деди. Соодада зекеттин важибдиги Умар, анын уулу, Ибн Аббас, жети фукаха, Хасан, Жабир, Товус, Нахаъий, Саврий, Авзоъий, Шафиъий, Ахмад, Абу Убайда, асхоби рай, Абу Ханифа жана алардан башкалардан да риваят кылынган.

Соода малынын кыйматы алтын жана күмүш нисабы кыйматына жеткен жана 1 жыл айланган убакта зекет важиб болот.

Соодагер (таажир) нисабдан азыраак мал менен соодасын баштаса, жылдын аягында мал нисабга жетсе, нисабга 1 жыл өтпөгөндүктөн, ага зекет важиб эмес. Бул нисабга 1 жыл өткөндөн кийин гана зекет важиб болот.

Нисабдан ашык 1000 динар мал менен соода баштаган соодагер жылдын акырында соодасы аяктап, малы пайдасы менен 3000 динарга жетсе, алгачкы 1000 динардын эмес, 3000 динардын зекетин берет. Себеби, 3000 динар 1000 динарга көз каранды болгон. Үч миң динар качан пайда болгонуна карабастан, негиздин айланышына бир жыл болгондон кийин зекет берилет. Бул эчки жана кой балдарынын эчки жана кой менен бирге эсептелгени сыяктуу. Мал пайдасынын айлануу жылы да пайда туулган асл малдын айлануу жылы менен эсептелет. Жыл аяктаганда соодагер соода малынын кыйматын чыгарат. Мында соода малынан зекет төөгө, малга жана койлоргобу, же кийим-кече, өнөржай продукциялары, жер жана имарат сыяктуу мүлккөбү, айырмасыз, соода малынын баарын алтын же күмүш менен бирдей баалайт. Эгер соода

малынын кыйматы алтын же күмүш нисабынын кыйматына жетсе, андан мамиледеги акча менен кырктан бирин берет. Эгер ага жеңил болсо, соода малынын зекетин соода малынан бериши да жайиз. Мисалы, бир адам кой, уй же кийим менен соода кылса, ага важиб болгон зекеттин кыйматы кой, мал же кийимдин кыйматы менен барабар болсо, ал акча бериши, же болбосо кой, уй жана кийим бериши да мүмкүн. Кай бирин каалаcard ошону берет.

Төө, уй жана кой сыяктуу дал өзүнөн важиб боло турган соода малдарында, айбан зекети эмес, соода малынын зекети берилет. Себеби, мал ээсинин ниети соода, буларды көбөйтүү эмес.

### Карыздын зекети

Адамда нисабга жеткен жана 1 жыл айланган мал болсо, бирок, анын мойнунда нисабды толук каптай турган карыз болсо же карызын төлөгөндөн кийин калган малы нисабга жетпей турган болсо, ага зекет важиб болбойт. Мисалы, бир адам миң динарга ээ, бирок, анын мойнунда 1000 динар карызы бар, же 40 динар алтынга ээ, бирок, аны мойнунда 30 динар карызы бар, бул эки абалда ал нисабга ээ болбогондуктан зекет бербейт. Нафиъ Ибн Умардан риваят кылат, Расулулла ﷺ: «**Адамдын 1000 дирхамы болсо, бирок, анын мойнунда 1000 дирхам карызы болсо, ага зекет важиб болбойт**», - деди.

Ал эми карыздан ашып калган мал нисабга жетсе, Саиб ибн Язид Усман ибн Аффандын: «Бул силердин зекет айыңар, кимдин карызы болсо, малдарыңардын зекетин берүү үчүн, аны төлөсүн» - дегенин, дагы бир риваятта - «Кимде карыз болсо, төлөсүн, кийин калган малынын зекетин берсин», - дегенин уктум дейт. Бул сөз сахабалардын алдында болгон. Алар муну четке кагышпады. Бул алардын ижмасына далалат кылат.

Эгер адамдын карызга берген акчасы бай адамдын мойнунда болсо, каалаган убагында кайтарып алуу мүмкүнчүлүгү болсо, карызга жыл толгон убакта анын зекетин берүү важиб болот. Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه: «Садака фарз болгон убакта берген карызыңды о.э. өзүңдөгү нерселердин баарын чогултуп, эсептеп, кийин анын зекетин бер», - деди. Усман ибн Аффан: «Эгер кааласаң ээсинен талап кылып ала турган, уялганыңдан же жакшы мамиле кылганың себептүү сурабай турган бай адамдагы карызыңа зекет важиб», - деди. Ибн Умар: «Сен алууну үмүт кылып жаткан карызыңа 1 жыл толсо, анын зекетин беришиң керек», - деди.

Ал эми карыз алуучусу кыйналган адам же создуктуруп жүрө берүүчү бай болсо, карыз кайтарып алынгандан кийин зекетин берүү важиб. Ала алса, мурунку (зекети төлөнбөгөн) жылдар үчүн да зекет берет. Ээсинин өндүрүүсү же өндүрбөшү күмөн болгон карыз жөнүндө Алиден риваят кылынган хадисте: «Эгер, карызды өндүрсө, өткөн жылдар үчүн да зекет берсин», - деди. Ибн Аббас карыз жөнүндө: «Аны алууну үмүт кылбаган убагыңда, карызың колуңа тиймейинче зекет бербейсиң. Аны алган убагыңда зекетин бер», - деп риваят кылат.

## КЫМБАТ БААЛУУ ТАГЫНЧАКТАРДЫН ЗЕКЕТИ

Аялдар билегин, мойнун, кулактарын, денесин жасалгалоо үчүн тага турган кымбат баалуу таштар, металдар жана бриллианттардан – нисабга жеткен болушуна, же кымбат баалуу таштар аз же көп болушуна карабастан – тагынчакка зекет берилбейт. Себеби, аялдар бул таштарды казына же соода үчүн албастан, жасануу, пайдалануу үчүн алган деп этибар кылынат. Эгер тагынчак казына же соода үчүн алынган болсо, андан зекет берилет. Лайс ибн Саъд Абу Зубайрдан, Абу Зубайр Жабирден, Жабир Набий ﷺдан риваят кылды: Набий ﷺ: **«Тагынчакта зекет жок»,** - деди. Амр ибн Динар айтат: Жабир ибн Абдулладан: «Тагынчакта зекет барбы?» - деп сурашты. Ал «Жок!» деди. «10 миңге жетсе дагыбы?» - деп сурашты. Ал «Ооба» деп жооп берди. Нафиъ Ибн Умардан риваят кылат: «Ибн Умар кыздарынын бирин 10 миң алып турмушка узатты, 10 миңдин 4 миңине кызына тагынчак белек кылды. Алар тагынчактан зекет беришпеген». Абдурахман ибн Касим атасынан риваят кылат: «Айша инисинин кызын алтын жана күмүш менен жасалгалачу жана анын зекетин берчү эмес». «Тагынчакта зекет важиб болот», - деген адамдар бир нече хадистерди далил кылып келтиришти. Алтын жана күмүштө зекетти важиб кылуучу хадистерде келген «рикка», «увкия», «варик» жана «динар» сөздөрү тагынчак маанисин өз ичине албайт. Мунун себеби, жогорудагы сөздөр араб лугатында адамдар арасында колмо-кол өтүп жүрүүчү, чегилген динар жана дирхамдарга карата айтылат. Бул дирхам жана динарлар нерселердин баасы, кызмат, пайда, тагынчак жана башка нерселердин наркы болгон акчалар. Эгер хадистердин сөздөрү күмүш баланчага жетип барса, анда баланча зекет бар деген сийга менен болгондо, тагынчак күмүш сөзүнүн ичине кирген болот эле. Бирок, хадистер «рикка», «варик», «увкия» жана «динар» сөздөрүн иштеткен. Сөздөрдүн баары чегилген акча абалындагы алтын жана күмүшкө иштетилет. Тагынчак болсо бул сөздөрдөн эмес. Бул хадистер умумий хадисти хостоочу болуп саналат. Умумий хадис болсо мына бул: **«Алтын жана күмүш ээси анын акысын өтөбөй турган болсо, кыямат күнүндө ага оттон болгон таш төшөлөт».**

Ал эми Амр ибн Шуайб риваят кылган хадиске караганда: «Бир аял кызын жетелеп, Набий ﷺдын алдына келди. Кызынын колунда алтындан куюлган эки тагынчагы бар эле. Набий ﷺ: **«Мунун зекетин бергенсизби?»** - деди. Ал: «Жок», - деди. Набий ﷺ: **«Алла бул эки тагынчактын ордуна тозоктогу оттон болгон эки билерикти тагып коюусу сизди кубандырабы?»,** - деди. Бул хадис жөнүндө Абу Убайд: «бу хадис иснады тууралуу мурунку жана азыркы аалымдар кеп кылып, анын бир гана жактан риваят кылынганын билебиз», - дейт. Биз жогоруда айтып өткөн Саид ибн Мусаййаб, Шаъбий, Хасан жана Котодалар бу хадисти «тагынчактын зекети - арияга (пайдаланууга) берүү» деп тафсир кылышкан. Эгер тагынчакта зекет фарз болгондо,

Расулуллох ﷺдын кат жана сүннөттөрүндө анык көрсөтүлгөн башка садакалар сыяктуу болмок.

Термизий: «Бул бөлүмдө сахих нерсе жок», - дейт. Т.а. тагынчакка зекет берүү жөнүндө сахих хадистер жок.

Айша رضي الله عنهاнын «Эгер зекетин берсең, тагынчак тагышыңда зыян жок», деген риваятына, же Расулулла ﷺ Айша رضي الله عنهاнын чоң күмүш шакек тагып алганын көргөндө: **«Ал сени тозокко киргизүүгө жетиштүү болот»,** - деген Набий ﷺдын сөздөрүнө келсек, алар жогорудагы Амр ибн Шуайбдын хадисиндей түшүнүлөт. Айрыкча, Айша رضي الله عنهاдан бул пикирге тескери келе турган риваят бар. Айша رضي الله عنهاнын жээни Касим ибн Мухаммад: «Айша өзүнө караштуу аялдарды же инисинин кыздарын тагынчактан зекет берүүгө буюрган эмес. Айша инисинин кыздарын алтын-күмүш менен жасалгалаган жана анын зекетин берген эмес», - деп риваят кылат. Күмүш шакек жөнүндөгү Айша رضي الله عنهاнын хадиси Яхя ибн Айюб жолунан риваят кылынган болуп, анын хадиси заиф. Мунун үстүнө, шакектин салмагы зекет важиб болушу үчүн бир жыл айланган күмүш нисабынын салмагына барабар болушу мүмкүн эмес. Бул нерсе хадистин заиф экендигин дагы бир жолу тастыктайт. Ал эми, Умму Саламадан риваят кылынган авзох (күмүштөн болгон тагынчак) хадиси Аттаб жолунан риваят кылынган. Ал болсо мажхул (белгисиз) адам.

Абдулла ибн Амр кыздарынын тагынчагынын зекетин бергени жөнүндөгү хадис санады жогоруда айтып өтүлгөн Амр ибн Шуайбдын хадисинин санадына окшоп заиф.

Ибн Умар, Жабир, Анас, Айша, Асма, Касим, Шаъбий, Котода, Мухаммад ибн Али, Малик, Шафиьий, Ахмад, Абу Убайд, Исхак жана Абу Саврлар «Тагынчакта зекет важиб болбойт» дешкен.

Булар аялдардын тагынчактары жөнүндөгү сөздөр. Эгер эркек адам тагынчакты пайдалануу үчүн алса, бул ага арам жана ал үчүн зекет берүү важиб болот. Ал эми, өзү пайдаланбастан, аялдарына, кыздарына же башкаларга берүү же пайдаланууга берип туруу үчүн алган болсо, анда ага зекет берилбейт. Себеби, бул тагынчак мубах керектөө үчүн болгон жана ага күнөө болбойт. Эгер соода үчүн алган болсо, зекет берүү важиб болот.

## ЗЕКЕТТИ ХАЛИФАГА БЕРҮҮ

Зекет эмнеден болушуна карабастан, ал халифага, же халифа дайындаган валийге, же халифа дайындаган зекет жыюучуларга берилет. Алла Таала айтат:

﴿ خُذۡ مِنۡ أَمۡوَٰلِهِمۡ صَدَقَةٗ تُطَهِّرُهُمۡ وَتُزَكِّيهِم بِهَا وَصَلِّ عَلَيۡهِمۡۖ إِنَّ صَلَوٰتَكَ سَكَنٞ لَّهُمۡۗ ﴾

*«Алардын малдарынын бир бөлүгүн аларды тазалай турган садака катары алгын да, алардын акысына дуба кылгын. Албетте, сенин дубаң алар үчүн бейпилдик болот».* [9:103]

Алла бул аятта Расулуна мал ээлеринен садака алууну буюрду. Расулулла ﷺ жүзүм жана курманы чамалоо үчүн чамалоочуларды дайындаганы сыяктуу эле мал ээлеринен садака алуу үчүн садакага валий, аким жана садака жыюучуларды дайындаган. Адамдар Расулулла ﷺ заманында зекетти Расулуллага жана ал дайындаган валийге, аким жана садака жыюучуларга берген, Расулулла ﷺдан кийин Абу Бакр, Умар, Усман, Али رضي الله عنهم доорлорунда жана алардан кийинки доорлордо да абал мына ушундай уланды. Ибн Сиринден риваят кылынат: «Садака Набий ﷺга же ал адам буюрган кишилерге, Абу Бакрга же ал адам буюрган кишилерге, Умарга же ал буюрган кишилерге, Усманга же ал буюрган кишилерге берилген. Усман өлтүрүлгөндө ихтилаф кылышты, алардын айрымдары халифа буюрган адамдарга берсе, айрымдары өздөрү бөлүштүрүп жиберчү. Ибн Умар зекетти ал буюрган адамдарга берүүчүлөрдөн эле».

Зекет халифага же халифа дайындаган амирлер, валийлер, акимдер жана зекет жыюучуларга берилет, ал тургай, зулум кылуучу болушса да. Ырас, Ислам өкүмү колдонулуп жаткан соң, жаман колдонулса да зекет ушуларга берилет. Сухайл ибн Абу Солих атасынан риваят кылып айтат: «Саъд ибн Абу Ваккас, Абу Хурайра, Абу Саид Худрий жана Ибн Умардан: «Бул халифа силер көрүп турган иштерди кылып жатат. Мен зекетимди ага бере береминби?», - деп сурадым. Алардын бардыгы: «Зекетти ага бер», - дешти». Ибн Умар: «Зекетти Алла силерге валий кылган адамдарга бергиле. Адам жакшылык кылса өзүнө пайда, күнөө кылса өзүнө зыян», - деди.

Адамдын өзү акчадан болгон зекетти таркатуусунун жана зекетти өз ордуна коюусунун жайиздигине сахабалардан жана табиъиндерден риваяттар келген. Кайсон Умарга 200 дирхам садака алып келип: Эй, момундар амири, бул малымдын зекети, - деди. Умар ага: Аны өзүң алып барып бөлүштүр, - деди. О.э. Ибн Аббастан мындай риваят бар: «Зекетти өз ордуна койгондон кийин, зекеттен өз карамагыңдагы бирер адамга бирер нерсе бербеген болсоң зыяны жок». Иброхим жана Хасан: «Зекетти өз ордуна кой жана аны жашыруун кыл», - деди. Акчалардан зекет берүүдө ушундай болот. Ал эми, айбандар, эгиндер жана мөмөлөрдү халифага же халифа дайындаган адамдарга берүү керек. Абу Бакр رضي الله عنه валий жана халифа дайындаган зекет жыюучуларга зекет

берүүдөн моюн толгогондорго каршы согушту жана: «Аллага ант болсун, эгер Алланын Расулуна беришкен улакты мага беришпесе, мен алар менен согушамын», - деди. Муттафакун алайх.

Зекет алуучунун зекет берүүчүнү төмөнкү сөздөр менен дуба кылып: «Алла берген нерсеңизден сизге ажр берсин жана сиз инфак кылган нерседе сизди берекелүү кылсын жана аны сиздин күнөөлөрүңүздү тазалоочу кылсын», - деп айтуусу мустахаб болот. Эгер зекет халифага же халифа дайындаган адамга берилсе, халифа же дайындалган адам зекет берүүчүнү дуба кылат. Алла Таала айтат:

﴿ خُذْ مِنْ أَمْوَٰلِهِمْ صَدَقَةً تُطَهِّرُهُمْ وَتُزَكِّيهِم بِهَا وَصَلِّ عَلَيْهِمْ ۖ إِنَّ صَلَوٰتَكَ سَكَنٌ لَّهُمْ ۗ ﴾

*«Алардын малдарынын бир бөлүгүн аларды тазалай турган садака катары алгын да, алардын акысына дуба кылгын. Албетте, сенин дубаң алар үчүн бейпилдик болот».* [9:103]

Абдулла ибн Абу Авфа риваят кылат: «Атам шажара ахлинен (байъатур-ризванда катышкан) эле. Атам садакасын алып келгенде Набий ﷺ «**Я, Аллахым, Абу Авфанын үй-бүлөсүнө ырайым кылгын**», - деди». Бирер коом Набий ﷺга садакаларын алып келишсе, Набий ﷺ «**Я, Аллахым, бул үй-бүлөлөргө ырайым кылгын**», - дейт эле. Муттафакун алайх.

## Зекет бербей турган адамдын өкүмү

Мусулман адам зекет важиб болгон малдардан нисаб микдарына ээ болсо, малдарда важиб болгон зекетти өтөө ага фарз болот. Эгер моюн толгосо, катуу күнөөкөр болот жана садака малдары темасында келген хадистерде айтылгандай, катуу жазаланат.

Зекетти өтөөдөн моюн толгогон адамдын абалына каралат. Эгер зекет важиб экендигин билбегендиктен бербеген болсо, мындай адам адатта жахил болот, ага зекеттин важибдиги түшүндүрүлөт, үзүрлүү болгондугу үчүн ал «кафир» деп айтылбайт жана жаза да берилбейт.

Эгер зекеттин важибдигин инкар кылып, аны өтөөдөн моюн толгоп жаткан болсо, ал муртад (т.а. динден чыккан) болуп, ага муртад мамилеси кылынат. 3 күн динге кайтуу талап кылынат. Эгер кайтса, андан зекет алынат жана ал өз абалына коюлат. Эгер кайтпаса, өлтүрүлөт. Себеби, зекеттин важибдиги шариятта белгилүү. Зекеттин важибдигинин далилдери Китеп, Сүннөт жана ижмада ачык-айкын көрсөтүлгөн. Мусулмандарга бул нерсе жашыруун эмес.

Эгер адам зекеттин важибдигине ишенген абалда өтөөдөн баш тартса, андан күч менен алынат. Эгер бирер жамаат мамлекетке зекет берүүдөн баш тартса жана зекет берүүдө мамлекетке итаат кылуудан баш тартса, бир мекенге жашырынып алышса, Абу Бакр رضي الله عنه жана сахабалар зекеттен баш тарткандарга каршы согушканы сыяктуу, мамлекет багийлерге (мамлекетке каршы чыгуучуларга) каршы согушат.

## ЗЕКЕТТИ САРПТОО ОРУНДАРЫ

Зекетти сарфтоо орундарын Алла Субханаху ва Таала белгилеп берди:

﴿ إِنَّمَا ٱلصَّدَقَٰتُ لِلۡفُقَرَآءِ وَٱلۡمَسَٰكِينِ وَٱلۡعَٰمِلِينَ عَلَيۡهَا وَٱلۡمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمۡ وَفِي ٱلرِّقَابِ وَٱلۡغَٰرِمِينَ وَفِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَٱبۡنِ ٱلسَّبِيلِۖ ﴾

*«Албетте, садакалар (т.а. зекеттер) жалаң факирлерге, мискиндерге, садака жыюучуларга, көңүлдөрү Исламга дос кылынуучу кишилерге, моюндарды (кулдарды) азат кылууга, карыздар кишилерге жана Аллах жолунда (т.а. жихадга) о.э. жолоочуларга берилет».* **[9:60]**

Бул аят зекетти сарфтоо ордун 8 сынф-топко ажыраткан жана зекетти ага хос кылган. Бул топтордон башкасына берилиши жайиз эмес. Себеби аят إِنَّمَا менен башталган. Ал хостоону түшүндүрөт. Андан кийин ламулмулк (мулкиятты түшүндүрө турган лам харфы) келген. Булар садака акысын жана анын мулкиятын бул сегиз топко хостоого далалат кылат. Сегиз топ төмөнкүлөр:

1 – Факирлер. Алар негизги мухтаждыктары: жемек-ичмек, кийим-кечек жана турак-жайлары үчүн жетиштүү малдары болбогон адамдар. Негизги мухтаждыгын кандыруу үчүн зарыл болгон каражаттан аз малга ээ адам факир деп аталат. Ал садакадан алуусу мүмкүн. Ага анын мухтаждыгын жана кембагалдыгын жоё турган чекке чейин зекеттен берилүүсү жайиз.

Аллах зекет алууну байларга арам кылды. Абдулла ибн Амрдан риваят кылынат, Расулулла ﷺ: **«Садака байга жана кесип кылуучу күч-кубат ээсине адал болбойт»,** - деди. Эгер кесип кыла ала турган адам иш таба албаса, анда ал факир деп саналат. Бай – башкага мухтаж болбогон жана мухтаждыктарын каптай турган малдан ашыкча каражатка ээ болгон адам. Байдын ким экендигин баяндаган хадистер келген. Абдулла ибн Масъуддан риваят кылынат. Расулулла ﷺ: **«Сураганга мухтаж болбогон киши бай эсептелет. Эгер ал сураса, кыямат күнү жүзү тырмалган болуп тирилет», - деди. Ошондо: «Я Расулуллах, аны эмне мухтаж эмес кылат», - дешти. «50 дирхам, же болбосо алтындан 50 дирхамга барабар болгону»,** - деди. Кимде-ким 50 дирхамга т.а. 148,75 грамм күмүшкө же тамактанышы, кийиниши, турак-жайы, үй-бүлөсү, балдары, кызматчысынын нафакасынан сырткары 50 дирхам күмүш барабарында алтынга ээ болсо, анда ал бай болуп эсептелет. Ал үчүн садака алуу жайиз болбойт.

2 – Мискиндер. Алар эч нерсе таба албаган адамдар, жокчулук аларды мискин кылган. А бирок, алар адамдардан тиленишпейт, Расулулла ﷺ: **«Адамдардан сурай турган жана ага бир же эки тиштем, бир же эки даана курма берилсе кайра кайтып кете турган адам**

**мискин эмес. Өзүнө жете турган байлыкты таба албай турган, садака кылынышы үчүн өзүн сездирбей турган жана адамдардан сурап жүрбөй турган адам мискин болуп саналат»,** - деди. Муттафакун алайх. Алла Тааланын сөзүнө ылайык, «мискин» кембагалдан да мухтажыраак: أَوْ مِسْكِينًا ذَا مَتْرَبَةٍ [90:16] - т.а. ач-жылаңач болгону үчүн топуракка жабышуучу адам. Мискинге садака адал. Ал садакадан алуусу мүмкүн. Ага негизги мухтаждыктарын кандыруу үчүн жетиштүү боло турган жана аны мискиндиктен көтөрө турган чекке чейин садакадан берилүүсү жайиз.

3 – Аамилуна алайха. Садака важиб болгон адамдардан садакаларды чогултуу үчүн же акылууларга таркатуу үчүн дайындалган садака жыюучулар. Бай болушса да, садакаларды топтоо же таркатуу милдетин аткаргандыгы акысына аларга садакалардан берилет. Ато ибн Ясардан риваят кылынды. Расулулла ﷺ: «**Садака бай үчүн адал болбойт. Бирок, 5 адамга: садака жыюучуга; өз малы менен садаканы сатып алган адамга; садака кылына турган кошунасы болуп, садаканы ага хадя кылган адамга; мужахидге; карызы бар адамга садака адал болот»,** - деди. Буср ибн Саидден риваят кылынат. Ибн Саъдий ал-Маликий: «Умар мени садакага аамил кылды. Садакадан бошогон жана садаканы ага тапшырган убагымда, мени акча алууга буюрду. Мен «Алла үчүн кылдым» дедим. Умар: «Берилген нерсени ал, мен да Расулулла ﷺ заманында аамил болдум, Набий ﷺ мени зекет жыюучу кылды. Мен сенин сөзүңө окшогон сөздү айттым. Расулулла ﷺ мага: «**Сен сурабаган нерсе сага берилсе, аны ал, андан пайдалан жана садака кыл»,** - деди». Муттафакун алайх.

4 – Муаллафату кулубухум. Алар ыйманы бекемделе элек эр жүрөк, таасирдүү адамдардан, саййиддер жана командачылардан турган топ. Халифа же валийлер алардын дилдерин дос кылуу, ыймандарын бекемдөө, Ислам жана мусулмандар пайдасына кызмат кылуусу же жамааттарына таасир өткөрүүлөрү үчүн аларга зекет берүүнү рай кылат. Мисалы: Расулулла ﷺ Абу Суфян, Уяйна ибн Хисн, Акраъ ибн Хобис, Аббас ибн Мардас жана ушулар сыяктуу адамдарга зекет берген. Амр ибн Таглибден риваят кылынат: «Расулулла ﷺга мал же туткундар алып келинди, аны бир нече адамдарга бөлүштүрүп берди. Кээ бирөөлөргө берип, кээ бирөөлөрүнө бербеди. Кийин калтырылган адамдардын нааразы болгонун укту. Расулулла ﷺ Аллага алкыш жана мактоолор айтып, андан кийин: «**Аллага ант болсун, мен бир адамга беремин, бир адамды калтырамын. Калтырган адам мен берген адамдан жакшыраак. Мен алардын дилдеринде туталануу жана душмандан коркууну көргөнүм үчүн бул коомдорго мал беремин. Дагы мен Алла алардын**

**жүрөктөрүндө мухтаж эместикти жана жакшылыкты койгон коомдорду ушул сыпаттарына тапшырып коёмун»,** - деди».

Дилдери дос кылына турган адамдарга мусулман болушса гана зекет берилет. Эгер кафир болушса, Расулулла ﷺ Ямангa жибергенде Муазга: **«Алла байлардан алына турган жана кембагалдарга бериле турган зекетти аларга фарз кылганын билдир»,** - деген сөздөрүнө ылайык, кафирге садакадан берилбейт.

Бул топко эмне үчүн берилип жатканынын себеби жүзөгө чыкканда гана зекеттен ажыратып берилет. Эгер бул себеп жоголсо, аларга зекет берилбейт. Ислам азиз болуп тарагандан кийин Абу Бакр жана Умар رضي الله عنهما зекеттен аларга берүүдөн баш тарткандары сыяктуу.

5 – Рикоб. Кулдар. Мукотабга (эгер аларды кулдугунан азат кылуу үчүн белгилүү бир акчага келишип алынган болсо) зекет берилет. Эгер алар мукотаб болбостон кул болушса, алар сатып алынып азат кылынат. Бүгүнкү күндө болсо кулдар жок.

6 – Горимуна. Алар араны оңдоо, кундун акчасын төлөө, же өздөрүнүн жекече кызыкчылыгы үчүн карыз алган адамдар.

Араны оңдоо же төлөмдөрдү төлөө үчүн карыз алган адамдарга, алардын бай же кембагалдыгына карабастан, зекеттен берилет жана алардын мойнундагы карыздары канча болсо, ошончо акча берилет. Анастан риваят кылынат, Набий ﷺ: **«Суроо 3 адамга: өтө кембагал кишиге, көп карыздар кишиге жана адам өлтүргөн кишиге (дия төлөө үчүн) адал болот»,** - деди. Кабиса ибн Махорик ал-Хилалийден риваят кылынат: «Карыздар болуп калып, Расулулла ﷺдан карызды үзүү үчүн акча сураганы келдим. Набий ﷺ: **«Бизге садака келгенче күтүп тур, сага садакадан берүүгө буюрамын»,** - деди. Кийин: **«Эй, Кабийса, суроо 3 адам үчүн адал болот т.а. карыздар адамдын карызына жетиштүү акчаны суроосу адал; кийин бир адамдын малына мусибат түшсө, негизги мухтаждыгын каптаганга чейин жардам суроо ага адал; дагы бир адам жокчулуктан кыйналган адам болуп, ал жөнүндө коомундагы акылдуу 3 адам «баланчага жокчулук жетти» десе, ага да суроо адал болот. Мына ошондой адамга да зарыл мухтаждыгын кандырганча суроо адал болот. Эй, Кабийса, булардан башка адамдардын суроосу арам. Сурoочу адам арам жеген болот»,** - деди.

Жеке кызыкчылыктары үчүн карыз алган адамдарга – кембагал болушу же кембагал болбошуна карабастан, карыздарын төлөй албай турган даражада болушса – карыздарын үзүү үчүн аларга зекеттен берилет. Ал эми алар карыздарын төлөөгө кудуреттүү болгон бай болушса, зекет аларга адал эмес. Аларга зекеттен берилбейт.

7 – Фи сабилиллахи. Т.а. жихад жана жихадга зарыл болгон армия даярдоо, ишканаларды куруу жана курал чыгаруу. Куранда «фи сабилиллахи» келген орунда ал жихадды гана билдирет. Жихад жана жихадга керек болгон нерселерге зекеттен ажыратылат. Бул көлөм менен белгиленбейт. Зекетке акылуу болгондордун кызыкчылыгынан келип чыгып, халифанын райына карап, жихадга зекеттин баары же бир бөлүгү берилүүсү жайиз болот. Абу Саидден риваят кылынды, Расулулла ﷺ: **«Садака байга адал болбойт, илла, Алла жолунда болсо адал болот...»**, - деди. Дагы бир риваятта **«Алла жолундагы мужахидге адал болот...»**, - деди.

8 – Ибнус-Сабийл. Ал шаарына чейин жетип алууга мал таба албай жаткан, сапарында жолдо калып кеткен киши. Шаарына жетип алуусу үчүн жол акысына жетиштүү көлөмдө зекет берилет. Расулулла ﷺдын: **«Садака бай үчүн адал болбойт, илла фи сабилиллахи же ибнус-сабийл адамга гана адал болот...»**, - деген сөздөрүнө ылайык, өз шаарында бай болсо да, мусафырга зекет берилет.

Аятта айтылган сегиз топтон башкасына зекет берилиши жайиз эмес. Зекет мечит, ооруканаларды куруу, кайрымдуулук коому же үммөт жана мамлекет кызыкчылыктары үчүн берилбейт. Себеби, зекет башкалар шерик болбой турган жогорудагы сегиз топко таандык мүлк болуп саналат.

Зекетте бул топтордун кызыкчылыгын жүзөгө чыгара турган пикир тандоо укугу халифага таандык. Халифа гана зекет берүүдө бул топтордун кээ бирин чектөөсү жайиз болгону сыяктуу, жалаң анын райына карап, зекетти сегиз топко таркатуу да жайиз болот. Эгер коомдо бул топтор болбосо, мухтаждык туулганда сарпталуучу орундарына сарптоо үчүн байтулмалда садакалар дийванында сакталат. Садака жөнүндө Ибн Аббастан риваят кылынат, Ибн Аббас: «Бул сегиз топтон кай бирине сарфтасаң да боло берет», - деди. Ато жана Хасан да ушул сөздү айткан. Малик: «Садака бөлүштүрүүдө биз ихтилаф кылган эмеспиз. Бул нерсе валийдин ижтихадына ылайык болот. Топтордун кай биринде мухтаждык болсо, өзү рай кылган көлөмдө, ошол топту абзел көрөт», - деди.

# АКЧАЛАР

## ИСЛАМДА АКЧАЛАР

Лугатта «накд» деп, дирхамдарды тазалоого, дирхамдардан жасалмасын чыгарып алууга карата айтылат. Дагы дирхамдарды алуу жана берүү маанисинде да колдонулат. Расулулла ﷺ Жабирден төө сатып алган. Жабирдин бул жөнүндө: «Накадани саманаху» («Расулулла төөнүн нак акчасын берди») деген хадиси жогорудагы сөздөргө далалат кылат. О.э. накд деп акчанын өзү да аталат.

«Нукуд» – адамдар мата үчүн баа, же көрсөтүлгөн кызматтар үчүн бериле турган акы үстүндө келишип алган нерсе. Нукуд металл абалында болобу же болбойбу, айырмасыз, маталардын же эмгек жана кызматтардын баары аны менен өлчөнөт, бааланат.

Акча боло элек убактарда адамдар мата менен жисманий (физический) эмгекти айырбаштоо аркылуу алды-берди кылышкан. Бирок, жисманий эмгектин маталарга алмашуусу соодада проблемаларды келтирип чыгарган. Ошондо жамааттар өз кыйматына ээ болгон, мата жана эмгек өлчөнө турган, баалана турган, айлануусу оңой болгон акчаларды ойлоп табышты. Алтын жана күмүштүн байыркы замандардан бери адамзатта кыйматы бийик болгондуктан, алардан акча жасашты. Алардан дирхам жана динарларды чегишти. Алтын замандардын өткөнүнө карабастан кадыр-баркын жоготпостугу менен айырмаланып турат. Себеби, алтын жана күмүш башка нерселерге салыштырмалуу сейрек маъдан болуп саналат.

Рум мамлекети жана ага көз каранды шаарлар алтынды өз акчасы үчүн негиз кылып алган жана андан (Хиракл) Ираклий динарларын жасап, белгилүү бир көрүнүш жана салмак белгилеген. О.э. фарс мамлекети жана ага караштуу шаарлар да күмүштү өз акчасы үчүн негиз кылып, андан дирхамдарды куйган жана ага белгилүү көрүнүш жана салмак белгилеген. Рум динарлары ар түрдүү болбостон, бирдей салмак жана көрүнүшкө ээ болгон. Ал эми, фарс дирхамдары ар түрдүү көрүнүш жана ар түрдүү салмакта болгон.

Арабдар, айрыкча, Курайш, кошуна шаар жана мамлекеттер менен соода кылып,

﴿لِإِيلَٰفِ قُرَيۡشٍ ۝ إِۦلَٰفِهِمۡ رِحۡلَةَ ٱلشِّتَآءِ وَٱلصَّيۡفِ﴾

*«Курайшка оңой кылып коюлганы – аларга кыш жана жай сапары оңой кылып коюлганы үчүн».* [106:1-2]

Шамдан Рум алтын динарларын, Ирактан кисровий күмүш дирхамдарын, кез-кезде Ямандан химярий дирхамдарды алып келишкен. Хижазга ираклий алтын динарлары жана сасаний күмүш дирхамдары келип турчу. Бирок, алар бул динар жана дирхамдар менен бириндеп саналган абалда

соода кылышпастан, тескерисинче, бул динар жана дирхамдарды чегилбеген алтын жана күмүштөн турган таза зат деген этибар менен таразада тарткан абалда мамиле кылышкан. Дирхамдардын өлчөөдө да ар түрдүү болгонун жана динарлар көп айлануудан жешилип азайып кетишин эсепке алып, динар жана дирхамдардын чегилген акча экендигине маани беришчү эмес. Алар алдоо болбошу үчүн салмакка көңүл бурушкан. Алардын өздөрүнүн атайын өлчөөлөрү бар эле. Алар: ратл, увкия, нафий, нават, мискал, даник, кийрот жана хабба. Урфта салмак негизи мискалдын оордугу – бир хабба кем 22 кийрот, 10 дирхамдын салмагы 7 мискал эле.

Ислам келгенде Расулулла ﷺ, Курайштар бул динар жана дирхамдарды өлчөй турган салмактарды оордук бирдиги кылып белгилегендери сыяктуу, динар жана дирхамдарды акча бирдиги кылып белгиледи. Ибн Умардан Товус риваят кылат: «Расулулла ﷺ: «**Вазн Мекке калкынын вазны, микял Медина калкынын микялы»**, - деди. Абдулла ибн Саълаба ибн Саирден Балазарий риваят кылды: Хиракл динарлары жана фарс дирхамдары жахилиятта Мекке калкына келет болчу. Алар дирхам жана динарларды таза алтын этибары менен алды-сатты кылышат эле, алардагы мискал салмагы бир аз кем 22 кийрот эле. 10 дирхамдын салмагы 7 мискал, ратл 12 увкия, бир увкия 40 дирхам деп этибар кылынган. Расулулла ﷺ, Абу Бакр, Умар, Усман жана Али رضي الله عنهمдар муну тастыкташты.

Мусулмандар Расулулла ﷺ тирүү маалында, Абу Бакр رضي الله عنهнун халифалыгы доорунда жана Умар رضي الله عنهнун халифалыгы доорунун башында хираклий динарларды жана кисровий дирхамдарды өзүнүн сүрөтү, чегилиши жана көрүнүшүндө иштетишкен. Хижраттын 20-жылында, Умар ибн Хаттабдын халифалыгынын сегизинчи жылында дирхамдар сасаний ыкмада чегилди жана бул дирхамдардагы сүрөттү жана пехлевий тилиндеги жазууну калтырды. Бирок, ага «бисмилла», «бисмиллахи роббий» сыяктуу куфий арабий тамгалар менен кээ бир сөздөрдү коштурду. Мусулмандар Абдулмалик ибн Марван заманына чейин арабий харфтар менен кээ бир Исламий сөздөр жазылган сасаний тариздеги дирхамдарды жана византий тариздеги динарларды иштетишти. Хижраттын 75-76-жылында, халифа Абдулмалик сасаний ыкмадагы дирхамдарды таштап, куфий тамга менен Исламий насстардын (аят, хадистердин) оюусу түшүрүлгөн өзгөчө Исламий көрүнүштөгү дирхамдарды чектирди. Хижрий 77-жылы Абдулмалик динарларга куфий арабий кат менен Исламий насстарды түшүрүп, динарларды өзгөчө Исламий ыкмада зарб кылдырды жана динарларда ага чейинки болгон византий ыкманы жок кылды. Абдулмалик дирхам жана динарларды өзгөчө Исламий ыкмада басып чыккандан кийин, мусулмандардын белгилүү бир Исламий ыкмадагы өздөрүнө таандык акчалары болду жана башкалардын акчаларынан баш тартышты.

**Дирхам жана динардын салмагы**

Динардын салмагы жахилиятта да, Исламда да бирдей болгон. Византий динары жахилият доорунда, Расулулла ﷺ заманында жана андан кийинки халифалар өкүмдарлыгында да пайдаланууда болду. Кийинчерээк Абдулмалик ибн Марван Исламий динарды да ушундай салмакта басып чыкты. Византий динар - 1 мискал салмакта эле. Мискал сегиз даникке барабар. Мискалдын салмагы 20 кийрот же бир кем 22 кийрот. Бул эки өлчөө тең бирдей салмакта. Себеби, бул эки өлчөөдөгү кийроттордо айырма бар. Биринчиси мискалды орточо эки ичке тарабы кесилген 72 арпа даны менен белгиледи, экинчиси мискалды орточо жапайы хардал уругунун 6000 уругуна теңештирди.

Расулулла ﷺ динардын бул салмагын тастыктады. Зекет, дия жана уурулуктагы колду кесүү өкүмдөрүн ага байланыштуу кылды жана бул салмак шаръий салмак болду. Абдулмалик ибн Марван да Исламий динарды чыгарганда, ушул салмакка негизделип, динарды бир мискал кылып чыгарды.

Ал эми дирхамдардын салмактары ар түрдүү болгон. Фарсий дирхамдар үч кыл: чоңунун салмагы – 1 мискал т.а. 20 кийрот, кичинесинин салмагы – мискалдын жарымы т.а. 10 кийрот, орточосунун 10 даанасы 6 мискал т.а. 12 кийрот болгон. Хасан ибн Солихтен Балазарий риваят кылды: «Ажамдар (араб болбогон элдер) чыгарган дирхамдар чоң, кичине, ар түрдүү болгон эле. Алар 1 мискал салмагындагы дирхам т.а. 20 кийрот салмагында, 12 кийрот салмагында жана 10 кийрот салмагында (бул мискалдын жарымы болот) чыгарышкан». Балазарий, дагы риваят кылат: «Ажамдардын дирхамдарынын 10 даанасы 10 мискал, 6 мискал жана 5 мискал салмакта болгон». Чоң дирхамдарды баглавий дирхам деп, же аларда дирхамдын негизги салмагы толук болгондугу үчүн «Ас-сувдул-вафиа» деп аташкан. Булар алтын мискалынын салмагы болуп саналат т.а. 8 даник (1 даник 2,5 кийротко барабар). 1 мискалдын алтындагы салмагы 20 кийрот. Дирхамдарды сасанийлер, хулафаи рошидиндер жана уммавийлер ушундай салмак менен чыгарышкан.

Мискалдын жарымы болгон кичине дирхамдар басылып чыккан мекени Табаристанга нисбат берилип, «табарий дирхам» деп аталган. Кичине дирхамдын салмагы 4 даникке т.а. 10 кийрот оордукка барабар. Орточо дирхамдар басылып чыккан Жаваркон шаарына нисбат берилип, «жаварикия дирхамы» деп аталат. Анын салмагы 4,8 даник т.а. 12 кийрот. Ислам келгенден кийин, күмүшкө зекетти фарз кылып, 200 дирхам күмүштөн 5 дирхамды важиб кылды. Дирхамдардын 10 даанасы 7 мискал салмакта этибарга алынды. Жети мискал жети вазн деп аталат жана бул 7 мискал болсо орточо дирхамдар болот. Мунун себеби, алар чоң, кичине, орточо дирхамдарды жамдап үч бөлүккө бөлүштү. Натыйжада 14 кийрот же 6 даник эки тарабы кесилген орточо арпа

данынын 50 даанасына же хардал уругунун 4200 даанасына барабар болду. Бул зекет жана дия өкүмдөрүндө этибардуу шаръий дирхам болду. Бул салмак Расулулла ﷺ заманында этибарга алынган жана урф болгон эле. Умар ؓ заманында бул салмактын көлөмү Расулулла ﷺдын: «**Вазн Мекке калкынын вазны»,** - деген сөздөрүнө ылайык, даник жана кийрот менен белгиленип, микдар жана нисбаттар Курайш келишип алган жана Расул ﷺ тастыктаган вазндарда белгиленди. Бул салмак шаръий дирхам деп аталып, ага зекет, дия жана башка шаръий өкүмдөр байланды. Бул вазн фарсий дирхамдардан баш тартылгандан кийинки Абдулмалик ибн Марван чыгарган исламий дирхам салмагынын дал өзү. Вахб ибн Кайсондон Вакидий риваят кылды: «Фарсий динар жана дирхамдарды өчкөн абалда көргөн элем, алардын вазны Абдулмалик чыгарган динар жана дирхамдардын вазнына барабар», - дейт. Дагы Вакидий Абдулмалик ибн Саибден, ал Абу Вадаъа Сахмийден риваят кылат. Абу Вадаъа Сахмий Абдулмалик ибн Саибге мискалдын салмагын көрсөтүп: «Мен мискалды тартып көрүп, Абдулмалик ибн Марван мискалынын вазнында экендигин билдим», - деген. Бул мискал жахилиятта Абу Видаъа ибн Забийра Сахмийдикинде болгон эле. Балазарий Усман ибн Абдулладан риваят кылып айтат. Атам мага: «Бизге т.а. Мединага Абдулмаликтин дирхам-динарлары келди. Мединада бир канча сахаба жана табиъиндер бар эле. Алар Абдулмаликтин дирхам жана динарларын четке кагышпады», - деп айтты. Мухаммад ибн Саъд «Биздин бир дирхамдын оордугу 14 кийрот, мискалыбыз 20 кийрот жана бул 21 3/7 кийротко карата 15 кийрот вазнда», - дейт.

Бул алтын динарлар жана күмүш дирхамдардын вазндары менен бүгүнкү оордук өлчөөлөрү ортосундагы айырманы билишибиз керек.

Археолог окумуштуулардын ачылыштарынан кийин византий динардын, кисровий дирхамдын жана исламий, айрыкча, Абдулмалик ибн Марван заманындагы шаръий дирхам жана динардын салмагын аныктоо мүмкүн болду. Абдулмалик доорунда чегилген Исламий динардын салмагы - 4,25 грамм экендиги аныкталды. Бул сулийдус салмагынын дал өзү. Сулийдус – Византияда кеңири таркаган алтын теңге. Румдук дирхамдар да ушул салмакта чегилген. Ошентип сулийдус жахилият жана Ислам доорунда да мамиледе болгон Византия динары болуп саналат.

Динар – бул мискал. Мискал вазндардын негизи болуп эсептелет. Мискалды билүү менен дирхам, даник, кийрот жана хаббалардын салмактарын мискалга салыштырмалуу билүү оңой болот.

Мискал 4,25г жана бул 8 даникке барабар. Даниктин салмагы 0,53125г болот.

Мискал 20 кийротко барабар. 1 кийроттун салмагы 0,2125г.

Мискал 72 даана арпанын данына барабар. 1 даана арпанын салмагы 0,059 грамм. 0,059 граммдын салмагы хардал уругунун 83,3 даанасына барабар.

Дирхам мискалдын 10дон 7сине (7/10) барабар. Ар бир 10 дирхам 7 мискал болот. Грамм менен өлчөгөндө дирхамдын салмагы – 2,975граммга барабар, 10 дирхам 29,75 граммга барабар болот. 7 мискал 29,75 граммга барабар болот.

Дирхам 6 даникке барабар. 1 даник күмүштүн салмагы 0,495г болот.

1 увкия 40 дирхамга барабар, 1 увкиянын салмагы 119г болот.

Бул жахилият заманында иштетилген акча жана анын оордук өлчөөсү болуп эсептелет. Ислам Мекке калкынын салмагына ыраазы болгондуктан, бул акчалар ошол бойдон иштетилген. О.э. соода үчүн каражат, мата жана эмгекти баалай турган өлчөө кылып алынды.

Ошону менен бирге, Ислам ижара, соода өкүмдөрүн токтом кылган убакта, жалаң гана бул акчаларды айырбаштоо бирдиги деп белгилебеди, тескерисинче, бири-бирине туура келе турган ар кандай нерсе менен эмгек, пайда жана матаны алмаштырууну адамдын өзүнө таштап койду. Ислам адамга кылычты курма менен, койду буудай менен, кийимди динар менен, этти дирхам менен сатып алууну жана мейизден 1 соъго 1 күн иштөөнү, 5 динарга сандык жасоону, белгиленген жерди айдоо акысына белгиленген үйдү курууну мубах кылды. Ислам адамзатка өзү каалаган нерсе менен – мейли мата менен болсун, мейли эмгек же акчалар менен болсун, бири-бирине ылайык нерселер менен – айырбаштоону адамдарга калтырды.

Ислам адамзатка өзү каалаган нерсе менен алмашууну эркин коюу менен бирге, ал менен ишке ашырыла турган акчаларды белгилеп, аны алтын жана күмүш кылды. Алтын жана күмүштү мата жана кызматтар өлчөнө турган акчанын өлчөөсү кылды. Бул акчанын оордугун Мекке калкынын акча оордугу менен белгилүү бир салмакта белгиледи.

Ислам аларды алтын жана күмүш деген этибар менен жана аларды нерселер үчүн баа, же эмгек үчүн акы жана акча деген этибар менен алтын жана күмүшкө шаръий өкүмдөрдү байлады.

Бул өкүмдөрдөн:

1. Аларды жыйып казына кылууну арам кылды.

﴿ وَٱلَّذِينَ يَكۡنِزُونَ ٱلذَّهَبَ وَٱلۡفِضَّةَ وَلَا يُنفِقُونَهَا فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ فَبَشِّرۡهُم بِعَذَابٍ أَلِيمٖ ﴾

*«Алтын жана күмүштү басып, аны Алла жолунда сарптабай тургандарга ачуу азаптын кабарын жеткиргин».* [9:34]

Ислам аларды алтын жана күмүш деген этибар менен жана аларды акча, алар менен соода-сатыктар жана амалдар толук боло турган соода үчүн васита деген этибар менен казына кылууну арам кылды.

2. Алтын-күмүшкө өзгөрбөс, туруктуу, белгилүү бир өкүмдөрдү байлады.

а) Аларды акчалар жана сатыла турган нерселер үчүн баа жана эмгек үчүн акы деген этибарда алтын жана күмүштө зекетти фарз кылды, алар үчүн алтын динарларынан, күмүш дирхамдарынан белгилүү бир нисабды

дайындады. Ар бир 20 динарда жарым динар, 200 дирхамда 5 дирхам зекет важиб кылды;

б) Дияны (кокусунан адам өлтүргөн адам өлгөн кишинин жакындарына төлөй турган кунду) фарз кылган убакта Ислам дияда алтын жана күмүш бериле турган кылды жана дия үчүн алтындан белгилүү бир көлөм – 1000 динар; же күмүштөн белгилүү бир көлөм – 12000 дирхамды дайындады. Ибн Аббастан риваят кылынды: «Бану Адий уруусунан бир адам өлтүрүлдү. Набий ﷺ анын диясын 12000 дирхам кылып белгиледи». Абу Бакр ибн Мухаммад ибн Амр ибн Хазм атасынан, атасы болсо чоң атасынан риваят кылат. «Расулулла ﷺ Яман калкына кат жазды. Ал катта мындай сөздөр бар эле: «**Нафисте 100 төө дия бар, алтын ээлерине 1000 динар**». Насаий риваяты.

в) Уурулукта колду кесүүнү важиб кылган убакта, уурунун колу кесиле турган өлчөм: алтындан динардын 4төн бири (1/4); же күмүштөн 3 дирхам белгиленди. Муну уурдала турган бардык нерсе үчүн өлчөө кылды. Айша رضي الله عنها Набий ﷺдан риваят кылды. Набий ﷺ: «**Уурунун колу 1 динардын 4төн биринде жана андан ашыгында кесилет**», деди. Ибн Умардан риваят кылынат: «Расулулла ﷺ кыйматы 3 дирхам болгон калкан уурдаган уурунун колун кести».

3. Ислам акчага тиешелүү айырбаштоо үчүн өкүмдөрдү токтом кылган убакта айырбаштоо үчүн алтын жана күмүш кыйматын негиз кылды. Айырбаштоо – бул акчаны акчага айырбаштоо жана акчаны акчага сатуу. Айырбаштоо алтынды алтынга жана күмүштү күмүшкө сатуу сыяктуу өз жынысынан болот, же күмүштү алтынга жана алтынды күмүшкө сатуу сыяктуу окшош жыныстан болот. Абу Бакрадан риваят кылынды, «Набий ﷺ күмүштү күмүшкө жана алтынды алтынга тепе-тең сатууга буюрду жана бизди күмүштү алтынга жана алтынды күмүшкө кандай каалasак, ошондой сатып алууга буюрду». Бул хадисти Бухарий жана Муслимдер риваят кылышкан.

Ислам бул шаръий өкүмдөрдү алтын жана күмүшкө – бул экөөсүн айлануу үчүн акча жана сатыла турган нерселер үчүн баа – деген этибар менен байлаган, анткени, Расул ﷺ алтын жана күмүш сатыла турган нерселердин баасы, эмгектин акысы өлчөнө турган акчанын салыштырмалуу бирдиги болушуна ыраазы болгон.

Бул нерселер Исламдагы акча алтын жана күмүш деп этибар кылууга далалат кылат. Себеби, акчаларга байланган өкүмдөрдүн баары алтын же күмүштү мата жана эмгек үчүн баа, мамиле үчүн акча деген этибар менен алтын жана күмүшкө байланган. Алтын жана күмүш, мейли чегилген же чегилбеген болсун, же болбосо маъдан абалында болсун, айырмасы жок.

Бирок, бул мусулмандар жана Исламий мамлекет алардан башка акчаны алуусу же алардан башка нерсени айырбаштоо мамилеси кылып алуусу жайиз эместигин билдиреби?

Алтын жана күмүштөн башкасы да жайиз. Мында ихтилаф жок. Себеби, сатуу жана сатып алуу, алтын жана күмүштөн болгон акчалар менен болгону сыяктуу эле, Расулулла ﷺ заманында маталардын кээ бири башкасы менен алмаштырылган. Расулулла ﷺ булардын эч бирине тыюу салбастан жана четке какпастан ыраазы болгон жана мындай мамилени мубах кылган. Убада ибн Сомит Набий ﷺдан риваят кылды. Набий ﷺ: **«Алтын алтынга, күмүш күмүшкө, арпа арпага, курма курмага, туз тузга жана буудай буудайга накталай жана тепе-тең колдон-колго алуу менен алмаштырылат. Эгер бул малдар ар түрдүү болсо, накталай болгон убакта кандай кааласаңар сата бергиле, эгер колдон-колго болсо»**, - деди. Башка бир риваятта: … бизди буудайды арпага жана арпаны буудайга накталай абалда кандай кааласак, ошондой сата берүүбүзгө буюрду.

Ал эми мусулмандар жана Халифалык мамлекетинин алтын жана күмүштөн башка акчаны мамлекеттик акча бирдиги кылып алуусу жайиздиги же жайиз эместиги маселесине келсек, мунун өкүмүнө жетип баруу үчүн Расулулла ﷺ заманындагы акчанын вакыйлыгын түшүнүп, алтын жана күмүшкө тиешелүү болгон шаръий өкүмдөргө кайрылуу керек.

Расулулла ﷺ доорунда сатыла турган нерселердин баасын жана эмгек акыны өлчөй турган кыймат (акча) алтын жана күмүш гана болгон. Ал убакта алтын-күмүштөн башка акча болбогон, кагаз жана тери, мис жана жез теңгелер болгон эмес. Сатуу жана сатып алууда алтын жана күмүшкө, мейли чегилген болсо да, аларды маъдан деген этибар менен анын санына эмес, салмагына каралган. Адам матаны 1 дирхамга сатса, салмагына ишенүү үчүн дирхамды таразага тарткан, бир адамда 20 динар болуп, ага жыл айланган болсо, аны таразага тартып, андан бир кийрот азайгандыгын сезсе, зекет нисабынан азайганы үчүн зекет бербеген. Бир адамда 200 дирхам болсо, аны таразага тартып, күмүш нисабынын салмагынан бир кийрот азайгандыгын сезсе, нисабдан азайгандыгы үчүн андан зекет бербеген.

Алтын жана күмүш – чегилген же чегилбегенине карабастан – акча жана баа деп этибар кылынган о.э. аны мата, эмгек жана кызматтарды өлчөй турган акча деп эсептөөгө келишип алынган. Расулулла ﷺ бул келишип алууну жана акча деп этибар кылууну тастыктады. Алтын жана күмүш Расулулла ﷺ жана андан кийин хулафаи рошидиндер, Уммавийлер жана Аббасийлер замандарында пайдалануудагы акча болуп калды. Мусулмандар ушул мөөнөт аралыгында алардан башка акчаны билишпеген. Расулулла ﷺ алтын жана күмүш – акча жана баа болгондуктан – алардан башка акчаны алууга буйрубады.

Ал эми, алтын жана күмүшкө тиешелүү болгон шаръий өкүмдөргө кайрылуудан билингендей, казына кылууну арам кылуу башка малдарга эмес, жалаң гана алтын жана күмүшкө тиешелүү. Алтын жана күмүштөн

башка малдарда ихтикар, нерсенин кымбат болушу назарга алынат, казына кылуу эмес. Маталар, азык-түлүк продуциялары көпкө турбайт. Айбан жана канаттууларда да казынаны элестетип болбойт, себеби, булар тынымсыз өсүп турат. Казына жалаң гана акчаларда болгондуктан, мусулмандарда казына арамдыгынын өкүмү алтын жана күмүшкө тиешелүү болуп келди, анткени, мусулмандарда алардан башка акча болбогон.

Мейли, Алла дия жана зекет өкүмдөрү сыяктуу өзгөрбөй турган, туруктуу, белгилүү бир өкүмдөрдү алтын жана күмүшкө байлаган болсо да, ошол шаръий өкүмдөрдө алтын жана күмүш менен чектелбеген, тескерисинче, дия жана зекетти алтын жана күмүштөн башка малдарга байлаган. Дияны төөгө, малга, койго жана кийимге байлады. Зекетти алтын жана күмүштө важиб кылгандай эле, төө, мал, кой, эгин, мөмөдө важиб кылды.

Ошондуктан алтын жана күмүшкө тиешелүү болгон бул өкүмдөр алтын жана күмүш менен эле чектелбеген, алардан башка малдарга да байланган. Алтын жана күмүштөн башка акча болбогондуктан, алардан башка акчага бул өкүмдөр айтылып өтүлбөдү. Ал эми алтын жана күмүшкө тиешелүү болгон риба жана акча алмаштыруу өкүмдөрүнө келсек, албетте, риба алтын жана күмүшкө эле тиешелүү болбостон, хадистер белгилеп берген алтын жана күмүштөн башка рибага тиешелүү малдарга да тиешелүү болот. Ал эми акчаларды айырбаштоо иштетилип жаткан акчада гана болот.

Расулулла ﷺ заманында иштетилген алтын жана күмүш акчалардын вакыйлыгын, алтын жана күмүш түзүмү, анын пайдалары жана келечекте боло турган башка акчага тиешелүү түзүмдөрдү жакшылап текшерип чыгуудан мындай жыйынтык чыгат, мейли алтын жана күмүш акчаларынын кичине бөлүктөрү чегилип жаткан бир убакта, алтын жана күмүш менен бирге башка маъдандарды иштетүү жайиз болсо да, мата жана эмгектин баасын өлчөө үчүн негиз болгон абалда, Халифалык мамлекетинин акчасы алтын жана күмүш болот.

## АКЧАГА ТИЕШЕЛҮҮ ТҮЗҮМДӨР

Акчалар эки түрдүү: металл жана кагаздан болот. Металл акчалар алтын, күмүш, жез, коргошун жана никель сыяктуу маъдандардан алынат. Кагаз акчалар болсо, алтынга же күмүшкө бадал болгон, алтын же күмүш менен капталган, алардын экөөсү менен капталган же алтын жана күмүшкө бадал болбогон жана алар менен капталбаган кагаздардан иштелген акчалар.

Дүйнөдө биринчи дүйнөлүк согуштан бир аз мурда да алтын жана күмүш менен акча мамилеси кылынып келди. Биринчи дүйнөлүк согушта алтын жана күмүш менен мамиле кылуу токтоду, согуштан кийин болсо, алтын жана күмүштү кысман (белгилүү бир бөлүгүн) иштетүүгө кайтышты жана 2-дүйнөлүк согуштан кийин кайрадан бул мамиле азая баштады. 1971-жылы 15-июлда Америка президенти Никсон долларды алтын менен каптоо жана аларды өзгөргүс баа менен алтынга байлоо туурасындагы «Бреттон-Вудс түзүмүн» бекер кылууга расмий түрдө токтом кылды. Ошону менен алтын жана күмүш мамилеси бүтүндөй бекер кылынды.

Акча түзүмү – бул мамлекеттердин биринде акча иштеп чыгаруу, аларды иштетүү иш-чаралары негизделе турган эрежелер топтому. Акчага тиешелүү ар бир түзүмдүн көңүл борборунда башка түрдөгү акчалар кыйматы ага салыштырыла турган негизги акча бирдигин аныктоо проблемасы турат. Эгер негизги акча алтын болсо, бул түзүм «алтын түзүмү» деп аталат. Же акча бирдиги алтын акча болсо, түзүмдүн негизги акчасы алтын акча болот.

Акча түзүмү адатта өз аталышын негизги акчанын табиятынан алат. Эгер негизги акча алтын болсо, бул түзүм «алтын түзүмү» же «алтын стандарт» деп аталат. Эгер негизги акча 2 бирдик: алтын жана күмүштөн турган болсо, бул түзүм «2 маъдан түзүмү» деп аталат. Негизги акча бирдигинин кыйматы алтын же күмүш менен өзгөргүс мамиледе байланган болбосо, бул түзүм жез акчалар сыяктуу металл маъдандарынан алынган же кагаз акчалар (банкнот) сыяктуу кагаздан алынган болсун, айырмасыз – «мажбурлуу акча түзүмү» деп аталат.

## МАЪДАН ТҮЗҮМҮ

Маъдан түзүмү – бул негизги акча бирдиги маъдан болгон түзүм. Маъдан түзүмүндө негизги акча бирдиги бир маъдан же эки маъдан болот.

### Бир маъдан түзүмү

Бул маъданга тиешелүү акча түзүмү бир гана алтын же күмүш маъданга сүйөнөт. Бул түзүм үч көрүнүштө болушу мүмкүн:

1 - Калыпка салынган (чегилген) алтын же күмүш түзүмү.

2 - Эритилген алтын же күмүш түзүмү.

3 - Алтын же күмүш менен айырбаштоо түзүмү.

### Чегилген алтын жана күмүш түзүмү

Бул түзүмдө белгилүү бир өзгөргүс салмактар менен чегилген күмүш же алтын бөлүгү айланып жүрөт. Алтын же күмүш бөлүгүнүн өзү айлануу каражаты болуп саналат. Кээде алтын же күмүш бөлүктөрүнүн жанында алтын же күмүштү толук камсыздай турган, ар кандай убакта тоскоолдуксуз алмаштырыла турган алтын же күмүшкө бадал кагаздар да айланат.

### Алтын же күмүш жамбылар түзүмү

Бул түзүмдө мамлекет же мамлекеттин борбордук банкы алтын же күмүштүн чегилген бөлүктөрүн мамиледен алып, алтын же күмүш жамбыларды өз казынасында сактайт жана айланууга чыгара турган алтын же күмүштүн бадалына кагаз акча чыгарат. Аны алтын же күмүшкө алмаштыруу мүмкүн болот.

Бирок, мамлекеттер жамбылар түзүмү менен иштеп жаткан убакта, алтын жана күмүштү кагаз акчага эркин алмаштырууну чектеп, ар бир адам сатып албашы үчүн чоң көлөмдөгү жамбыларды коёт. Этияттык үчүн запаста сактап коюлган алтын же күмүштү коргоо, төлөм балансындагы ар кандай жетишсиздикти андан каптоо, айрыкча, тышкарыга чыгып кетишине жол койбоо сыяктуу иш-чараларга көңүл бурат. Ошону менен бирге, акчаны идара кылууну о.э. алтын жана күмүштүн аракеттерин көзөмөлдөн качырбайт.

### Алтын же күмүш менен айырбаштоо түзүмү

Бул түзүмдү кабыл кылган мамлекеттин акча бирдиги алтын же күмүш менен чегараланбастан, башка өлкөнүн алтын же күмүш түзүмүндө жүрө турган акчасы менен байланганы аркылуу айырмаланып турат. О.э. бул түзүм көз каранды өлкөнүн акчасынын алтын же күмүш стандартында жүрө турган колония кылуучу мамлекеттин акчасы менен болгон алакасында көрүнөт. Мисалы, Сирия жана Ливан акчалары Франциянын өкүмдарлыгы маалында анын акчасына байланыштуу болгон. Мисир жана Ирактын акчасы англистер өкүмдарлыгы астында болгон күндөрүндө англистердин акчасына байланыштуу болгон.

## Эки маъдан түзүмү

Бул түзүмдүн негизги акчасы 2 бирдик: алтын жана күмүштөн болот. Бул түзүмдө алардын бирин экинчисине салыштыруу жана алмаштыруу кыйматын билүү үчүн алтын жана күмүш бирдиги арасында салмак жана көлөмдөгү өзгөрбөс нисбатты аныктап алуу керек. Бул түзүмдө алтын бирдиктеринин бөлүгү күмүш бирдиктери бөлүгү жанында айланат. Мамлекеттердин кээ бири алардын арасындагы айырбаштоо баасы өзгөргүс болушу үчүн, алтын бирдигин күмүш бирдигине айырбаштоого мыйзамдуу нисбат белгилеп алган.

Алтын жана күмүш түзүмүн алуу алтын жана күмүштөн болгон негизги акча бирдигин өзгөрбөс белгилүү бир көлөм жана салмак менен чегаралап алууну, адамдарга тосук койбостон алтын жана күмүштү сатып алууну, сатууну, аларды четтен алып келүүнү жана четке чыгарууну адамдардын ыхтыярына таштап коюуну, чет элдик соода иштерин жеңилдетүү үчүн башка акчаларды алтын жана күмүшкө алмаштыруу, алтын жана күмүштү ошол акчаларга алмаштыруу мүмкүнчүлүгүнүн адамдарга толук камсыздап берилишин, адамдарга алтын жана күмүш жамбыларды, мамлекет ичиндеги арзан баада теңге чегүүчү устаканаларда теңгелерге айландырууну, алтын жана күмүш теңгелерди жамбыларга айландыруу мүмкүнчүлүгүн жаратып берүүнү талап кылат.

## КАГАЗ АКЧАГА ТИЕШЕЛҮҮ ТҮЗҮМ

Кагаз түзүмү – бул кагаз акчаларды айлануу үчүн каражат кылып алуучу түзүм. Кагаз акчалар – эгер алтын же күмүшкө бадал болсо, же алтын жана күмүш менен капталган документтүү кагаздар болсо – аны чыгарган банк же мамлекеттин мойнунда белгилүү бир карызды көрсөтө турган жана аны алуучусу үчүн чыгарылган айлануучу документтерден турат.

Кагаз акчалар кээде мамлекетте бар болгон алтын же күмүшкө бадал болот жана аларды толук камсыздайт т.а. бул айлануучу кагаз акчалардын алтын же күмүш каптамасы 100% кагаз акча кыйматын камсыздайт. Бул бадал кагаз акчаны алуучу, качан кааласа, тоскоолдуксуз же чегарасыз, анын каптоосуна карай, кагаз акчаны алтын же күмүшкө айландырууга акылуу. Мындай бадал кагаздар өз вакыйында маъданга тиешелүү түзүмдөн деп эсептелет. Орунбасар кагаз акчалардын алтын же күмүш ордуна мамилеге киргизилиши алтын же күмүшкө бадалдык этибары менен айланууда алтын жана күмүштүн ордун басат.

Бул кагаз акчалар кээде белгилүү бир чектелген нисбатта алтын же күмүш кыйматынын бир бөлүгү менен капталган болот. Бул сыяктуу кагаз акчалар «документтүү акчалар» деп аталат, а бирок алар алтын же күмүш менен толук капталган эмес. Ага ишеним аны чыгарган мамлекет же мекемеге болгон ишенимден келип чыгат, анын алтын же күмүш менен капталган бөлүгү гана алтын же күмүшкө орунбасар акча болот. Алтын же күмүш мукабылы болбогон бөлүгү айлануудагы кубаты аны чыгарган мамлекет же мекемеге адамдардын ишениминен келип чыккан документтүү кагаз акчалар болот.

Кагаз акчалардын үчүнчү түрү алтын же күмүштөн таптакыр каптамасы болбогон, алтын же күмүшкө бадал болбогон кагаз акчалар. Бул акчалар «мажбурлуу кагаз акча» деп аталат. Аларды алтын же күмүш менен айырбаштоо мүмкүн эмес. Анын кыйматы мыйзам берген жалпы лицензиялык кубатына сүйөнөт. Анын өзүнүн бир да кыйматы жок. Ал өз кыйматын айлануу акчасы болушун мыйзамдуу кылган буйруктан алат. Эгер аны менен мамиле бекер кылынса, же адамдардын ага ишеними жоголсо, пайдасы жок болуп кала берет.

## АКЧАЛАРДЫ ЧЫГАРУУ

Ар бир мамлекет белгилүү бир нерседен турган о.э. башка нерселер жана эмгек ага нисбат бериле турган жана ага салыштырыла турган негиз кылган, аны өзгөрбөс чектелген көлөм жана салмак менен өзүнө таандык ыкмада жана белгилүү бир көрүнүштө аны калыпка сала турган, белгилүү бир бирдикти алууга келишип алышкан. Коомдор байыркы замандардан бери салыштырма бирдикти өз кыйматына ээ болгон нерселерден алууну улантып келишти. Адамдар алтын же күмүштү бардык замандарда заттык кыйматы болгондуктан, мата жана кызматтардын кыйматына өлчөө кылып алышты. Алар алтын же күмүштөн чектелген белгилүү бир көлөм жана салмак менен өзгөчө ыкмада жана анык болгон көрүнүштө акча бөлүгүн басып чыгарышты.

Алтын же күмүш бирдигин өз акчасы үчүн негиз кылып алган мамлекет маъдан түзүмүндө жүрүүчү болот. Эгер мамлекет алтын бирдигин өзүнө акча кылуу үчүн басып чыга турган акчасына негиз кылып алса, алтын стандартында же алтын түзүмүндө жүрүүчү болот. Эгер мамлекет күмүш бирдигин өзүнө акча болушу үчүн басып чыгара турган акчасына негиз кылып алса, күмүш стандартында же күмүш түзүмүндө жүрүүчү болот. Эгер мамлекет алтын жана күмүштү бирдей даражада өзү басып чыгара турган акчасына негиз кылып алса, алтын жана күмүш стандартында же эки маъдан түзүмүндө жүрүүчү болот.

Мата жана эмгекти кагаз акчаларга алмаштыра турган мамлекет кагаз акча түзүмүндө жүрүүчү болот. Эгер ал басып чыгарып жаткан жана өзү үчүн акча кылып жаткан кагаз алтын же күмүшкө бадал болсо, мамлекет бадал кагаз акча түзүмүндө жүрүүчү болот. Эгер мамлекет басып чыгарып жаткан жана аны өзү үчүн акча кылып жаткан кагаз акча кыйматынан белгилүү бир нисбатына барабар болгон алтын же күмүш каптамасы болсо, расмий кагаз түрлөрүнөн болгон кагаз акча түзүмүндө жүрүүчү болот.

Мамлекеттин басып чыгарып жаткан кагазы алтын же күмүшкө бадал болбосо, бул акчанын алтын же күмүштөн каптамасы болбосо, мындай мамлекетке мажбурий кагаз түзүмүндө жүрүүчү деп этибар кылынат.

Рум мамлекети көлөм жана салмагы чектелген алтындан болгон өзгөрбөс бирдикти өз акчасы үчүн негиз кылып алды, бул бирдик негизинде белгилүү бир калыпта алтын акчаларды басып чыгарды. Ошону менен руманийлер алтын эрежесин (т.а. стандартын) алган жана калыптанган алтын түзүмүндө жүргөн мамлекеттерден болду.

Сасаний мамлекети күмүш бирдигин өз акчасы үчүн негиз кылып, аны 3 түрдүү салмакта кылды. Күмүш дирхамдарын атайын жасалга менен иштеп, өзгөчө көрүнүш жана белгилүү бир калыпта кылды. Ал калыпка салынган күмүш акчаны айланууга чыгарып, калыптанган күмүш түзүмүндө жүрдү.

Мусулмандар болсо алтын жана күмүш бирдигин өздөрүндөгү акча үчүн негиз кылып алышты. Аларды жанаша иштетишти. Бирок, алар византий динарлар жана кисровий дирхамдардан да пайдаланышкан. Алар Расулулла ﷺ заманынан тээ Абдулмалик ибн Марван заманына чейин өздөрүнө таандык акча чыгарышпаган. Абдулмалик ибн Марван өз доорунда өзгөчө исламий оюулар менен кооздоп, өзгөчө ыкма жана белгилүү бир калыпта исламий акча басып чыкты жана ага шаръий дирхам жана динар салмагы менен күмүш жана алтын бирдигин негиз кылып алды. Ошону менен мусулмандар алтын жана күмүш стандартында т.а. 2 маъдан коидасында жүрүштү. Аббасийлер өкүмдарлыгынын акыркы доорунда жана Мисирдеги Атобика доорунда мусулмандар алтын жана күмүш менен бирге, жездин заттык кыйматы азыраак деген этибар менен, кичине нерселерди сатып алуу үчүн андан акча чыгарышты. Жез акча алтын жана күмүшкө бадал болбогон жана ал өз кыйматына таянган. Атобика заманында алтын жана күмүш азайып кетип, алар жез менен бардык кыйматы арзан маталарды сатып ала башташты.

Дүйнө жүзү XX кылымдын баштарына чейин калыптанган түзүм негизиндеги алтын жана күмүш стандартында жашап келди. Ар бир мамлекет, колонизатор улуу мамлекеттер да, биринчи дүйнөлүк согушка чейин – алтын жана күмүш стандартынан баш тартып, мажбурий кагаз акчаларды өзү үчүн акча кылып алганга чейин – өзгөрбөс, чектелген салмак жана көлөм менен өзүнө таандык белгилүү бир ыкмада жана калыпта алтын же күмүш акчасын басып чыгарып келген.

Мына булар акча чыгаруунун жана мусулмандар чыгарган акчанын о.э. акча чыгаруудагы шаръий өкүмдүн вакиълиги.

Ушуларга ылайык, Расулулла ﷺ жана халифалар замандарында ушундай болгону сыяктуу, мусулмандардын акчалары алтын жана күмүш болушу о.э. Халифалык мамлекети алтын жана күмүш стандартында т.а. эки маъдан коидасында жүрүшү керек. Халифалык мамлекети алтын динар жана күмүш дирхамдарын жогорку сапаттагы таза алтын жана күмүштөн капташы керек о.э. Халифалык мамлекетине таандык, исламий ыкма жана белгилүү бир көрүнүштө алтын динар салмагын шаръий динар салмагы т.а. мискал вазны кылуусу керек. Бир динарды 4,25 грамм салмак менен каптоосу керек. Күмүш дирхам салмагы 7 вазн деп аталган т.а. күмүштөн 10 дирхам 7 мискал салмагына барабар болгон шаръий дирхам салмагында кылуу жана дирхамдардан бир дирхамды 2,975 грамм оордукта чыгаруу керек.

Мамлекет алтын динарды, анын бөлүктөрүн жана динардын салмагын төмөнкүдөй көрүнүштө калыпка салышы мүмкүн:

1. Динардын төрттөн бири рубъу динар. Бул төрттөн бирдин салмагы 1,0625гр. Бул уурунун колу кесиле турган көлөм.

2. Жарым динар 2,125гр.га барабар. Бул зекет нисабынан бериле турган важиб көлөм.

3. 1 динар 4,25гр.га барабар.
4. 5 динар 21,25гр.га барабар. Бул зекет нисабынын 4төн бири.
5. 10 динар 42,5гр.га барабар. Бул зекет нисабынын жарымы.
6. 20 динар 85гр.га барабар. Бул зекеттин нисабы.

Ошентип, чегилген 6 түрдүү салмактагы динар – зекет нисабынын салмагы, алтын салмагынын негизи болгон динар салмагы, зекет нисабында бериле турган важиб көлөм салмагы жана төрттөн бир динардын салмагы т.а. уурунун колу кесиле турган көлөм – салмагы менен чыгарылган болот.

Мамлекет күмүш дирхамды, анын бөлүктөрүн жана дирхам салмагын төмөнкүдөй көрүнүштө калыпка салышы мүмкүн:

1. Жарым дирхам 1,4875гр.га барабар.
2. 1 дирхам 2,975гр.
3. 5 дирхам 14,675гр. Бул күмүш нисабында берилиши важиб болгон көлөм.
4. 10 дирхам 29,75гр.
5. 20 дирхам 59,50гр.

Мамлекет арзан нерселерди сатып алуу жеңил болушу үчүн алтын жана күмүштөн турган бул бирдиктердин курамына кымбат баалуу болбогон маъдандардан белгилүү бир пайызда кошуп, майда акчаларды чыгарат, мында мамлекет ар кандай чиеликке жол койбоо үчүн басып чыгарууда бирдиктердеги металдар пайызынын салмагын баян кылуусу керек.

Халифалык мамлекети – Америка сыяктуу мамлекеттер өз кызыкчылыктарына ылайык дүйнөдөгү акчаларга өкүмдар болуп калбашы үчүн – дүйнөнү алтын жана күмүш менен мамиле кылууга кайтаруу ишине амал кылуусу керек.

### Алтын жана күмүш өлчөмү

Исламий мамлекет өзүнүн ар түрдүү доорлорунда динар менен дирхамдардагы алтын жана күмүштүн өлчөмүн коргоодо ар дайым сергек болду. Мамлекет алдамчылыкка тыюу салып, динар же дирхамдарга алдоо иштете турган адамдарга катуу жаза-чараны колдонуп келди.

Ошондуктан, алтын динарлары жана күмүш дирхамдары башка ар кандай маъдан менен аралашып кетпестен таза болушу, ага алдоо иштетүүгө тыюу салынышы жана ага башка ар кандай маъданды аралаштырып жиберген адамга жаза колдонушу важиб болот. Себеби, алдоо – арам. Расулулла ﷺ: **«Алдаган адам бизден эмес»** - деди, дагы бир риваятта: «**Бизди алдаган адам бизден эмес»,** - деди.

### Алтындын күмүшкө нисбаты

Халифалык мамлекети алтын жана күмүштүн арасындагы айырбаштоо нисбатын чектебестен өз абалына коюусу важиб. Расулулла ﷺ жана халифалар замандарында болгону сыяктуу, талап жана сунушка ылайык

алтын күмүшкө жана күмүш алтынга базарда жүрүүчү баа менен айырбашталат. Расулулла ﷺ алтын жана күмүштүн арасында белгилүү бир нисбатты чектеген эмес жана алардын арасында белгилүү бир айырбаштоо баасын белгилеген эмес. Тескерисинче, алардын арасында белгилүү бир нисбатты чектебестен, накталай абалда алтынды күмүшкө жана күмүштү алтынга сатууга уруксат берген. Расулулла ﷺ: **«Алтынды күмүшкө кандай каалаcаңар ошондой колмо-кол саткыла»,** - деди. («Колмо-колдун» мааниси накталай абалда ошол жердин өзүндө колдон-колго өтүүсү). Ибн Умардан риваят кылынат: «Мен Бакийъ деген жерде динарга төө сатып, дирхам алат элем. Дирхамга төө сатып, динар алат элем. Аны мунун ордуна алып, муну анын ордуна берет элем. Набий ﷺ алдына келдим, Набий ﷺ Хафсанын үйүндө экен. Мен: Я, Расулулла, мен Бакийъде төө сатамын, төөнү динарга сатып, дирхам аламын, дирхамга сатып, динар аламын, мунусунун ордуна анысын аламын, анысынын ордуна мунусун беремин, - дедим. Расулулла ﷺ: **«Силердин араңарда бир нерсе болуп туруп, бөлүнбөсөңөр, ошол күндүн баасы менен алтын же күмүштү алышыңардын зыяны жок»,** - деди».

Алтынды алтынга жана күмүштү күмүшкө сатууда болсо мындай болбойт. Алтынды алтынга, күмүштү күмүшкө сатууда колмо-кол жана тепе-теңдик важиб болот. Расулулла ﷺ: **«Алтынды алтынга жана күмүштү күмүшкө колмо-кол жана тепе-тең, өзүнө-өзү сатылат, эгер ашыкча болсо, ал риба болот»,** - деди.

Алтындын күмүшкө нисбаты өзгөрүүчү болот о.э. алтын, күмүш заттарынын аз же көптүгүнө, сунуш жана талапка байланыштуу болот. Расулулла заманында алтындын күмүшкө нисбаты "онго – бир", Умар ؓ заманында "он экиге – бир", кийин "он төрткө – бир" болгон. 1971-жылы "кырк бешке – бир"ге чейин түшүп, ошондон кийин бир нече айлар бою "он алтыга – бир"ге көтөрүлдү. Алтын жана күмүштүн ортосундагы айырбаштоо нисбатын өзгөрбөс, туруктуу кылып белгилөө зыян. Себеби, белгиленген мыйзамдык нисбат менен алтын жана күмүштүн арасындагы айырбаштоого анык баа коюлган убакта алтын жана күмүштүн мыйзамдык кыйматы базардагы кыйматынан башкача болуп калат. Бул айырма мамлекеттин ичинде же тышкы базарларда жүз берсе, эгер акчанын тышкы базардагы кыйматы мамлекеттин мыйзамдык кыйматынан ашыкча болсо, бул айырма себептүү баасы көтөрүлгөн акча азайып, жашыруун тышкарыга алып чыгып кетилет.

## АЛТЫН ЖАНА КҮМҮШ ТҮЗҮМҮНҮН ПАЙДАЛАРЫ

Алтын жана күмүш дүйнөдө айлануучу акча болуп турган убакта дүйнөдө акчага тиешелүү проблемалар болбогон. Бул проблемалар дүйнө алтын жана күмүш түзүмүнөн баш тарткандан кийин жүз берди. Колонизатор мамлекеттер дүйнөгө өкүмдар болууга мүмкүнчүлүк табуу үчүн финансылык жана экономикалык колония ыкмаларын өнүктүрүшүп, акчаны колония кылуу каражаттарынын бири кылып алышты жана алтын, күмүш стандартынан баш тартышып, акчаны башка түзүмгө айландырышты. Алар бул түзүмдө акча көлөмүндөгү алтын жана күмүшкө таянбай турган мажбурий акчаларды жана банкка тиешелүү аманаттарды кабыл кылышты о.э. дүйнө акчасын өз кызыкчылыктарына ылайык жүргүзө башташты. Инфляция акча туруксуздугун жаратты жана экономикалык проблемаларды жүзөгө чыгарды. Алар мажбурий акчаларды көбөйтүштү. Бул иштер акчадагы туруксуздукту пайда кылды жана акчалардын керектөө кубаты түшүп кетти. Булар алтын жана күмүш стандартынан баш тартуунун акыбеттери болду.

Алтын жана күмүш стандарты акча мамилелеринин дүйнө бойлоп жайылган кадырсызданышын жоготууга, мамлекеттер аралык соодада өнүгүүнү жана айырбаштоо баалары үчүн бекемдикти, өзгөрбөстүктү о.э. акча туруктуулугун камсыздоого кудуреттүү. Себеби, алтын жана күмүш түзүмү бир нече экономикалык артыкчылыктарды өз ичине алат:

1. Алтын жана күмүштү дүйнөдө өндүрүү кендерди изилдөө жана аны казып алуу, иштеп чыгаруу сыяктуу кызматтарга о.э. башка мата жана кызматтарга айырбаштоого мухтаж. Бул болсо, дүйнөдө акчанын көбөйүүсүнө алып барат жана бул акчанын көбөйүүсүн колонизатор мамлекеттер тасарруфунда кылбайт. Дүйнөнү кагаз түзүмүндөгү акча менен камсыздоо районындагы колонизатор мамлекеттердин зулумунан куткарат. Себеби, бул колонизатор мамлекеттер башка мамлекеттер менен атаандаштыкта утуп чыгуу жана бюджетти жакшыртуу максатында, кагаз акча түзүмүнө ылайык, өздөрү каалаганча акча басып чыгара беришет.

2. Алтын жана күмүш түзүмү, кагаз акчалар түзүмүндө болгондой капыстан акчанын көбөйүп кетишинен дүйнөнү сактайт. Ошону менен акча өзгөрбөстүк жана туруктуулук сыпатын алат жана ага ишеним күчөйт.

3. Алтын жана күмүш түзүмү мамлекеттердин акчалары ортосундагы айырбаштоо баасы изден чыкканда (азыркы убакта борбордук банк аралашат), ал учурда банктын аралашуусусуз мамлекеттер аралык төлөмдөрдөгү жетишсиздикти толуктоо үчүн балanska ээ болот. Тышкарыга чыгуучу экспортко караганда тышкарыдан келүүчү импорттун көбөйүп кетиши башка мамлекеттердин бул мамлекеттин акчаларын ээлеп алуусун көбөйтөт, алтын жана күмүштүн тышкарыга чыгып кетиши мамлекеттин ичинде баалардын төмөндөп кетишин көбөйтөт жана

ичкериде товарлардын баасын төмөндөтөт. Ички маталарды тышкарыдан келтириле турган маталардан арзан кылат жана акырында тышкарыдан товар алып келүү азаят. Буга кошумча түрдө, төлөм балансында өзгөрүү уланган убакта, мамлекет запастагы алтын жана күмүштүн жоголуусунан коркуп калат. Төлөм балансы бузулган убакта кагаз түзүмүнүн көлөкөсүндө акча басып чыгууга тосук болбогондуктан, кагаз акча басууну көбөйтөт, бул болсо, акча кадырсызданuусунун артышына жана акчанын сатып алуу кубаты төмөндөп кетишине алып барат. Ал эми алтын жана күмүш түзүмүндөгү кагаз акча белгиленген баа менен алтын жана күмүшкө алмаштырууну кабыл кылганда болсо, мамлекеттин кагаз акча басып чыгууну кеңейтиши мүмкүн эмес. Себеби, мамлекет акча басып чыгарууну көбөйтсө, алтынга талаптын өсүшүнөн жана бул талапка жүздөнүүдөн же алтындын тышкарыга чыгып кетишинен коркот. Мындай абалда мамлекет өз запастык каражатын т.а. алтын жана күмүшүн жоготуп коёт.

4. Алтындын мамлекет өкүмдар болбой турган акча бирдиги болушу, мамлекеттеги акча көлөмү аз же көп болушуна карабастан, мамлекеттеги ар кандай акча көлөмү, базар мухтаж боло турган акча алмаштырууга жетиштүү болушу көз карашынан алтынга өтө үлкөн мүмкүнчүлүк жаратат. Себеби, маталардын баары алтын менен алмашуу кыйматына ээ болот жана башка маталарды иштеп чыгаруу көбөйүп, баалар төмөндөйт. Кагаз акча түзүмүндө болсо, акчанын көбөйүүсү ага алып барбайт, тескерисинче, акчаларды сатып алуу кыйматы төмөндөп кетишине алып барат, бул болсо, акчанын күчүнүн кетишине алып барат. Муну менен, кагаз акча түзүмү акча күчүнүн кетүүсүн күчөткөн убакта алтын жана күмүш түзүмү акча күчүнүн кетүүсүн жогото алуусу белгилүү болуп жатат.

5. Алтын жана күмүш түзүмүндө, ар түрдүү мамлекеттердин акчаларынын баары алтын же күмүштөн белгилүү бир бирдик менен белгиленген болгондуктан, ар түрдүү мамлекеттин акчалары арасындагы айырбаштоо баасынын өзгөрбөс болушуна жетишилет. Ошону менен, мамлекеттердин өзүнө таандык акчалары ар түрдүү болсо да, бүт дүйнө үчүн алтын же күмүш кыйматын сактайт. Дүйнө жүзү бул убакта эркин соода кылууга жетишет жана ар түрдүү мамлекеттердин ортосунда малдар жана маталар эркин айланып жүрүшү жеңил болот. Эсепке алуу о.э. баалуу акчалар кыйынчылыгы жоголот. Бул эл аралык соодада өнүгүүнү жүзөгө чыгарат. Себеби, ишкерлер айырбаштоо баасы өзгөрбөс болгондуктан, тышкы соодада кеңири иш алып баруудан коркушпайт.

6. Алтын жана күмүш түзүмү ар бир мамлекеттин алтын жана күмүш байлыгын коргойт, алтын жана күмүштүн бир өлкөдөн башка бир өлкөгө чыгып кетиши жүз бербейт. Мамлекеттеги алтын жана күмүш мата үчүн баа же кызмат кылуучуларга акы болгондуктан, мамлекет аларды коргоо үчүн күзөтүүчүлөргө мухтаж болбойт.

Бул пайдалардын баары алтын же күмүш болгон бир маъдан түзүмүндө жана алтын жана күмүштөн турган эки маъдан түзүмүндө жүзөгө чыгат. Буга кошумча, эки маъдан түзүмү маъдан коидасынын көлөмүн көбөйтөт. Буга карай, акча үчүн жалпы мухтаждыктын көбүрөөк болушу келип чыгат. Булар мамлекеттин адамдардын акчага болгон мухтаждыгын оңой эле толтурууга кудуреттүүлүгүн күчөтүп, акчанын керектөө кыйматтары даражасын бекемдейт.

Бул артыкчылыктар алтын жана күмүш стандартынын пайда жана артыкчылыктары болуп эсептелет. Бирок, бүткүл дүйнөлүк монополия жана бажыкана тосуктарынын бар экендиги себептүү жана иштеп чыгаруусу өнүккөн жана эл аралык соодада атаандаштыкка туруктуу ишкер адистер менен жөндөмдүүлүгү ашкан улуу мамлекеттердин казыналарында алтын жана күмүштөн көп көлөмдө топтолгондугу жана алардын алтын-күмүш түзүмү ордуна мажбурий кагаз акча түзүмүн алуусу натыйжасында, бул түзүм проблемалардан куру болбойт.

Алтын жана күмүш стандартын карманган мамлекеттер бул тосуктарды жана проблемаларды басып өтүшү үчүн, айрыкча, дүйнөнүн улуу мамлекеттери жана эл аралык соодага таасири бар мамлекеттер алтын жана күмүш стандартында жүрбөгөндөн кийин, алтын жана күмүш стандартында жүргөн мамлекеттер өзүндөгү мал менен чектелүү саясатында жүрүшү, четтен мал алып келүүнү азайтуусу, четтен келтирилген маталарды алтын жана күмүшкө айырбаштабастан, өзүндө бар болгон матага айырбаштоосу жана о.э. өзүндө бар болгон матаны өзү мухтаж болгон матага сатуусу, же алтын жана күмүшкө же өзү мухтаж болгон мата жана кызматтарды четтен алып келүү үчүн мухтаж болгон акчага сатуусу керек болот.

Буга кошумча, эки маъдан: алтын жана күмүш стандартында жүрө турган мамлекет алтын жана күмүш бирдиги ортосун өзгөрбөс айырбаштоо баасына чектөөдөн сактануусу, айырбаштоо баасын баалардын өзгөрүшүнө көз каранды боло турган абалда жүргүзүшү керек. Себеби, эки бирдик арасында өзгөрбөс айырбаштоо баасын дайындоо базардагы кыйматы мыйзамдык кыйматынан көтөрүлгөн акча бирдигинин айлануудан жашырынуусуна алып келиши мүмкүн жана арзан акчанын өзү калып кымбат акчаны айлануудан сыгып чыгаруусу мүмкүн.

## Дүйнөдөгү алтындын жетиштүү болушу

Алтын түзүмү кадырсыздануга алып бара турган запасы жок кагаз акчалардын чоң көлөмүн чыгаруудан өкмөттөрдү тыюу үчүн эң жарактуу түзүм. Алтын түзүмү эл аралык сооданы өнүктүрө турган эл аралык мамиле үчүн өзгөрбөс бирдик сунуштайт.

Бирок, дүйнөдөгү мавжуд (бар болгон) алтын дүйнөнү алтын стандартында жүрүүгө кайтаруу үчүн жетиштүүбү? Соода иштери үчүн керектүү болгон акчаны сунуштоо үчүн жетиштүү болобу? Халифалык

мамлекетинде алтын стандартына кайтуу үчүн ага мүмкүнчүлүк бере турган алтын барбы?

Бул суроолорго «Ооба!» деп жооп беребиз. Дүйнөдөгү мавжуд алтын дүйнөнү алтын стандартында жүрүүгө кайтаруу үчүн жетиштүү. Мавжуд алтында соода иштерин каптоо жана дүйнөдөгү экономикалык мухтаждыктарга жетиштүү болгон акчаны сунуштоо үчүн жетиштүү болуучу ийкемдүүлүк бар, булар төмөнкүдөй:

1. Адамзат тарыхында маъдандардын бирине да, алтынга маани берилгендей маани берилген эмес. Адамзат миң жылдар мурда чыгарып алган алтындын баары бүгүнкү күнгө чейин кызмат кылып келе жатат. Анткени, чыгарып алынганы жоголуп кетүүгө алып бара турган даражада пайдаланылган эмес. Бар болгону, акча жана тагынчак көрүнүшүндө, же өнөржайга киргизүү жана аны кайрадан эритүү көрүнүшүндө айланып жүрөт.

2. Алтын өткөн кылымдардын баарында, XIX кылымдын акырына чейин, соода иштеринин баары үчүн жана финансылык же экономикалык проблемалар пайда кылбастан экономикалык мухтаждыктарды каптоо үчүн жетиштүү болгон. Экономикалык өсүүсү бийик даражага көтөрүлгөн XIX кылымда, мата жана кызматтардын көбөйүүсүнө карабастан, дүйнө сунуш кылынган алтын акча көлөмүнө мухтаж болбостон, калктардагы ашыкчалык жана баалардагы төмөндөөнүн о.э. бийик экономикалык өнүгүү жана өсүүнүн күбөсү болду.

3. Алтын жана күмүшкө орунбасар болбогон кагаз акчаларды көп көлөмдө басып чыгаруу дүйнө башынан өткөрүп жаткан экономикалык, финансылык ири проблемаларга, инфляциянын өсүшүнө, кагаз акчанын сатып алуу кыйматынын төмөндөп кетишине алып барган убакта да, сатып алынуучу алтын бирдигинин кубаты чоң болгон жана бекемдикти, туруктуулукту жүзөгө келтирип, бейпилдик жана өнүгүүгө себеп болгон. Адамдарга маанилүү нерсе болсо, чындыгында, акчалардын көптүгү эмес, тескерисинче, акчанын керектөө кыйматы.

4. Бааларды анык белгилөө же монополия сыяктуу тоскоолдуктар жок болгон экономикалык түзүмдө айлануудагы акчанын көлөмү анчалык мааниге ээ болбойт. Себеби, айлануучу ар кандай акчанын көлөмү базарда болгон кызматтар жана маталарды сатып алуу үчүн жарактуу болот. Айлануудагы акча көлөмүнүн өзгөрбөй туруусу – кызматтар жана маталар көбөйгөн убакта да – бул акча бирдигин мата жана кызматтардын көбүрөөк көлөмүн сатып алууга кудуреттүү кыла берет. Мунун тескериси да сахих т.а. акча көлөмүнүн өзгөрбөй турушу – кызмат жана мата көлөмү азайган убакта, акчанын кудурети азайса да – мата жана кызматтардын азыраак көлөмүн сатып алууга кудуреттүү бойдон кала берет. Кандай абалда болсо да, айлануудагы акчанын көлөмү канчалык болбосун, айлануучу акчалар акчанын айланышына жетиштүү болот.

5. Алтындын сырттан жетишпегендей болуп көрүнүшү аны иштетүүнүн кеңейип кетишинин натыйжасы болуп эсептелет. Эгер дүйнө алтын түзүмүнө кайтса, акчанын баасы өз ордуна кайтат. Бул өз кезегинде алтындын иштетилип кетишин азайтат. Азыр алтындан чайкоочулук жолунда пайдаланылып жатат, ал кезде болсо андай болбойт. Алтындын баары соода иши жана экономикалык мухтаждыктарга багытталат. Себеби, алтын менен соода жана музораба кылуу иш-чаралары акчанын баасында туруктуулук пайда болгондуктан токтоп калат. Себеби, акча баасы жана акчанын айрымдарынын башкасына болгон нисбаты алтын менен белгиленет. Дүйнөдөгү акчаларды бир акча кылып коёт. Бул акча менен чайкоочулук кылуу мүмкүнчүлүгүнүн жоголушуна жана алтын менен соода кылууда пайданын азайышына алып барат. Ошону менен алтын көбөйөт жана алтындагы азайуу жоголот.

Бул себептердин баары дүйнөнүн алтын стандартына кайтуу мүмкүнчүлүгү бар экендигин жана дүйнөдөгү мавжуд алтындын акча мухтаждыктарына жетиштүү болушун, соода иштерин каптап алуусун о.э. экономикалык мухтаждыктар үчүн керек болгон малды камсыздап берүү мүмкүнчүлүгү бар экендигин көрсөтөт.

Халифалык мамлекетине туура келе турган нерсе башка мамлекеттерге да туура келет. Жогоруда айтып өтүлгөн себептер о.э. исламий өлкөлөрдүн банктарында сакталып жаткан мавжуд алтындар Халифалык мамлекетинин алтын стандартына кайтышына толугу менен жетиштүү. Жана дагы исламий шаарлардагы күмүштүн көлөмү Халифалык мамлекетинин күмүш жана алтын стандартына кайтуусун жеңилдештире тургандай көлөмдө мавжуд. (Күмүш бирдиги Халифалык мамлекетинин акчасында алтын бирдиги менен бирге негизги орунду ээлейт. Себеби, Халифалык мамлекети акча жаатында эки маъдан түзүмүн т.а. алтын жана күмүш эрежесин колдонот).

Буга кошумча, исламий өлкөлөрдө үммөт жана Халифалык мамлекети үчүн зарыл боло турган сырьёлор жетиштүү. Бул Халифалык мамлекетин башкалардын товарларына зарурий жактан мухтаж кылып койбойт (бул жерде асасий жана зарурий мухтаждыктар назарда тутулуп жатат). Ошону менен Халифалык мамлекети жергиликтүү өз матасы менен чектелет жана тышкы маталарды алып келүүгө мухтаждык сезбейт. Бул болсо, алтындын тышкарыга чыгышын азайтат жана анын мамлекет ичинде калышын камсыздайт.

О.э. исламий өлкөлөр дүйнө мамлекеттеринин баары мухтаж боло турган нефть сыяктуу маанилүү товарга ээ болгондуктан, Халифалык мамлекети нефтини алтынга же мухтаж болгон мата жана кызматтарды сырттан алып келүү үчүн сатууга кудуреттүү болот. Халифалык мамлекети ар кандай мамлекетке нефтини алтынга сатат. Бул сыяктуу маталарды алтынга сатуу алтынды мамлекетке көп алып келет. Бул Халифалык мамлекетине кажет болгон алтынды көбөйтөт.

Халифалык мамлекетинин өзү иштеп чыгарган продукциялар менен башка мамлекеттерге мухтаж болбошу, байлардын адамдар алтын менен төлөй турган маталарга ээ болушу алтынды мамлекеттин тышкарысына пайдасыз чыгуудан сактайт жана мамлекетке алтындын агып киришин көбөйтөт. Ошону менен Халифалык мамлекети таасир өткөрүүчү болууга, дүйнөлүк акча базарларына өкүмдарлык кылууга жана өз акчасы менен ар кандай мамлекеттин өкүмдарлыгын тосуп коюуга кудуреттүү болот.

Муну менен Халифалык мамлекетинин күмүш жана алтын стандартына кайтуу мүмкүнчүлүгү бар экендиги о.э. исламий өлкөлөрдө бар болгон алтын мамлекетке зарыл болгон акчаны камсыздоо үчүн жетиштүү болгондой эле, бу түзүмгө кайтуу үчүн да жетиштүү экендиги айкын болууда.

## Алтын стандартына кайтуу кантип толук ишке ашат?

Алтын стандартына кайтуу үчүн алтын стандартынан ыраак болууга багытталган себептерди алып таштоо жана алтын баасынын түшүп кетишине алып келген таасир чараларды жок кылуу важиб болот. Мында төмөнкүдөй иш кылынат:

1. Кагаз акча басып чыгарууну токтотуу.
2. Алтын акчаларды мамилеге кайтаруу.
3. Алтындын алдынан бажыкана тосуктарын о.э. алтынды четтен алып келүүгө жана четке чыгарууга болгон тосуктардын (чектөөлөрдүн) баарын жок кылуу.
4. Алтынга ээ болууга, сатуу жана сатып алууга болгон о.э. келишимдерде алтын менен мамиле кылууга болгон чектөөлөрдү алып таштоо.
5. Дүйнөдөгү жетекчи акчаларга ээ болууга каратылган тосуктарды алып таштоо жана өз акчаларын көтөрүү жана төмөндөтүүгө мамлекеттин аралашуусусуз, дүйнөдөгү жетекчи акчалардын кээ бири башкасына жана алтынга карата өзгөрбөс бааны алышы үчүн акчалардын арасындагы атаандаштыкка эркиндик берүү.

Алтын өз абалына коюлса, кыска убакта алтын үчүн ачык базар болот, демек, мамлекеттердин акчаларынын баары алтынга карата өзгөрбөс айырбаштоо баасын алат жана мамлекеттер аралык алтын менен мамиле кылуу пайда болот. Себеби, кыйматы белгиленген мата үчүн болгон келишимдердин кыйматын төлөө алтын менен ишке ашат.

Бир кубаттуу мамлекет бул жолдо кадам койсо, анын жеңиши башка мамлекеттерди ага ээрчүүгө шыктандырат. Бул болсо, экинчи жолу алтын түзүмүнүн дүйнөгө кайтуусуна себеп болот.

Бул иштерди аткарууга Халифалык мамлекетинен ылайыктуураак мамлекет жок. Себеби, алтын жана күмүш коидасына кайтуу шаръий өкүм. Халифалык мамлекети болсо, дүйнөнү хидаятка баштоого жана акыйкат менен башкарууга жоопкер.